Эр төрөгөн Эл өлбөйт

Бишкек 2011

УДК 323/324
ББК 66.2(2Ки)
Э 74

Э 74 **ЭР ТӨРӨГӨН, ЭЛ ӨЛБӨЙТ**: 7-апрель каармандары / Жаз. М.А.Абдылдаева, Б.Д.Дыйканбаева. - Б.: «Учкун», 2011. - 176 б.

ISBN 978-9967-439-48-1

Колуңуздарда турган китепте 7-апрелде окко учкан даңктуу теңир-тоолук жигиттердин өмүр жолунун бир үзүмдөрү чагылдырылды.

Окурмандардын сынына коюлган жыйнакты жазууда, топтоодо биз биринчи кезекте кадимки эле катардагы жөпжөнөкөй кыргыз жигиттери керек убакта эли үчүн суурулган кылычка, чагылгандын огуна айланып, өмүрүн курмандыкка чалууга жөндөмдүү экенин баяндап, эл эсинде түбөлүккө калтырууну максат кылдык.

Китеп Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы - губернатордун милдетин аткаруучу Канатбек Камбарбекович Муратбековдун демилгеси менен жарык көрүп, губернатордук фонддун эсебинен каржыланды.

Эл үчүн курман болгондорго ар дайым ызаат көрсөтүп, алардын арбагынын алдында таазим кылуу - ар бир эле кыргыз жаранынын ыйык парзыдыр.

Бул ыйык парзды аткарууда атуулдук сезим менен китепти чыгарууга демилгечилик кылып, ар тараптуу колдоо көрсөткөн губернатор К.Муратбековго ыраазычылык билдирип, көзү ачык кеткен жигиттердин арбагы ыраазы болсун демекчибиз.

Э 0803010411-11

ISBN 978-9967-439-48-1

УДК 323/324
ББК 66.2(2Ки)

© Жазгандар: Абдылдаева М.А., Дыйканбаева Б.Д., 2011

БАШ СӨЗ ОРДУНА

АЛДЫДА ЖОЛДОР КАЛДЫ БАСЫЛБАГАН...

...Теңири бийик теңир-тоолук агайын-туугандар!

Окурман журтуна тартууланып жаткан китепте тарых барагында өтө оор да, кан менен жазылып калган 7-апрель күнүндө бийликтин адилетсиздигине, укуксуздукка каршы кыл чайнашкан кырдаалда ок менен азар көрсөткөн учурда шейит кеткен теңиртоолук күн нуруна окшош 25 уулдарыбыздын эр жүрөк, мекенчил, баатырдык жолу сая кетпесин деп жаркын элестерин даңазалап олтурабыз.

Эки бирдей бийлик билермандары ач көздүктүн чынжырына байланды, адамдык касиеттеринен кол жууду. Дүйнө мүлкү менен мартабасына корстон болуп, ыйман-ызаат, абийиринен кетишти.

«Көөдөн адам өзүнүн урук-тууганына таянат» дегендей, өз тегерегине арамы аралашкан ага-ини, бала-бакырасынан тартып Кыргыз мамлекети алардын аракети, кем акылы менен болуп, адеп-ахлактын түз жолунан тайып, ийри иштин саясы да ийри жүрүп келди.

Эки ирээт тең сабыр кылышты, кыйынчылыктарга бардаш берип келишти. Сабыр жылоосун кармап, эл акыры такаатсыздык кылбай калышты. Ошентип ар бир ишти өз ордунда, өз саат өкүмүндө, болмогундай айтмакчы 7-апрель күнү көтөрүлүш башталды.

Көздөрүн май баскан аларың дөөлөтү колунан кетерин билишпеди. Эки бийликтин адилетсиздигине, укуксуздукка каршы ошентип эки мертебе көтөрүлүш болду. Экинчиси кыргыздын кыраан 87 жигиттеринин өмүрүн алып тынган өтө оор, кандуу күн болду.

Көңүлүнө кине сактап жүргөн жигиттер ата-энесинин, алган жарынын, а түгүл «барба ата» деп кол сунган баласын да жазгырып, айтор эч кимге макул келбей, эң күчтүү кудурет Ата Бабалардын руху, духу менен аянтка келишти. Ооба мыкты сапаты, ата-тегинин акыл парасаты, адеби менен тарбияланган касиети, анан да элинин улуулугуна, даңкына, ар намысына, арзууларына, үмүт-тилектерине урмат көрсөткөн улуу күч балдарыбызды көтөрдү.

Бийлик жамандыгына тете жамандык кылды, адепсиздигин, өкүмдарлыгын көрсөтүп өз элине каршы ок атты. Элине ок аткан Бакиевдин күнөөсү уктат-

пайт. Жазалоочу Теңир кыямат күндө катуу азаптасын. Теңирдин каар казабы тийсин.

Көкүрөк тосуп тайманбай элинин бактылуу болуусуна, азаттыкта жашоосуна, эркиндикте жүрүүсүнө камылга көрүп, кырчындай өмүрлөрүн мерт кылышты. Элибиздин асыл жигиттери өлдү. Ооба гүл курак кезегинде, күлгүн жашында аманат кылып эрдикти, бийик үмүт тилектин туусун көтөрүшүп, жашоо жаштары өчтү... Тек акылы, намысы, адеп жана ахлагы, карандай эмгеги менен жашап келишкен уулдарыбыз жигитчиликтин бийик сапатын, көркүн, даңкын жана сыймыгын көрсөтүп Мекендин чыныгы акыйкатчыл уулдары болду.

Каармандарыбыздын ата-эне, ага-тууган, алган жары, бала-бакырасы чексиз урматка, бакытка жетип, кем болбой жакшылыктарды көрүп жашасын. Арбагы дайым колдосун, Теңир жардам берсин, бейиште болсун. Элибиздин ыйыгы, ыйманы болуп жүрүшсүн.

Эч убакта алардын төгүлгөн канын унутпай, мамлекеттүүлүгүбүздүн бүтүндүгүн сактап, анын туусун желбиретип жүрөлү. Мындай жоопкерчиликти ар бирибиз жон терибиз менен сезип, жүрөк толтосунда, акыл-эсибизде кармайлы.

...Алдыда жолдор калды басылбаган. Жолдор калды. Бир өмүргө сыйбай калган тагдыр калды... Эч качан, эч убакта эстен чыгарбайлы.



ДҮЙШӨНАЛИЕВ Таалайбек
Нарын облустук
«Теңир Тоо» гезитинин
башкы редактору



МУРАТБЕКОВ
Канатбек Камбарбекович
Нарын облустук мамлекеттик
администрациясынын
башчысы - губернатордун
милдетин аткаруучу

ТҮБӨЛҮККӨ ТААЗИМ

Ооба, 2011-жылдын 7-апрели кыргыз эли үчүн кырчындай болгон жаш жигиттеребиздин өмүрүн алып кеткен бир чети каргашалуу, бир чети авторитардык бийликтен биротоло кутулган өзгөчө күндөрдүн бири катары тарыхыбызда түбөлүккө калды. Менимче бул күн үй-бүлөлүк башкарууга биротоло чекит койгон, өлкөбүздүн элинин бейпилчиликте, барчылык менен токчулукта жашоосуна бурулуш алып келген күн катары да дайыма эсибизде калмакчы. Демек, бүгүнкү бийлик башындагылар жана андан кийинкилер да акыркы он жыл аралыгындагы республикабызда эки президенттик башкаруунун күнгөй-тескейинен дайыма жыйынтык чыгаруулары негизги милдеттери деп эсептейм.

Баарыбыз үчүн белгилүү болгондой Кыргызстан өз эгемендүүлүгүнө ээ болгондон бери 20 жылдын жүзү болду. Албетте, 20 жыл бул карт тарыхтагы көз ирмем гана убакыт. Биз жетимиш жыл бою Советтер Союзунун курамында жашап келдик. Биз жашаган система коммунисттик идеология жана темирдей тартип менен башкарылган өзгөчө система экендиги айтпаган күндө да белгилүү. Анда баарысы тең мамлекеттики болуп, жеке адамдардын укугу ошол кездеги демократиялык өлкөлөрдөн кыйла айырмаланып келген.

Чындыгында эле бир коомдон экинчи коомго өтүүдө, бир системадан экинчи башка системада мамлекетти түптөө көптөгөн кыйынчылыктарды жаратып, мурдагы коомго ылайыкташып калган көз караштарды, акыл туюмдарды жаңылоо өтө эле татаалдашаарын да турмуштук тажрыйбалар ырастап келет. Ооба, Кыргызстан өз адынча мамлекет болуп жарыяланган алгачкы жылдар оор болгону менен бүтүндөй эли-журтубуздун келечектен күткөн тилектери оптимистик маанайда эле. Кыргызстан бир нече жылдан кийин өнүккөн мамлекеттердин катарына кошуларын ал үчүн өлкөбүздөгү потенциал жетишерлик экендигин да баарыбыз жакшы билчүбүз.

Бирок, тилекке каршы өлкөбүздүн тунгуч президенти тарабынан жана анын айланасындагы айрым мамлекеттик чиновниктердин туура эмес жүргүзүшкөн

АЙ КҮНДӨ МҮЛДӨ БАРАБАР, АРБАГЫ ТИРҮҮ АЛМАЗ БАР



АБДРАЗАКОВ
Алмазбек
Асанбекович

(05.01.1981-07.04.2010)

Абдразаков Алмазбек Асанбекович – 1981-жылдын 5-январында Нарын районунун Казан-Куйган айылында туулган. 1989-жылы 8-классты аяктагандан кийин Достук айылындагы кесипчилик-техникалык окуу жайынан окуп, тракторист-машинист деген кесипке ээ болгон.

Советтик Армияда Ыраакы Чыгышта танк батальонунда кызмат өтөп, ага лейтенанттык наам ыйгарылган. Жубайы Абдылдаева Гүлмира экөө үч балалуу болушкан.

Алмазбек Абдаразаковдун сөөгү «Хутор Ак-Талаа» айылына коюлган.

Элдин мандайына бүткөн ырыскысынан эпсиз байып опасыз олжого туйтунуп, мансабына, дөөлөтүнө эсирген кара өзгөй бийликке кеги кайнап, жаркын турмушта жашагылары келип, эңсеп күткөн ой тилектерине жете албай Ак үй алдында окко учкан шейит кеткен шерлердин арасында Нарын районундагы «Хутор Ак-Талаа» айлынын эр жүрөк уулу, жыйырма тогуз жашында көзгө атаарлардын таамай мээлеген огунан мерт болгон Алмазбек Абдразаков да бар эле.

«Балам бактым, балам базарым» дегендей алакандай айылдын кадырман карылары Абдразаков Асанбек аксакал менен Майраш байбичеинин бар байлыгы балдары эле. Колхоздун кара жумушунда каруусун казык кыла тапкан ташыганы менен он уул-кызын бапестеп багып эресеге жеткиришти. Алтынчысы ушул уулу төрөлгөндө алмаздай курч, бекем, өмүрлүү жигит болсун дешип ырымдашып Алмазбек коюшкан эле. Кенедейинен эле ар нерсеге акылы зирек, баамчыл, боорукер, күйүмдүү болуп чоңойгон уулуна эбедейи эзилип жалынып-жалбарып турушчу.

Эртели-кеч жанынан чыкпай малына чөп салып, суу берип, ар кайсыны сурап айланчыктап жүргөн Алмазбегинин түйшүкчүлдүгүнө жетине албай кубанып калчу.

- Ээ, байбиче, аман болсо Алмазым иштемчил, бизге күйүмдүү боло турган. Болоор бала башынан дегендей азыртадан эле кыбырап жаны тынбайт. Экөөбүз оокат кылып, ар кайсыны кобурашып калганда: «атаке, мен чоңойгондо чарчабай иштеп акчаны көп таап, анан аппак «Волга» сатып алып апам экөөңөрдү Фрунзеге алып барып, шаарды кыдыртып, кооз көйнөктөрдү алып берем» деп калат.

- Кагылып кетейиним, тилегине жетсин. «Пенденин оозунда болсо алланын кулагында болот» дейт, аман болсун, - деп калат Майраш байбиче жетине албай сүймөнчүктүү уулунун көкүлүнөн сылап.

- Мен Манастай баатыр болом, эч нерседен коркпоймун, - деп калчу телевизордон Уркаш манасчыны көргөндө кыймыл аракетинен көз айырбай тигиле тиктеп олтуруп. Карааны калдайып, муруту калкайып, айбалтасын асынган опол тоодой болгон баатырдын сүрдүү элеси көз алдына тартылчу. Бейкапар жаткан элге кызыл кыргын салган душмандарга кекенип, ойдогусун ойдон, тоодогусун тоодон талкалап, элин жоодон сактап калган Манас баатырдын эбегейсиз эрдигине суктанып чоңойгондо мен да баатыр болсом деп кыялданчу.

Балжуурандай балалыгы менен коштошуп, турмуштун улуу жолуна кадам таштады. Эр жигиттик ыйык милдетин алыскы Хабаровск шаарында өтөп келип, Достук шаарчасындагы кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүрдү. Ника кайып буюруп, көптөн тандап көңүлү жактырган көлдүн кызы Гүлмирага үйлөндү.

Айылда жашоо оор. Өзү өңдөнүп жаңыдан түтүн булаткандар ата-энесинин азыноолок пенсиясы менен кыйналып-кысталып күнүмдүк көр тиричилигин өткөрүшөт. Баланча сотых жериңер бар экен деген шылтоо менен балдардын пособиесин кыскартып салгандан бери көргөн күндөрү ого бетер саалдады. Жаштардын көбү Бишкеке кетип атышат, андан башка арга жок. Бишкекке барып атасы сатып берген «Жигулиси» менен жан сактагандан бөлөк айла табылбай калды. Ата-энеси менен акылдашып, акыры ушул бүтүмгө келди. Шаарга келгени менен деле чеке жылып кеткен жок, батирдин акысы кымбат. Таксилер көп. Бири-бирине окшобогон кумдай куюлган күндөр билинбей өтө берди.

Өзүнө окшогон татынакай кызы Айдана төрөлгөндөгү кубанычы айтып түгөткүс эле. Колуктусу жакшы көргөн роза гүлүн көтөрүп барып, төрөт үйүнөн чыгарып келди. Эч нерседен бейкапар болпоюп уктап жаткан наристесинин жытын искеп аталык мээримге балкып турду.

- Гүлмира, - деди маңдайынан сылап, - бир жумадан кийин айылга барып, небересин көрсөтүп,атамдарды кубантып, батасын алалы. Колхоздун кара жумушунда иштеп, он баланы багам деп кара жанын карч уруп жүрүп, эми сый көрөөрдө оору менен алпурушуп калган атасына кабыргасы кайышып жүрдү.

- Ата, - дечү айылына келгенде кудум бала кезиндегидей эркелеп башын төшүнө жөлөп. - "Доктурдун айткан эрежесин так аткарып, көңүлүңүздү чөктүрбөй жаныңызды бек кармап биздин төрүбүздө олтуруп, жакшылыгыбызды көрүңүз. Атаганат Бишкекте өзүмдүн үйүм болсо көчүрүп кетип, багып албайт белем. Аманчылык болсо бул тилекке да жетээрбиз. Бирок биринен бири

саясаты өлкөнү өздөрү убада кылгандай деңгээлге жеткире алышкан жок. Элдин турмушу жакшырбай союз мезгилиндеги завод, фабрикалардын бардыгы тең токтоп, жумушсуздар көбөйүп, өлкөдө өнөр жай ишканалары иштебей калгандыгына байланыштуу биздин лексикабызда көп сөздөр менен катар эле «эмгек мигранттары», - деген да сөз пайда болду.

Бийлик башындагылар өлкөдөгү абалга толук баа берүүнүн, андан кандайдыр бир жыйынтыктарды чыгаруунун ордуна бийликти кармап калуунун айланасында саясий көз боёмочулуктар жасалып, биринчи президенттин уулу, кызы жана жакындары көз көрүнөө эле бийликке умтула башташты. Шайлоонун жыйынтыктары бурмаланып, президентке ишенимдүү адамдарга административдик ресурстар колдонулуп,биринчи мамлекет башчысы өлкөнүн Баш мыйзамын эске албастан үчүнчү мөөнөткө бийлик башында калууга аракеттенип кирди. Бийликтин сценарийи менен уюштурулган «шайлоонун шайтан оюндарына нааразы болгон Аксыда нааразычылыкка чыгышкан элдин арасынан алты адамдын өмүрү кыйылды.

Акыры жедеп чыдамы жеткен эл нааразычылыктарын билдиришип, өлкө боюнча толкундоолор күч алып, 2005-жылдын март айында президент качып кетүүгө аргасыз болду.

Жакында Республикабыздын премьер министри Алмазбек Шаршеновичтин кезектеги интервьюсунда 2005-жылкы элдик революция Бакиев тарабынан уурдалган революция деп аталды.Чындыгында эле жалпы эле калайык калкыбыз кийинки мамлекет башчысы өткөндүн кемчиликтеринен жыйынтык чыгарып, калыс башкаруу жүргүзөт деп үмүттөнгөн элек. Тескерисинче, Кыргызстан бир үйбүлөнүн башкаруусуна айлана баштады. Элдин илгери үмүт тилегин бир үй-бүлө уурдап алып, башкаларын айтпаган күндө да инисин өлкө коопсуздугунун башына, уулу Максимди республикабызга келип түшкөн инвестицияларды башкарууга алып келип, мамлекеттик стратегиялык обьектилерди чекесинен менчиктештирүү менен өлкөдөгү электр энергиясына болгон баалар эки эсеге көтөрүлдү.

Электр энергиясына көтөрүлгөн баалар биринчи иретте бүгүн мен иштеп жаткан Нарын облусунун элинин нааразычылыгын пайда кылып, үй-бүлөлүк башкарууну жок кылууга алып келген элдик толкундоолордун башаты ушул Нарын шаарынан башталган. Калыстыктан тайып, элинин алдында өзүнүт берген К. Бакиев өз бийлигин куралдын күчү менен кармап калам жана андан ары бекемдейм деп ойлогон.

Бирок, ал кыргыз элинин алмустактан бери келе жаткан эркиндикти сүйгөн, же улуу тоолорду мекендеген кыраан бүркүтүндөй эркин учкан эл экендигин эсинен чыгарып жаңылышты. Натыйжада сексен жети эр азаматтарыбыз бүгүн биз жашап жаткан күнүбүз үчүн өмүрлөрүн түбөлүккө беришти. Бир жарым миңге чукул революцияга катышкан жарандарыбыз бул күнү ар кандай жаракаттарды алышты. Бакиевдин желдеттери аткан окторун алдыра албай анын кесепеттеринен ден соолуктарынан ажырап жүргөн жарандарыбыз да бүгүн арабызда аз эмес.

Өз өмүрлөрүн түбөлүккө эли журту үчүн бергендердин арасынан жыйырма беши теңир-тоолук биздин жердештерибиз, алар эр жүрөк баатыр жигиттер. Алардын кээ бирөөлөрүнүн артында эч нерседен капары жок кичинекей уулкыздары калышты. Эң өкүнүчтүүсү аталары аларга кайра кайтып келишпейт. Бул, адам баласынын башындагы орду толгус эң эле оор кайгы. Ал эми он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек, үй-бүлө күтөөр алдында артында туяк калтырбай кеткен жигиттерибизчи...

Дүйнө жүзүндөгү мамлекеттердин мисалында деле тишине чейин куралданган бийликтин күчүнө туруштук берип аны жеңип алган эл буга чейин жок болсо биринчилерден болуп аны мына ушул түбөлүккө өмүрлөрүн беришкен биздин жигиттерибиз жеңип алды. Биз алардын жеңишине дайыма астейдил мамиле жасап, ынтымак ырашкерлигибизди арттырып, биримдикте болсок, бардык нерсени өзүбүздүн күчүбүз менен жасап аларыбызга мен толук ишенем.

2010-жылдын 7-апрели биз үчүн ыйык күн катары мындан аркы жашоо турмушубузда, албетте кыргыз тарыхында алтын тамгалар менен түбөлүккө жазылып калды. Сексен жети эр жүрөк баатырларыбыз дайыма биздин элибиздин жүрөктөрүндө терең сакталат. Аларга түбөлүккө таазим демекчимин.

- Сыйыңа ыраазыбыз,шаардан тажап кеттик. Биз эми кетели, - деп үй-жайдан санаасы тынбаган апасынын айтканына көшөрүп көнбөй күн жылып, жаз келгенде гана кыйылып жатып, араң жеткирип келет.

Жыл жаңыраары менен электр тармактарынын сатылып, «светтин» баасынын эки эселеп кымбаттап кеткени элдин үрөйүн учуруп койду. Кай жерге барбагын, ким менен сүйлөшпөгүн мындай кымбатчылыкка нааразы болуп, бийликти жек көрө башташты. Мындай адилетсиздикке жаны ачыган Алмазбек эркин гезиттердин бирине бийликти катыра сындаган макаласын алып келди.

- Ай, Алмаз сен качантан бери жазмакер болуп калгансың? Гезиттен макаланды окуп, оозум ачылып калыптыр. «Мурункунун жазайын кийинки берсин сазайын» дегендей Акаевди жаман деп кууп ийсек, Бакиев анын он беш жылда жасаганын беш жылда жасап, кутуруп кетти. Жаалы катуу бийликке элдин алы жетпей калды. Сен жөнү жок күүлөнбөй тим жүр, - деген Жанымкан эжесин карап, кабагын чытып олуттуу үн катты.

- Эжеке, Исках Раззаковдун "Мен күйбөсөм, сен күйбөсөң, ал күйбөсө ким күйөт" деп айтканы ушул тапта аба менен суудай эле керек болуп турат. Баарыбыз эле башты жерге салып, биздин колдон эмне келмек эле деп олтура берсек эртеңки көргөн күнүбүз не болот? Эгерде бийлик биздин талаптарды аткарбай жанды кашайтса жазында Бакиевди тактысынан алып түшөбүз, - деп кабагын карыш түйгөн инисине таңгалып карап койду Жанымкан.

- Бала кезинен спортко кызыгып, бокс, күрөш дегенде эт-бетинен кетип, өз алдынча машыгып жүргөн Алмазбек өзү курдуулардан кыйла албеттүү, келишимдүү эле. Кенедейинен бирге ойноп, бир нанды тең бөлүшүп жеген тентушу Абдыракманов Байдуулатка жолуккан сайын экөө черлери жазылганча сырдашчу. Ынак курбулар март айында Нарындан капысынан жолугушуп, кучак жая көрүшүп, көпкө сүйлөшүп олтурушту.

- Байдуулат, - деди Алмазбек колун ийнине коюп, турмуш күндөн-күнгө кыйындап баратат. Бизди ата-энебиз каалагандай кийинтип-ичинтип, эркелетип чоңойтушту эле. Үстүбүздө үйүбүз, иштегенге ишибиз жок, биз балдарыбызды кантип багабыз, ушинтип квартирада жетер-жетпес турмушта кыйналып жүрүп өтүп кетебизби? Россия менен Казакстанда канчалаган жаштар азап тартып жүрүшөт?

- Жок, мындай жашоого болбойт, муштумун түйүп, кекене сүйлөдү. - Жазында "СДПК" менен "Ата Мекендин" балдары бийликке көп талаптарды коюп, революцияга чыгабыз. Мүдөөбүз биз ойлогондой аткарылбаса Ак үйдү басып алып, Бакиевди кууп чыгабыз. Эл "светтин" кымбаттаганын көтөрө албайт, жазында баары көтөрүлөт. Силер да тим жатпай пикетке чыккыла. Эсиңдеби, Бакиев Президент болгондо бизге каршы чыккандарга курал колдонобуз деп айткан. Сөзүндө турбаган кара өзгөй адам тура, жанына күч келсе аттырып салгандан да кайра тартпайт. Мандайга буюрганды көрөөрбүз, атышып атып өлсөк да акыры Ак үйдү алабыз. Жүзү кубарып, колун шилтеп, кызуулана сүйлөгөн Алмазбектин бул айткандарын кубаттагансып, анда-санда башын ийкеп унчукпай угуп олтурган эле Байдуулат.

Он гүлүнүн бир гүлү ачыла элек кырчындай жаш жигиттердин өмүрүн кыйган каргашалуу ал күнү Алмазбек негедир таң заарынан ойгонуп кетти.Колуктусу менен жанындай жакшы көргөн Айданасы мемиреп кызуу уйкунун кучагында. Акырын ордунан туруп, сыртка чыкты. Жаздын жагымдуу илеби бетин сылап өттү. Айланага кусалана көз чаптырды. Айылын, ата-энесин эстеди. Бир ай мурун учурашып барып келген. Негедир азыр алардын жанында болгусу, кудум бала кезиндегидей эркелегиси келип кетти.

Бүгүн өлкө тагдыры чечилээр олуттуу үн. «СДПКчылар» «Форумдун» алдына чогулушуп, Ак үйдүн алдына пикетке чыгышат. Кыштан бери оппозиция лидерлеринин адилет бийликти талап кылган билдирүүлөрүнө эсирген бийлик кабагым-кашым деп коюшкан жок. Кыштын кыраан чилдесинде эки курдай пикетке чыгышты нарындыктар. Ажонун таманын жалагандан кайра тарпаган жан-жөкөрлөрү саймедирел, курулай убадаларды берип, тил эмизгени элдин кыжырын кайнатты.

- Гүлмира, жумуштарым бар эле, көчөгө чыгып келейин, - деп колуктусунун маңдайынан сылап, Айданасын кучагына кысып, бетинен кайра-кайра жыттап, шашыла чыгып кетти. Пикетке бараарын айткан жок, ар кайсыны ойлоп, сарсанаа болот. Кечинде келип калар.

Аттиң, армандуу дүйнө ай, ал күнү Алмазбек кечинде үйүнө кайрылып келбей калды. Жазмышына ушундай ажалды буйруптур. "Пенденин оозунда болсо Алланын кулагында болот" дегендей жүрөгү алдын ала сезип, бир ай мурда Байдуулатка: «Атышып атып өлсөк да Бакиевди кетиребиз» деп кыжына сүйлөгөнүндөй Ак үй алдында көзгө атаарлардын таамай мээлеген огунан мерт болду.

Жүрөк дегениң жамандыкты алдын ала сезет белем. Алмазбек кетээри менен Гүлмиранын көңүлү түпөйүл тартып, жаны жай албады. Түшкө жуук кошуналарынан Ак үйдө атышуулар болуп атканын угуп, Алмазбектин уюлдук телефонуна кайра-кайра телефон чалып алалбай койду. Эртеси ага-тууган, тели-теңтуштары издеп, суй жыгылышты. Ооруканаларды кыдырышты, моргго үч жолу кирип, таппай чыгышты. Кайдан издешет, кайдан табышат? Ата-энесинин, бир туугандарынын жүрөктөрү сыздап, карайлап турушту. Аңгыча кимдир бирөөдөн чекесине ок тийип, чалкасынан кеткенин угушуп, кайра моргго барып, ар бир өлүктү шашпай карап чыгышты. Аңгыча бир тууганы сол колундагы калдан тааныл, чучуктай чыңырып ийди. Көрсө чекесине тийген октон бети түптүз болуп тааныlбай калыптыр.

Алмазбек Абдразаков... боз ат минген отуз жаштын айлын аралабай, карыганда кан жуткурган кайгынын уусун жуткан бечара апасынын кошогундай: "кызылдан күрмө кийбей, жашоонун жыргалын көрбөй" элинин азаттыгы үчүн жан кыйды. Аттиң, аз жашады, бирок артына түбөлүктүү из калтырып кетти...

АТА ЖУРТ АЛДЫНДАГЫ ПАРЗЫН АКТАП....



АБДЫЛДАЕВ
Кудаш
Турдукулуевич

(14.05.1963-07.04.2010)

Абдылдаев Кудаш Турдукалиевич - 1963-жылдын 14-майында АтБашы районундагы Кошой айылында карапайым үй-бүлөдө туулган. 1978-жылы Кара-Суу орто мектебинин 8-классын бүтүрүп, Достуктагы №30-кесипчилик-техникалык окуу жайына кирип "Экскватор-машинист" деген адистикке ээ болгон.

1981-1982-жылдары Мурманск шаарында аскердик милдетин өтөп келип, эмгек жолун Ат-Башы райондук механизациялаштырылган курулуш көчмө колоннасында, андан соң райондук сугат тармактар ишканасында эмгектенген.

1989-жылы Бишкекке келип, курулушта иштеп жүргөн.

1995-жылы Токтосунова Жыргалга үйлөнүп, Айдин, Нурайдин аттуу эки уулдуу болушкан.

Элдик революцияда баатырларча курман болгон Кудаш Абдылдаевдин сөөгү өзү жашаган Сокулук районунун Орок айылына коюлган.

Жарык дүйнөгө келгенде ата-энеси азан чакырып койгон аты Кудаш болсо, бала кезинде курбулары койгон экинчи кошумча аты "Ак жүрөк" эле. Чүкө, чикит ойноп атканда көздү жазгырып, будамайлагысы келген теңтушун чаап ийгенден кайра тартчу эмес.

- Уятың жок экен, эркек да сендей болобу, эмнеге алдайсың? - деп кызарып-татарып, чыркыраган Кудашты көкүрөккө түртүп ийип, ызаланып үйлөрүнө кетип калышчу. Калпты-чынды аралаштырып сүйлөгөн, мактанчаак, айткан сөзүн аткарбаган теңтуштарын жаман көрүп, аларга кошулчу эмес. Ал тургай мугалиминин туура эмес жүрүм-турумун көрүп калса,балдарга баа койгондо калыстык кылбаса ата-жотосуна карабай көргөн-билгенин "балп" эттире айтып салып, мадырайып туруп калчу. Кудаштын мындай бетке чабар, акты ак, караны кара деп айткан ачык мүнөзүнөн чочулагандар анын көзүнчө туура эмес сүйлөп алгандан тартынып, оюнду эрежеси менен бузбай ойногонго аракеттенишчү.

Кан-жанына бүткөн мындай чынчылдык, агадил мүнөз аны кээде чыр-чатактарга кабылтып, өкүнүчкө толгон ызаларга тушуктуруп койчу. Ар-намысы, абийри жок адамдарды ал өзүнүн ички сергек сезими менен туйчу. Андайларды көргөндө кыртышы сүйбөй ооз учунан саламдашып, басып кетчү. Көңүл пейли төп келген, ак пейил адамдарды ой-боюна койбой өзүнө имерип, дос кылып алчу. Жакшы адамдар менен жакындашсаң өмүрүң узарат, - деп калчу.

Негедир ак кар, көк-муз жамынып, былк этпей, солк этпей түбөлүк уйкуда жаткан аска-зоолорду суктанып карай берчү. Атаганат мага сүрөтчүлүк кудурет бүтсө анда эч ким көрө элек, эч ким таба элек боёктор менен тартаар элем деп кыялданчу.

* * *

Актык, адилеттик, калыстык... Муштумдай жүрөгүн ээлеп алган мындай аруу сезимин өзү иштеген мекеме жетекчилеринин көз жаздымында калып, түшүнө билбегенине капаланчу. Атка минээрлердин кол алдындагыларды теңсинбеген орой, өкүм кыялдарын жектөөчү. Элдин ырыскысына суук колун матырган дардаңбайлардын, ыймансыз кудайбезерлердин жосунсуз жоруктарын көргөндө жаны түтөп кетчү.

Эл айткандай ашкере "честный", иштемчил, арак ичпеген, оокатка бүйрө өмүрү өйдө карап сен деп катуу айтпаган, эки уулунун келечеги үчүн толгонуп, аларга татыктуу тарбия берсем дегенде ак эткенден так эткен, бир түндө бир китепти окуп чыккан өмүрлүк жары менен сыймыктанчу Жыргал.

- Кудаш, мени укчу. Сен жерден издеп таппай жүргөн чындык адамдардын кара өзгөйлүгүнө таарынып, асманга учуп кеткен. А сен болсо эгерим асманга жете албайсың. Андыктан жөнү жок ак жүрөктөнбөй, тынч оокатыңды кылсаңчы, - деп тамашалап калган жубайы Жыргалга моюн бербейт.

- Жок, - дейт Кудаш кулжуңдап, башын чайкап. - Чындыкты издегеним издеген, ал үчүн кара жанымды садага чапканга даярмын. Мейли эл эмне десе ошо десин. Мындай адат менин башым менен тең жатат. Чындыгында эле ошондой болду. "Ак жүрөк" Кудаш ал мүнөзүн калтыра албады. Өзү жашаган Орок айыл өкмөтүнүн башчысынын жерди акчага сатып атканын көргөндө чыдай албады.

- Кудайдан корксоң боло, ушуга кантип дитиң барды? - деди кыжырлана. Мындай ыплас ишиңди токтоткун, тил албасаң акыр түбү жаман болуп каласың .

- Билгениңди кыл, пара алганымды кантип далилдейсиң? Келжиребей чыгып кет.

- Өз убалың өзүңө! - ачуулана каалгасын карс жаап, чыгып кетти кеңсесинен. Арыз жазды туш тарапка чуулдатып. Акыры актык жеңди. Кызматынан куулду.

- Мына, бу саам чындыкты жерден эле таап алдым - деп эрдемсий сүйлөдү ошондо аялына.

- Ии, чын эле ошенттиң, дайыма ушундай болсо экен, - деп ыраазы боло жылмайып койду Жыргал.



Үй-бүлөсү менен





* * *

- Айылдагы жашоосу кыйындаганда келген шаарга. Жалаң байлардын европалык үлгүдөгү эки кабат үйлөрүн салып жүрдү. Бирге иштегендердин баары өзүнөн кыйла кичүү айылдан келген жаштар эле.

- Кудаш байке булар мынчалык каражатты кайдан, кантип табышкан ыя? - деп таңгала сурап калышат түштө эс алып олтуруп калышканда жүздөрү күнгө күйгөн жигиттер.

- Эмне, аларга кудай асмандан акча түшүрдү дейсиңерби? Тамекисин дембедем үйлөгөн Кудаш кыжына сүйлөйт. - Элдин энчисине суук колун салышат, эптүүлөрү чыканагына чейин матырып алышат. Эгемендүүлүк деген жыргал заман турбайбы. Өзүңдү-өзүң бил, кандай жашасаң ошондой жаша. Сени менен эч кимдин иши болбойт. Ким эле атың өчкүрдүкү десе, кайсы бир чиновник: азыркы заманда "келесоолор менен жалкоолор гана уурдабайт" - деп агынан жарыла чынын айтпадыбы беле. Ошондо баарыбыз күлгөнбүз. Чын айтамбы ыя? Азамат экен, туурасын айткан. Байлардын бир гана шылтоосу бар. Бирдесе десе бизнесим бар деп кутулушат. Колуңдан эч нерсе келбейби анда бизчилеп байларга малай болуп, тишиңдин кирин соруп, темтейип жүрө бер.

- Азыр силер сенектик деп жерип аткан партиянын заманында тартип деген катуу болчу. Ал кездеги чоңдор азыркыдай байып, жеп-ичип алчу эмес.Коркуп турушчу титиреп. Кокустан билинип калса түрмөгө кетишчү кесилип.

"Ак жүрөк" Кудаш иштеген ишинин да майын чыгарат.

- Көз жумду кылбагыла, - деп калат жанындагыларга. - Шариятта бирөөнүн акысын жеген чоң күнөө дейт. Акысын алып атабыз, көңүлүнө жаккыдай келиштире бүткөрүп берели.

- Кара жаныңды карч урбай, эл катары эле иштебейсиңби? Буюрган күнү бүтөрсүңөр. Кирпигинен тартса жыгылчудай болуп араң келген күйөөсүн аяп калат Жыргал.

* * *

"Ак жүрөк" Кудашка бийлик да жакпай калды. Бакиев эки колун бооруна алып, эл алдына берген антын бат эле унутуп койдубу, - деп күйүп-бышты. "Канды кудай ураарда өз элине кас болот" дейт, антсе да бара-бара эсине келер, оңолор. Сабыр кылып, чыдай туралы, күтө туралы.

- Эл көпкө чыдашты, көпкө күтүштү.Көзүн май баскан бийлик дөөгүрсүп, элди түгүл кудай теңирин да тааныбай калды. Эл энчисине буюрган "Түндүк электр", "Чыгышэлектр" "Кыргызтелеком"сыяктуу стратегиялык ишканаларды суроо-сопкутсуз эле менчиктеп алышты. - Электр жарыгын кымбаттатабыз, кыштан аман-эсен чыгалы десеңер тезек тергиле, - деп күпүлдөдү ажо. Эгерде баш көтөрө турган болсоңор колго курал алабыз деп коркутту.

Март айынын этегинде республикалык деңгээлде өткөрүлгөн Курултайга катышкан Кудаш кубанып келди үйүнө. - Ийри олтуруп, түз кеңештик. Бийлик биздин талабыбызды орундатмай болушту.

* * *

Алтын бешиги мектебин жакшы бүтүргөн Акылбек жогорку билим алсам деп эңсеп, КМУнун экономфагына өтүп, бир аз окуп көп узабай таштап койду. Ойлонуп көрсө кыйналып калчудай. Ата-энесин аяды. Өзүнөн кийинки инилери да бой тиреп турат.

Айылда байпагы манат болуп кеткендер деле азыраак. Жылдан-жылга колхоз тараганда энчилерине тийген малдын туягы да азайып баратат. Эжеси Бегайым иштеп жүрөт. Андан көрө өзүнөн кийинки инилерин алып келип, баарылап иштеп, мал сатып алып, үй ичин оңдоп дегендей ата-энесинин оорун колдон алыш керек. Акыры ушундай бүтүмгө келди. Атасынын: "окууңду таштаба, кыйналып кысталсак да окуталы" - дегенине:

- Ийгиликтин эрте-кечи жок, иштеп акча топтоп туруп "заочно" деле окуп алам, - деп көнбөдү. Айылдан эки инисин алып келип, өзү курулушта, Баатырбек мебель жасоочу цехте иштеп, Арабаев атындагы университеттин биохимия факультетинде сырттан окуп, Адылбек болсо "Аурдин" фирмасында эмгектенип, Кызыл-Аскер көчөсүндөгү батирде жашап жүрүштү. Агасына өйдө карабай айткан-дегени менен болгон бири-бирине күйүмдүү бир туугандар жумуштан кийин кыз жандап, кафеге барып көңүл ачып, достору менен тойлошконду жактырышчу эмес. Жумуштан чыкканда түз эле үйгө келип, телевизор көрүп көргөн-билгендерин, иштеген жериндеги окуялардан айтып, көпкө олтура беришчү.

- Баарыбыз эресеге жеттик, ата-энебизди сыйлап, кадырлап-барктап алар учур келди. Жаштык-мастыкка азгырылбай акыл-эстүү бололу. Жашообузга жакшылыкты жанаштырып, жамандыкты адаштыраар кымбат нерсе бул ыймандуулук, ушул нерсени аздектей билсек эртедир-кечтир каалаган ой максаттарыбызга жетебиз. "Эр жигиттин ичине ээр токумдуу ат батат" - деген сөз бар. Жигит деген кең пейил, намыскөй чечкиндүү, сабырдуу болуш керек. Ата-энебиздин бизге кылган ченемсиз эмгегин актай билели.

Ден соолугубузду жаштайыбыздан сактай билели. Спорт менен машыгалы, тазалыктуу бололу. Күн сайын жуунуп туралы, - дечү Акылбек инилерине улуулук акыл-насаатын айтып.

Уулдары жок-житикти билгизбей ай сайын таксисттерден тамак-аш, кийимкече салып жибергенде Жаныбек: «айылда сүт-айраныбыз, этибиз бар дегендей жакшы эле турабыз. Андан көрө тамак ашыңарды күчтүүлөп ичип, эл катары зыңкыя кийинип, өзүңөрдү жакшы алып жүргүлө» - деп кейип калат. Уулдары көнүшпөйт ага.

Күнүгө ата-энеси менен сүйлөшүп, ал-жайын сурап турмайынча санаасы тынчыбайт Акылбектин. Достору менен да ушундай. Акылын айтат. Калп сүйлөп, убадасында турбагандарды "жигиттин сөзү өлгөнчө өзү өлсүн" дейт. Өзүн сыйлабаган киши башканын баркына жетеби, - деп мамилесин үзүп коёт.

Акылбек кыялында болочок колуктум акыл-эстүү, ийменчээк, көтөрүмдүү, токтоо болсо, - деп ойлочу. Тагдыр ага тилегениндей кызга кездештирди.

Ишенаалы Арабаев атындагы университеттин мугалими Айнагүл менен таанышканда эле жылдыздары келишип, бири-бирин жактырып калышты. Экөөнүн жылуу мамилеси бара-бара тунук махабатка айланды.

- Акыбай, айланайын «жакшы тилек-жарым ырыс» дейт. Теңтуштарың үйлөнүп, алды балалуу болуп калышты. Сен да келиндүү кыл. Инилериң иштеп атат, окууңду улант. Балаңды биз багып алабыз. Сага бир нерсени эскертип коёлу. Турмушта жакшылык-жамандык, алыш-катыш деген болот. Кудасөөктүн жакын болгону эле жакшы. Долондун бери жагынан эле кудалуу кыл, - деп калат апасы Айнагүл.

- Куп болот, алтыным апакем, ачык-айрым Акылбек ордунан атып туруп, эки колун боорына алып, башын ийе жаркылдай:

- Кудай буюрса аз калды баягы жомоктогудай ай десе айдай, күн десе күндөй болгон сизди өз апасынан кем көрбөгөн ийиктей имерилип, көзүңүздүн кареги менен тең айланган келиндүү кылам.

- Кудай ошол тилекке жеткирсе экен, - апасынын көз жашы тегерене түшөт.

Акылбек акыркы жолу айлына ноябрдын орто ченинде барды. Бир жума жүрүп, атасына каралашып, сырттагы оокаттарды жасашып, жаны тынган жок.

Күндөрдүн биринде атасы «кошуна-колоңдор келин алып, той берип бапырап атышат. Жаңы жылга чейин алып келсең боло» - деп калды кечки тамакты ичип олтурушканда .

- Болуптур, убада берейин, антип-минткиче убакыт бат эле өтүп кетет. Буюрса ушудагы жылдын 20-июнунда сиздин туулган күнүңүздө үйлөнөйүн. Ага чейин сапарларды тындырып, болочок келиниңердин сүрөтүн көрүп тургула, - деп сумкасынан Айнагүл экөө түшкөн сүрөттү көрсөтүп, күлүңдөп койду.

Акылбектин Бишкекке келгенден тартып, үй-бүлөсү, бир туугандары менен тек гана элди эзип, байыгандын аракетин көрүп калган Бакиевдин бийлигине: "жаныңарга күч келсе тезек тергиле" деп опурула сүйлөгөнүнө нааразы болуп, "Ата Мекен" партиясын жактап, лидери Өмүрбек Текебаевди оозунан түшүрбөй мактап калганына таңгалышчу, шаарда иштеп жүрүшкөн теңтуштары. Жыл жаңыраары менен электр тармактарынын сатылып, жарыкка болгон төлөмдөрдүн эки эселеп кымбатташы карапайым элдин кыжырын келтирди.

23-февраль Ата мекенди коргоо күнүн белгилеп чогуу олтурушкан. Аңгыча телевизордон КТРден бийликти мактап-жактаган көрсөтүүнү берип калышты. Адатынча ар кайсыны айтып күлдүрүп, жадырап-жайнап олтурган Акылбектин жүзү кумсарып, кабагы түйүлө түштү:

- Бакиев тууралуу уккум келбейт, өчүрүп салгылачы, "Кылгылыкты кылып, кыл жип буун коюп" ушинтип мактангандан уялбайбы. Айтты - койду дебегиле, көрөсүңөр, шиши толду, аз күндө жарылат.

- Акы, андан ары тим эле көзү ачык болуп кетесиң да Кочкорбаев Дайыр обдулуп колун шилтеди жактырбагандай. - Ой, ага эмнеге башыңарды оорутасыңар. Бакиевди дегеле кетире албайсыңар. Ал Акаев эмес жанын кал-

эңсөөң, сагынычың ашып-ташып турат. Апасын эстегенде сагынычы ашып-ташып кетти. Эх, эненин бешик жанында уйкусуз өткөргөн бир түндүк түйшүгү эле жашоодогу бардык турмуштук кыйынчылыктардан алда канча кымбатка турат эмеспи. Толгоо тартып баласын жарык дүйнөгө алып келгендеги азабы бир бөлөк. Уулун уяга, кызын кыяга кондурганга чейинки түйшүгүчү. Балдары турмуштан өз ордун тапкандан кийин да санаасы тынбай уядагы уулум, кыядагы кызым, небере-жээндерим кантти экен деп эчен санаа, эчен ой кечиргендегисичи. Мына ушундан улам "Бейиш энелердин таман алдында" деген сөз бекеринен айтылбаган чыгар. Балдары үчүн кара жанын чапкандан кайра тартпаган ата-энесинин эмгегин кантип акташар экен. Оо алардын ак эмгегин эненин ак сүтүн акташ үчүн төбөсү менен көр казып эмгектенип, кийбегенди кийгизип, ичпегенди ичирип, алаканына салып алдейлеп багып алса да аздык кылар.

Оор-басырыктуу, кабелтең атасы Жаныбек Союздун маалында чарбанын бир тизгинин чоюп жүрдү.

- Силер ал кезди билбей калдыңар. Атаңар чарбанын иши дегенде үй-жайды да силерди да унутуп калчу, - деп калат апасы Айнагүл чай үстүндө ар кайсыны кобурашып олтуруп калганда. - Таң эрте кетип түн бир оокумда келчү. Азыркыдай ар ким өз жашоосу менен алектенип жайбаракат үйүндө жатчу эмес. Колхоздун айдап-себүү, оруп-жыюу, кой төлдөтүү, тоют камдоо деген өнөктүктөрү бүт элдин күчү менен бүткөрүлчү.

- Апа, - дейт баятан эки колун жаагына таянып, кызыгып угуп олтурган иниси Адылбек таңгалгандай көздөрүн бакырайтып. - Ал кезде азыркыдай менчик дүкөндөр, камоктор да жок беле?

- Ооба, баардыгы мамлекеттики болчу.

Жаздыкка кыңая башын коюп, телевизор тиктеп олтурган атасы Жаныбек сөзгө аралашат:

- Азыркыдай бай, кедей деген ажырым да жок болчу. Компартиянын "Бирөө баардыгы үчүн, баардыгы бирөө үчүн" деген жалындуу ураанынын алдында эл бирдей текши жашашчу.

- Эмнеге мындай болуш керек эле, ар ким өзү үчүн жашаш керек да. Эсил кайран СССР деп каңырыктары түтөгөн советтик ал мезгилдеги турмуш чын эле азыркыдан таптакыр башкача турбайбы, - деген ойго кетчү Акылбек.

... Чоло тийбейт ай өткөрбөй барышка... Жолдубай Кайыповдун мукам үнү алда кайда жаңырып жатты. Эжеси Бегайым, инилери Адылбек менен Баатырбек жумуштарынан келише элек. Үйдүн ичи мемиреп, жымжырт.

Ырасында эле Жолдубай ырчы ырдагандай: "чоло тийбейт ай өткөрбөй барышка"...

Кумдай куюлган күндөр билинбей зыпылдап өтүп жатат. Көөдөндү удургуткан мына ушундай ойлордун туткунунда калган Акылбек кирпиги жабышып, кандай уктап кеткенин да сезбей калды.



Акылбек ата-энеси, бир-туугандары





калап качып кеткен. Ак үйдөн өлсө да чыгып кетпейт, жанына күч келсе бирден аттырып салат.

- Ии, - эми аны убагында көрө жатарбыз. Мындай кымбатчылыкка эл чыдабайт. Жазында эл көтөрүлөт. Аттырып салат деп коркуп үйүңөрдө жата бербей силер да чыксаңар.

Алтынчы апрель күнү түнкү саат он экиге чейин туулган күндү белгилешип бирге болушту ынак достор. Негедир Акылбектин ар кайсыны айтып күлдүрүп, демейдегиден бир башкача жайдарыланып, кара тору жүзү нурланып көңүлдүү олтурганын баары байкашты.

- Акы, досум бүгүн маанайың беш го ыя. Боорубузду эзип салдың, - деди ыкшып күлүп аткан Бердалиев Чынгыз ичин басып.

- Билбейм, бүгүн баарыңар эле көзүмө жакшы көрүнүп, жакшы көрүп турам.

Досторунун айтымында эртеси 7-апрелде Акылбек аянтка келип, Дайыр менен Нурланга телефон чалып: "Аянтка эл батпай калды. Ак үйдү алыш керек. Силер да келбейсиңерби", - дейт. Ушул сүйлөшкөндөн көп убакыт өтпөй элдин алдында жулунуп кыйкырып жүргөн Акылбекке ок тийип, ооруканага алып келишет. Жанында жүрүшкөн Нурлан менен Бегаалыга көздөрүн жалдыратып: "Жаным кыйналып атат, оң бутум муздап, эч нерсени сезбей баратат, табарсыгым ысып чыкты. Бегай эжем келгенче жанымдан кетпей турсаңар. Мен силерди кыйнап койдум окшойт", - деп сүйлөп атып беш сааттан кийин каза болуптур.

- Телевизордон Ак үйдүн алдындагы пикетти көрүп дароо Акылбекке телефон чалсам башка жакта жүрөм деп койду. Көрсө бизди сарсанаа болбосун деп калп айтып коюптур. Санаабыз тынбай кайра-кайра чалып аттык. Сүйлөшкөндөн соң эки сааттан кийин эле телефону өчүп калды Көрсө ошондо эле ок тийиптир. Баламдын өлүмүнө врачтарды гана күнөөлөйм, - дейт атасы Жаныбек көзүн жашыялдантып. - Ооруканага акыл-эси менен барыптыр, бутум эле муздап атат дептир. Жарадар болгондо жанында кошо жүргөн теңтуштарынын айтканына караганда доктурлар карабай коюшкан. Ок бөйрөктөн тийип, жамбаш менен кашка жиликтин кошулган жерин талкалап кетиптир. Улуу кызым Бегайымга Акынын сүйлөшкөн кызы телефон чалып, жарадар болуп больницада экенин айтып, чогуу барышыптыр. Дайынын сураса операцияда деп коюшуптур, бирок жасалбаптыр. Чынгыз деген классташы кирсе кийимдери канга чыланып, кырынан жаткырып коюшуптур дейт. Эгерде убагында операция жасалса аман калат беле. Кийин бул тууралуу сураштырсак ал ооруканага түшкөн отуз эки баланын үчөө гана аман калыптыр. Бул боюнча сотко бергенбиз, жыйынтыгы чыкпай жатат.

Эненин жүрөгү кыйын экен, апасы алигиче Акым деп сыздагандай болсо жанына тура албайсың. Айлам кеткенде алаксып сыртка малга чыгып кетем. Биздин балдарыбыздын маңдайына ушундай эли-жери үчүн курман болгон өлүмдү буйруптур. Кудайдан он гүлүнүн бири ачылбай кеткен шордуулардын жаны жаннатта болушун гана тилеп келебиз. Айтарыбыз азыркы элдик бийлик саясий оюндарын токтотуп, элге ак ниети менен кызмат кылышы керек.

Атактуу Тайлак баатырдын урпагы Акылбек Ажыманбетов кандай жигит эле:

Бир нанды тең бөлүп жешкен досу Чынгыз Бердалиев:

Эч кимдин көңүлүн калтырбаган ак көңүл, эч кимден эч нерсесин аянбаган боорукер, дили таза жигит эле. Өзүн кирпигине кир жугузбай таза алып жүрчү. Берешендиги жанда жок эле. Акча сурасаң өзүндө жок болуп калса тааныштарынан сурап берчү.

Кудайды көзүбүз менен көрбөсөк да көкүрөгүбүз менен таанышыбыз керек. Намазга жыгылганга даярданып жүрөм дечү. Бир тууганымдай көргөн жан досумду сагынып, кусаланып жүрөм…

Ата-энеге, бир тууганга айтпаган сырын тең бөлүшкөн досу Дайыр Кочкорбаев:


"Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат" дегендей колунан баары келчү. Спорт менен машыкчу, ден соолугуна кам көрчү. Тойлордо, майрамдарда ырдап-бийлеп,көңүлүбүздү аччу.

Жамандык кылганга жакшылык жасай билген айкөлдүгү бар эле. Арабыздан кеткенине бир жыл болду. Досубуздун жаркын элесин унута албай койдук. Орду толбой бизди өксүтүп келет…



Чынгыз апасы менен







тептеги кандай гана коомдук иштер болбосун анын башында такай активист, таланттуу Чынгыз Актанов турчу.

Уулунун ыр жазып жүргөнүн 5-класста окуп атканында 8-март майрамында ак кагазга гүлдүн сүрөтүн тартып, эки куплет ыр жазып белекке бергенде билди апасы Акылай.

- Чынгыз, сен эмитен мындай ырларды жаза баштасаң баралыңа келгенде чоң атаңдай кыйын акын болосуң го ыя? - деп маңдайынан жыттаган апасына: "Ооба, мен Актан чоң атамдай акын да, манасчы да, анан баатыр да болом", - деп эдиреңдеп койгон эле капкара көздөрү менен күлүңдөй карап.

Акылай уулунун устачылык өнөрүн үч жылдан кийин билди. 8-март күнү эртең менен эрте ойгонгон Чынгыз дабышын чыгарбай акырын басып келип, кызуу уйкуда жаткан апасынын жанына жата калып, кудум баягы кичине кезиндегидей эркелеп кучактап бетинен өптү.

- Майрамыңыз куттуу болсун, оорубай аман-эсен болуп, биздин урмат-сыйыбызды көрүңүз. Мобул сувенирди сизге арнап өзүм жасадым, бирөөгө бербей эстеликке алып коюңуз, - деп апасына темирден өтө тыкандык менен кооздолуп жасалган 8-март түбөлүккө эстелик делип чегилип жазылган гүлдү сунду.

- Ай, ий, садага болоюнум, ракмат, ушуну чын эле өзүң жасадыңбы? Чоңойгондо чыгаан уста болосуңбу дейм, - айтаарга сөз таппай уулун бооруна кыскан Акылай мындай белегине көзү тойбой суктана карап энелик бактыга батып турду.

Бири кем дүйнө деген ушул белем, бирине тартса бирине жетпеген оор турмуш анын кыялындагы таттуу үмүт тилектерин таш каптырды. Окуусун уланта албай калды.

2001-жылы Аламүдүн районундагы Кара-Жыгач айылындагы № 104-кесипчилик-техникалык окуу жайынан окуду. Жашоонун өйдө төмөнүнө сезимталдык менен карап, өз алдынча жүрүп үйрөнүп алган жыгач устачылык, слесардык ширетүүчүлүк, электромонтаждоочулук кесиптерде иштеп жүрдү. Батирде жашап жүрүштү.

Керели-кечке тыным албай тикесинен тик туруп иштеп, кечинде жумуштан чарчап келип, телевизор көрүп олтуруп КТРден атка минерлердин: «Өлкөбүздүн социалдык-экономикалык абалы жакшырып, өсүп-өнүгүү жолунда баратабыз. Убакыт өткөн сайын элдин жашоосу оңолуп баратат. Мүмкүнчүлүккө жараша камкордуктарды көрүп жатабыз. Республика боюнча баланча мектеп бүткөрүлүп, пайдаланууга берилди. Жыл аягына чейин айлыктарды, пенсияны көбөйтөбүз", - деп күпүлдөшүп, саймедирегенине жаны кашаят.

- Элди каратып туруп, калп айтышкандан уялышпайбы. Элдин эсебинен жеп-ичип, хан сарайларда сайрандаган өздөрүнүн эле бейиштегидей турмушун айтпаса карапайым эл жакырланып эле баратпайбы. "Айылда кары-картаңдар гана калды, жаштар болсо жашоонун айынан жер кыдырып кетишти" деген сөздү алар тамаша катары көрүшөбү? "Кыларга иши, саларга кушу жок" калган жаштар колуктуларын бирин ээрчитип, бирин көтөргөн жаш балдары менен

көчүк айланбаган батирде жашап, жүк ташып, менчик курулушта иштеп, эптеп-септеп жансактап жатышпайбы.

Коррупцияны жоёбуз деген сөз ооз учунда гана калып, паракорлуктун арааны ачылып баратат. "Кайда барсаң Мамайдын көрү" дегендей акча бермейинче бир ишти да өз алдынча бүткөрө албайсың. Өңгөсүн кой, өзү паспорт алыш үчүн эле канча убара тартты.

Күндөрдүн биринде теңтуштары менен туулган күндү белгилеп олтурушуп, сөздүн аягы келип бийликке такалды.

- Бакиевди жеңү жок эле жамандай бербейличи, - деди кимдир бирөө. - Президент болгонуна беш эле жыл болбодубу. Иштесин, убакыт берели. Калыстык үчүн айтсак мурункуга караганда айлык менен пенсия убагында берилип атат. Камбар-Ата ГЭСи курулуп, квартиралар салына баштады. Эгерде ушул темпибизден жазбай жүрүп олтурсак акырындык менен казак туугандардын жашоосуна теңелип, - дегенде баятан бери үн катпай угуп олтурган Чынгыздын өңү кубара түшүп, атырылып бир тийди:

- Койсоңчу, ал өтө куу адам тура. Эсиңердеби, жаңыдан Президент болгондо: "мен үй-бүлөмдү, бир туугандарымды жооптуу кызматка койбоймун, саясатка кийлигиштирбеймин" деген. Бирок сөзүндө турган жок. Эл көзүнө жакшы көрүнүш үчүн болоор-болбос бир нерсе жасап койгону менен билгизбей байлыктын баарын сатып, жылаандай гана соруп атат. Дили да, тили да бөлөк Максимдин дегеле кыргызга жакшылык кылайын деген ою жок. Айтып коёюн, Бакиев турганда сен кыялданган казактардыкындай турмушка башың менен көр казсаң да жете албайсың. Жазында пикет болот деп уктум. Бирибиз калбай баралы, Бакиевди Ак Үйдөн тынч гана өзү чыгып кетишин талап кылалы. Жок, ага көнбөйт экен, өзү айткандай колуна курал алат экен анда атышып атып өлөлү.

- Тынч олтуруп тамагыңарды ичкилечи. Силерге саясаттын эмне кереги бар, - деген Майрамкүлдүн сөзүнөн кийин гана унчукпай калышып,башка сөзгө өтүштү.

Байкеси Эркин экөө кара жанын карч уруп, тапкан-ташыганын чогултуп, төрт сотых жер сатып алышып, эптеп эки бөлмөлүү үй салып алышты. Кол өнөрүнүн арты менен жакын теңтушу менен темирден буюм-тайым жасоочу чакан цех ачып, иштеп жүрдү. Көп узабай көптөн бери кыз-жигит болуп сүйлөшүп жүрүшкөн Майрам менен баш кошту. Чынгыздын мойнуна үй-бүлө багуу милдети жүктөлдү. Мурдагыдан да кара жанын карч уруп, иштеп жүрдү. Жаш жубайлар Ислам аттуу татынакай уулдуу болгондо чексиз кубанычка батышты.

Убакыттын билинбей өткөнүн кара. Күнүмдүк көр-тирлик менен алпурушуп жүрүп Чынгызынын эр жеткенин минтип неберелүү болгондо сезип олтурбайбы. Турмуштун өйдө-төмөнүндө өкчөлүп, балдарым аман-эсен чоңоюп, турмуштан өз ордун таап, эл катары жашап кетсе дегенде эки көзү төрт болгон Акылай Чынгызга союп каптагандай окшош кара каш, кара көз татынакай Исламга эбедейи эзилет.

"Баткан таңдын аткан күнү бар" дегендей балдары биринин артынан бири эресеге жетип калды. "Үңкүр да болсо үйүм бар дегендей " минтип таман акы, маңдай тери менен үй салып алышты. Заман бул бойдон турбастыр. Эртедир-кечтир турмуш оңолоор, - деген таттуу үмүт жан дүйнөсүнө жакшылыктын үрөнүн өндүрчү Акылайдын.

Чынгыз жарык дүйнө менен коштошоор күнү күндөгүдөн эртелеп турду. Бир жашка чыгып, талпынып, үн салып калган уулун көтөрүп, эркелетип, чай ичип олтурушуп, Майрам экөө сүйлөшүп жүрүшкөндөгү кызыктуу окуяларды эстеп, каткырып күлүп, көңүлү көтөрүңкү эле. Апасы эжесиникине кеткен. Пикетке бараары тууралуу колуктусуна эч нерсе айтпады.

- Мен бүгүн жумушка барып келейин, кечээ бирөөнүн "срочный" заказын бүткөргөнбүз, бүгүн алмак эле, - деп кетип баратып уулун кайра-кайра кумарлана жыттады.

- Майрам Ислам экөөңөр мени аялдамага чейин узатып баргылачы, - деди чыгып баратып, артына бурулуп.

- Кызык, анчалык эмне болду?

- Жөн эле, экөөңдү жакшы көрүп, жаныңарда болгум келип атат.

Маршрутка келгенче аялдамада уулун көкөлөтө көтөрүп, кайра-кайра өөпжыттап, колуктусун мурдунан чымчып эркелетип туруп анан жөнөп кетти.

Жумушуна барган жок, түз эле Ак Үйдүн алдына келип, колуна таш көтөрүп, кыжырданган жаштардын арасына кирип кетти.

Ак куртка кийген узун бойлуу Чынгыздын: «Эй балдар, артка качпагыла, канкорлор баарыбызды ата албайт», - деп колундагы желекти желбиретип, ачуу кыйкырган үнү көз ачып-жумганча түз мээлеген октон жалп өчтү.

- Бир тууган байкем Шаршенаалынын эки уулуна колдон келген жардамымды берип турдум. Айланып кетейиним Чынгызым анан калса бөтөнчө жароокер, тууганчыл, кичипейил эле, - дейт эжеси Нарын шаарындагы "Кадам" майып балдардын реаблитациялык борборунун лидери Шарапат Актанова сүрөтүн тиктеп, көзүнө жаш ала сүйлөп. - Чынгызым келишимдүү, чырайлуу, кайраттуу, ошол эле убакта сүрдүү да эле. Уулдуу болгонун угуп сиңдим Саадат экөөбүз февралда үйүнө бардык. Жумушта экен, сырттан кирип келип, бизди көргөндө жадырап-жайнап учурашып, ага-тууганды сурап, жан-алы калбай сүйүндү. Мен Чынгыздын жанында олтурганда бир нерсени байкачумун, негедир андан кандайдыр бир жылуулук келип турчу. Мындай сезимди ал күнү да байкадым. Аркы-беркинин сүйлөшүп олтурганыбызда негедир муңайым көз карашты сездим. Бул эмнеси? Үй-бүлө күтүп, турмушунан кыйналып жүрөбү? - деген ойго кеттим. Кетип баратканыбызда адатынча жаркылдап коштошуп, артыбыздан карап турду. Көрсө инибиз менен акыркы жолу көрүшүп, акыркы жолу коштошуптурбуз. Эми ойлоп калам. Ким билет балким түшүнө аян берип, ошондон улам муңайып жүргөндүр. Негедир ошондогу элесин, муңайган жүзүн алигиче унута албай жүрөм. Аттиң, өмүрү кыска экен, аман болсо таланттуу чоң аталарыбыздай аты чыккан өнөрлүү эр азамат болмок.

- Жакшы адамдын өмүрү кыска дешет, - деп эжесинин сөзүн улады агасы Нарын райондук элдик театрынын режиссёру Марат Актанов. - Кулк-мүнөзү, кыял-жоругу, туугандарына жасаган мээрими бир башкача эле. Жашоонун айынан жогорку окуу жайынан окуй албай, кудай берген таланттарын бапестеп үзүрүн көрө албай калганына капамын.

Ата-бабанын өнөрү балага жети атадан кийин оошот дегендин чындыгы барбы дейм. Актан чоң атабыздын манасчылык , акындык таланты Чынгызда бар эле. Аман болсо эл оозуна илинген бир өнөрдүн ээси болмок.


Айтылуу манасчы Тыныбек чоң атабыздын атасы Жапый эч нерседен тайманбаган, өлүмдөн коркпогон, элин жоодон сактаган эр жүрөк баатыр болгон экен. Улуу Ата Мекендик согушта Актанов Карыбакун деген агабыз Украинаны коргоодо баатырдык менен курман болуп, бир көчөгө аты коюлуптур. А балким аталарыбыздын баатырлыгы жети ата өткөндөн кийин Чынгызга оошкондур.

Улуу манасчынын урпагы Чынгыз бу жалган дүйнөдөн эртелеп узап кетип түбөлүктүү жайында түбөлүк уйкуда жатат. Жашоо уланууда, колуктусунун боюнда калган Нурбелеги торолуп үн салып калды.

Инисин каражанындай көргөн Шарапат эжеси айтат: «Баягүнү кызым Кундуздун түшүнө кириптир. Аппак кийинип, мурдагыдан сулуу, келбеттүү боло түшкөн Чынгыз кооз жерлерди аралап, баягыдай күлүңдөп сүйлөп, кучагы толгон кызыл-тазыл гүлдөрдү терип жүрүптүр» - дейт.

Улуу манасчынын урпагы бу тирүүлүктүн жыргалын көрбөй куш сымал учуп кетти. Шариятта киши колдуу болгон адам түз эле бейишке чыгат дешет. Ылайым ошондой болсо экен...

“КОРКПОГУЛА, ӨЛҮМДӨН КОРКПОГУЛА ...”



АЛТЫНБЕКОВ
Теңизбек
Таабалдиевич

(04.08.1981-07.04.2010)

Алтынбеков Теңизбек Таабалдиевич - 1981-жылдын 4-августунда Нарын районундагы Чет-Нура айылында жарык дүйнөгө келген. Беш бир туугандын төртүнчүсү.

1987-жылы Б. Бекжанов атындагы орто мектепке кирип, 1998-жылы бүтүрүп, Бишкектеги Сүрөтчүлөр окуу жайына тапшырып, тилекке каршы өтпөй калат. Ар нерсеге колу жөндөмдүү Теңизбек жеке менчик кийим тигүү цехине ишке орношуп, өмүрүнүн акырына чейин ушул иште эмгектенген.

2009-жылы Назгүл менен баш кошуп, балалуу болуша элек болчу.

Калыс бийликти көксөп, теңчилик заманды каалап, Ала-Тоо аянтына барып окко учкан Теңизбек Алтынбековдун сөөгү Ата-Бейиттеги кыраандардын катарынан орун алды.

Жарык дүйнөдө табышмактуу жандырмагын, чиеленишкен түйүнүн Теңирден бөлөк эч ким таба да, чече да албаган кысталыш кыйын кезде да мизинен тайып койбогон бу тагдыр дегенден ким качып кутулган. «Ыңаалап» ыйлап, жарыкчылыкка келерде бешенеге чийилген буйруктан ким буйтап кутулган.

Нарын районундагы Чет-Нура айлынын эр жүрөк уулу, 29 жаштагы Алтынбеков Теңизбектин бешенесине «жылт» этип жанып, жалп этип өчкөн аз өмүрүндө артында аңыздалып айтылып калаар, жер жүзүндө кыргыз эли канча кылым өмүр сүрсө ошончолук түбөлүккө жашап калаарлык тагдырды буйруптур.

- Атасы Таабалды сырттан киргенде чай ичкен тегерек үстөлдү өбөктөп, кагаз бетине бир нерселерди чиймелеп олтурган Теңизбек ордунан атып турду.

- Ата, атаке, карасаңыз, мен мобул сүрөттү кандай тартыптырмын? - көздөрү күлүңдөп, эдиреңдеген уулунун колунан сүрөттү алып, чочуп кетти.

- Ой, чунак десе бул эмне деген сүрөт?

- Кызык, ушуну билбейсизби? - деп кыткылыктап күлүп ийди Теңизбек. - Бул



Алмазбектин ата-энеси







өткөн амалкөй Президенттердин алдым-жуттумдугу ашынып, элди түк ойлобой калышты. Азыркы бийлик кудай теңирин тааныбай кутуруп кетти. Эртеңки күнүбүз, келечегибиз тумандап турат. Жылдан жылга элдин жашоосу кыйындап баратат. Жаштардын айласы кетип калды.Мындан ары чыдай албайбыз, Акаевдей кылып абийирин кетирип, айдап чыгыш керек, - дечү кабагын бүркөп, ачуулана сүйлөп.

- Ээ, балам “оозу кыйшык болсо да байдын уулу сүйлөсүн” дегендей аларга алыңар жетпейт. Акыры аларды элдин убал-сообу оң таптырбайт. «Бечелге жөтөлдүн кереги не» дегендей сага саясаттын эмне кереги бар. Кудай өзүнө кубат берип, үй-бүлөңдү багып, кашыбызда аман жүрсөң болду. Оңой менен чечилип сүйлөбөгөн бир сырдуу атасынын мындай оюна макул болчу эмес.

- Ата, сиздин мындай пикириңизге кошулбаймын, - Алмазбек ызалуу үн катчу. “Бөрк ал десе баш алган” Бакиевдин жан-жөкөрлөрү турганда кыргыз эли эзели оңолбойт. Жакшылыктан үмүт эткенге болбойт. Мен Атамбаев Алмазбек байкенин СДПК партиясына киргемин. Лидеribиз кудайды оозунан түшүрбөгөн, саясатты семичкедей чаккан, Россиянын жетекчилери менен жакшы мамиледе жүргөн билимдүү, кыйын жигит.

- Биз менен жолугушканда: «Жигиттер, силердин кыйналып жашап жатканыңарга жаным ачыйт. Мындан ары элдин жонунан кайыш тилген мындай кордукка чыдоого болбойт. Кыйналган эл менен адилетсиз бийликтин ортосуна көпүрө болсом деген акыркы үмүтүм да ордунан чыкпады. Көрө албастардын айынан аз жерден өмүрүмдөн айрылып кала жаздадым. Бакиевдин кара өзгөй бийлиги турганда жашоодон жакшылык күтпөгүлө. Бирок мындан ары мындай жан этти жедирген кордукка чыдоого болбойт. Оппозицияда жүргөндөр митингге чыгып, үй-бүлөлүк, бир туугандык» башкаруунун ооздукталышын талап кылабыз. Эгерде бул мүдөөбүз аткарылбаса анда Акаевдей кылып, Ак үйдөн айдап чыгып, элдик бийликти орнотобуз», - дейт күйүп-бышып.

Баятан ата-баланын сөзүн угуп олтурган апасы Майраш байбиче акырын үн катат:

- Алмаз, каралдым, атаң айткандай аларга алыңар жетпейт, андай-мындай сөзүңдү коюп, өз оокатынды кылып, тынч жүр. Чоңдор эмне болсо ошол болсун. Элге тынчтык эле керек. Биртке пенсияны убагында алып турсак эле болду. Заман оңолоор. Жылаңдын куйругун баспай жөн жүргүлө. Бакиев бийлигин жөн эле бере койбойт. Билесиңби, Президент болгондо мен Ак үйдү курал менен коргойм деген. Непаада пикетке чыксаңар аттырып салгандан да кайра тартпайт.

Кудайы момун эч нерсе менен иши жок тек гана балдарынын аманчылыгын тилеген ата-энесинин мындай оюна көнбөй моюн толгойт Алмазбек.

- Жок, айтканыбызга көнбөсө Ак үйдөн айдап чыгабыз, ажалыбыз андан болсо кудайдын буюрганын көрөбүз.

Батирдин кожоюнунун көңүлүн таап, кышкысын ата-энесин шаарга алып келип, түрдөп кийим-кечек алып берип, тамагын даамдуулап, кареги менен тең айланып турат.

та жүргөнүн жашырып коёт. Саат жетилерде кайра Теңизбекке чалса албайт. Түнкү саат он болгондо кайынсиңдиси Айзааданын телефону менен чалса ала коюп: «эже, мен маршрутка тосуп турам, азыр барам» дейт.

- Теңизбек калп айтпагын, маршруткалар түштө эле токтогон. Сен «площадда» жүрөсүң. Бир балакет болбосун тилимди алып, үйгө кел десе саамга үн катпай туруп анан: «эже, эмне болгонун көрүп атпайсызбы. Мага чалбай туруңузчу. Барсам барып калдым, барбай калсам буюрганын көрөсүз да» - деп өчүрүп коёт. Айласы кеткен Бегайым учуп жетип, инисин алып келсем дегенде эки көзү төрт болуп айласын таппай жарым сааттан кийин кайра чалса "сотка-сы" өчүк экен.

Эртеси таң атканча уктабай күйөөсүн күтүп, көзү кызарып, өңү түктүйгөн Назгүл келип Теңизбектин үйгө келбегенин айтып, ыйлап иет. Ошол жерден дүрбөлөңгө түшүп, ооруканаларды кыдырышат, досторуна чалышат. Ал күнү эч жерден таппай коюшат. Ата-энеси улам чалып, Теңизбектин телефону эмнеге албайт? - дешип тынчын алат. Сары санаа жүрөгүн зилдеткен Бегайым таңга маал көзү илинип кетип, түш көрөт. Теңизбек сүт менен айранды аябай жакшы көрчү. Экөө Нарынга кетип баратышып, жолдогу кафеге кирип, Теңизбек сүт менен айранга заказ берет да: «Мен ичпеймин сиз иче бериңиз», - деп чыгып кетет..

Бул не деген түш, сүт ичпей чыгып кеткени эмнеси? Жүрөгү лакылдаган Бегайым иниси Эмилбек менен келинин ээрчитип алып моргго келишет. Элдер жайнайт, ызы-чуудан, ыйдан, боздогон үндөн кулак тунат. Эмилбек кирсе кийимчен он киши катары менен жатыптыр. Оо, жараткан арасында Теңизбек жок, тирүү экен. Өлбөптүр, - деп сүйүнгөнүнөн жүрөгү алеп-жалеп болуп сыртка чыгып келатканда: «чоң жигит, мобул бөлмөдө да экөө бар», - деп эшик ачышат. Жүрөгү шуу дей түшүп, калтырап барып карай калса Теңизбек экен…

Бир боорунан, өмүрлүк жарынан айрылган үчөөнүн чучуктай чыңырган үнү кудайга да угулгандай болду. Эс учун жыя албай турушту.

- Кайрат кылыңыздар, уулуңар баатырларча курман болду. Ата-Бейитке коюлсун, ойлонуп жообун бериңиздер, - дешти Өкмөттүк комиссиянын мүчөлөрү. Айылга кабар кетти. Жароокер, жанга күйүмдүү баласынан заматта айрылып, кан жутуп, күйүткө баткан атасы каргылдана үн катты:

- Жок, айылга алып келгиле. Акыл-эсин токтотуп кайра ойлоно калды.

Теңизим элим-жерим деп өмүрүн бербедиби. Мейли кыргыздын мыкты уулдары жаткан ыйык жайда алар менен бирге болсун.

Кезегинде колхоздо алдыңкы механизатор болуп аты чыгып, күжүлдөп иштеп алтымыш үчкө чыканча оору дегенди билбеген, өмүрүндө дары ичип көрбөгөн, такай жөө жүргөн, баскан-турганы шайдоот жеңил-желпи Таабалды аксакал качан көрсөң ууртунан күлкүсү төгүлүп, жадырап-жайнап жүргөн тамашөкөй уулунун артында туяк калбай канкордун колунан мерт болгонуна ичинен сыздап, күйүттү көтөрө албай ооруп калды. Көз жумардан мурунку күнү «Ата-Бейитке» барып уулуна куран окуп олтуруп, көз жашы жамгырдай төгүлдү. Эртеси Теңизбегинин артынан түбөлүк жайга аттанды…

Күлкүсү күндөй нурданган жароокер Теңизбек ыр дептериндеги "Кош бол, апаке!" деген ырында:

Караңдан кагылайын апакем,
Аскар тоодой бейиштеги жан элең.

Сенин күлкүң… деген боюнча андан аркы саптарын улантпай калган экен. Теңирим Теңизбекти жышаналуу кылып жаратыптыр. Кичинесинде аян берип: «менин күмбөзүм момундай чоң болот» деп сүрөтүн тартып, Улуу Нооруз күнү жаман түш көрүп, ата-бабаларынын арбагына тайынып куран окуттуруп, көз жумаардан мурунку күнү мончого барып жуунуп-тазаланып, колуктусуна керээзин айтып, Ак үйдүн алдына барып: «Эл-журт артка кайтпагыла, качпагыла!» деп кыйкырып, тике келген ажалдан тайманбай эрдик менен көз жумган баатыр уулубуздун тирүү арбагы таазим эттирет…

БИР АЙЫЛДЫН ЭКИНЧИ БААТЫРЫ



БЕЙШЕЕВ
Нурлан
Жумашович

(27.06.1976-07.04.2010)

Бейшеев Нурлан Жумашович - 1976-жылдын 27-июнунда Ат-Башы районундагы Ат-Башы айлында кызматчынын үй-бүлөсүндө жарык дүйнөгө келген. Атасы Бейшеев Жумаш кызматы боюнча Калинин атындагы колхозго которулуп келип бухгалтер , апасы Жунусова Шайымбүбү фельдшердик пунктта медсестра болуп эмгектенишкен.

1984-жылы мектеп босогосун аттагандан тартып жакшы окуп, коомдук иштерге активдүү катышып, вожатыйдын, комсоргдун милдетин аткарган. Эр жетип, мектепти ийгиликтүү аяктап, тери иштетип, баш кийим бычып, тигип иштеп келген. Өмүрүнүн акыркы күндөрү "Жунхай"базарында жеке ишкерлик кылып жаткан эле.

Артында ата-энеси, беш бир тууганы, бир кызы калган Бейшеев Нурландын сөөгү айылына коюлду.

Улуу Ата Мекендик согушта көрсөткөн эбегейсиз эрдиктери үчүн Советтер Союзунун Баатыры деген ардактуу наамга татыктуу болгон кыргызстандык жоокерлердин экөө атбашылык.

7-апрелде элдин көкөйүнө көк таштай тийген бакиевчил жексур бийликти кулатуу үчүн Аянтка барып, окко учкан Нурлан Бейшеев төшү толгон орден медалдарды тагынып алып, урмат-сыйдын үстүндө жүргөн Баатыр агасы Анварбек Чортековду көргөндө таңгалып, суктануу менен карап калар эле. Эки бирдей баатырды жараткан даңктуу айылдын кулунунун эрдиги тизе бүгүп, таазим эттирет.

Адатта адамдын айтарлык жакшы сапаттары балтыркан бала кезинде калыптанып, ыймандуу ата-эненин таалимине, көргөн-өскөнүнө жараша болот эмеспи. Айылынын кадыр-барктуу адамдары колхоздун бухгалтери Жумаш ага менен ФАПтын эмчи айымы Шайымбүбү эже төрт уул, эки кызын адептүү, эмгекчил кылып тарбиялап өстүрүштү.

Ата-энелердин жыйналышына барганда мугалимдердин Нурландын тартиптүүлүгүн, сабагын жакшы окугандыгын, коомдук иштерге активдүү катышкандыгын мактап: "- Кудай өмүрүнө береке берсе Нурлан айылыбыздын атын алыска тааныткан билимдүү мыкты адам болот", - деген мактоолорун укканда төбөсү көккө жете кубанып калышчу.

Арийне, жалындаган жаштыктын бааланып-баркталган бир артыкчылыгы кол жетпеген түркүн кыялдарды жылоолоп, тээ бийикте канат каккан алгыр куштай талпынып, учу-кыйырсыз жаркын максаттарга умтулуу эмеспи. Эр жеткен курагы дүйнөдөгү улуу держава СССРдин кыйрап, кыргыз өлкөсү өз алдынча эгемен мамлекет аталып, базар мамилеси өз өкүмүн жүргүзүп,бизнес деген кулакка бейтааныш угулган сөздүн арааны жүрүп, будуң-чаң түшкөн оор заманга туш келди.

Келечегинен көптү үмүттөнүшүп жүрүшкөн агай-эжейлеринин үмүттөрүн актаганга ошол мезгилдеги кысталыш турмуш кедерги болду. Улуу агасы солдатка кетип, окусам деген ою ордунан чыкпай калды. Тери иштетип, тумак, тебетей тигип, сатып акча таап, Кыргыз мамлекеттик университетинде окуп жүрүшкөн эки инисин багып, батирдин акысын, контрагын төлөп турду.

- Баатырлар, заманга жараша аламдан башканын баары сатык болуп турган маалда силер менен бир нерсени такташып алайын. Азырынча силерди багып, окууңарды бүтүрөйүн. Анан "алгандын бермеги бар" дегенди эсиңерден чыгарбай мен университеттин юрфагынан сырттан окуп жүргөндө мага жардамдашасыңар, - деп тамашалап калчу инилерин.

- Кашыбызда ата-энебиз бар үчүн бактылуубуз. Алтообузду бапестеп багып, эресеге жеткиришти. Улгайып баратканда урматтап, сыйлайлы. Биздин жакшылыгыбызды көрүп, төрүбүздө олтурушсун, - деп шаарга алып келип, кийинтип-ичинтип, кетээринде чаар сумкага толгон тамак-ашын салып жөнөтүп ийчү айылга.

- Ден соолуктун булагы тазалык. Эртең менен эрте турган адамды ырыскы жылоолойт дейт. Уйкуну азайтып, дене боюңарды чыңдап, гимнастика жасап, спорт менен машыккыла. Күн сайын жуунуп, өзүңөрдү тыкан, таза алып жүргүлө, - деген акыл-насаатын айтчу инилерине. Киймине кир жугузбай келбетине жараша зыңкыя кийинип жүрчү.

* * *

Мындан бир топ жыл мурда жайында апасын алып, "Аюу-Төргө" жайлап, бир да малды жоготпой, ит-кушка алдырбай түгөл багып келди. Ак жуумал жүзү кызарып, толо түшүптүр.

- Эх, жайлоонун баркын билбей жүрүптүрбүз. Керемет, сүрөттөп айтканга сөз жетпейт. Айланаң жашыл кымкап жамынып, тушарга жеткен чөп, жыты аңкыган түркүн-түстөгү гүлдөр, таңдайды так эттирген бал татыган кымыз, баглан козунун эти, сезимди сергиткен таза аба ...деги койчу жайлоонун ыракатын кантип мактаарды да билбейсиң.

- Ий, Нурлан байке, анда сиз шаарга кетпей эле айылга келип, фермер

топ бош жүргөндөн көрө иштеп, өз жаныңды өзүң бак“, - деп Үсөн аттуу ишкердин жалаң шым тиккен кийим тигүү цехине орноштуруп коёт. Өмүрүндө колуна ийне кармап көрбөгөн Теңизбек адегенде топчу кадаганды, кийим үтүктөгөндү бара-бара бычып тиккенди бат эле үйрөнүп алат.

* * *

Теңизбектин адилетсиз бийликке болгон жек көрүүсү мындан беш жыл мурда ойгонгон. 2005-жылдын 24-мартында он беш жыл эл башкарган тунгуч Президенттин үй-бүлөлүк башкаруусуна каршы чыгып, аянттан милисалар менен мушташып, токмок жеп, ооруканага жатып калат. Инисинин мындай жоругуна капа болгон Бегайымдын: «саясаттын сага эмне кереги бар, колуңдан келген жумушуңду иштеп, жөн жүрбөйсүңбү», - деп күйүп бышканына:

- Жаштар жакшы жашоону каалайбыз. Бир үй-бүлөнүн айынан эмнеге биз жакырчылыкта жашашыбыз керек? - деген эле.

Шорубуз көп эл экенбиз, Акаевдин бийлигин кулатып, эми элдик бийлик элге кызмат кылат десек бул Президентибиз да теңирден тескери кетти. Мындай кымбатчылыкты карапайым эл көтөрө албайт. Экинчи революция жасап, эртерээк кутулбасак эл эсебинен байыган байларга кул болуп калабыз.

Теңизбектин айтканы туура келди дээрсиз. Мен көзү ачык эмесмин, бирок бул айтканым туура келет. Бакиев бийликке өзү кандай жол менен келсе андан да жаман жол менен маскара болуп кетет.

* * *

- Отузга чыгып калдың, теңтуштарың экиден балалуу болуп калышты. Бизди качан келиндүү кыласың? - деп кулагынын кужурун алып жүрүштү ата-энеси айылга келген сайын.

- Шашпагыла, кудай буюрган күнү үйлөнөм, - деп каткырып кутулуп кетчү. Болочок колуктусу Назгүл менен бир цехте иштеп жүрүп таанышып, 2009-жылдын май айында турмуш куруп, эжекесинен бөлүнүп, батирге чыгып жашап жүрүштү.

Бош боло калганда кагаз бетин толтуруп ыр жазчу.

“Табигатка сукгануу” деген ырымды окуп берейинчи, - деп коңур үнү менен

Ай турса жер жүзүнө шоола чачып,
Жылдыздар түндү көрктөйт жымыңдашып.
Аскалуу улуу тоонун мөңгүсүнөн,
Булут сызат салкын желди минип алып…

Назгүл, чыныңды айтчы, кандай жазылыптыр? Деги ырга окшошуптурбу, - деп калат күлүңдөп.

- Ии, ууртунан жылмайып, тамашалап коёт колуктусу: «Аябай жакшы жазыптырсың, бара-бара жердешиң таланттуу акын Эсенгул Ибраев агаңдан ашып кетесиң го».

Эмесе мобул «Өмүр жана өлүм» деген ырымды угуп көрсөң.

Ичер суубуз, түгөнгөндө акыры,
Коркпо өлүмдөн, корксок деле өлөбүз
Тозогубу, бейишиби ким билсин,
Түбөлүккө оо дүйнөгө жөнөйбүз.

- Ай, ий. Назгүл кабагын чытып, үрпөйө түшөт. - Бул ырың мага жакпай калды,андан көрө сүйүү тууралуу жазчы.

* * *

- Мен бир нерсеге алигиче таңгалам. Мектепти бүткөндө эле колуна келип, айткан - дегенинен чыкпай жанында жаркылдап жүргөн инисинин кыял жоругун, кулк-мүнөзүн айтып, жүрөгү сыздаган Бегайым сөз учугун мындайча улады:

- Эми ойлосом Алла таалам Теңизбекке кичинесинен эле аян берип, сыр берип жүргөн тура. Менин мүрзөм ушундай болот деп чоң күмбөздү тартып алып көрсөтө берчү эле дешет классташтары.

Нооруз күнү балдарым менен көчөдө жүрсөм телефон чалып: ”эже бүгүн үйгө келип кеткиле куран окутуп коёюн”, - дегенинен кичүү иним Жумабекти ээрчитип алып үйүнө келдим. Аркы-беркинин сүйлөшүп олтурганбыз. Бир маалда тамак жесем эле колумдан түшүп кетип, ырыскымды жер талашып атат. Эки күн мурда бир жаман түш көрдүм. Асмандан кан аралаш жаан жаап атыптыр. Атам каза болуп, колум менен көтөрүп туруптурмун, - деди кабатыр боло сүйлөп. Кийин уксак ошол түш көргөн күнү айылга телефон чалып: атам аманбы, оорубай эле турабы? Силерди сагынып атам, келип кеткилечи, - дептир. Тамак ичкенден кийин аянтка барып сүрөткө түшөлү дегенинен кеч кирип кетти деп болбой койбодумбу курган жаным.

Уста эле, эски буюмдарды бузуп, койкойтуп жасап койчу. 6-апрелде телефон чалып, үйдөгү эски шифоньерди алып кетип, чакан стол жасап ал десем: «Эже, Назгүл бүгүн мончого заказ берип коюптур. Эртең барайынчы» деди. Ал күнү өзү кийимдерин тазалап, вешалкага илип «тырмактарымды алып коёюнчу. Кокустан тигил дүйнөгө кетип калсам тырмактарын алганга жарабаптыр дешпесин”, - дегенде Назгүл: «Көптөн бери эле ушинтип жаман сөздөрдү сүйлөп атасың, токтотчу эсимди чыгарбай» десе улутунуп, унчукпай калыптыр.

* * *

Жакшылык-жамандыкты алдын ала сезип, кош эмчеги зыркыраган байкуш эне жүрөгү каргашалуу ал күнү да тынч алалбады. Ак үйдүн алдындагы алааматты телевизордон көрүп олтуруп, бийлик дегенде куйкасы курушкан Теңизбегинен саанаасы тынбаган Зина апа Бегайымга телефон чалып: «баарыңар түгөлсүңөрбү, Теңизбектин дайынын билчи», - деп уулунун кайда жүргөнүн сурайт. Кечинде жумуштан чарчап келип, телевизор көрбөй, Ак үйдөгү окуяны укпай көзү илинип кеткен Бегайым дароо Теңизбекке телефон чалат.

- Эжеке, мен ал жакка барган жокмун. Жумуштарым менен башка жакта жүрөм. Назгүл жумуштан келгенден кийин силердикине барабыз, - деп аянт-

Жок, андай болбоду. Арамза бийлик бу саам да алдады. Айтылгандардын бири да аткарылбады.

- Өз убалы өзүнө, эми бизди эч кандай күч, эч ким токтото албайт. «Мен "Ата Мекендин" активдүү мүчөсү катары башымды канжыгага байлап, Өмүрбек Текебаев үчүн керек болсо жанымды да берем», - деп күпүлдөдү Кудаш.

- Койсоңчу, болбогон сөздү сүйлөбөй. Ошол оппозицияда жүргөндөрдүн баарынын эле жүрөгү таза дейсиңби? - деди Жыргал жактырбай. - Баарынын эли эси-дарты мансап, байлык. Кызматтан кетээри менен оппозиция болуп чыга келишет да элим-жерим деп көкүрөгүн койгулап калышат.

- Ырас арасында андайлар да бар. Бирок алардын катарына Өмүкемди кошпогун. Жигиттин пири Шаймерден колдогон чыныгы патриот, чыныгы саясатчы, чыныгы депутат, чыныгы элдин уулу. Жүрөгү таза, көкүрөгү тунук. Ал бийлигиңди да байлыгыңды да уруп ойнобойт.

* * *

- Ким билет, түшүнө аян бердиби же жүрөгү сездиби айтор көз жумаардан эки күн мурда Жыргалды сыртка огородуна ээрчитип чыгып, айланасына көз жиберип, ары-бери аралай басып, мындай деди:

- Жыргал, огородду жакшылап карап ал. Мына, мобу жерге алма, алча, мында болсо өрүк, тигилген. Ии, дарбазаны бул жерге койсок туура болобу дейм.

- Мага эмнесин айтасың. Күн жылыса өзүң иштейсиң да. Таңгала карап үйүнө кирип кеткен аялынын артынан бир нерсе айтчудай оозун эптеп барып, кайра унчукпай калды.

* * *

Өмүрү менен кош айтышаар күнү Кудаш үйүндө уктап жаткан. «Кыргыз темир жол мамлекеттик ишканасында» иштеген Жыргалды жетекчилери: "Аянтта ахбал оор. Маршруткалар токтой электе үйүңөргө жетип алгыла", - деп кетирип жиберишти. Үйүнө келсе Кудаш жок экен. Жүрөгү болк дей түшүп, дароо телефон чалды.

- Жыргал, мен Ак үйдүн алдында жүрөм. Сарсанаа болбой туруп тур. Балдар мектепке кетишкен, - деп кыска гана сүйлөп, телефонду өчүрүп койду. Акыркы сүйлөшкөнү да акыркы жолу үнүн укканы да ушул болду.

Оокат жасаганга көңүлү чаппай ар кайсыны ойлоп олтурган Жыргалдын оюн телефондун чыркырагы бузуп кетти.

- Мен тергөөчүмүн, сиздин жолдошуңуз Кудаш аянттан каза болуп калды. Сөөгүн морггдон алып кетиңиздер.

Ооба, кан Кошойдун урпагы - Кудаш Абдылдаев өзү айткандай эки уулу - Айдини менен Нурайдиндин бой тартканда өзүндөй болуп көр турмуштун азабын тартпай нарк-дөөлөттүү турмушта жашашын тилеп, элдин жонунан кайыш тилген калысы жок кара өзгөй бийликти кетирүү үчүн атайылап Ала-Тоо аянтына барып, эрдик менен көз жумду. "Баткан күндүн аткан таңы бар" дегендей эл уулунун мындай үмүт тилеги келер кез да алыс эместир...

АКЫЙКАТ АЙДЫҢЫНА ЖАН ҮРӨП...



АЖЫМАНБЕТОВ
Акылбек
Жаныбекович

(29.09.1984-07.04.2010)

Ажыманбетов Акылбек Жаныбекович - 1984-жылдын 29-сентябрында - Ак-Талаа районундагы Кош-Дөбө айылында төрөлгөн. Алты бир туугандын (эркектин) улуусу. Эргеш Иманов атындагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин экономика факультетине өтүп, бирок турмуш шартка байланыштуу окубай калган.

Бишкек шаарында адегенде курулуштарда, андан кийин "Фонекс" уюлдук компаниясында иштеп жүргөн. Үйлөнүүгө үлгүрбөй калган Акылбектин сөөгү айылына коюлган.

Жүрөсүңөр жашап, иштеп алыста, чолоо тийбейт ай өткөрбөй барышка... кызматынан келип, чай ичип, телевизордон "Арноо концертин" көрүп олтурган Акылбек ушул ырды укканда көңүлү удургуй түштү. Ана, коюу кара каштары балбылдаган оттуу кара көздөрүн ажарланткан келишимдүү ырчы Жолдубай Кайыпов өзүнүн "Атам менен эне-ме" деген ырын эки колун бооруна алып, терезеден алыска ойлуу көз жиберип мукам үнү менен ырдап жатат. Аттиң, теңир-тоонун кулуну, көгүлтүр экрандын көркү, белгилүү обончу, аткаруучу таланты ташкындап турганында кыркка жетпеген курагында капилеттен канкорлордун колунан ажал таппаганда маданиятыбыздын өсүп өнүгүшүнө өзүнүнүн татыктуу салымын кошмок экен.

Эх, жүрөктөн чыккан ыр жүрөккө жетет деген чын белем. Киндик каны таамп, кири жуулган айылы, чыбыкты ат кылып чаңызгытып ойноп жүргөн балжуурандай балалыгы көз алдына тартыла түштү. Ар кимге өз айылы кымбат, ыйык. Туулган жердин топурагы алтын, түтүнү жыттуу дешет. Ким айтса да таап айткан. Ким болбогун, кайда жүрбөгүн айылына болгон сүйүүң артылып,

ЖАНДИМИЛИКТИ ЖЕК КӨРЧҮ ЭЛЕ...

Бекмамбетов Рашид Сайдинович 1966-жылы Жумгал районундагы Миң-Куш шаарчасында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1973-жылы Н.К.Крупская атындагы мектептин босогосун аттап, 4-класстан баштап А.Ибраимов атындагы орто мектепке кирген.

Мектепти аяктаган соң бир жыл ТЭЦ-те жумушчу болуп иштеген.

1986-1993-жылдары Миң-Куштагы «Оргтехника» заводунда жумушчу болуп иштеген.

1994-жылы Алтынга үйлөнүп, үй-бүлө курган. Ушундан кийин Бишкек шаарында ар кайсы жумуш менен алектенип келген.

Рашиддин аркасында Нарима, Зарима аттуу эки кызы калды.



БЕКМАМБЕТОВ
Рашид
Сайдинович

(24.02.1966-07.04.2010)

- Койсоңчу балам, эмне эле жаныңа күч келет, белиңди оорутуп аласың...

Токтайым эшиктен тегирменчидей агала ун болуп кирген уулуна сүйлөндү.

Ал тогуз баласынын ичинен ушунусун өзгөчө көрчү, кичинекейинен эле апасын кыйнаган эмес. Жооштугун ушундан бил, күн чубактатып отургузуп койсо, ыйлабай момпоюп отура берип, күнгө да күйүп калчу.

- Апа, элге жардам берген жакшы болот. Колдон келген нерседен кантип аянайын, - деди Рашид күбүнүп жатып. Анын жүзүнөн өзүнө ыраазы экени билинип турду.

Миң-Куштуктарга бүгүн гуманитардык жардамга келген ун таркатылып жаткан эле. Рашид керели кечке тачке менен элдин ундарын үйлөрүнө ташып берди. Бүгүн эле эмес, ал ар дайым элден колунан келген жардамын аянчу эмес.

Кошуна-колоңдорунун батасын алып келген ал, көңүлү куунак экен. Элдик мүнөзү бар, адамдын көңүлүн калтырбаган, ата-энеге кайрымдуу бул жигит, жумшак, жоош көрүнгөнү менен калпты жек көргөн жайы бар эле, бир жерден жандимиликти байкап калса жаны чыгып кете турган. Ак эмгек менен токоч та-

бам деген принциби бар ал, кыздарын да ошондой болууга тарбиялап келди. Бул жалган жашоо ушундай экен, маңдай тери менен жашаган адамдардын бардыгы эле байгерчиликте жашай албайт тура, улунуп-жулунбаган жигиттин ошол үчүн жашоосу жупуну болгон чыгар.

Рашиддин дагы бир өзгөчөлүгү – ал жандан башкача боорукер боло турган, жада калса бирөө мал союп жатса да, карап тура албай нары басып кетчү, өзү эгерим мал мууздаган жан эмес.

Биздин каарманыбыз бир туугандардын үчүнчүсү, атасы Сайдин менен апасы Токтайым Миң-Куштагы даңктуу өндүрүштө көп жыл иштеген адамдар эле. Жубайлар тогуз баланы тарбиялап өстүрүшүп, эми жыргалчылыгын көрөбүз деп турган чак.

...Рашиддин ата-энесиникине келгенине эки айга жакындады, ал атасы инсульттан жабыркап төшөктө болгон себептүү, үйүнө тез-тез келип кол кабыш кылып кетчү. Эми эки-үч күндө Бишкекке, үйүнө кетем деген, кызынын туулган күнүнө шашып. Эмнегедир, ал ушул жолу ата-энесинин үйүнүн тияк-биягын өзгөчө оңдоп-түзөп, тазалады, апасынын койсоңчу дегенине көнбөй...Кетеринде чай үстүндө отурган уул апасына «Бишкектен кыйналып кеттик, Миң-Кушка келип мал баксамбы» деп да айтып калды бир маалда.

Анын борбор шаарда жашаганына көп жыл болгон эле, атайы билими болбогон соң, жумуштун табылышы ар дайым кыйынчылык туудурчу. Бишкекте келинчеги, эки кызы менен батирден батирге көчүп, кыйынчылыкты аябай эле тартышты. Акыркы убактарда гана бир курулуш фирмасы менен иштешип, ал кайсы жакка жиберсе ошол жакка иштеп келчү. Жумушунун аркасы менен Алматыга, Ошко да барып тыйын-тыпыр таап келген. Он алты жыл үйү жоктуктун азабын тарткан ал келинчеги Алтын экөө тырмалаңдап атып, жер сатып алышкан, эми быйыл ага там баштайлы деген тилегин кудай буюрса ушул жайда ишке ашырабыз деп шымаланып жаткан..

Атайын бир кесипке ээ болбогон Рашид мектепте деле жакшы окуган бир кезде, ал түгүл өз күчү менен Ташкенттеги аскердик окуу жайына өтүп кеткен. Бирок, аяктай албай калды, кыязы бөтөн элдин өгөйлөөсүнө чыдабай кетти көрүнөт.

...5-апрель күнү Рашиддин үй-бүлөсү улуу кызы Нариманын туулган күнүн белгилешти. Үй-бүлө бактылуу эле, эшиктин алдында каргаша сагалап тургандын сезбей.

Туулган күнгө Рашиддин иниси да келген, ошондо чогуу торт жеп отурганда сөз болуп кетти, «Бакиевди кетириш үчүн митинг болот экен» деп. Иниси ишеңкиребей, «эл чыкканда эмне кылып алат эле» деп күмөн санады эле, Рашид «көрөсүң го, бул жолу катуу болот» деп каршы чыкты...

Эртеси Рашид досу Таалайдыкына барып, жатып калды. Ал өзү мурда Миң-Куштун курама командасында ойноп жүргөндүктөн, футболго катуу кызыкчу. Бул маалда футбол боюнча дүйнөлүк чемпионат башталып, улуттук телерадио корпорациясы түз алып көрсөтүп жаткан эле. Эки дос чемпионатты түнү

УЛУУ МАНАСЧЫНЫН УРПАГЫ ЭЛЕ...



АКТАНОВ
Чынгыз
Шаршеналиевич

(06.09.1987-07.04.2010)

Актанов Чынгыз Шаршеналиевич - 1987-жылдын 6-сентябрында Нарын шаарында туулган. Үй-бүлөлүк шартына байланыштуу апасы Орозалиева Акылай эки уулун алып, Ысык-Ата районундагы Үч-Эмчек айылына көчүп келип, Чынгыз ошол жердеги орто мектептен окуйт.

2001-жылы Аламүдүн районундагы Кара-Жыгач айылындагы № 104-кесипчилик-техникалык окуу жайын бүтүргөн.

Чынгыз Актанов колунан көөрү төгүлгөн уста, ыр жазып, манас айткан өнөрлүү жигит эле. Ислам, Нурбелек аттуу эки уулдун атасы болгон.

Сөөгү кыргыздын кыраандары жаткан айтылуу Ата-Бейиттен жай тапты.

Чынгыз Актанов... Элдик оозеки чыгармачылыктын дүйнөлүк казынасында өзгөчө орунду ээлеп, кыргыз элинин руханий кудуретин кылымдар бою акылмандык менен эрдиктин соолбос булагына айланткан атагы ааламга кеткен айкөл Манас дастанын биздин заманга жеткирген өнөргө өлбөстүктүн шамын жаккан алп манасчылар Жапый уулу Тыныбектин ата өнөрү оошкон улуу манасчы, комузчу жана ак таңдай акын Актандын небереси эле.

Чынгыз Актанов ... Ар кимдин бешенесине буюра бербеген асыл дөөлөт касиеттүү манасчылык өнөрлөрү менен ысмы өлбөстүккө айланган касиеттүү чоң аталарынын ташкындаган таланты оошкон жамактатып ыр төккөн, күпүлдөп Манас айткан, кагаз бетине үңүлүп керемет сүрөт тарткан, жыгачка жан киргизген колунан көөрү төгүлгөн уста эле. Келбети келишкен жайдары мүнөз 23 жаштагы керилген жигит эле.

Чынгыз Актанов... Кимдир бирөөлөрдүн көзүн карап, кендирди кескен жокчулукта жашагылары келбеген, жаркын жашоону эңсеген, ар үйдүн чырактай жанган, көктөмдүү жаздай көктөп турган уулдарынын эл үмүтүн, колун

көкүрөгүнө коюп берген антын актабаган ажонун абийирсиз бийлигин кулатууда эрдик менен көз жумган шерлердин бири эле.

Ысмын Чынгыз коёлу дешкен кара каш, кара көздүү ыманы ысык түн уулу төрөлгөндө атасы Актанов Шаршенаалы менен апасы Орозалиева Акылай кубанычы ашып-ташып,атагы аалам аралаган залкар жазуучудай таланттуу, элдик уул болсун.

Балтыр эти толо элегинде эле атасынан ар кайсыны сурай берчү кызыгып, уулунун эмнеге, эмне үчүн? - деген суроолоруна боору эзилгенче күлүп, кээде так жооп айта албай кызарып кетчү Шаршенаалы.

Тагдырдын буйругу менен апасы Акылай эки уулун алып, Ысык-Ата районундагы – Үч-Эмчек айылына көчүп келишип, О.Жакишов атындагы орто мектептин босогосун аттады. Байкеси экөө жайкы каникул убагында айылга атасыныкына келишчү. Караанынан кагылган чоң энеси Күлүйпа небересин кучак жая тосуп алып, берээрге ашын, айтаарга сөзүн таппай маңдайы жарыла кубанчу. Чоң апасынын кулактын курчун кандырган жомогун уккандан түк тажачу эмес.

- Кудай өмүрүнө береке берсе Чынгызым даана биздин тукум, касиеттүү чоң аталарын тартып, мындан бир нерсе чыгат, - деп чачынан сылап койчу.

Атасы менен ат минип алып жайлоого барганды жакшы көрчү. Экөө капчыгайды өрдөп баратканда айланага көз жиберип, кол менен жасап койгонсуган ажайып кооздукка, тээ алыстагы көз уялткан ак карлуу, көк муздуу тоолорго суктана карачу.

- Ата, менин чоң аталарым кыйын манасчы болгон экен ээ. Актан атамдын атын Манасты кыйын айткан үчүн мектепке коюшкан тура, алар тууралуу айтып берсеңиз? - дечү карагаттай көздөрүн күлүңдөтүп .

Зээндүү уулуна: “Аҫман менен жериңдин тиреөсүнөн бүткөндөй, ай алдында дайранын толкунунан бүткөндөй, алтын менен күмүштүн ширөөсүнөн бүткөндөй” - деп Манас бабабыздын өз эл-жеринин эркиндигин, теңдигин коргогон теңдеши жок баатыр болгондугун эргүү менен айтып берчү. Кыргыз элинин маданий улуу мурасы болгон миллион ыр саптан турган чексиз кайратуулукту, жоокерлик ар-намысты, Ата журтту терең сүйүүнү даңктаган бул улуу “Манас” эпосун айткан мындан туура жарым кылым мурда көз жумган улуу манасчы Тыныбек уулу Актан чоң атасынын кол ойноткон комузчу, оозунан ыр төгүлгөн чыгаан акын болгондугун сыймыктануу менен саймедиречү.


- Ата, анда мен да чоңойгондо Манастай баатыр болом, Тыныбек, Актан чоң аталарымдай болуп Манас айтам, - дечү Чынгыздын жүзү тамылжый.


Бой тарткандан тартып көөдөнүн удургуткан, селдей аккан сезимге туруштук бере албай Манас айта баштаган Чынгыздын уккулуктуу үнүн уккандар: «Ана, аккан арыктан суу агат» деген ушул. Теңирим өзү даарыган залкардын касиети ушу небересине да жукса керек”, - деп калышчу.

Ачык-айрым, ак көңүл, жароокер, иштерман, сабагын мыкты окуган жылдыздуу, чынчыл Чынгызды мугалимдери, классташтары жакшы көрүшчү. Мек-



Үй-бүлөсү менен сейилдеп жүрүшкөндө







менен көрүп отуруп, белгилүү иш, эркектердин башы кошулганда саясаттан кеп козголот эмеспи, бул жолу да ошондой болду.

- Таластагы пикетти уктуңбу? Облустук мамлекеттик администрациясынын кеңсесин алышыптыр дейт го?

- Ооба, эртең бизде да болот дейт. Бүт Кыргызстан боюнча көтөрүлгөн жатыптыр.

- Ой, ушул Бакиевдин саясаты тажатты. Тууган-туушкандарынын баарын апкелип алды го бийликке. Акаевди айтып атып, ал өзү андан ашып түштү окшойт.

- Анын жоругу жолдо калсын, азыр бүт эле баласы чечип калган турбайбы. Эми жаш балага бүтүндөй бир мамлекеттин тагдырын колуна карматып койгону кантип жакшы болсун. Атасынын көрү, эртең пикет болсо чыгыш керек.

- Мен дагы чыгам, жетишет, малга окшоп жакшы эле айдалып жүрдүк...

Достордун сөзүнүн төркүнү ушундай болду.

Рашид 2005-жылы Акаевди тактан кулаткан митингди эсине түшүрдү. Ал ага активдүү катышып, Атамбаев, Эшимканов, Куловдорду колдоп чыккан адамдардын арасында эле. Акаев качып, Ак үйдү оңой эле зэлеп алышкандан кийин, ал үйүнө келип келинчеги Алтынга «Акаевди кетирдик, эми жашоо оңолот, байбиче. Эл Куловду түрмөдөн чыгарганы кетишти, мен келе бердим» деген. Андан бери туура беш жыл өтүптүр, жашоо болсо оңолмок түгүл, начарлагандан начарлап эле бара жатат. «Жок, биз буга жол бербешибиз керек» деген бүтүмгө бекиди ал.

Таалай 7-апрель күнү аянтка кечирээк келди. Жумуштан кармалып калып, мурда болжонгон убакта келе албады. Ага саат бир жарымдарда Рашид телефон чалып, «аянтка баратабыз» деди. Элден калып калгандай туюлуп чыдамы кеткен ал саат экилерде араң колу бошоп, дароо эле пикетке жөнөдү, жөнжөнөбөй бир топ кишилерди үгүттөй, чакырык кылып кетти.

Рашид бул күнү кичине кызынын телефонун алып кетиптир. Кетип бара жатып, кандайдыр башкача боло түштү, чүрпөсүн узакка карап туруп, «жакшы оку, ээ, кызым» деп өөп алып чыгып кетти.

Өзү болжогондой, митингге чыккан калың элге кошулду. Алардын арасынан чогуу жүрүшкөн миңкуштук балдарды таап алып бирге жүрдү. Миң-Куштун кыраандары бул күнү алдыңкы катарда эле...

Алдыңкы катарда жүрдү Рашид дагы, ажал сагалап турганын аңдабай. Саналуу гана мүнөттөрү калган миң-куштук жөнөкөй агедил жигит, агасы Ыраманга телефон чалып, «эң алдыда бара жатам» деди. Ырамандын жүрөгү дүпөйүл эле болуп калды. Ушундан кийин ал инисинин үнүн укkан жок...

...Алтын жолдошунун телефонуна чалып таптакыр ала албай койду. Айласы түгөнгөн ал, кыздары менен байланышып, үйгө тез баргыла деп табыштады.

... Туман түшүп турду, кудум эле кыргыз элинин келечеги сымак бүдөмүктөтүп айлананы.

Аянтка келген калың элдин алдында Рашид жүрдү:

Эсиңердеби, бир кезде Акаев коррупция жетинчи кабатка жетти, - деп жер муштагылады эле, эми Бакиевдин убагында асманга жеткени калды окшойт. “Жыргаганымдан жылкычы болуптурмунбу” дегендей биякта жумуш болсо жаштар үй-бүлөсүн таштап, Россия менен Казакстанда эмнеге тентип көчө шыпырып жүрүшөт эле. Жанагы улутчул “такырбаштардын” ур-токмогунан өлүп келгендердин убал-сообу кимге? Ким билет, а балким бизге экинчи революция керек болуп турабы дейм.

- Нуке, туура айтасың, эл байкуш кыйналып эле атат, - деди Таалай башын ийкеп, кубаттай сүйлөп. - Шаарда жашагандар да ар кайсы жумушта иштеп, акча-тыйын таап, күн көрүп атышат. Айылдагыларга убал болду. Экинчи революцияны айтып, эсти чыгарбачы. Бийликтин балдай ширин даамын татып калган Бакиев тактысын оңой менен эле бошотуп бере калбайт. Баягыда эле Ак үйдү коргош үчүн урал колдоном дебеди беле.

- Бүгүн айтканын эртең танган андай кара өзгөй адамдан бардык жамандыкты күтсө да болот. “Ата Мекен” менен “СДПКнын” лидерлери тишин кайрап атышат. Бийликти жектеп, бул эки партиянын катарына өткөндөр күндөн-күнгө көбөйүп баратат. Алардын арасында мен да бармын.

- Азаматсың, берчи колуңду Нуке- четте олтурган Бакасов Эсен ордунан туруп келип, колун кыса кармады. - 2005-жылы да ушинтип күйүп-бышып, 24-марттагы революцияга катышып, Акаевди алып түштүң эле. Өзүңдөй көк жал Мекенин сүйгөн чыныгы патриоттор турганда азыркы бийлик да оң таппайт. Деги кайда жүрсөң да аман болчу.

* * *

Былтыр кар жылдагыдан оор түштү. Айлана аппак шейшепке оронуп, аяздуу суук дене-бойду калчылдатат. Күн кур эмес телефон чалып, ата-энесинин ал-жайын сурайт Нурлан.

- Кудайга шүгүр аман-эсен жатабыз, - дейт атасы адатынча токтоо калыбынан жазбай созолоно сүйлөп. - Эртеден-кечке колубуз күрөктөн кетпей сыртта эле жүрөбүз.

- Жакшы болуптур, - дейт Нурлан ичинен сүйүнүп. Мейли, жаай берсин. Кар токчулуктун, молчулуктун жышааны. Эгин-тегин көп болот, элдин курсагы тоюнат.

- Жаңы жылдын жаңырышы менен кымбатчылык жакадан алды. “Калк айтса калп айтпайт” дегендей күздөн бери эл арасында айтылып келаткан “свет” кымбаттайт экен деген кеп-сөз чын болуп чыкты. Электр жарыгынын баасынын эки эселеп көбөйүшү, элдин сезин алып койду. Мындан аркы жашоо кандай болот? Бийлик элди неге ойлобойт? Ушундай беймаза ойлордун туткунунда калды Нурлан. Кай жерге барбагын, ким менен сүйлөшпөгүн бийликке нааразычылыгын айтышат. Мамлекеттик мекемеде иштеген жетекчилер гана тилин тишине катып, “ач кулактан тынч кулак”, - дешип, ачык айта албай үңкүйүп, жер тиктешет.

- Кыштын кыраан чилдесинде Нарындын базарында олтургандарды ээрчип жүздөгөн карапайым адамдардын митингге чыгышканын укканда чындап сүйүндү Нурлан.

- Туура кылышкан,”бала ыйлабаса эмчек кайда” дегендей антпесе бийлик кур убадаларды айтып, тил эмизип, жүрө беришет.Үй-бүлөлүк башкаруунун жан этти жедирген кордугу жанына баткан белем,болбосо оңой менен эч нерсеге муюбаган жердештери минтип чыгышмак эмес. Кыясы элдин жонунан кайыш тилген бакиевчилердин күнү бүтөөрүнө жакындап калган белем.

- Ооба, баардыгы Нурлан Бейшеев ойлогондой болду. 7-апрелде чырактай жанган жаштардын каны төгүлгөн элдик революция эл күткөн жеңиш менен аяктады. Ооба, бу тирүүлүктүн эч кимге баш ийбеген мыйзамы ушундай. Өмүр менен өлүм, ак менен кара, жакшылык менен жамандык жанаша жүрөт. Биринен айырмаланбаган жексур эки бийликтин адилетсиздигине каршы чыккан Нурлан Бейшеев да өзүндөй жалын жүрөк жаштардын катарында жүрүп, күлгүндөй өмүрүнөн айрылды. Өзөк өрттөгөн өксүк бул жеңишти көрбөй, билбей калды.

- Ак-Талаа айлынын экинчи баатыры Нурлан Бейшеевдин жаркын элесин түбөлүккө калтыруу максатында классташы Абдыраманова Назгүл:

... Эрдигиңди жазып тарых бетине,

Урпактарга калтырабыз эстелик... деген ырын жазгандай айылдаштары өз айлынын экинчи баатырынын ысмын балдар бакчасына, паркка ыйгарып, жылыга анын наамындагы спорттук мелдештерди өткөрүп туруунун аракетин көрүп жатышат.

- Кайрымдуулуктун кайталангыс мыкты өрнөгүн көрсөтүп, кыргыз журтчулугуна таанылып келаткан ушул айылдын кулуну, “Замандаш” партиясынын лидери Муктарбек Өмүракунов айкелин тургузуп берүүгө убада бериптир.

- Ооба, биз эр жигиттик ыйык милдетин аткарып , элинин жаркын турмушү үчүн өз өмүрүн берген Нурлан Бейшеевдин арбагына таазим кылууга, эскерип турууга милдеттүүбүз.. .

гандын катыгын берген, калпты жек көргөн. Ошол калпты жек көргөнү акыры аны ушуга жеткирбедиби. Эл үчүн күйүп-бышып, ичинен кан өтүп кетчү баламдын. Күйүмдүүлүгү баладан башкача эле, чиркин...

- Ооба, чын эле уулуң күйүмдүү эле. Атасы, агасы каза болгондон кийин бардыгын өз мойнуна алып, апакелеп сыйлап багып жүргөнүнөн кабардармын. Анан калса сен абышкаң менен улуу уулуң Рахаттын өлүмүнөн кийин таптакыр ментиңен тайый түшкөн элең. Бирок, кенже уулуңду медер тутуп кудайга шүгүрчүлүк кылып жашап жүргөнүңдө, Баястаның эл керегине жарай турган күнү келип, канын, жанын курмандыкка чалып, сени такыр мөгдөтүп кетти.

- Рахатым... Аны эстегенде азыр деле жанымды коёрго жер таппай, ичим куйкаланып турат. Мага кандай эле кудайым ушундай тагдыр жазып койгон, билбейм. Эне үчүн баланын артында калгандан жаман нерсе барбы? Мен муну эч бир энеге каалабайт элем.

- Кайрат кыл, Маасымбүбү. Сенин бир эмес, эки уулуң тең элдик, журтка пайдасын тийгизген адамдардан болгон. Ушундай балдарды төрөгөнүңдөн бул дүйнөгө бекер жаралган жок деп билем.

Али эсимде, улуу уулуң Рахат элдик дарыгер эмес беле. Анын атагы кыргыз журтчулугуна дүңгүрөп, керек болсо рак оорусун айыктырып, элдин батасын алып турду ошол кезде. Билесиңби, Социалисттик Эмгектин Баатыры Адышева өлүм астында жатканда Рахат тамырын кармап, «сиз токуу фабрикасында иштеп жүргөндө жыйнап алган байлыгыңыз ашказаныңызда экен, сизди айыктырам. Жаңы жылдын астында бул жараңыз жарылат» дегени эсиңдеби. Айткандай эле, жаңы жылдын астында чемирчегинин асты жарылып, толтура жип-шуунун үзүндүлөрү, балакеттин баары кан аралаш чыккан. Көрсө, эмгек баатыры кездеме токуу менен атак-даңкты эле эмес, ооруну да таап алган тура. Рахат бир канча жыл баспай калган бейтаптарды бастырып, рак менен сыркоологондорду ажалдын оозунан сууруп алып турган эле.

Аттиң ай, бабам Манастын руху колдоп, Канымей булактан арууланган табып уулуң киши колдуу болуп калды. Өмүрү кыска экен.

- Балдарымдын атасы Рахатымдан кийин жүрөгү кармап ал, анысы аз келгенсип авариядан кызым Дамира кетти мени боздотуп. Кудайга баары бир тобо келтирип, Баястанбегимдин боосун кармап жүрсөм, ал дагы учуп кетпедиби.

Балдарымдан айрылып, жүрөгүм тилинген менен кандай айла кыла алам, өксүп келем.

- Сенин антүүгө акың жок. Чүнчүбө, Маасымбүбү! Уулуң өзү башынан эл үчүн ичкен ашын жерге койгон адам болчу. Анан калса абдан намыстуу жан эле. Баягы Сочиде жүргөнүндө билесиңби, Кавказда абал аябай курч болуп, азиаттар менен кавказдыктардын ортосунда тирешүү бар эле. Ал кезде Грузия менен Осетиянын согушу жүрүп жаткан. Сенин уулуң кызмат өтөгөн бөлүктү чечендер кармап турчу. Буга карабастан Баястанбек намысына тийген Ясуев деген чеченди сууга ыргытып жиберет. Өлгүдөй чычалаган чечендер кийин көптөп уулуңду бычак менен ичке сайып, жарадар кылышып, бир



Анда апасы Маасымбүбү бактылуу эле







ажалдан калбады беле. Баястанбегиң башынан эле курч, өлүмдөн кайра тартпаган кашкөй эле.

2006-жылы оппозиция уюштурган чоң митингде ал өзүнө тилектеш кочкорлук бир топ балдардын башында жүрдү. Билесиңби, ал Атамбаев, Сариев, Текебаев сыяктуу оппозициянын лидерлери менен тилектеш болуп, жакындан жакшы мамиледе боло турган. Алардын саясатына толугу менен кошулуп, Бакиевдин үй-бүлөлүк башкаруусуна ушунчалык кыжыры келип жүрчү.

Оппозициялык маанайы күчөп ал түгүл, 2006-жылы СДПК партиясына мүчө да болуп кирип, ошондон тарта ал саясатка активдүү аралашып жүрдү.

Ошол эле жылы жездеси Жакып экөө айтылуу Аксынын Боспиегиндеги чоң митингге да катышып келишти. Боспиекте мурдагы паашанын тушундагы атылган балдардын кунун кууп, бийликтин адилетсиздигине жаны кашайган элдин арасында жөн эле көптүн бири болбостон, ошондо да элден өзгөчөлөнүп, бөлүнүп турду...

Бийлик өкүлдөрү келип, калкты жаш баладай алдап амалданып, элди таратканда, ошондо да жүрөгүнүн түпкүрүндө ишенбөөчүлүк сезими кыбыр-сыбыр эткен эле, туюму күчтүү экен. Андан көп өтпөй, жазында борбордо болуп өткөн оппозициянын нааразычылык иш-чарасына да катышканы эсимде, уулуң элди аркасынан ээрчите билчү, анын тилектештери өтө көп экен.

Айтмакчы, эл таламын талашкан ар түрлүү пикет, митингдер анын жашоо нугуна өзгөчө из салды, жашоосунда Зыйнат менен бактылуу өмүр сүргөн жигит, ушундай учурлардын биринде ал экинчи келинчеги Венерага жолукту. Сенин, эжелеринин каршы болгонуна карабай, эки жакты тең багам деп, Кочкор менен Бишкектин ортосун бир айылдын көчөсүндөй эле таптады. Эми эр жигиттин башына эмне келип, эмне кетпейт, бул нерсе анын даңктуу өмүрүнө көлөкө түшүрбөөгө тийиш менимче.

Элдин эсинде калган ошол даңктуу чын курандын жетиси күнү Баястанбегиң баягы адатынча элди алга сүрөп, октон жалтанбай, дем берип жатканын мен сезип жаттым, ичим жылып. Бирок, сестенип турдум чиркин, ок деген ок да, түбүнө жетпесе экен деп.

- Мага келинчеги Зыйнат, эжелери айтышты, ошол күнү телевизордон көрүшүптүр, алиги тосмону бузуп кирген көк машинеде Баястаным отурганын. Жөн эле отурса эмне, ок атыла баштаганда, жан чиркин кыйын да, кээ бир пикетчилер артына качайын дегенде «качпагыла, жеңиш биздики, Ак үйдү алабыз» деп шыктандырып турган экен.

- Мен ал күнү аябай дүпөйүл болуп турдум. Баястанбек элди уюштуруп, «Медиа Форумда» көтөрүлүп чыккан элдин астынкы катарында жүргөн. «Медиа Форумдан» башталган тирешүү Ак үйдүн астына жетти. Майдалап жааган жамгырга карабай, башы жылаңбаш, «качпагыла, биз ушунча жыл эзилдик. Элдин жашоосу кыйын болуп кетти, муну чечпесек болбойт» деп үндөп келе жатты. Жер дүңгүрөп турду ошондо, баатырлардын астында.

Айтмакчы, ошондо эл менен милициянын ортосунда тирешүү болуп жатпадыбы. Уулуң аларга «формаңарды чечип алып, бизге кошулгула! Силер да

элсиңер, бир кишиге кул болбогула» деп кайрылганы жаштарга дем болду десем, аша чаппайм..

Ал алгачкылардан болуп, Ак үйдүн тосмосун бузуп, талкалап жаткан көк машинеде эле. Тосмону бузуп кирген соң, машинеңин мотору өчүп калды. Кансарайга киришерине аз калган шерлерди жок кылбаса адилетсиз ажонун көргөн күнү бүтөрүнө көзү жеткен снайперлер ал жердегилердин баардыгын тең чалгы менен чапкандай кылышты го, чиркин. Ошондо Баястанбекке да ок жаңылып, ага да карабай өлөрманданып, тура калып «качпагыла» деп айкырык салганы аркага жапырыла түшкөн элге (октун сүрү оңойбу) дем бергени эсимден кетпейт.

- Ок санына тийген экен. Санынан кирген ок, согончогунан жарып чыгыптыр. Ойноп кетет турбайбы, ок деген каапырың. Кан тамырын жарып кетиптир. Аны көргөн догдур «бир кашык каны калган эмес» дебедиби.

Күпкуу болгон каралдым ай, ошондо акыркы жолу көрүп ак сүтүмдөн кечкен элем, кулунум. Эл астында милдетиңен кутулганың - менин эне сүтүмдү актаганың болду.

Кулунумдун туяктары эптеп адам болсун деп эле илкип-калкып жашап келе жатам. Ушул балдары атасынын атын өчүрбөгөн, анын ысмын булгабаган адамдар болуп өссө экен. Балдары да томсоруп, көздөрү жашылданып эле турат, аларга мен атасын колумдан келсе, кайра төрөп, кайтарып бергим келет, аргам жок, амалым жок.

Ошол каргашалуу 7-апрелге чейин 29-мартта Баястаным үйгө келген. Балдарын эркелетип, үстүнө мингизип, улуусу менен шахмат ойноп... Бир башкача болду алдыңа кетейиним, жүрөгү сездиби. «Сен жакшы оку, мен сени жогорку окуу жайына окутам» дегени али кулагыма угулуп турат. Анан үйү толук бүтө элек болчу, шаарга кетип баратып, «апа мен курулуш материалдарын алып койдум. Он күндө келип калам, үйдү бүтүрөм» деген эле. Колунан көөрү төгүлгөн каралдым, он күнгө жетпей жок болуп калбадыбы.

Бир чети балам жери, кыргыз эли үчүн жанын бергенине ыраазымын. Ыраазымын, атасынын наамын булгабай, даңктуу из калтырып кеткенине.

Жаман иш болду, бул жорук жолдо эле калсын. Акаевдин кылганы тигил, Бакиевдин кылганы бул болду, канча бир кыргыздын алтындай балдарынын баарын жок кылып кетишти. Ошолорго кудай таалам өзү калыс болоор, аларды каргаганда деле эмне чыгат? Мындан кийинки жетекчилерибиз эстүү, акылдуу, ынтымактуу, өзүңдүн койнуңда жаткан эчен бир кыргыздын уулдарындай болуп, элдин келечегин ойлосо экен деп тилейм мен.

- Балдар окко учкандан кийин кырк күн дегенде шаарга келишти ата-энелер. Ошондогу Ак үйдүн тегерегин курчаган темир тосмого октордун тийген жерин көрүп чыңырганың али да болсо кулагымда, Маасымбүбү. Темирди оюп кеткен ок балдардын жанын кантип сууруп алганын элестеттиң ошо тапта, билип жаттым. Ошондо Роза Отунбаева силерди тарых музейине алпарып жыйнаштыр кылды. Кайгырып турган, кан жутуп турган силерге «уулдарыңар кыргыз

деген күмбез да, ии, чооң кылып жакшы тартыптырмынбы. Көрдүңүзбү, кооз бекен? Менин күмбезүм ушундай болот, элдин баары таңгалып карашат.

- Ок эмне дейт! Мындан ары антип айтпай, мындай жаман сүрөттү тартпай жүргүн. Андай кыйын сүрөтчү болсоң мобу тоолорду, жакшы көрген тайыңды, алаң эвеебүздү тартпайсыңбы. Менин күмбезүм деп, капкайдагы жаман сөздү сүйлөп, - ачуулана сүйлеген атасына таңгала карады Теңизбек.

Өзүнүн күмбезүн тартып койгонго эмне мынча ачууланат? Баягыда үйүнө келген молдо ата шарият айтып олтуруп: баарыбыз бу дүйнөдөн кетебиз, өлбөй калган жан жок", - дебеди беле. Атасынан тил уккандан кийин ал сүрөттү жашырып тартып, балдарга көрсөтө берчү: - Карагылачы, менин күмбезүм ушундай чооң болот. Көп эл келип, куран окушат.

* * *

Жайдын толуп турган маалында (4-августта) төрөлгөндөн уламбы коюу кара каштуу, карагаттай көздөрү күлүңдөп, куудулдана сүйлөгөн Теңизбектин мүнөзү да кудум жайдай жаркып, жарookер эле.

Ыр жазчу.Көңүлүнө келе калган кайрыктарды олтура калып, шилтеп калганда класташ кыздары: «Акырын, Теңизбектин "чымындары" ары-бери ызылдап, учуп жүрөт», - дешип тамалашап калышчу. Туулган күндөрүнө арнап жазып берген куюлушкан куттуктоо ырларын талашып окушчу.

Касиеттүү Ысык-Көлдү сүйүп, андан дартына дабаа издеп, не бир керемет ырларды жазган Алыкул акындын жан кыйнаган илдетин таланты менен жеңип, жашап өткөнүнө таңгалчу. Жердеши, атактуу акын Эсенгул Ибраевдин намыс отун тутанткан мекенчил ырларын кайра-кайра окуганда сезими сергий түшчү. Нарын облустук "Теңир Тоо" гезитине жиберген ырлары чыгып калганда жүзү тамылжып, кубанчу. Мектептин бүтүрүү кечесинде толкунданууу менен окуп берген "Мектебим", "Балалык махабатым" аттуу ырлары кол чабуулар менен коштолгон эле.

Сүрөтчү болсом деп кыялданчу. Кыргыз живописинин классиктери Гапар Айтиевдин, Семен Чуйковдун, Жоомарт Кадыралиевдин пейзаждарын, полотнолорун көргөндө ышкы оту тутанып, көөдөнү өрөпкүй түшчү.

Ырчы эле. Ukkандын кулак курчун кандырып, коңур үнү менен созолонто обон созчу. Той-тамашанын көркүн аччу. Колунан көөрү төгүлгөн уста эле.


- Теңизбек, кудай сени аябай жакшы көрүп, төрт тарабың төп келген татынакай жигит кылып жаратыптыр, колуңдан баары келет, - деп суктанып калышчу класташ кыздары.

* * *

Канат күүлөп, турмуш жолуна кадам таштаган Теңизбек орто мектепти бүтүрүп, бала күндөн эңсеген сүрөтчү болсом деген тилегине жетмекке сүрөтчүлөр окуу жайына тапшырат. Тилекке каршы жолу болбой өтө албай калат. Төрт эркектин ортосундагы жалгыз эжеси Бегайым: "эми айылда колок-



Теңизбек жакындары менен





эли үчүн кызмат кылып, жанын, канын берди. Биз муну унутпайбыз, алардын эмгегин баалайбыз. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларын кандай ардактап эскерсек, буларга ошондой кылып таазим этебиз, эскеребиз» деп жакшынакай сөзүн айтып жашытканы эсимде.

Акыркы айтарым, сен көп эле жашыңды төгө бербе. Мүңкүрөбө. Мага эле жеңил дейсиңби. Менин кучагымда өздөрүнүн жаркын иштерин аягына чыга албай, айгапта калып, аргасыздан көз жумган кыргыздын бычакка сап болчу уулдары жатат. Бардыгы тең сенин уулуңдай болуп, күлгүн курагында залимдердин колунан каза табышкан. Буларды койнума катып жаткан менин арманым аз дейсиңби? Эгер алар узак жашап, өз ажалынан каза табышса, анда кыргыз үчүн не деген гана албан иштерди жасап берип кетишмек эле? Буга менин бир чети кабыргам кайышса, бир чети сыймыктанам.

Сен дагы, эне катары балдарымдан бир чымчым топурак буйрубай калды деп өксөй бербестен, башыңды бийик көтөрүп, ушундай эл керегине жараган уулдарды кыргызына төрөп бергениңди эсиңден чыгарба, Маасымбүбү. Анткени, өз башын бардыгынан жогору койгон, өзүнүн жеке кызыкчылыгын көздөп, элин да садага чапкандан кайра тартпай, бийлик дегенде эт-бетинен кетип, акыры кыргыздын жүзүн карай албай, тентип кеткен бети кара адамдарды да жер көтөрүп турбайбы. Арсыздыктын суусун ичип, күн өткөрүп жашап жатышкан алардын өмүрүнүн өзүнөн башка кимге кереги бар? Ал эми сенин Баястаның миң күн чычкандай болуп өмүр сүргүчө, бир күнкү кыраан бүркүттүн жашоосун артык көрдү. Ысмы тарыхта кала турган ушундай инсанды бул дүйнөгө апкелген сендей энеге ар дайым таазим жана сый гана.

ЭЛ ЖЕРИН ЖҮРӨК МЕНЕН КАЛКАЛАП

Жамансариев Мирлан Султанбекович 1985-жылы 9-июлда Жумгал районунун Беш-Терек айылында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1993-жылы Бишкек шаарындагы №39 мектептин босогосун аттайт.

2004-жылы мектепти ийгиликтүү аяктап, Скрябин атындагы агрардык академияга тапшырып, окуй баштаган. Шартка байланыштуу окуусун аяктай албай калган эле.

Мирландын агалары – Улан, Саит жана жакшы көргөн иниси Дастан.

Азыр ал Ата-Бейитте түбөлүк уйкуда.



ЖАМАНСАРИЕВ
Мирлан
Султанбекович

(09.07.1985-07.04.2010)

Султанбек үйүнүн айланасын курчаган дубалды, дарбазасын көргөн сайын шейит кеткен уулу – Мирланды (Мику деп чакырышчу аны) эстей, жан дүйнөсүнүн айыккыс жарасы сыздап чыгат. Ушунун баарын ал уулу менен кобураша, кужулдашып, бирге тургузушкан эле. Экөөнүн ынактыгы, тырмактай нерсени да кеңешип чечкени бүгүн атасына жетпей, ал күндөрдү сагынып, зарыгып кетет.

...Султанбектин башынан оор күндөр өткөн.

Анын кичинекей уулу Мирлан энесинен эрте калды. Келинчеги Нестан үч баласын, анын арасында Микуну үч жашында калтырып бул дүйнөдөн эрте көчтү. Бактыга жараша Султанбек жакшы аялга жолугуп, Мирлан ата-энесинин мээримине толук канып өстү.

Мария алгачкы жолу Мирланды көргөнүн эстегенде эбедейи эзилбей коё албайт. Атасы анын үйүнө алты жашар Микуну эрчите келген экен. Көздөрүн бөтүрөйткөн наристе дароо эле аялды айланчыктап калды. Дароо эле «мама» деп алды, эне мээримине кусадар болгон бала. Ал күнү Султанбек менен кетпей, Марияныкына калып калды. Экөөнүн ортосунда ошондо эле эне менен баланын ысык сүйүүсү бүчүр алган болчу.

КАРАГАЙ ЫЙЛАП, ТАЛ ЫЙЛАП, ЖАН БҮТКӨНДҮН БААРЫ ЫЙЛАП ...



ЖЭЭНАЛИЕВ
Максат
Таалайбекович

(11.05.1982-07.04.2010)

Жээналиев Максат Таалайбекович – 1982-жылдын 11-майында Нарын районунун Эмгек-Талаа айылында жарык дүйнөгө келген. Керимбай уулу Сарыбай атындагы орто мектепти аяктаган. Бишкектеги дене тарбия институн бүтүргөн. 2003-жылы классташы Перизатка баш кошуп, экөө эки уулдуу болушкан. Бишкек шаарында жашап, ар кайсы жумуштарда иштеп жүргөн.

Апрель элдик революциясынын баатырынын сөөгү туулуп өскөн айылына коюлган.

Мүлдө кыргыз элинин эртеңки келечегин ойлобой мансабына, байлыгына эсирген эси жок бийликти жек көрүп, борбордук аянттагы элдик көтөрүлүшкө чыгып, зуулдап учкан октон жалтанбай ажалга тике карап, мерт болгон маркумдардын бири Нарын районундагы Эмгек-Талаа айылынын кулуну, Жээналиев Максат арабызда болгондо быйыл жыйырма тогуз жашка чыкмак эле...

Эки бирдей ата-энесинин атасы Таалайбек менен апасы Светанын (караанынан кагылган чоң ата, чон энесинин) мээримине балкып, бой тарткан Максаттын балжуурандай балалыгы бактылуу өттү. Эркеликке эсирип, эси жоктонбой, акыл-эстүү, ак көңүл, жароокер, шайдоот, чыйрак боорукер, күйүмдүү болуп эл оозуна эрте илинди. Колхоздун алдыңкы чабаны, төшүү орден медалдарга толгон чоң атасы - Жээналиев Кубат аксакалдын колун узарткан мыкты жардамчысы болор эле жайлы-жайлай. Жайкысын окуу бүтөөрү менен жайлоого келип, кой кайтарып Кубат аксакал келгендерге айтып мактагандай "семиртип" койчу.

Күлүк атты көргөндө көздөрү жайнай түшчү. Саяпкер болсом деп кыялданчу. Мындай ойу 1-класста окуп жүргөнүндө(1989-жылы) орундалып, "Эмгекчил" айылында өткөн малчылардын майрамында тайы менен марага биринчи келип, айылдаштарын кубанткан эле.

Алгачкы аруу сезимин бир көчөдө бирге ойноп, бирге жүргөн өңдүү-түстүү классташы Перизатка арнады. Алардын бири-бирине болгон арзуусу курбуларын гана түгүл улууларды да суктандырды. Экөө аман-эсен болуп, көз тийбей, сөз тийбей кудай буйруп, баш кошуп калышса экен деп тилешчү. Кулкмүнөздөрү, кыял-жоруктары бири-бирине төп келген эки жаш мектептен канат күүлөп, борбор калаага сапар тартышты. Максат Дене тарбия институтунун, Перизат Кыргыз мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин босогосун атташты. Жалындаган жаштыктын, аруу махабаттын кумарына канбаган романтикалуу күндөрдүн бактылуу даамын бирге татышты.

2003-жылдын 19-апрелинде баш кошушту. Жароокер мүнөзү, бийик адамкерчилиги менен оозго алынып, эркин күрөш боюнча өткөрүлөн таймаштарда алдыңкы орундарды ээлеп жүргүн Максат институттун сыймыгы эле. Жаш жубайлар тун уулу Алишер төрөлгөндө өздөрүн чексиз бактылуу сезишти.

Эки жаш мурда сезип, туйбаган жашоонун керемет даамын татышты. Бу жашоо дегениң жалаң жакшылыктан турбасын, бүгүн күлдүрсө, эртеси кайгыртаарын ойлогондун баары ордунан чыга бербесин билишти. Максат окуусун бүтүп, жумуш табалбай, батирдин акысын убагында төлөй албай өзү өңдөнгөн жумушсуз жаштардын уюгуна айланган шаардан чекеси жылыбасын сезип, Перизат сырттан окууга которулуп, ата-энесиникине келишти.

Айыл дегениң менен чекеси жылып жашагандардын аздыгына көңүлү чөктү. Бирин-серин малынын туягын санап, жалаң карандай чай менен тишинин кирин соруп олтурган жаштардын эртеңки күнү тумандап туңгуюкка капталгандай. Нарындан да ылайыктуу кызмат чыкпады, соода-сатыктан да жолу болбоду. Эки уулун ата-энесине калтырып, экөө кайра шаарга келишти. Перизат Новое Покровка айылындагы мектепке мугалимдикке орношту, өзүнө ылайыктуу жумуш табылбады.


- Максат, шаардагылар кантип жашап жатасыңар. Капырай Президент элдин кыйналып жаткынын билбейби, "светти" эл кантип төлөйт, эми эмне деген жашоо болот? - Жаңы жылды ата-энеси, бир туугандары менен бирге тосуп, апасын доктурга жаткырып, шаарга кетип баратып, учурашканы келген бир тууган жээнине чай берип наалый сүйлөгөн таежеси Дөөлөтбекова Майрамкүлгө тигиле карады:

- Ээ, таеже, шаардагылар эле жыргап атат дейсизби.Айылдан жашоосу өтпөй шаарга баргандардын аялдары көчөдө жарма сатып, күйөөлөрү "стройкада" иштеп, балдары "Дордойдо" тачка сүйрөп, тапкандарынын теңин квартирасына төгүп, эптеп жан сактап жатышат. Элдин шору арылбаптыр, Бакиев антынан тайды, «бөрк ал десе баш алган» кошоматчылары эл түгүл кудайдан да коркпой калышты.Каршы чыккан оппозициядагы байкелерди ак жеринен айыптап, каматып баш көтөргөндөрүнүн көзүн тазалатып коюп атат. Мындай кордукка кантип чыдайбыз. Мен "Ата- Мекен" партиясындамын, Өмүрбек байке мурдагы бийлик менен да күрөшүп келген, эми Бакиев менен кармашып атат, облустарда бизди колдогондор көп. Кудай буюрса жазында кутурган бийликтин жазайын колуна беребиз, - деп ойго бата олуттуу сүйлөгөн Максатты чочулай карады Майрамкүл.



Нурлан ата-энеси, бир-туугандары менен







болсоңуз өзүңүздү да бизди да байытчудай экенсиз, - деп мулуңдап койду иниси Мирлан.

- Мейли, мейли, эмне фермер болуш колдон келбейби? Айылда жумуш жок деп алакан жайып, бакыт издеп Бишкекке баргандардын баарынын эле байпагы манат болуп кетиптирби? Эркектери “стройкада” иштеп, аялдары көчөдө жарма сатып, бой тартып калган балдары “Дордойдо” тачка сүйрөп, эптеп-септеп жан багып жүрүшөт. Картошка, сабиз, сарымсак айдап сатсак эле жакшы жашамакбыз. “Кулча иштеп, байча жашаганча” мойнубуз жар бербейт, жалкообуз. Береке, байлыктын баары айылда, - деди Нурлан кызуулана сүйлөп.

Жумаш аксакалдын өнөктүк маалындагы чарбалык жумуштары Нурлансыз бүтпөйт. Күн жылыганда малды Ак-Сай, Арпага айдап жеткирип келет. Май айында картошка айдашып, жайында отоп, сугарып, күзүндө чөп жыйнашып, картошканы казышып, түк жаны тынбайт.

- Алдыңа кетейиним, Нурланымдын бир күндө иштегенин баарың биригип келип, бир жумада араң бүткөрөсүңөр. Жалкоосуңар, ак колсуңар, - деп калат апасы Шайымбүбү. - Суук сөздөн, жаман көздөн сактасын. Тыным албай иштейт. Чарчап- чаалыкканды да билбейт. Башын таштан жаратып, аман жүрсө экен.

* * *

2009-жылдын жайында айылына келип, баш көтөрбөй иштеди Нурлан. Үйдүн шыбагын кырып, мизилдете шыбап, акилеп, сырдап, эскилиги жетип калган короо-жайды, складды бузуп, кыш куюп зыңкыйтып кайра салды. Кыш куюшуп, иниси Мирландын үйүн салышты. Эс алып олтуруп калганда бир туугандарынын кичинекей балдарынын кылык-жоругуна боору эзилет. Таалайдын тили буудай куурган уулу Эмирди жанындай көрөт. «Учту, учту Эмир учту», - деп төбөсүнө көтөрүп, ою менен болот. Мирландын тыкылдаган Айназиги менен Айжаркыны улам бири жүгүрүп келип, мойнунан кучактап: «Чоң папа, бизди жакшы көрсөңүз асмандагы тээтиги жылдыздарды алып бериңизчи?», - деп шайын оодарышат.

Эх! Оюндан, күлкүдөн, уйкудан, тамактан башканы билбеген ой-санаасында эчтеке жок кандан капарсыз балалык кез кандай жыргал.

Кечке жуук теңтуштары келип, сүйлөшүп олтуруп калышат. Чайга чакырышат. Бала кездеги кыял-жоруктарын, биринчи жолу тамекин тартып какап-чакагандарын, винонун даамын таткандыгын эстеп каткырышат. Мугалимдеринин кулк-мүнөздөрүн эскеришет.

Күндөрдүн биринде Эсенгулов Таалайдын үйүндө, аркы- беркиден кеп козгоп олтурушуп, акыры саясатка келип такалды.

“Какаганга муштаган” дегендей бул кейпибиз менен дегеле турмуш оңолбой калды окшойт, - деди Нурлан нааразы боло сүйлөп. - Кушка жем таштагансып, болоор- болбос бир нерсени жасап коюшуп эле көбүртүп-жабыртып, Бакиевди кыргыздын кудайындай эле мактап атышат. Каратып туруп калп айткандан уялышпайт экен. Кайдагы өсүп бараткан экономиканы айтышат билбейм.



Апасы жана уулу



- Эл көргөндү көрөрбүз, чоңдор эмне болсо ошо болсун, өз оокатыңды кылып, жөн жүр айланайын.

- Таеже, мен биякка келерде апам менен атам да: "сага саясаттын эмне кереги бар, өз арбайыңды согуп, тыныч жүр", - деп какшап калышты. Бирок мен айтканымдан кайтпаймын, кайда болсо да "Ата мекенчилер" менен биргемин. Көрөсүз бу бийликтин ойрону чыгаарына аз калды.

Ооба, Максаттын сезимтал жүрөгү алдын ала туйгандай өлүмдөн коркпой алдыга жүткүнүп, жаалданган жаштардын сүрүнөн коркуп жандарын ала качышты кан ичкич бакиевчилер. Карагай ыйлап тал ыйлап, жан бүткөндүн баары ыйлаган ал күнү алмон-

чоктой жарын жесир, балдарын жетим калтырып, ата-энесин, бир туугандарын күйүткө калтырып Жээналиев Максат да элинин эркиндиги үчүн курман болду. Сөөгүн жерге берер күнү ботосунан айрылган боз ингендей боздогон атасы Таалайбектин, апасы Светанын, чоң атасы Кубаттын, бир туугандарынын көз жашын көлдөткөн ыйын көргүсү келбей асман да сурун салып сумсайып турду. Кудай пендем десе энеге кан-жанынан жаралган баласынын күйүтүн тартырылып калган апасы Дөөлөтбекова Света өзөк өрттөгөн ал күндү көз жашын төгүп, мындайча эскерди:

- Жетинчи апрель күнү таң эртеден эле жүрөгүм опкоолжуп, өзүмдү жаман сезе баштадым. Революция болот деген кимдин оюнда бар эле. Ал жайын билейинчи деп эртең менен Максатка телефон чалсам адаттагыдай эле күлүп-жайнап, ден соолугумду сурап, аркы-беркини сүйлөшүп калдык.

- Сизге бир нерсе айтайынбы. Биз бүгүн саат ондо Ак үйдүн алдына пикетке чыгабыз, дегенде чочуп кеттим.

- Эмне дейсиң, бир балакет болбосун. Тилимди алып, барбагын, - деп кыйкырып ийсем: «Апа,чочулабаңыз. Кечээ кечинде Өмүрбек байке баштаган оппозициядагылардын жетекчилерин үйлөрүнөн күч менен алып кетип камап коюшуптур. Муну уккан жаштар өлсөк да Бакиевди кетиребиз деп кекенип атышат. Көрөсүз, Өмүрбек байке айткандай бу бийликти элдин - убал сообу оң таптырбайт, бардыгы биз ойлогондой болот. Мен пикеттин кандай болуп атканын "соткадан" айтып турам. Сарсанаа болбоңуз», - деди. Бирок санаам тынбай, жүрөгүм удургуй берди. Түшкө жакын келиним Перизат телефон чалып:" апа, Максатты барба десем болбой эртең менен пикетке кетип калган. Ак үйдүн алдында атышып атышыптыр. Максат коркуп атам, бир балакет болбосун, үйгө келе берчи десем: "чочулаба, аянтта миңдеген жаштар жүрөбүз. Ак үйдү алаарыбызга аз калды, «единицаңды» коротпой күтүп тур. Мен өзүм байланышып турам" деп болбой койду. Апа, үйгө кел деп айтыңызчы, сиздин тилиңизди алат", - деп буркурап ыйлап ийди. Атышып атышат дегенди укканда деним өлө түштү. Калтыраган колум менен номурун бурасам чоочун бирөө алды.

- Сен кимсиң, Максат кана? - деп бакырып ийдим.

- Апа, коркпоңуз, мен Адылмын, Максат экөөбүз Ак үйгө жакындабай четинде эле турабыз, - деди. Бирок санаам тынбай эшикке кирип-чыгып олтура албай койдум. Түштөн кийин кайра телефон чалып, Адылдан Максаттын азыр эле аркы өйүзгө Ак үйдү көздөй жүгүрүп кеткенин угуп, оюм онго, санаам санга бөлүндү. Кайра чалсам телефонду эч ким албай койду. Ошондо эле, жүрөгүм жамандыкты сезгендей алып учуп айламды таппай турдум. Эртеси эле эл чогулуп келип, каза болгонун угузушту. Жайына койгондо бетин ачып карасам өлүктүн сүрү жок, кудум тирүү кезиндегидей күлүмсүрөп мурдагыдан да ажарлуу, сүйкүмдүү боло түшүптүр. Кантейин, кагылайынымдын өмүрү кыска экен, эл үчүн шейит кетти, жаны жаннатта болсун дегенден бөлөк айтарым не. Курган эненин эки ийни солкулдап, көзүнүн жашы жаак ылдый тоголонду ...

Багар-көрөрү жоктор кантет деп сен экөөбүз эмес, ошолор ойлонуш керек эле.

- 2005-жылдагыдай болуп эл көтөрүлүп кетирип салышпайбы. Ошондой төңкөрүш болсо мен да барат элем.

- Андайга сенин башың жаш, балам. Көтөрүлүш чыгышы деле ыктымал. Ансыз деле нарындыктар кайра-кайра пикетке чыгып атышат, акыры бүт республика көтөрүлүшү мүмкүн...

Алар жаңы конушта турушчу. Бишкекке келгендерине бир топ жыл болуп калган. Жаңы конуштагылардын көпчүлүгүнүн тиричилик этүүдө караганы, көргөн-бакканы эле электр жарыгы эмеспи. Электр энергиясы аларга үйдү гана жарыктандырбастан, тамак жасоочу очок дагы, кышкысын жылуулук булагы дагы. Мына ушул элдин жашоосундагы эң бир маанилүү нерсени жаңы жылдан баштап эки эсеге кымбаттатканы жогору жактагылардын журтунун кандай абалда жашап жатканынан кабарсыз экендигин билдирип койду көрүнөт.

Электр энергиясы кымбаттаган соң, электриктердин суру да бузулду. Мирландардын күнүгө болбосо да күн алыс улам бир кошунасынын кабелин кыркып кетет. Аны кайра коштуруш үчүн бечара жүгүрүп кайдан да болбосун акчасын таап төлөп келет. Төлөгөнү менен билинбей бир ай өтөт дагы, кайра эле баягы турмуш. Жаш бала ушунун баарына сын көз менен карап, эл атасы сөрөйлөрдүн ачылып бара жаткан табитине кээде таң калып да коё турган.

...Алтынчы апрелде Таластын ызы-чуусунан кабардар болгон Султанбек уулун «эгер пикет болсо барба» деп эскертти. Өзү болсо митингге катышчу оюна эбак эле бекиген болчу. Уулуна пикетке чыгарын айткан жок.

Эртеси күнү Мирлан атасынын «тилин алып», жумушка кетти. Султанбек аны пикетке бара коёт деген оюнда жок, эртелеп өзү жөнөдү аянт жакка.

Ак үйдүн астында болуп көрбөгөндөй абалда болду бул күнү.

Толкуп чыккандар бүт эле жаштар экен. «Лидери барбы, бул чогулгандардын» десе аңкайып түшүнбөй карап калышат деле, «жүргүлө кеттик» деп кайра алдыга чуркашат. Чуркаган сайын үч-төрттөн бала сулап калат. Жыгылгандарды кайра жетимиш-сексен метр жерден чуркап барып, апкелип тез жардамга салып жатышты. Султанбек буларды көрүп эл үчүн күйгөн патриот жаштардын көп экенине ишенип толкуп алды. Жарадарларга жардам берип жаткандарды снайперлер бутка, уяттуу жерлерге атып жатканын көрүп кантсе да, аң-сезими жетилген, төрт жолу ата болгон жан да Султанбек, булардын ордунда менин уулум болсо эмне болот эле деп каны кайнай, ал дагы алгалап темир тосмого жүткүнүп жатты. Эл болгондон кийин, албетте ар кандай адамдар болот экен. «Агропромдун аркасында бир машине арак апкелип таратып жатат» деген бузуку сөздөр, каңшаарлар да тарады. «Кана, көрсөтчү ошол машинени», ызырынган көпчүлүктөн жалтанган чагымчы куйругун кыпчый, жоголду. Кырчындай убагында кырылып жаткан жаштар ал күнү арак ичмек түгүл, бир сындырым нанды наар албай ачка эле. Мунун баарына Султанбек күбө болду.

Атасы менен ою ар дайым бир жерден чыккан Мирлан ушул күнү үйүндө кайдан отуруп алсын?

Жумуштан эрте чыгып, жолдош баласы экөө аянтка барышат. Экөө өлгөнталганына карабай ажал дегенди унуткан көпчүлүккө кошулуп кетти. Балдар митингчилер менен кошо алгалап жүгүрүп, дарбазага элүү метр калган кезде, ок татырап, эл жалтанып аркага жапырылды.

Ошондо экөө бири-бирин таппай калышкан экен. Мирланды бир маалда жолдош баласы БТРдин капталынан көргөнсүдү, «Жүргүлө киребиз, каптап, көп болсо беш-алтообузду атышат» кыйкырып жатты, бул кызыл туу түспөлдөнгөн көйнөкчөн боз бала, кыйкырып жатып эле кылак дей түшүп жоголду. Ошондон кийин Мирланды таппай калды.

Саат он бир ченде Ак үйдүн арт жагынан беш-алты «джип» шуу-шуу эте биринин аркасынан бири чыгып кеткенин Султанбек өз көзү менен көрдү. Ак Үйдүн ал тарабында эл жокко эсе болчу...

Кылымга созулгансыган кармаш да аяктады. Султанбек үйүнө жөө келди. Келсе уулу үйүндө жок экен. Капарына алган жок, «Ии, агасыныкына жатып калса керек» деген ой менен чаалыккан неме уктап калды. Эртеси эртең менен дагы чалды, албайт. «Уктап жаткан го», деген ал аянтка дагы келди.

Кечинде келинчеги түйтөйүп калган экен.

«Эмнеге Мирландын телефону жооп бербей жатат?»

Экөө жүрөгү дүпөйүл боло агасына, досторуна чала башташты. Эч ким билбейт. Сыналгыдан аянтта каза болгондордун тизмесин карашып, Мирландын аты чыкпаган соң жүрөктөрү ылдыйлай, ооруканандын баардыгын тытып карай башташты.

Табылган жок.

Жүрөгү чындап жамандыкты сезген ата улуу баласы менен акыры бел байлап, өлүкканага барды. Барса Мирлан жатат, тизилген жигиттердин арасында. Жетиси күнү саат төрттөрдө алынып келинген экен. Билегине тагылган биркада башка адамдын аты жазылган себептүү, дайны чыкпай жатыптыр.

Колтугуна тийип колунан чыгып кеткен снайпердин огу өзү менен кошо атанын жаркын үмүтүн талкалап кетти...

Эгерде Мирлан тирүү болгондо окуусун аяктамак. Кадимки катардагы жөнөкөй адамдардай үй-бүлө күтмөк. Зыңгыраган бир мүнөз, ак сөөк Мику апасына ушул күздө үйлөнүп, келиндүү кылам деп убада берген эле. Жылдар жылып, Султанбектин үйүндө Мирланга окшош неберелери бапырап ойноп турушмак.

Мунун баары эми эч качан ишке ашпайт. Мирландын аркасында тургузган дубалы, өз колу менен жасаган темир буюмдары, тамды салып жатканда колунун тийген издери гана калды. Ал барып жүргөн мечитте эч нерсе өзгөрбөй, азыр деле азан айтылып жатат. Бирок, жума намазга жыгылып жаткандардын катарына эми Мирлан келип эч качан кошула албайт, аттиң бири кем дүйнө, ай!.

Күндөрдүн биринде айылдан жолугуп, жан-алы калбай учурашып, көпкө сүйлөшүп туруп калдык.

- Биз да шаарда туруп, иштегенибизге жараша акча таап, жашап жатабыз. Айылдагы жаңыдан түтүн булаткан жаштарга кыйын болду. Чоңдор элди ойлобой калышты. Бакиевдин бир туугандары, балдары баш болуп, калгандары төш болуп, өздөрү түгүл укум-тукумуна жетээрлик байлык топтогондун айла-амалын гана ойлоп калышты. Кудайдан, элдин убалынан коркуп, эртерээк эсине келишпесе акыр аягы Акаевдин кейпин кийип калышы ыктымал.

Бишкекте жашаган жаштар тишин кайрап атышат. Көптөн бери оппозицияда жүргөн байкелер патриот жаштарды чогултуп: «жазында митингге чыгып, талаптарды коёбуз, герде бизди күч менен таратып, же өзү айткандай курал менен коркуткусу келсе Ак үйдөн айдап чыгабыз, - деп жатышат. Пикет болуп калса мен да жаштар менен бирге болуп,эл көргөндү көрөмүн, - деген эле ааразы боло сүйлөп. Эсенбек сөзүндө туруп, революциянын чордонунда жүрүп көз жумду.

- Ыраматылык кайним Эсенбек ар ким менен бат тил табышкан, адамдын көңүлүн калтырбаган жаркылдаган жигит эле, - дейт жездеси Истеков Акматбек. Жетиси күнү саат төрттөрдө сүйлөшкөнүмдө аман-эсенмин деген. Санаабыз тынбай кайра телефон чалсам эле соткасы өчүп калыптыр. Кийин уксак көрсө саат жетилерде алгачкы окко учкандардын арасында экен. Ок киндиктен төрт эли ширеңке бою өйдөрөөк тийип, оң жамбашынан чыгып кетиптир. Ажалга айла табылабы, ыйлап-сыктап атасынын жанына койдук. Байкем бизди кан жуткурган оор кайгыга салып кетти, - деп ыйламсырады бир тууган карындашы Исаева Нурай. - Ичинде кылдай арамдыгы жок даалдаган, берешен, ак көңүлдүү менен тели-теңтуштары, кайын-журту, айылдаштары атынан айтпай эркелетип, Эсеке деп турушчу. Кыз бирөөнүн бүлөсү болот, көңүлүн калтырбай сыйлаш керек деп үйүнө барып калганыбызда берерге ашын таппай барбаландап, шаар кыдыртып, кийим-кече алып берип, сыйлап кетирчү.

Жашоо тууралуу сөз боло калганда жылдан-жылга элдин жашоосу кыйындап баратат, - деп кейип калчу. - Өткүр, намыскөй эле. Аянтка барганда снайперлердин балдарды мылтык менен атканын көрүп чыдабай кетип, алдыга жүгүрүп баратып каза болду .

Ооба, мезгил закым, аны эч ким саамга токтото да кармап тура да албайт. Тарыхтын дөңгөлөгү артка бурулбайт. Калыс бийлик үчүн кан төккөн Эсенбектин элеси унутулбайт.

Убакыт учкан куштай зыпылдап өтөр. Баатыр уулубуздун ата жүзүн көрбөй, ата мээримине канбай калган артында калган уулу Ислам эс тартканда: «менин атам эл үчүн курман болгон, мен Баатыр Эсенбектин уулумун», - деп сыймык менен айтып жүрөр...

ЖЫЛДЫЗДАЙ ЖАНГАН ЖИГИТ ЭЛЕ



КАЗИЕВ
Марат
Замирович

(15.12.1980-07.04.2010)

Казиев Марат Замирович - 1980-жылдын 15-декабрында Ат-Башы районунун борборунда кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. 1987-жылы Ленин атындагы №2 орто мектептин 1-классына кирип, 8-класска чейин билим алган.

1995-жылы мугалимдик кесипте эмгектенишкен ата-энеси Замир Казиев менен Эсенгелдиева Айымбүбү Сокулук районунун Күнтуу айылына көчүп келишет. 1998-жылы айылдагы академик Бегимаалы Жамгырчинов атындагы орто мектепти ийгиликтүү аяктайт. Бишкек шаарындагы жеке менчик техникалык тейлөө станциясында авто-электрик болуп иштөө менен эмгек чыйырын баштап,өмүрүнүн акырына чейин ушул кесипте эмгектенет. И. Раззаков атындагы техникалык университеттин 5-курсунда сырттан окуп жаткан.

2004-жылы Самүдүнова Таалайкүл менен турмуш куруп, Адеми, Алина аттуу эки кыздуу болуп, үчүнчү перзентин күтүп жатышкан .

Ата журтунун алдында эр жигиттик ыйык парзын актап, Ак үй алдына барып каза тапкан Марат Казиевдин сөөгү Күнтуу айылына коюлган.

Кыргыз элинин, чолпондой жанган уулдарынан айрылган ата-энелердин жүрөгүнө өмүр бою айыккыс кара так калтырган каргашалуу ал күнү көкүрөгүндө жалыны, көөдөнүндө чоктой жанган намысы бар эр азаматтарыбыз Ак үйдү кара таандай каптаган элдин арасынан суурулуп чыгып, желекти желбиретип, кыйкырып алдыда жүргөндөр жалданма жасоолдордун огунан мерт кетишти. Алардын арасында касиеттүү Ат-Башынын кулуну, отуз жаштагы Казиев Марат да бар эле...

Жан дүйнөсү улуу тоонун көчкүсүндө ала салып, аңтарылып, кара жанынан артык көргөн жаркын уулунун балдай таттуу балалыгын, эр жеткендеги кулкмүнөзүн, кыял-жоругун көзүнө келе калган жашты кирпиги менен ымдап ке-

- Атаңгөрү, оппозициядагыларды эл колдоп, пикетке чыкса биз карап турмак белек, чыгабыз да «Бакиев кетсин» деп кыйкырып бергенге жарайбыз. Бригадага, жаңыдан келип иштеп аткан ыссык-көлдүк ак жуумал келген жаш жигит күпүлдөй сүйлөдү.

- Эй, силер бир нерсени унутуп атасыңар. Билесиңерби, аныңар мага катылгандын катыгын берем, кааласам курал алам деген. Пикетке чыгабыз деп бөөдө өлүп калып жүрбөйлү ыя? - деди четте олтурган таластык кара жигит тигилерди элейе карап.

- Кызык экенсиңер, эл өзү шайлаган Президент кантип өз элин өзү аттырсын, жөн эле коркутуп койду да.

- «Эл үмүтүн эр актайт, эр атагын эл сактайт» дейт. Ажалыбыз ажодон болсо маңдайга жазганды көрөрбүз. Эл үчүн, акыйкат бийлик үчүн өлдү деп атыбыз калат, - деп Эсенбек олуттуу үн катты.

Эркек балалуу болсок деп ак эткенден так этип жүргөн Эсенбек өзүнө окшогон кара каштуу уулду болгондо: «атымды чыгарар ат байлаарым бар» деп жентек берип, жерге-сууга тийбей сүйүнгөн эле.

- Нурзат, турмуш ушул бойдон турбастыр. Эртедир-кечтир жашоо оңолот. Эмгегибиздин үзүрүн көрөбүз, кудай ден соолук берсе ушул «стройкадан» жакшы иштеп, акча топтоп, «Алышыма» келишкен аппак үй салам. Күтүрөгөн мал күтөм. Оо, ошондо жайкысын жайлоого чыгып, бээ байлап, кымыз ичебиз, эжигей курут жасап, чака-чака сары май алабыз. Ата-энебизди курортко жиберип, бир туугандарыбызга каралашабыз. Азыр билимдүүнүн заманы. Өзүм окуй албай калдым. Балдарымды жакшы тарбиялайм, каалаган окуусунан окутам.

- Ай-ий, тим эле баягы жомоктогу алтын балык буйругуңу аткарчудай алдыңда тургансып ойго келбегенди айтып, кыялданасың да, - Нурзат шаңкылдап күлүп жиберди. А зыркы бийлик турганда андай жыргал жашоо оозуңдан айлансын.

- Жок, андай дебе, үмүтсүз шайтан дешет.

Айткандай эле 7-апрель күнү Эсенбек аянтка келип, жаалданган жаштар менен бирге болду. Көздү ачыштырган газ, резина октор менен тынымсыз аткылай башташты. Кыжырданган элдин кыйкырып,таш менен ургулаганына туруштук бере албай милиция кызматкерлери качып жөнөштү.

- Акмактар, атып атышат, - деп жан ачый ачуу кыйкырып, эл менен алдыны көздөй чуркап баратканда катарында бараткан жапжаш жигитке ок тийип чекесинен кан жая берди. Бул не деген шумдук, чындап эле ок атып атышабы? Аңгыча катарлаш бараткандардын дагы эки-үчөө чалкасынан кетти.

Бир маалда «соткасы» чырылдап калды, ала койсо жездеси Истеков Акматбек экен.

- Эсенбек, кайдасың, Бакиевдин бийлигин жек көрчү элең. Эгер элге кошулуп, Ак үйдүн алдында жүрсөң анда тезирээк артка кайт. Бөөдө өлүп каласың, - деп шашкалактай сүйлөгөн жездесине мындай деди:

- Ооба, жезде аянттамын, сарсанаа болбогула. Аман-эсенмин, бирок ахбал оор. Желек көтөрүп, эл алдында жүргөндөрдү тынымсыз аткылай башташты. Жарадар болгондорду дароо ооруканага жөнөтүп атышат. Жаштар канды көргөн сайын өлөр-тирилерин ойлобой Ак үйдү көздөй жулунуп атышат. Дагы айтайын камтама болбой туруп тургула. Өзүм кабарлашып, дайынымды билдирем. Буюрса максатыбызга жетебиз, - деп шашкалактай телефонун өчүрдү.

Аттиң, Эсенбек ошол бойдон жездеси менен кайра кабарлаша албай, өзү күткөн Бакиевдин кара жанын калкалап, Ак үйдү таштай качканын көрбөй калды. Көзгө атар мергендин таамай аткан огу киндиктен төрт эли ширеңке бою өйдөрөөк тийип, оң жамбашын жарып кеткен ок алакандай Алыш айылынын эр жүрөк уулунун өмүрүн алып тынды.

- Байкем өткүрлүгүнөн өмүрүнөн айрылды, - деп үшкүрүгү таш жарды бир тууган иниси Жеңишбек. Экөөбүз үч жыл курулушта чогуу иштедик. Анан калса, өтө «честный» эле,жанын таштап салып иштечү. Жайдын күнү түшкү «обедде» мээ кайнаткан ысыкка чыдабай дагы көлөкөлөп эс алып олтура туралы десек: «давай тургула,иштейли, азыр ойду омкоруп, тоону томкорор учуруңар, азыркы жаштар солдатка барбай жалкоосуңар», - деп оюн-чындан күпүлдөп калчу. Бригадир болгондуктан чогуу иштешкендердин жамандык-жакшылыгына күйүп-бышып, жетекчисине айтып жардам бердиртчү. Баарыдан да айтканын аткарган убадага бектигичи, оозунан чыкканын аткармайынча жаны тынчу эмес.

Байкем: «атаганат колуңдан келсе өзүңдүн маңдай териң менен» кулча иштеп, байча жашаганга не жетсин, ак эмгегиң менен тапкан оокат-дүнүйөң берекелүү болот», - дечү. Ата-эне, бир тууган дегенде жанын бергенден кайра тартчу эмес.Сыйчылдыгын айтпа, шаарга барып калган тааныштарын көчөдөн көрүп калса барбаймын дегенине болбой үйгө ээрчитип келип, дасторконун жайнатып сыйлап туруп кетирчү. Турмушубуз оңолсо экен дегенде ак эткенден так этчү. Эгемендикти алгандан кийин өзүбүз шайлап алган эки Президентибиз тең байлыкка, мансапка азгырылып кетишти, мунун аягы жакшылыкка алып барбайт - деп кейичү.

Соңку күндөрү саясат тууралуу көп айтып: «Алмазбек Атамбаев менен Өмүрбек Текебаевдей патриот байкелер турганда кор болбойбуз. Кудай буюрса бирөөн Президент, бирөөн Премьер министр кылып шайлап алсак бат эле оңолуп кетебиз» - деп көп айта баштаган эле. Ооба, Эсенбек кандуу аянтка бекеринен барган жок. Байлыктан башканы ойлобой калган бийликти кетирсек элим дегенде башын канжыгага сайып койгон патриоттор келип, куураган жашоодон кутулсак деп көкүрөгүн окко тосту.

- 7-апрелде Эсенбек инимдин каза болгонун укканымда дендароо боло түштүм, - деди Алыш айылынын башчысы Таалайбек Ибраев ичинен тынып. Айылдагы акыл-эстүү, иштемчил жигиттердин бири эле. Башкалардан айырмаланган өзгөчө сапаты пейлинин кеңдиги, меймандостугу эле. Айылдагы тели-теңтуштары шаарга барганда: «Эсенбектикинде конокто болдук. Нурзат экөө биз барганда кубанышып, колдо барын жайнатып, аябай сыйлады», - деп келишчү.

«Коркпогула, качпагыла. Бул бийликти кулата турган бүгүнкүдөй күн экинчи келбейт!» деп элди үндөп.

Ал снайперлердин алгачкы курмандыктарынын бири болду. Алдыда жүргөн активдүү жигиттерди бирден терип жаткан кан ичкичтер Рашидди деле аяган жок. Ак үйгө атырылган жигиттердин алгачкы эки-үчөө көзгө атардын огунан жыгылып түшкөндө, сестене түшкөн эл аркага толкуй, жапырылды. Жарадар болгон балдарга бир топко эч ким жолоп, жардам көрсөтө албай калды.

Ок Рашиддин көкүрөгүнө тийип, далысынан чыккан эле, каны оргуштап, тез эле тирүүчүлүк деми андан ыраактап баратты. Баарынан кызыгы, көкүрөгү чачырап кеткен анын, төш чөнтөгүндөгү уюлдук телефону менен паспорту эч нерсе болгон эмес экен.

Эл арасында жүрген Таалай досун такыр таба албай койду. Бул убакта Рашид шейит болуп калган эле.

...Рашид Мин-Кушка коюлду. Азыр Алтын эки кызын багуунун түйшүгүндө. Он алты жыл бирге жашаган адамынан айрылуу кимге эле оңой болсун, ошентсе да ал белин бекем буып, жесирликтин түйшүгүнүн даамын татып, күн кечирүүдө. Рашиддин атасы уулунун өлүмүнөн кийин таптакыр эле мүңкүрөп, төшөктөн турбай сыздап, ого бетер жаткан неме эч нерсеге алагды боло албай, күйүткө куйкаланып, жүрөк өрттөгөн үшкүрүгү көөдөнүн жарып келет...

СЫЗЫП УЧУП БАРАТЫП, СЫНГАН ЖЕБЕ



ДӨӨТАЛИЕВ
Баястанбек
Арыпбекович

(10.07.1972-07.04.2010)

Дөөталиев Баястанбек Арыпбекович 1972-жылы 10-июлда Кочкор районунун Дөң-Алыш айылында мугалимдин үй-бүлөсүндө туулган.

Беш бир туугандын кенжеси. Ага эл астында жер карабагандай тарбия берген атасы Арыпбек «эл агартуунун мыктысы» болсо, апасы Маасымбүбү да көп жылдар бою педагогика тармагында эмгек этти.

1979-жылы Көкөбөй Мамбеталиев атындагы орто мектептин босогосун аттаган. Мектепти аяктаганча, Бишкек шаарына да келип, Ш.Сыдыков атындагы спорт-интернатта окуйт.

1989-жылы Токмок шаарындагы индустриалдык техникумга өтөт. Биринчи курсту аяктаган соң, 1990-жылы күзүндө советтик армиянын катарына чакырылып, Сочи шаарында кызмат өтөйт. Аскерден келгенден кийин кошуна айылдык Сагидаева Зыйнат менен баш кошуп,
Арген, Арсен, Курманжан аттуу балдардын атасы болду.

2006-жылы СДПК партиясына мүчө болуп өтөт.

2005-жылдан берки болуп келе жаткан оппозициялык чоң митингдердин бардыгына катышып, өзүнүн саясий эрктүүлүгүн көргөзгөн.

Митингдерде катышып жүргөн кезинде экинчи жубайы Абдылдаева Венерага кезиккен. Андан Нурсултан аттуу уулду болгон.

7-апрелде каза тапкан Баястанбек азыр киндик каны тамган жери – Дөң-Алышта түбөлүк уйкуда. Даңктуу жигиттин кабырына «кыргыз элинин атынан» деген жазуусу бар эстелик коюлган.

- Эх, Маасымбүбү, боздогонуң мени кыйнап жүрөт. Ар дайым башың да ооруп турат ээ, бечара эне? Койсоң боло, көз жаш качан өлгөндү тирилтчү эле?

- Кантип ыйлабайм, кагылайын Ата-Бейит? Жеке эле мен эмес, андагы каргашалуу күндөн бери канча эне боздоп, какшап келет кашыңда.

Өзөгүмө өрт салган Баястанбегим уулдай уул болсочу, өзү катылбай, катыл-

Бейшебай менен Бүбүкан апа ушул уулу төрөлгөндө: «Ылайым эсен жүрсүн, эсендиги бек, өмүрү узун, ырыска-шерик, элдик уул болсун», - дөшип ырымдап, атын Эсенбек деп коюшкан эле. Негедир берки балдарынан сезимтал, чыйрак, баамчыл болуп чоңойду. Балжуурандай балалыгы карагайы чийден каланган, шылдыраган мөлтүр булагы кулактын курчун кандырган ажайып кооз Көк-Жон, Ак-Бел, Кең-Саз жайлоолорунда өттү. Окуу жылы аяктаары менен жайлоого келип, атасына жардамдашып, кой кайтарышчу.

- Азаматсың уулум, сен келгени эс алып, жыргап калбадымбы.Койлорду эрте жайып, кеч алып келесиң, ит-кушка алдырбайсың.Сендей балдар кымызга тоюп алып, керели-кечке чүкө ойноп жүрүшөт, - деп далысынан таптап койгонуна жетине албай жүзү тамылжып, дерделеңдеп кубанып калар эле.

* * *

Күндөр күнгө, айлар айга алмашып, 1978-жылы орто мектепти аяктады. Классташтарындай болуп, шаарга барып окууга тапшырам, өтпөй калсам иштеп, өз жанымды багам деп ээликпеди. Нарын шаарындагы кесипчилик техникалык окуу жайынан окуп, куруучулук адистик алды. Ата мекен алдындагы эр жигиттик милдетин Россиянын Тамбов шаарындагы темирдей катуу тартип менен бекемделген алдыңкы аскер бөлүгүндө өтөгөнү анын турмушка болгон көз карашын кыйла жетилтип, тереңдетти. Көкүрөгү күчкө толуп, акылы артып, киндик каны тамган айылына кайтып келди.

Турмуш агымы дейбизби, же шартына караппы айтор замандаштары сыңары ар нерсеге колу жөндөмдүү, кылган ишинин майын чыгарган Эсенбек да Бишкек калаасына келип, Аламүдүн - 1-кичи районундагы наавайканада иштеп, көңүлдөрү табышып үйлөнгөн колуктусу Жаңыбаева Нурзат менен ынтымактуу жашап, үй-бүлөсүн кар кылбай багып, ата-энесине акча тыйын жиберип турду. Жумуштан чарчап келгенде мойнунан кучактап тосуп алган текилдеген кызын жакшы көрүп, көпөлөктүн канатындай кооз көйнөктөрдү алып келип берчү. Акыры жаштайынан жүрөгүнө жакын сезилип келген куруучулукка кайтып келди. Чакан курулуш фирмасында ак ниети менен иштеп, түз сүйлөп, түз жүргөн жигитти жактырган фирманын жетекчиси бригадирликке дайындады.


- Эсенбек байке, ушинтип бирине тартса бирине жетпей, ар кимдин көзүн карап үй-жайыбыз жок, квартирадан квартирага көчүп өмүрүбүз өтүп кетеби? Азыркы бийлик элди ойлобой калды,эмне кылабыз? Түштө тамактанып, эс алып олтурушканда тамекини бурулдатып, нааразы боло капалана сүйлөгөн жаш жигиттердин көңүлүн жубатат.

- «Канды кудай ураарда өз элине кас болот», - дейт, булардын шиши толду. «Ата Мекен» менен «СДПКнын » жетекчилери тишин кайрап,өз командасын күчтөп атат деп уктум. Бийликке талаптарды коюп, аткарылбаса жазында элди көтөрүп, митингге чыгышат экен. Аларга кошулуп биз да чыгалы, кандай дейсиңер?



Эсенбектин жубайы жана балдары





чиновниги да эскирген машинасын кайра-кайра оңдотуп, үй-бүлөсүн баккан таксиси да бар эле.

Атасы көз жумганда курсакта калып, өткөн жылдын 14-ноябрында төрөлгөн перзентине Мекеде ыйык сапарда жүргөн чоң апасы Айымбүбү Мадина деп ат койгон.

Эки кызынын караанынан кагылып, кара жанынан артык көрчү атасы. Жумуштан чарчап келгенине карабай мойнуна көтөрүп алып ойнотчу үй ичин күлкүгө бөлөп.

Аттиң, өлүм кимди өксүтпөйт. Атасы менен жаны бирге эки кызы чоң атасыныкына келген сайын эшиктен жаркылдап кирип келген Мараттын караанын көргөнгө зар болуп ыйлап, куса болуп ооруп, арыктап кеткенде Айымбүбү: "Атаңар асманга учуп кеткен. Силерди карап турат"деп койгон. Атасынын күттүрүп келбей койгонуна таарынып: асманды карап алып: «папа, сизди сагындым, качан келесиз» деп сүрөтүн өпкүлөп, көз жашын көлдөткөн Алинасын көргөндө эмне деп сооротоорун билишпей, жүрөгү зырылдап кетет курган ата-энеңин.

- Биздин балдарыбыз элибиздин турмушу оңолсо экен, эл бийлеп, журт башкаргандар калыс бийлик кылышса экен, - деп окко төштөрүн тосуп, күлүндөй өмүрлөрүн беришти, - дейт Айымбүбү ажы. - Эгерде азыркы элдик бийлик маркумдардын мындай асыл үмүтүн актабаса анда алардын арбагы оң таптырбайт. Алла-Таалам көзү ачык кеткен балдарыбыздын жанын жаннатта кылып, бейишин берсин. Ылайым, чоңдорубуздун жүрөгүн актык аруулук уялап, эл эңсеп күткөн жакшы заман келип, бөөдө кырсыктан сырткары болсок экен. Беш маал намаз окуган сайын Алладан ушундай тилек тилейм.

- Ак сөз. Ооба заман кандай өзгөрбөсүн, тарых кандай өкчөлбөсүн кыргыздын ат байлатаар алтын казыгы бир камчынын сабындай, бир буудайдын данындай болгон ынтымак-ырашкерлик болуп келген. Ооба, ар адамдын өмүрү чыны менен баа жеткис жана өз алдынча кайталангыс. Ал эми жылдыздай жанган Марат Казиев өлгөн жок, кызы Алина айткандай ал асманда көкөлөп учуп жүрөт....

ЖЕТИМ ЖҮРҮП ЖЕТИЛДИ ЭЛЕ...



КАМАЕВ
Үсөнбек
Өмүрбекович

(09.12.1957-07.04.2010)

1957-жылы 9-декабрда Ак-Талаа районундагы Тоголок-Молдо атындагы айылында туулган. Үч жашында атасы Камайдан, жети жылдан кийин апасы Турсунбүдөн айрылып, томолой жетим калган.

1964-жылы райондун борборундагы Ломоносов атындагы орто мектепке кирип, 10-классты жалаң "беш" менен аяктаган. Фрунзедедеги соода кооперативдик техникумун бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун Ак-Талаа райондук өрт өчүрүүчү жайында иштөө менен баштаган. 1977-жылы МСОдо, андан кийин райондук даярдоо конторасында даярдоочу болуп иштеген.

Жубайы Назарбаева Бурул экөө эки уул, эки кызды тарбиялап өстүрүшкөн.

2007-жылы Аламүдүн районундагы Таш-Дөбө айылына көчүп келишип, курулушта иштеп жүргөн.

7-апрелде Ата мекенинде адилет бийликтин болушун талап кылып пикетке чыгып, Ак үйдү алууга умтулгандардын арасында жүрүп каза болгон Камаев Үсөнбектин сөөгү Ата-Бейитке коюлган.

...Ал күнү Үсөнбек Камаевдей эр ортонунан ооп, ата сакалы эзгине бүткөндөр колуна желек көтөрүп, кылкылдаган элге толгон Ак үйдөгү пикеттин аягы кандай бүтөөрүнө кабатырланып, телевизордон көз айырбай үйлөрүндө олтурушкан.

... Ал күнү Үсөнбек Камаевдей гана жигиттик намысы,оргуштаган мекенчил сезими көкүрөгүн көзөп өтчүдөй туйлатып, жанын жай алдырбаган эр жүрөк эл уулдары гана туш тараптан зуулдаган октон жалтанбай, өлүмдөн коркпой кызыл желекти желбиретип, эл алдында жүрүшкөн.

... Ал күнү Үсөнбек Камаевдей гана жексур бийликти жектеп, хан тактысынан айрылгысы келбей өз элине өзү душмандык кылып, кийиктей аттырган канкор-лорго каарданган өз өмүрүнөн элинин эркиндигин ыйык көргөн чыныгы баатырлар гана курман болушкан...

Султанбек менен Мария баш кошкондон кийин он чакты жылдан кийин Дастан төрөлгөн эле. Мирлан иниси Дастан менен өтө ынак болду.

Ал алгач апасы Дастан менен төрөтканада жатканда термоско сүттөгөн чай көтөрүп келиптир.

- Ии, балам, эмне убара болдуң, жөн эле койбойсуңбу, - эне жүрөгү бакытка чалкый түштү.

- Сүт чайды көп ичсеңиз, бөбөгүмө да сүт көп болот, - Мирлан болбурады.

Бөбөгү туулгандан баштап, Мику аны аябай жакшы көрүп, үстүнө үйрүлүп түшүп турчу. Кийин чоңоюп, бой тартып, иштегенден тартып, ар бир айлык апкелген сайын инисине белектерди, таттууларды көтөрүп келет. Колу бошой калса эле бөбөгүн кинотеатрга, паркка алып барып ойнотуп, балмуздак алып бергенге шашыла турган. Кичинекей үй-бүлө ошентип өзүнчө бир дүйнө болчу, бул дүйнөнүн Мирлан аттуу эң бир кымбат адамынан ажыраганына бир жыл айланып бара жатат. Буга чейин ата-эне жыйырма бештеги дагы бир уулу Саиттен айрылышып күйүтү сууй элек эле, ал дагы киши колдуу болгон.

Бир сырдуу көп сүйлөбөгөн Микунун айрым бир адаттары аксөөктөрдүкүн элестетип жиберчү. «Акчаңды кичине сарамжал кармасаңчы, балам» деген энесине бир ууртун тарта унчукпай күлүп кутулган ал, бир нерсе сатып алганда да базарга түртүшүп барбастан, «Народный» дүкөнүнөн соода кылып, кийим-кечектин да арзанын эмес, сапаттуусун кийе турган.

Мына ушундай көп кырдуу, бир сырдуу Мирландын өзүнө окшоп колунан көөрү төгүлгөн темир уста болуп чыкканына, жолун жолдогонуна ата жетине албай кетчү эле кээ кезде. Ал жөн гана темирден бир нерсени жоромолдоп жасап тим болбостон, бурч-бурчун сызгыч менен эсептеп, жаңы дизайн иштеп, чертёж чийген да колунан келе турган. Анын жөндөмүнө көзү жеткен фирманын бригадири Микуну ар дайым жанында алып жүрчү. Ушуга жараша, өзүнүн талантына ишенген баланын келечекте инженер болом деген асыл максаты бар болчу. Экөө чогуу узанып отурушканда бир сырдуу, көп сүйлөбөгөн Мирлан өтө сейрек убактарда агынан жарыла, чечилип сүйлөп бере турган. Мындай учурларда Султанбек уулу экөө тиричиликтеги майда-чүйда нерседен баштап, саясаттан бери талкуулап ийишчү.

Эмнегедир ушул жылы эл бөтөнчө кыйналды. Жөнөкөй адамдардын катарындагы Султанбектин үй-бүлөсү деле жыргап кеткен жери жок.

- Ата, светке канча болуптур? - үн катты Мирлан узанып жатып.


- Канча болду дейсиң балам, эки миңден ашкандыр...


- Мен төлөп келейин. Кыркып кетип жүрүшпөсүн. Минтип отурсак, жыргабай калдык го. Жумушсуздар, майып менен багар-көрөрү жоктор кантип атты экен, иштеген бизге эле ушунча кыйын болуп жатат...

- Ээ, балам, туура бийде тууган жок, тууганчыл бийде ыйман жок деген. Биздин эл аталарыбыз өзүнүн бир тууганын, баласын, аялын жылуу жумшактап, жашоосун оңдогонго жандалбастап атса, элдин камын көрүүгө кайдан убакыт табышсын?



Мирландын үй-бүлөсү





Чет элден машина айдап келип саткандар да базардан жаңы дөөтүлүү болгондор түз эле бул жакка айдап келишип, Маратка көрсөтүп, техникалык кароодон өткөрүп, кеңешин угуп анан кетишчү.

Өмүрлүк жары, Ат-Башынын кызы, жүрөгү сүйгөн Самүдүнова Таалайкүл менен да ушул карандай кара мээнети менен агарып-көгөргөн куттуу жайдан таанышып, баш кошту.

...Эне... ушул үч тамгадан турган сөздүн түпкүрүндө не деген ыйыктык, улуулук бийиктик уюлгуп турганын, эне касиетине теңдешээр эч нерсе жоктугун жүрөгү менен аңдап туя билчү. Радиодон "Энекебай" деген ырды берилүү менен укчу.

Энелер - үйүбүздүн куту, уянын оту, түгөнбөгөн береке, кемибеген кут, - дээр эле пакетке толгон белек-бечкегин көтөрүп келип жылыга 8-мартты тосуп олтурганда айтаарга кеп таппай жайдарыланып. - «Куттуу майрамыңызга кандай мактоо, кандай алкыш айтаарымды да билбей турам. Сиздин күн тынымдан, түн уйкудан калып, бешик терметип үргүлөп олтурган бир түндүк эмгегиңизге тең келер нерсе жоктур».

Кудайга кулчулук кылып, беш маал намазыңызды үзбөгөн сиздей ажы энебизди төбөбүзгө көтөрүп жүрсөк да эмчек сүтүңүздөн кутула албастырбыз, - дечү, жадырай карап.

Кыргыздын улуттук буюм-тайымдары жасалган жалаң чет элдиктер менен биргелешип иштеген "Кыргыз көркү" аттуу борбордо апасынын уз колунан жаралган көркөмү көз тайдырган буюмдардын турганына сыймыктанчу.

Айымбүбү бир жакка барарда Маратты жумушунан алагды кылгысы, убаралантқысы келбей маршрутка менен кетип калчу.

-Эне, мага айтып койсоңуз жеткирип коймокмун да. Биз турсак сиз эмнеге жөө жүрүшүңүз керек, - деп нааразы болчу. Жашоонун өйдө төмөнү тууралуу кейип-кепчип калганда: «Кабатыр болбоңуз .Турмуш убарасын тартуу утурумдук нерсе. Биз турганда баардыгы сиз ойлогондой болот» - деп көңүлүн жубатчу. Ырасында эле уулу кийлигишкен кандай гана иш болбосун өзү ойлогондон да ийгиликтүү бүтчү. Алар Маратты мурда уулу катары көрүшсө кийин үйлөнүп жайланып бөлүнүп кеткенде акылга акыл, ойго ой кошоор кеңешчи катары сезип, кымындай нерсени да аны менен кеңешип-кептешип жасашчу.

Адамга боорукер гана болбостон аны ак ниетиңден сыйлай билип, кайрымдуулук кылууну ар ким өз жүрөгүнүн буйругу, өз көңүлүнүн чакырыгы менен аткара билгенде гана мындай ишеним аларга мурда байкалбаган күч-кайрат, тайыбаган дем берет, - деген ойлорго жетеленчү Марат Казиев. Жакшылыктардын башатында тек гана өз жакындарына жан тартпай башка адамдардын, бөтөнчө жашоодон жабыркап тургандардын кайгысын тең бөлүшүп, каралашып туруу жашоонун баркын арттырып, жазда көктөгөн кызгалдактай көрктөндүрүп турат, - деген асыл ойлор көңүл сезимин аруулап турчу..

Улуу акылмандардын биринин: "Кедейлик күчөгөн жерде бай болуу ыймансыздык" деп айтканын эл эсебинен байыган байлардын эске албаганына көңүлү чөкчү. Атаганат жакшылык жасоо деген улуу салт ар бирибиздин жүрөгүбүзгө орноп, турмушубуздун көнүмүш көрүнүшүнө айланса деп тиленип, сезимин сергиткен бул нерсеге акыл оюн, жүрөк жалынын арначу. Ооба, батирде туруп, башкалардай ашып-ташыган байлыгы болбосо да колунун жөндөмү менен керели кечке муздак темирди кармалап, карандай кара мээнети менен тапканынан аянбаган мартчылыгы анын кадыр-баркын көкөлөттү. Бийлиги, байлыгы барларга кошоматтанганды жек көрчү. Жокчулуктан кыйналып тургандарга каралашчу.

Айылдашы, бир жак чыканагы жок таксист Жапар байкеси келээри менен кезек күттүрбөй карап, акы албастан оңдоп берчү. Эски кесели кармап, белинен кыймылдабай калган жакын санаалашы Марс байкесин машинасына жаткырып алып, доктурларга көрсөтүп, ооруканага жатып калганда жаңы төрөгөн колуктусу күндө ооруканага бара албайт деп Таалайкүлгө тамак жасаттырып, күнүгө эртең менен жеткирип берип анан жумушуна кетчү. Тууган-уруктары ооруканага жатып калса ата-энесинен мурда жетип барчу.

- Небереңиздин жылдызы жанып, маңдайынан шам күйүп турат экен, - деп тир былтыр чоң апасы менен ооруканада чогуу жаткан улгайып калган бир аял күнүгө таң эрте келип, ал-жайын сурап кетип жүргөн Мараттан көзүн албай суктана карап.

Качан көрсөң классикалык стилде кийинип келип, аппак шарфын мойнунан түшүрбөй, ишине киришкенде чечип коюп, кирпигине кир жугузбаган Мараттын ашкере тазалыгына суктанган кесиптештери: "Жол ачкыла, жол ачкыла Жириновский келатат, атактуу депутат келатат", - деп тамашалап калышчу.

Күтүлбөгөн кырсыкка кабылып, күйүп жаткан машинага жетип барып, өчүрүшөм деп колу-бетин күйгүзүп алып жапа чеккен Мараттын ашкере боорукерлигин тамашалашып, " МЧС" деп коюшчу.

Кийинки эки жылдан бери сасык саясат тууралуу көп сүйлөп калыстыктан тайып бараткан Бакиевдин бийлигине, электр жарыгынын кымбаттап кеткенине, мите курттай соруп бараткан коррупциянын күчөп баратканына нааразы болуп, пикетке чыккан эле Марат Казиев. Телевизордон аянттагы ызы-чууну көрүп санаасы тынбай кайра-кайра телефон чалган атасына: "кам санабаңыз, аянтка барган жокмун, үйдө эс алып олтурам", - деп коюп жүрөгү каарга толгон жаштар менен бирге алдыда жүргөн жеринен жалданган жасоолдун сол кулагына тийип, оң жагынан чыгып, ийинди талкалап, мээни чачыратып кеткен огунан эсине келбей операциядан көз жумду кайран жигит.

Ар кыл куракгагы, ар кыл улуттагы унааларын такай ушул жерге айдап келип, Маратка оңдотуп жүргөн жүздөгөн кардарлары иштеген жеринен таппай калышты колу алтын, ажаатчыл, жаркылдаган Марат Казиевди. Табият ага техниканын "тилин" билген бөтөнчө жөндөм,бөтөнчө өнөр бергенин эскеришти. Жаркылдаган жароокер мүнөзүн, боорукерлигин эстешти. Дасторкон жайып, куран окутушту. Алардын арасында байлыгына чиренген

- Акылыңдан айланайын, ичи элжирей түшөт энесинин. - Туура айтасың, дал ошол акылман айткандай жакшы адам болсоңор атаң экөөбүз карыбайбыз, силердин бактыңарга балкып узак жашайбыз.

Жубайы кызматтан келип, түгөнбөгөн үй тиричилиги менен алектенип калганда Замир балдарынын маңдайына олтуруп алып, адеп-ахлак, баланын ата-энесинин алдындагы милдети тууралуу кызыктуу кылып айтып берет.

- Өмүрү өр таяп бараткан ар адам "жакшы карыйлы "карыганда берсин дөөлөттү" деп тилейт. Мындай алып карасаң түпкү маниси кары-картаңдарга таандыктай сезилет. Бирок андан ары үңүлүп, тереңирээк ой жүгүртүп көрсөңүр бул баарыдан мурда алардын уул-кыздарына багышталган. Не дегенде балдары ыймандуу чыгып урмат-сый көргөн ата-эне гана кадырман кары, урматтуу аксакал атыгып, өздөрү тилеген жакшы карылыкка жете алат. Непаада балдары жаман чыкса анда алардын шору, көкүрөгү зилдеп жүрүп арманда өтөт. Ошондуктан балдарым силер баарыдан мурда жакшы адам болушуңар керек.

Эне сүтүндөй ак, мөлтүр булактай тунук сезим башаты балалыктан башталат эмеспи. Мараты кичинесинде өзү менен өзү болуп, түйшүк тарттырган жок. Мектепке кетишкенде кошуна Асылкан апанын жанына калтырып коюшчу. Сыртка чыгам деп чырлабай оюнчуктарынын ортосунда топоюп олтуруп алып, ар кайсыны айтып боорду эзген Маратка жалынып-жалбарып жакшы көрөр эле кошуна апасы. Үйүнө келгенде баласынтып кээде тентектик кылып койсо күнөөсүн сезип кылыйып, алдыртадан карап, тил угуп, таяк жебестин амалын кылып, ыгын таап тамашалап, күлдүрүп ал учурдан оңой эле чыгып кетчү.

Баласаак эле, кичинекей баланы жанындай жакшы көрчү. Ат-Башыда жашап жүрүшкөндө Кадырбек аттуу кошунасынын Кенжебек деген баласын өөп жыттап, колунан түшүрчү эмес. Ата-энеси үч жашка жакындап калса да сүйлөбөгөнүнө сарсанаа болуп жүрүшчү. Күндөрдүн биринде Кенжебекти үйүнө алып келип киринтип атса ал самындан көзү ачышып, балдырттап сөгүп ийгенде чочуп кетет. Мен болбосом Кенжебек сүйлөбөй жүрө бермек экен, - деп күлүп калчу.

Бир нерсеге эптүүлүгүн айтпа. Кол жуугуч жокто чөөгүндөн суу куюп берсе колун чөйчөктөй кылып тосуп алып жуунат. Колунан балка түшпөйт, кармаганы да ийкемдүү. Кайсы жерден мык көрсө дароо эле тактайга кагып салат. Атасы айылга берип иймекке бир кил мык алып келип койсо көрүп калып, бирин да калтырбай эшиктин алдына кагып таштайт. Ордунда турган мык жок, үйдүн ичин үч көтөрүп, издеп таппай суй жыгылышат. Бир маалда атасы эстей калып: «Марат, мобу жерде турган мыкты көрдүңбү?» - десе.

- Ии, аны мен биякка коюп койгомун, - деп кагып койгон жерин көрсөтүп берет.

Чоң атасынынкында жүргөндү кошуна-колоңдор: «Сен кимдин баласысың? - десе Казынын дечү жайдарланып. Таятасынынкына барып калганда: "Ой, бул чоочун бала го, кимдин уулусуң", - деп сурашса, "Мен Эсенгелдинин баласымын" - дечү эдиреңдеп. Кара боюна тыкан эле, жатаарда кийимдерин эрикпей кынаптап бүктөп койчу.

Мектепти жакшы окуду, активист катары таанылды. Мугалимдерин ата-энесиндей кадырлап-барктачу. Классташтарын баарын бирдей урматтап-сыйлачу.

Устачылык өнөрү күч эле. Жыгачтан үй буюмдарын келиштире жасачу. Бузулган үтүк, күйүп кеткен телевизор, магнитафондорду алеки-саатта оңдоп койчу. Атасынын айткан-дегенине аный дечү эмес. Энеси менен жаны бирге эле. Колу бошобой калганда нан салып, тамак жасап, конокко кеткенде уйду саап койчу.

Шаарга көчүп келишип, мектепте окуп жүргөндө айылдын балдарына кошулуп, бир жума автол сатышып, алгачкы тапкан тырмак алды акчасына энесине кошелок сатып берип кубанткан эле.

Өспүрүм курактын доорун артка калтырып, кичипейилдиги жароокерлиги, чукугандай сөз тапкандыгы менен жакшы жигит атыккан Марат алгач турмуштун бул сыноосун оор кабыл алды. Эр жигиттик милдетин өтөөгө медициналык комиссиядан өтпөй калды. Кичинесинде торпокко минем деп үркүп кетип, сол колу кар жиликтен сынып кетип ийри бүтүп калгандыгы каргаша болду.

- «Эр жигит эл четинде, жоо бетинде» дейт. Бала кездеги шоктуктун айынан солдатка жарабай эл катары кызмат өтөбөй аскердик билет албай калабы?.Көңүлү чөктү. Эмне кылуу керек. Ойлонуп олтуруп анын айласын да тапты. Көңүлүн өйүгөн бул көйгөйүн комиссиядагы трамватологго айтып, 400 сом берип жаракту деген справка алып, альтернативдердин катарын толуктады.

Мектепти бүткөндө жогорку окуу жайынан окуйм деген оюнан айнып калды. Бир эмес экиден дипломду көтөрүп алып жумуш таппай жүргөндөр толуп жүрөт. Көңүлүнө жаккан, айлыгы дурус бир иш таап алып, сырттан окуса деле болот. Оңдой берди болуп, оюндагысы оңой эле орундалды.

Жакын санаалаштарынын айтуусу менен жаңыдан ачылган кесме чыгарчу цехке келип кирди. Баскан-турганы шайдоот, өзүн тыкан алып, бутунун учу менен басып, жеңил алып жүргөн, ачык-айрым, майын чыгара иштеген, бузулуп калган аппараттарды арыдан-бери оңдой салган Марат бат эле оозго алынды. Чогуу иштегендерден бирөө өзүнчө цех ачып, кадыр-көңүлүн салып атып өзү менен кошо ала кетти.

Тубаса таланты менен техниканын сырын беш колдой билген Мараттын Техникалык тейлөө станциясында иштегени кадыр-баркын бат эле көтөрдү. Көзгө илээшпеген ыкчамдык менен кыймылдап, каш кагым да бош олтура албай, бир мезгилде үч машинаны оңдогонго үлгүргөнүн көргөндөр: «Марат деген мастер жигит машинанын үнүнөн эле кайсы жери бузулганын билип, жакшы оңдойт экен», - деген кабар желдей тарады. Кардарларды ызаттап тосуп алып, эмгегине жараша көңүлү оорубагыдай акысын алып, баарыдан мурда сапаттуу оңдоп бергенин билгендер алкыштарын айтып, алкап кетишчү.

деп айтып коюп, үйгө келсем атам мени көргөндө кубанып колумдан сумкамды алып, чекемден өөп тосуп алган эле. Жашоо-турмушумду сурап, келер-кетер кепти айтып: «күйөө балам экөөңөрдү отко киргизип алганга апаң экөөбүз камынып жатабыз» деген. Кетээримде да бетимден өөп узатып, артымдан көпкө карап турган эле. Ошол бойдон көрүшпөй калдык.

- Атам бизге "жети калктын тилин бил, жети атаңдын дилин бил" деген-ди көңүлүңөргө түйгүлө деген сөздү көп айтчу. Турмуштун тар жол, тайгак кечүүсүнөн мүдүрүлүп-мүргүбөй, ак жолуңардан адашпай бактылуу жашаганды кааласаңар эки нерсеге жетишкиле. Ал кайсы дебейсиңерби? Билим алгыла, мээнеткеч болгула. Ушул эки нерсеге жетишсеңер турмушуңардан кыйналбайсыңар. Эгерде өнөрлүү болсоңор аны ийине жеткире чаалыкпаган эмгек менен өркүндөткүлө. Ал эми иштемчил адам эч качан кор болбойт.

- Биз мектептен келгенде баскан-турганыбызга, бош убактыбызда эмне менен алек болоорубузга көз салып, тергеп-тескеп турчу. Сөз учугун уулу Сыймык ушинтип улантты. - Атам билим алуунун түпкү касиет кудуретин терең баалачу. Жумуштан келгенде сабагыңарды окудуңарбы? - деп сурачу эмес. Балдарым сабагыңарды бышырдыңарбы? - дечү. Көрсө үстүртөн окуп же жаттап алып тим болдуклу же сабакты терең түшүндүкпү, маани-маңызына жете алдыкпы, мына ушуга терең маани берип, кызыкчу тура. Биздин билимибизге билим, оюбузга ой кошор нерселерди ойлоп тапчу. Адилетсиздикти, кара өзгөйлүктү көргөндө кара жаны кашайып кетчү. Мына ушундай мүнөзүнөн улам Бакиевдин бийлигине каршы чыгып, каза тапты.

Каргалашуу ал күнү Бурул Ак-Талаага кеткен эле.

Эртең менен чай ичип олтурушканда телевизордон Ак үй алдындагы окуяны көрүп кыжырланат: «Апа, мен барып, Сыймыктын дайынын билейин» - дейт.

- Ээ балам, дегеле ушу ызы-чуудан арылбай койдук. Пикети да куруп кетсин, жанагы соткаң менен эле сүйлөшүп, барбай эле койчу, - дейт күйөө баласын кызындай көргөн Кыбадай апа кабатырлана.

- Апа, сарсанаа болбоңуз, Сыймык экөөбүз бат эле ээрчишип келип калабыз, - деп уулу Мухаммед менен кичүү кызы Элнуранын бетинен өөп, саат экилер чамасында үйдөн чыгып кетет. Аянттан жердеши Алымкулов Айбекке жолугуп, экөө чогуу жүрүшөт. Анын айтымына караганда бир маалда элге ок атылып, жарадарлар жыгылып атканда: "Качпагыла", - деп кыйкырып алдыны көздөй чуркап кетет.

Ак үйдү алыш үчүн болгон айыгышкан күрөштө элди үгүттөп, өлөр-тирилерине карабай алдыда жүргөн адамдарды жаш-карысына карабай мээлеп атып аткан адамдык абийирин акчага алмаштырып, убалдан коркпогон каргыш тийгир снайпердин огу жүрөгүнө келип кадалды..

Ооба,жетим жүрүп жетилген, жан дүйнөсү баланыкындай баё, өз балдарын кыйынчылыкты абийир менен жеңе билүүгө таалынтып, турмуш убарасын тартуу утурумдук нерсе деп бу жашоодо таза жүрүп, таза жашап өткөн Камаев Үсөнбектин жаркын элеси унутулбайт, эрдиги эскирбейт.

АДИЛЕТ АДИЛЕТ БИЙЛИКТИ ЭҢСЕП ЖАН КЫЙДЫ ....



КАРАСАРТОВ
Адилет
Сүйүндүкович

(23.09.1985-07.04.2010)

Карасартов Адилет Сүйүндүкович 1985-жылдын 23-сентябрында Бишкек шаарында ата-энеси студент кезинде жарык дүйнөгө келген. Төрт эркек бир туугандын улуусу болучу. 1992-жылы Жеңиш айылындагы (азыркы Кара-Бүргөн) Молдобасан атындагы орто мектепке кирген. 8-9-10-класстарды Бишкек шаарындагы №5 гимназияда улантканан.

2003-жылы Бишкек шаарындагы К.И.Скрябин атындагы Агрардык университеттин гидро-инженердик факультетине кирип, 2009-жылы «Айыл чарбасын суу менен камсыздоо, суу жеткирүү жана суу чыгаруучу инженердик системалар адистиги боюнча «инженер» квалификациясын алган.

2009-жылдын 30-ноябрында БГУнун студенткасы Такырбашова Аселге үйлөнгөн. Сөөгү Ак-Талаа районунун Баетов айылына коюлган.

Жүрөгүндө эрктүүлүктүн, эстүүлүктүн, намыскөйлүктүн жалындаган оту жанып, элинин эркиндиги, адилет бийлик, жаркын келечек үчүн жан үрөп, асманда шаңшыган бүркүттөй алдыга чабыттап, асмандагы жылдыздай жарк этип жанып, жалп этип өчкөн кыргыздын кыраандарынын бири, Ак-Талаа районунун кулуну, жыйырма беш жаштагы Карасартов Адилеттин жаркын элесине таазим.

“Эл башына күн түшсө эрендер чыгат дечү эле" деген накыл кептин чындыгын айтылуу Тайлак баатырдын урпагы, нарк-насилдүү ата бабалары, чейрек кылым эл бийлеп, журт башкарган кара кылды как жарган калыстыгы, даанышмандыгы менен эли журтунун эсинде калган кадырман карыя Карасартов Эсенгулдун карачечекей небереси, кезегинде кара өзгөй бийликтин зомбулугуна каршы чыгып, адилеттик, чынчылдык үчүн башын канжыгага байлаган, эбегейсиз эрдиги менен аты чыккан Мамыш аксакалдын бир тууган жээни Карасартов Адилет (Сүйүндүк уулу) айкындай алды. Ооба “баатырды мезгил жаратат" дешет. Дал ошондой болду. Адилет жумурай журт адилет бийлик жүргүзөт,байгер жашоого жеткирет деген үмүт менен хан

- Максат ак көңүл, ачык айрым, намыскөй окуучубуз эле, - дешти мектеп деректири Осмонова Анара, мугалимдери Шерматова Гүлжамал менен Шарапова Жаңыл көздөрүнө жаш ала, каңырыктары түтөй сүйлөп. - Мектептеги коомдук иштерге активдүү катышчу, жакшы окучу. Үлгүлүү жүрүм-туруму менен башкаларга үлгү болчу. Айылга келген сайын мектепке келип, биздин ал-жайыбызды сурап, учурашып кетчү. Аз айлык менен иштеп, сиздер деле кыйналып жүрөсүздөр. Чыдайлы, аз калды, заман бул бойдон турбайт. Элди эзген алдым-жуттум бу бийлик да кетет. Эл үчүн ак ниет кызмат кылган байкелерибиз бийликке келгенде жашообуз оңолуп, баарыбыз жакшы жашайбыз. Кудай буйруп бир жерден иштеп, акчалуу болуп калсам мектепке жардам берип турам деп калчу көздөрүн күлүңдөтүп. Ал тилегине жетпей калды. "Ата мекенчилер" менен Ак үйдүн алдына барып, канкорлордун колунан каза тапты. Биз таалим тарбиябызды берип, уябыздан учурган эр жүрөк баатыр балабыз менен сыймыктанабыз. Элесин түбөлүккө калтыруу үчүн колдон келгендин баардыгын жасайбыз. Кырчындай балдардын өмүрү менен келген элдик бийлик эми элге акыйкат кызмат кылаарына үмүттөнүп турабыз.

- Бир класста окуган балдардын ичинен кыздар баарыбыз Максатты жакшы көрчүбүз, сыйлачубуз, - деп бир көчөдө чогуу чоңойгон Асанакунова Сайкал көзүнүн жашын кылгыртты. - Тентек балдар бантигибизди жула качып кеткенде артынан жетип барып, аны менен урушуп, алып келип берчү. Сууга баратканыбызды көргөндө жүгүрүп келип, чакабызды колубуздан алып, үйүбүзгө жеткирип берчү. Ошентип бир көчөдө чогуу ойноп жүрүп, кийин бой тартканда Перизат экөө бири-бирин жактырып калышып, баш кошушту. Алишер, Алмир аттуу уулдуу болушту. Айылга келишкенде бала кезибиздеги кыял-жоругубузду, өткөн-кеткенди эстеп, боорубуз эзилип күлүп, жыргап калчубуз. Кийинки күндөрү бийликти жек көрүп, булар турганда элдин жашоосу эгерим оңолбойт, Ак үйдөн Акаевдей кылып айдап чыгыш керек деп кыжырлана берчү. Ал күнкү каргашадан аман калса: «Мына менин айтканым келди. Жаштар бийликти кулаттык, эми Өмүрбек, Алмазбек байкелерим элдин турмушун оңойт», - деп көздөрүн күлүңдөтүп, төбөсү көккө жете кубанмак. Бул күндү көрбөй калды. Биз Кыргызстандын келечеги үчүн өз өмүрлөрүн берген 87 баатырдын арасында асыл классташыбыздын болгонуна сыймыктанабыз, анын жаркын элеси эсибизден эч качан кетпейт.

Ооба, атына заты жарашкан көктөмдүү жазда (11-майда) жарык дүйнөгө келип, көктөмдүү жазда төбөлүк сапарга аттанган алакандай айылдын тайманбас, эр жүрөк уулу, Жээналиев Максаттын басып өткөн өмүр жолу, майтарылбаган эрдиги эли, журту гана эмес, бүтүндөй мүлдө кыргыз элинин жүрөгүндө төбүлүк жашай бермекчи.

КАЛЫС БИЙЛИК ҮЧҮН КАН ТӨКТҮ



ИСАЕВ
Эсенбек
Бейшебаевич

(25.08.1972-07.04.2010)

Исаев Эсенбек Бейшебаевич-1972-жылдын 25-августунда Нарын районундагы Алыш айылында төрөлгөн. 1979-жылы мектептин босогосун аттап, 8-классты бүтүп Нарын шаарындагы кесипчилик-техникалык окуу жайынан жана аскердик окуу жайынан окуган.

1990-жылы Россиянын Тамбов шаарында аскердик кызматын өтөгөн. Алгачкы эмгек жолун нан заводунда жумушчу болуп иштөөдөн баштаган. Андан кийин Бишкек шаарына көчүп кетип, Аламүдүн-1 кичирайонундагы наавайканада көп жылдар бою эмгектенген. 2005-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин чакан менчик курулуш фирмасында бригадир болуп иштеген.

Исаев Эсенбектин артында өмүрлүк жары Жаңыбаева Нурзат, Күмүшай аттуу кызы, Ислам аттуу уулу калды. Сөөгү туулуп-өскөн айылына коюлду.

Ислам дининде «дос издесең кудай, байлык издесең каниет, душман издесең напсиң, үлгү издесең өлүм жетишерлүү», - деп айтылат экен. Ооба, дүйнөдө бир гана чындык бар. Ал өлүм, андан эч ким кутула албайт, Эртедир-кечтир Алланын амирине көнүп, акка моюн сунабыз. Ооба, кепиндин чөнтөгү жок, бу тирүүлүктөн эч ким, эч нерсе алып кетпейт. Кеп өлүмдүн кимге кандай буюрганында.

Нарын районундагы Алыш айлынын тургуну, отуз сегиз жаштагы Исаев Эсенбектин маңдайына адилетсиз бийликти тактан кулатуу үчүн жалындаган өмүрүн кыйып, жаркын элеси мен кыргызмын дегендердин жүрөгүндө түбөлүк жашап калаарлык тагдырды буюруптур.

Кыркка жашы толбой , отуз сегизинде ойрон болду. Жерге береринде уулунун жүзүнөн акыркы жолу сүйүп, жүлүнү сыздап, жүрөгү зилдеп, күйүттөн үнү чыкпай калган армандуу апасынын кошогундай: «Шайыдан күрмө кийбей, жашоонун кызыгын көрбөй» калды.

Кезегинде Ленин атындагы колхоздун коюн багып, жайкысын жайлоодо, кышкысын кыштоодо өмүр өткөргөн алты эркек, төрт кыздын ата-энеси Исаев

тактысына олтургузган Бакиевдин караөзгөй башкаруусуна кеги кайнап, адилеттикти эңсеп жан кыйды. Ким билет бул да тагдырдын бешенесине чийилген буйругудур. А балким бири-бирине төп келген, бири-бирин көңүлдөрү жактырып, студент кездеринде баш кошкон оор басырыктуу, эстүү жигит атыккан атасы Карасартов Сүйүндүк (райондук статтын башчысы) менен кермаралдай керилген келбетин ургаачылык акыл эси ажарланткан апасы Идирисова Майрамкүлдүн (архитектуранын башкы бухгалтери) тун уулуна Адилет деген ысымды ыйгарышканы жараткандан ыроолонгон аяндыр.


Таңдайында мөөрү, тилинде сөөлү бар теңир даарыган асыл дөөлөт, кымбат наркты аздектеген атагы таш жарган, нечендеген таланттары, азуусун айга жанган балбан билек айлакер баатырлары менен касиеттүү делген Ак-Талаанын кайыптай баатыр уулунун беш манжа менен санаарлык айта келсең тагдыр таржымалын угуп олтуруп, жан дүйнөм тээ көз мелжиген бийиктен жебедей сызып келген улуу тоонун көчкүсүндөй аңтарылып, жүрөгүм кабынан чыгып кетчүдөй удургуп турду.


Тогуз ай бели ийилип көтөрүп, токсон тамыры кагып толгоо тартып, көз жарган капкара көздөрү карагаттай мөлтүрөгөн татына тун уулунун балжуран балалык кезиндеги кыял-жоругун, кулк-мүнөзүн, эс тарткандагы көзгө илээшпегенди байкаган, кылт эткенди жаза кетирбеген зиректигин, баарына боор толгоп, күйүп-бышкан күйүмдүүлүгүн, боорукердигин көз жашы жамгырдай төгүлүп, эт жүрөгү тилинип, бирде ыйлап, бирде сооронуп күйүткө баткан Майрамкүлдүн уулу тууралуу эскерүүсүн угуу оор болду.

Эх, эне жүрөгү... кан-жанынан жаралган баласы үчүн кара жанын садага чапкандан кайра тартпай, балам дегенде баарына түтүп, баарынан аша кечкен энелердин көз жаш, көкүрөк дарты кимге? деген ой көөдөнүмдү көзөп өттү. Жанындай жакшы көргөн Адилетин (Адик деп эркелетишчү) төрт жашында Бишкекке алып барышканда ары-бери өткөндөрдү карап: "мама булар менин айылдан келгенимди билишеби, орустар мени тааныша бы? - деп эки жакты суктана карап, дене боюна куп жарашкан көк куртка менен көк топучан тойпоңдогон Адигинин ошондогу сүйкүм элеси алигиче көз алдына тартыла берет.

Адилеттен кийин сегиз жылдан кийин боюна бүтүп, ай күнү жакындап калган Майрамкүл кошуналары менен чай ичип олтурган. Аңгыча сырттан шашып, энтелеңдеп кирип келген Адилет "эй, мама кыз төрөбө, уктуңбу, чоңойгондо аны алып кетишсе мен жалгыз калам, уктуңбу", - деп кыйкырганына эмнени айтып атат дегендей олтургандар эч нерсе түшүнө бербей таңгала карап калышып, иштин жайын билгенден кийин күлүп калышты. Көрсө кошунанын кызын машинага күчтөп салып, ала качып кеткенин көрүп, апасынын кыз төрөгөнүн каалабай аткан тура. Арадан көп узабай апасы анын "тилин алып" өзүнө окшогон кара каштуу инилүү кылганда: "мына, мен эркек төрө дебедим беле", - деп ары-бери чуркап кубанганын айтпа.

- Адигиң тирикарак, зээндүү, кудай өмүрүн берсин, аман болсо багыты байсалдуу, эл оозуна алынган керилген жигит болот, - деп калат жыйырма беш







Адилет жубайы Асел менен

буйруп, баш кошкон жары менен төрт ай жети күн гана бирге жашап, жыйырма жашында кара кийип кайненесинин жанында боздоп олтурган Аселдин кайгысын асмандагы күн да көргүсү келбегендей сурун салып, кара жер жердигинен гана көтөрүп тургандай болду. Шейит кеткен шердин атасы тун уулунунан заматта айрылып кан жутуп олтурган адамдык жашоонун, жетекчиликтин даана үлгүсүн көрсөтө билген абийири ак, ыйманы таза Сүйүндүккө кандай деп кайрат айтарын билбей карайлап турду эл-журту… Өткөн жылдын күрдөөлдүү көзүндө эли-журту эбегейсиз эрдиктин ээси,эл уулу Адилет Карасартовдун ысмын мурдагы Жеңиш паркына ыйгарышты. Ал тууралуу Ак-Талаа райондук гезитинин редактору,белгилүү акын, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери Өмүрбек Дөлөев мындай деп жазыптыр: ...23-сентябрда Адилеттин так туулган күнүнө тушма-туш келген бейшемби күнү ошол "Адилет" паркынын ачылышы болду. Бүркөө асман көз жашын куюлтат кайгыга шайкеш келгендей. Муңайым музыка сызылат. Адилеттин жаш алган жубайы Асел түбөлүк кайрылбас өмүр шеригинин сүрөтүн бооруна кучактап, карегинин ачуу жашын сүрөткө төгөт. Муңайым музыка сызылат. Жамгыр нөшөрлөп төгүп жиберди. Табияттын бул табериги илме кайып сыяктанып,эл баатырын жайына коюп, калайык жоктоп жапырт өкүрүп келгендей туюлду мага. Эскерүү, эрен атын ардактоо жыйыны бүткөндөн кийин жамгыр "тык" токтоду.

Майрам экөөбүз, - деди каргылданган үнү менен Адилеттин атасы Сүйүндүк Карасартов. Адилет тунубуз болгондуктан ал төрөлгөндө чексиз бактыга батып, өмүрдө теңдешсиз кубанычка бөлөнгөнбүз. Адилет окко учканда жашообуздагы теңдешсиз кайгыга чулгандык. Мындай кайгы бир да ата-эненин, бир да үй-бүлөнүн маңдайына келбесин. Ошону менен бирге эле уулубуз менен сыймыктанабыз. Эл-жердин жакшылыгын сезип-туюп тарбияланганына, элге өмүрүн арнап өскөнүнө шерденип, тобо дейбиз. Биз татыктуу ата-эне катары балабызга чыныгы элдик тарбия бергенибизге кубаттанабыз. Атынын да кандуу окуяны: башкы темасына шайкеш келгенине таң калабыз. Атын ыйык жайга ыйгарган эл-журтубузга ыраазылык!

Атанын уулу, элдин уулу түбөлүк жашайт. Эрдик эл кыйналганда,эл башына каран күн түшкөндө чагылгандай жарк этип жамы журтту таң калтырып, сактандырып, шыктандырып, атасына "ракмат" айттырып,"баатыр жатын" энесин алкатып, "эрөөл талаада" ат ойнотуп чыга келет"…

Айтса-айтпаса төгүнбү, "өлгөндөр барктalмайын тирүүлөр даңкталбайт. Ооба, Тайлак баатырдын урпагы Адилет адилет бийлик үчүн жан кыйды. Мындай эрдикти ар ким эле жасай албайт. Адилеттей Ата мекенинин тагдыры менен тамырлаш, элинин ат көтөргүс азап-тозогун муштумдай жүрөгүнөн өткөргөн, өз өмүрүнөн элинин эркиндигин артык көргөн элдик уул гана аткара алат.

ЖЕТИНЧИ БААТЫР, ЖЕТИНЧИ ОК…

Кубатбеков Мисирбек Жолдошбекович 1989-жылы 24-октябрда Кочкор районундагы Кара-Мойнок айылында жарык дүйнөгө келген.

1996-жылы Абылгазы уулу Ишеналы атындагы мектеп босогосун аттап, 2007-жылы ийгиликтүү аяктайт.

Мектепти бүтүргөн соң, 2007-жылы Скрябин атындагы айыл чарба академиясынын агрономия факультетинин күндүзгү бөлүмүнө тапшырып, окуп баштаган.

Мисирбек беш бир туугандын эң кенжеси эле. Улууларынын бардыгы үйлөнүп-жайланышкан. Апасы Турганбүбү, атасы Жолдошбек «чоңойгондо силерди бөпөлөп багам» деген асыл максаты бар уулунун күйүтүн тартып отурушат.



КУБАТБЕКОВ
Мисирбек
Жолдошбекович

(24.10.1989-07.04.2010)

Турганбүбү келини экөө керели-кечке дүйүм тамактарды жасап, дасторкон жасалгалоонун аракетинде болушту. Жаңы жыл кирип келе жатат, эненин көңүлү жай. Кенжеси Мисирбек борбор шаарда окуп жүргөн, эми майрамга карата бүгүн келип калат, кудайга шүгүр. Апасы менен ар дайым кеңешип иш кылган Мисирбек Айыл чарба академиясын аяктаган соң МАИнин окуусуна тапшырарын айтып калчу. «Мунуңду бүтүрө берчи балам, андан кийин дагы буюрганы болор» деген апасына, «Омей, апа акчаны көбүрөөк таап, силерди бакпайымбы, азыр агрономго жумуш жок» деп күлүп коё турган.

Ата-эне мүнөзү токтоо, жумшак кенже уулунан келечекте жакшы адам чыгарына чоң ишеним артышчу. Мисирбек мектепте үлгүлүү окуду. Агай-эжелери аны токтоо мүнөз, тартиптүү окуучу катары эскеришет. Боз бала мектепти бүткөн соң Айыл чарба академиясына тапшырып, эч кандай парасы, таанышы жок өзү эле өтүп кетти. Жогорку окуу жайда ал мектептегидей эле студенттердин алдыңкы катарында жүрдү. Бирок, билим алуу менен бирге эле «келечекте кандай жумуш табар экенмин?» деген ой жүрөгүн өйүп калчу, кээ кезде…

Жолдошбек 2010-жылды балдары менен бапырап тосту, жаңы жыл ак жолтой болсун деп тилек кыла. Ата-эне үчүн балдары кашында, дени сак болгон-

тирип, бирде ыйлап, бирде сооронуп айтып берип олтурушту. Мараттай эл уулунун энеси, былтыр ыйык Мекеге барып, зыярат кылып келген Эсенгелдиева Айымбүбү ажы менен атасы Казиев Замир ага.

Темир канат балапандары - Азамат, Марат, Самат, кызы Мунараны акылэстүү, ыймандуу, билимдүү болсо деп тилеп, таалимдүү тарбиясын берип, турмуш жолуна талпынтып учурткanча не деген түмөн түйшүктү баштан кечиришпеди. Ооба, алар балдарына өрнөктүү өмүр, жаркын жашоо берүү менен чектелип калышпады. Турмуш жолунда мугалим деген асыл кесипти аздектеп, көптөгөн жакшы адамдардын үлгүсүн көрүп, таалимин алган жубайлар башкаларга басынбаган адамдык ар-намысты баарынан бийик коюуга, балдарынын турмушка болгон көз карашын калыптандырууга жан үрөштү. Өздөрүнүн жеке жыргалынан баш тартып, балдарын чыныгы адам кылып тарбиялоого, бирөөнөн колдоосуна, жардамына эмес өз акылына, билимине ишене билип, жашоого үйрөтөштү.

- Балдарым, - дечү апасы Айымбүбү сабагына даярданып бүтүп, эс алып олтуруп калганда: "Адамдын кадыр-баркын баалай билүүдө, ага баа берүүдө тек гана анын тилинен чаң чыга саймедиреген сөзүнө же келишимдүү келбетине эмес эң оболу ыйманы менен абийирине карап баа бергиле. Ар нерсенин өзүнө таандык наркы менен баркын талдай билгиле. Турмуштун бейиши менен кейишине ар дайым сабыр кылып, жашагыла.

Жомок айтып берейин, жакшылап угуп, көңүлүңөргө түйүп алгыла.

- Илгери, илгери бир адам жашаптыр. Ал балдарын канткенде жакшы адам кылып тарбиялоо тууралуу ойлонот да кеңеш сураганы акылы ашып-ташыган бир даанышманга келип, минтип сурайт: "Мен балдарымды бактылуу болсун үчүн эмне кылышым керек?

Анда даанышман алыска ойлуу көз жиберип, мындай деген жооп узатыптыр:

- Эгер балдарыңдын токчулукта жана жыргалчылыкта бир күн жашашын кааласаң анда алардын куржунуна даамдуу тамак салып бер. Бирок алар эмне жегенин эртеси эле унутуп калат.

Эгер балдарым бир жума жыргалчылыкта жашасын десең алтын жип менен кыюуланган кымбат кийим-кече сатып бер. Тилекке каршы жаңылыгы унтулуп, эски буюмдай эле эсептелип калат. Эмгегиң текке кетет. Балдарыңдын бактысын бир айга созулушун кааласаң аргымак сатып бер. Бирок бир айдан кийин эле аны жоорутуп, эшек катары минип калышат. Акырында айтаарым балдарым өмүр бою бактылуу болсун десең анда куржундарына үч нерсени билимдин булагы делген-китепти, токчулук менен талбаган эмгектин белгиси - бир үй үрөндү, эркиндик менен жашоонун белгиси бир кумара сууну салып бергин, - деген экен. Акылмандын бул айткандарын аткарган ал адамдын балдары акылдуу, эмгекчил болуп чыгып, карыган ата-энеси бактылуу жашашыптыр

- Эне, - дейт жомокту кызыгуу менен угуп олтурган Марат текилдей сүйлөп. - Анда биз атам экөөңөрдү бактылуу кылыш үчүн тентектик кылбай ыймандуу болуп, жакшы окуп, эмгекчил болушубуз керек тура ээ.



Марат үй-бүлөсү менен





эмеспи. Ушул себептүү, чыгарып алган рефератын сатып алганга акчасы жетпей калып, дүрбөлөң түшкөн аларга баятадан бери тиги четте байкоо жүргүзүп турган Жолдошбек басып келип:

- Ии, балдар жардам керекпи? Акчаңар жетпей калдыбы, жардам берейинби? - деди.

Дендароо боло түшкөн студенттер «жок, агай, кереги жок, өзүбүз эле төлөйбүз» дегенге араң жарашты.

- Чын элеби?

- Чын, чын…

Агайдын такып сураганына сыр билгизбей, жооп кайтарган студенттердин көңүлүнөн анын жапакеч мамилеси көпкө чейин өчпөй жүрдү…

…Бул жолу агай КМШ өлкөлөрүндөгү чыр-чатактуу абалдар тууралуу сабак өттү. Ал дайымкы ыкмасындай эле студенттердин ортосунда талаш-тартыш туудуруп, анан андан тактык жаратканга аракет жасады. Студенттер ошол убакта бардыгынын кызыгуусун туудуруп турган Грузиядагы саясий абал тууралуу талаш-тартыштын кызыгына кирип алган кезде, Жолдошбек ар бир саясий окуяны чагылдырып, элге жеткирүүдө массалык маалымат каражаттарынын маанисинин зор экендигин белгиледи. Ошону менен бирге эле, Орусиянын массалык маалымат каражаттарынын маалыматты бир тараптуу берип жаткандыгын сындап да алды.

Сабактын жүрүшүндө окутуучу менен студенттердин ортосундагы эркин пикир алмашуунун нугу акырындык менен Кыргызстанга бурулду. Сөз өлкөдө демократия барбы же жокпу дегенге барып такалды.

Кызуу талаш-тартыштарды жараткан агай, «биз демократиялык коомду курушубуз керек. Өлкөбүз өнүгүшү үчүн, анда адам укугу биринчи иретте корголушу зарыл. Адам эркиндиги, адилеттүүлүк орношу бизге аба менен суудай керек болуп жатат» деген либералдык көз карашын билдирүү менен:

- Кыргызстаныбыз мына ушундай жетишкендиктерге жетиши үчүн, биздин бардыгыбыздын мекенчил болгонубуз чоң мааниге ээ, - деди.

Деди да, бир күрсүнүп алып, тынымдан соң:

- Тилекке каршы, мен силерди мекенчилдикке чакырган менен, өзүмдү мекенчилмин деп айта албайм, - деди акырын гана.

-Эмне үчүн? Сиз мекенчилсиз, бизди да ушуга тарбиялап, жакшы жол көрсөтүп келе жатасыз, - студенттер чуркурап жиберишти.

- Мен силерге сабак өтүп, жол көрсөткөн менен, жалпы элге мына менин оюм момундай деп ачык күрөшө албай жатам.

Мына, азыр өлкөдө кандай саясий кырдаал? Адамдар үй-бүлөлүк башкаруунун чеңгелинде кыйналып, азыркы жашап жаткан режим өлкөнүн өнүгүшүнө кандай тоскоолдуктарды жаратып жатат? А бирок, мендей адамдар ушуга ачык каршылык көрсөтүп, баш көтөрө албай отурбайбызбы. Демократияны муунткан авторитардык башкарууга каршылык көрсөтө албай, башыбызды көтөрүп, мыңк эткенге эркибиз жетпей, - Жолдошбектин жанатан берки жарык маанай-

ына көлөкө түшө калды. Сабактын аягына чейин анын басыңкы көңүлүнүн көтөрүлбөгөндүгүн студенттери сезип отурушту…

…Студенттердин сыйына татыган Жолдошбек кесиптештеринин арасында да чоң кадыр-баркка ээ эле. Ал уюштуруучулук чоң жөндөмүн университеттин спорттук жашоосунда көрсөтө алды. Бир дагы спорттук иш-чара Жолдошбек аралашмайынча өтпөй турган. Окуу жайдын коомдук турмушунда активдүү аралашуу менен бирге эле, «Замандаш» ассоциациясында эмгектенип, чет жакалардагы мекендештерге ар тараптан колдоо, алар менен байланышты өркүндөтүү багытындагы иштерди багыттоодо чоң иштерди жасап келди.

Жолдошбекти достору «атына заты жарашкан» деп калыша турган. Чындыгында ал чоң жолдошчул адам болгон. Кесиптештерине бирдей мамиле кылып, айрымдардай болуп, жердешчилик оорусуна чалдыкпаган, агедил жан эле. Ал кийинки учурда ар тараптуу өнүгүп, өзүнүн тегерегиндегилерден бута атым алдыга кетти. Кубаттуу илимий потенциалга ээ экендиги профессорлор тарабынан белгиленсе, убакыт өткөн сайын чыныгы инсан катары калыптанып, адамдар менен мамиле кылууда да жакшы жетишкендиктерге ээ болду. Ошону менен бирге эле, чоңдордун алдында ийилип, аларга кошомат айтуу дегенди билчү эмес. Эч нерседен тайманбай, бетке айткан чынчыл мүнөзүнөн кайтпастыгы Жолдошбектин айтылуу 7-апрелдеги борбордук аянтта көрсөткөн эрдигинен билинди…

…Кафедранын окутуучуларынын айрымдары борбордук аянтта эле. Буга алардын саясат таануучу катары мындай тарыхта калуучу окуяга өздөрү күбө болуп, баа бериши керектиги себеп болгондой. Жолдошбек саясий көз карашынан кабардар теңтушу Искендер «ай, болду, болбоду, ушул эле жакта болушу керек» деп болжолдой, ага телефон чалып жатты. Жооп болгон жок…

…Жолдошбек, анын санаалаштары «Замандаш» партиясы жайгашкан «Илбирстин» имаратынан чыгышты. Чындыгында, партиянын айрым мүчөлөрү бакиевчил бийликти «туура эмес саясат жүргүзүп жатат» деп айтып калышканы менен, аны кулатууга кызыкдарбы же кызыкдар эмеспи, партия буга чейин ачык оюн билдирген эмес. Бирок, бул күнү «Замандаштын» мүчөлөрү транспаранттарды көтөрүп алышып, жалпы кыргыз элинин мүдөөсүн көздөгөн саясий акцияга катышышты. Кыязы, буга чейин бийликке каршы чыгуу үчүн ич ара даярдыктар болуп келген шекилдүү.

Ичинен быкшып, дүрт деп жалындай албай, бук болуп сызып келген Жолдошбек бул күнү алдыңкы сапта жүрдү. «Кыргыздар качпагыла, кыргыздар кайтпагыла» деген ураан чакырып, жаштарды алга сүрөгөн, ал Ак үйгө далысын салган жок.

Хан сарайдын үстүндө отуруп алып, митингчилердин лидери окшойт деп болжол кылган адамдардын баарын терип отурган көзгө атар албетте, Жолдошбекти байкабай койбоду. Эл кээде толкуй, аркага качып, «Илбирстин» колонналарына жашына калып жатса, костюм-шым кийип алып, көз айнек тагынган жигиттин качкандын ордуна колун жаңсай, айланасындагыларга дем берип

дон өткөн бакыт барбы? Анын бүгүнкү таалайы төрт айга жетпей бырын-чырын чыгарын, кирип келген жыл ага катуу кайгы даярдап турганын кайдан сезди, чиркин ата жүрөгү. Үч-төрт күн ата-энесинин, бир туугандарынын кашында отуруп, сагынычын тараткан уулун кышкы сессиясына шаарга өзү узатты. Машине келгенде «кел, эми мурдуңду урайын, жакшы оку» деп өбүүгө камынган Жолдошбекке Мисирбек «коюңузчу ата, ушинте бересиз» деп өптүрбөй койду. Ушул мүнөттөрдү эстеп, «ошондо бир эле өөп калсам эмне» деген арман атанын жүрөгүн эзеринен ал убакта кабарсыз, капарсыз эле.

Мисирбек шаарда жакын туугандарыныкында жатып окучу.

Жаш болгон соң, албетте көңүл оту жанат адам баласында. Кошуна жашаган токтогулдук кыз ага бөтөнчө жага турган. Анын окуу жайы – медициналык мектепке барып, аппак халат кийген назик кызды акмалап коюп кайра кетер эле...

...7-апрель күнү Мисирбек өзүнүн курдаштары менен түштөн кийин борбордук аянтты көздөй жөнөдү. Окуу аяктаган соң, үйүнө кетүүгө камынган студенттер аялдамаларда толуп турушту. Маршруткалар жүрбөй калган. Күтүп-күтүп жадаганда жөө жөнөп жатышты үйлөрүнө.

Мисирбек болсо бир-эки теңтушу менен Ак үйгө жөө-жалаң жөнөп берди. Буга чейин эле ал пикет болорунан кабардар болуп, «эгер баштalса барам» деген оюна бек эле. Ал өзүнүн балалык сезиминде бийлик кумарын татып калган нысапсыз бийликтен ажыраганча, элинин сүйүүсүнөн ажыраганды оңураак туярын түшүнбөсө керек. Бийлик башындагылардын анча-мынча болсо да уяты бар чыгар деген ал, чоңдордун кулагы катуулап, элдин «кыйналдык, кысталдык, биздин жашоо качан оңолот» деген чыңырыгын эч качан укпасын аңдабады. Кыйналган адамдардын үнүн жогору жакка жеткиргенге салымымды кошсом деген балалык сезим жетеледи Мисирбекти.

Ал достору менен отуруп калган кезде пикет-митингдер тууралуу сөз болокалганда эле, эмне үчүн жашоо-турмуш оңолбой, адамдар кыйналуунун гана үстүндө деп кала турган.

«Мына мен, мисалы, бүтүрөм окуу жайды. Андан кийин жумушту кайдан табам? Жогорку билимдүү бекерпоз боломбу? Эмне үчүн чоңдор жаштарга шарт түзүп бербейт?» деген ойлор анын келечекке болгон ишенимине күмөн саноону жарата турган...

...Аянтта кыйкырык, ызы-чуу. Митингчилер кара тосмону куушуруп кирип бара жатышкан экен. Мисирбек алдыга жүткүнө, элди аралап илгерилеп кетти. Жанындагы жолдошу тез эле таппай калды аны. Телефон чалса албайт, кыйкырык-сүрөөндөн укпай калды окшойт деген ойго жетеленген ал, алдыңкы катардагыларга ок чыгып, боо-боо болуп жыгыла баштаганда, артка кайтты.

Мисирбек алгачкы болуп шейит кеткен ошол алдыңкы катардагылардын бири эле.

Жапжаш уландын жүрөгүндө коркуу сезими жок, жанындагылардын жыгылып, кан төгүлүп жатканына карабай алдыга жүткүндү.



Мисирбектин үй-бүлөсү







жаткандыгын байкаган киши өлтүргүч мээлеп туруп басып калды, Ак үйдү жалтанбай карап турган анын бетине келип тийди коргошун…

…Баатырларды жайына бererде, үстүнө кызыл туу жабылган табыттар алынып келе жатканда казкатар тизилген толкуган көпчүлүк көз жашын төгүп турду, баштарын ийип турду. Жолдошбектин иниси Ата-Бейитте коштошуу сөзүн сүйлөп, ошол жерде отургандарды, миңдеген телекөрүүчүлөрдү жашытты…

…Жолдошбектин апасы уулунун сүрөтүн карап, күндө бир маал жоктоп алат. Сүрөттөн тиктеп турган күлмүңдөгөн уулу ага дагы эле тирүүдөй, кээде кирип келчүдөй туюлуп кетет. Перзентин жоготкон эненин оор жоготуусун сүрөттөөдө калемдин сыясы менен кошо көмөкөй кошо кургай түшөт эмеспи.

Нурия уулунун бул өмүрдөн эрте кеткенине ичи туз куйгандай ачышып, армандуу жашын төгүп-төгүп алганы менен, «Баламдын өмүрү кыска экен. Бирок, ал отуз алты жашына толуп-толбой аз жашоосунда эл оозуна алынып, жакшылык менен жагып, алыс жерлерди көрүп, эркек пендеси аткарчу бардык милдеттерди бүтүргөнгө үлгүргөнүн ойлоп таң калам.

Уулум бул аралыкта айылга ата-энесине там салып кубантып, Бишкекте иштеп кыйбас дос күтүп, алма, өрүк тигип көрктөндүрүп, ак сүйүүдөн жаралган кызын бапестеп чоңойтуптур. Үйдөгү бир туугандарынын алдында кадыры чоң Жолдошбегим акыл-насаат айтып, студенттердин эсинде унутулгус мугалим катары калып, чет жерде жүргөн кыргыздар менен байланышып, жардам көрсөтүп турган экен.

Мага жаш көрүнгөн Жоки балам эл оозуна алынып, далай-далай адамдардын алкышына татып жүргөн тура» деп сыймыктана, уулунун бул жалган дүйнөдө таза жашап, артынан из калтырып кеткенине каниет кылып жашап келет…

«ЭЛИҢ ҮЧҮН КУРМАН БОЛСОҢ ТАРЫХТА АТЫҢ КАЛАТ»



КУЛУБАЕВ
Жыргалбек
Советбекович

(22.02.1974-07.04.2010)

Кулубаев Жыргалбек Советбекович 1974-жылдын 22-февралында Жумгал районуна караштуу Көк-Ой айылында туулган.

1981-жылы Көк-Ой орто мектебинин босогосун аттап, аны ийгиликтүү аяктаган. 1992-жылы Чаек айылындагы автомектепти бүтүрөт.

1993-жылы Баткен шаары да аскердик милдетин өтөп келген. Демобилизация болгон соң, Бишкек шаарына келип, Кыргыз Республикасынын атайын милициянын орто окуу жайын бүткөн.

1995-жылы Ак үйдө күзөт бөлүмүндө кызмат кылат.

1996-жылданбаштап«Кудайберген» базарында машина тетиктерин сатып иштеп келген.

1997-жылы үй-бүлө күтүп, 4 уул, бир кыздын атасы.

2005-жылдан тарта ал «Ата Мекен» партиясынын активдүү мүчөсү катары, бир канча жолу митингдерге катышкан.

2010-жылдын 7-апрелинде курман болгон ал, Кичи-Арал айылына коюлган.

… Бурулсун эжей Жыргалбектин үйүнө дагы барды. Ал окуучусунун кылыгы тууралуу энеси Айсалкынга арызданып жатып, бир эсе ачууланса, бир эсе ичинен күлкүсү келип да жатты. Деги эле ушул классы мектеп боюнча эң шок, бирок эң тирикарак болчу. Класс жетекчи катары Бурулсун булар үчүн чоңдордон көп эле жеме укту, бирок баары бир аларды өзгөчө жакшы көрө турган. Окуучуларынан келечекте мекенчил, намыскөй адамдар чыгарына терең ишенчү, анткени алардын класстын, мектептин намысын талашкан убактарда көздөрүнөн күйгөн отко күбө болуп, ичинен сүйүнүп калчу.

Айсалкын: Бурулсунга чай берип жатып уулунун шоктугу тууралуу угуп башын ийкеп жатты, ичинен таң калат, «Бул чечек, үйдөн татынакай жүрөт деле, кандай эле мектепке барганда башкача болуп калат?»

…Биз жогоруда сөз кылып жаткан Жыргалбек Айсалкын менен Советбектин тун уулу. Советбек көп жыл өкмөттүн малын багып, Айсалкын саан саап, совет

Томолой жетим... уудай ачуу ушул сөз жүрөгүн сыздатып жүрүп, бой тартты.

Атасы Камайдын өңү-түсүн даана элестете албай калды. Катуу дартка чалдыккан атасы Үсөнбек үч жашка чыкканда каза тапты. Таякеси Турганбаев Камчыбек апасын Тоголок Молдодон көчүрүп келип эки бөлмө үй салып берип, каралашып турду. "Энелүү жетим эрке жетим" дегендей жакшыдан калган белегин канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай көзүнүн кареги менен тең айланып алдейлеп бакты каранар-карманар жалгыз медерин Турсунбү.

- Ээ, Үсеке, мен азыр жашмын, сени багып атам. Кийин мен карып, бүкчүйгөн кемпир болгондо сен кантип багасың? - деп калчу апасы китептен көзүн албай сабагын жазып олтурган уулуна ичи элжирей.

- Мен чоңойгондо Фрунзеге барып чоң окуудан окуп келем. Кантордон иштеп, айлык алганда сизге момпосуй, гүлдүү көйнөк алып берем, - деп жеңи менен мурдун жаныр койчу эрдемсине.

Кагылайыным, «жалгыздын жары кудай» дейт. Ылайым ушул тилегиңе жетсең экен. Сенин үйлөнүп-жайланганыңды көрүп, балаңды жетелеп жүрүп өлсөм арманым жок эле.

- Ики, антип айтпа, сен өлүп калсаң мен жалгыз калбаймынбы, таарынгандай мурчуя карачу.

Алдыңа кетип калайыным, тамашалап атпаймынбы. Сени жалгыз таштап өлбөй калайын. Кудай буюрса шаардан окутам, сулуу кызга үйлөнтөм, балдарыңды багам. Өзүң тилегендей жакшы кызматтан иштеп, жакшы үй салып, мага кооз кийимдерди, алтын шакектерди алып бересиң. Жараткан жалгызымдын ушул тилегин кабыл кыла көр.

Мүнөзү жумшак, бир жакка жумшасаң аный дебестен чуркап кеткен бейчеки сүйлөбөгөн, сабакты жалаң "бешке" окуган Үсөнбекти мугалимдери да кошуна-колоңдору да жакшы көрүшчү.

Үсөнбектин 3-класста окуп жүргөн учуру эле. Күндөрдүн биринде мектептен тердеп-кургап, үйүнө чуркап кирип келди.

- Апа, мени Москвага Артекке жиберебиз деп атышат. Деректир агай сизди чакырып кел деп жиберди. Бол батыраак кийиниңиз.

- Ыя, Москвага дейсиңби? Турсунбү чочуп кетти. - Сени менен кошо дагы кимдер барат экен ?

- Билбейм, жакшы окугандарды жиберип атышыптыр. Болуңуз, батыраак, күтүп калышты, бат келгиле дешкен.

Мектепке жеткенче ою онго бөлүндү Турсунбүнүн. Кенедей неме Москвага кантип бармак эле. Жолдон дагы ооруп-сыктап, бир кырсыкка учурап калбасын. "Ач кулактан тынч кулак" - дейт. Жибербей эле коёюн.

- Турсунбү, сүйүнчү Үсөнбегиңди мыкты окугандыгы үчүн Москвага "Артекке" жиберип атышат. Эмдиги жумада жөнөшөт, камынгыла, - деген деректирге тике карай албай ыйбаа үн катты:

- Жок, барбай эле койсун. Жолдо да алда эмне болот? Жалгыз баламды жиберип коюп, кайтып келгенче ар кайсыны ойлоп, жинди болуп кетпейминби. Башкалар барсын.



Үсөнбек үй-бүлөсү менен





…Мөгдөгөн Айсалкындын эсине уулу менен сүйлөшкөн бир учуру түштү:
Жыргалбек жайдаңдай, шаарга догдурга көрүнгөнү келген апасына:
- Апа, мен айылга көчүп кетсемби деп жатам…
- Ии, ботом, эмнеге?
- Айылым эле көзүмө ысык көрүнөт. Кичи-Аралга килейген там салып туруп, жаныңарга жашайм. Шаардын кыжы-кужусунан тажадым.
- Койчу, айланайын, бутуңа деги туруп алдың. Айылга келсең жумуш жок да. Шаарда эле тура бер, балам. Сагынсаң айылга барып бир аз жүрүп келерсиң.

Мулуюп унчукпай калган уулу апасынын айтканына муюй, жакында киндик каны тамган жерге барып, тели-теңтуштары менен чер жазышып келүүгө ниеттенип алды…

«Кагылайын, ай, Жумгалыма келем деп эле калдың эле, жүрөгүң сезген тура…Туулган жериңди эмне мынча күсөдүң, акыры түбөлүк анын кучагына кирип, жаның тынды, ээ»…Эне жүрөгү сыздап турду…

«ТӨГҮЛГӨН КАНЫБЫЗ АКТАЛААР БЕКЕН?»



МАКСУТОВ
Эдил
Акматович

(24.02.1981-07.04.2010)

Максутов Эдил Акматович 1981-жылы 24-февралда Жумгал районундагы Миң-Куш шаарчасында жумушчунун үй-бүлөсүндө туулган.

1988-жылы А.С.Пушкин атындагы орто мектебине кирип, ийгиликтүү аяктаган. Ал классташтарынын эсинде өзүнүн куудулдугу, бирөөнү бир паста өзүндөй кылып туурап ийип күлдүргөндүгү, ак көңүлдүгү менен калды. «Эдил жок баягыдай шаңга эч ким бөлөбөй, тунжурап эле калдык» дешет классташтары.

1999-жылы Балыкчы шаарындагы куралдуу күчтөрдүн катарында кызмат өтөп, командирлерден бир эмес, бир нече жолу алкыш алган. Ал жактан өзгөчөлөнүп, ардактуу күзөттө турчу.

2001-жылы Миң-Куш шаарчасындагы №24 кесиптик окуу жайына кирип, газоэлектроширетүүчү кесибин алып чыккан.

2007-2008-жылдары Казакстандын Балхаш шаарында куруучулук жумушында иштеп келген.

Атасы Акмат оорудан кайтыш болгон.

Апасы - Калбүбү. Эдил алты бир туугандын кенжеси. 7-апрелде ок көкүрөгүнө тийип, Ата-Бейитке коюлган.

Эдил, анын бирге иштеген жолдоштору дубалды кырып бүтүп калышты. Бул курулуш илгерки совет доорунда салынып, бир кезде дүкөн же ашкана катары кызмат өтөгөн көрүнөт. Эски болгону менен, дубалдары калың, пайдубалы бекем имаратты балдар кайра жаңыртып, татынакай кафеге айландырышы керек, кожоюндун тапшырмасы боюнча.

Кожоюн демекчи, евроремонт менен көптөн бери алектенген жигит ар бир кожоюндун кандай болорун анын өңү-түсү, кабак-кашынан эле баамдап ала тургандай болуп калган. Эмнегедир байлык адамдын көзүн май бастырып коёбу, иши кылып кожоюндардын көбүнүн эле курулушчуларды ыраазы кылайын деген ниети жок. Алар кылдан кыйкым таап, «кафелди кыйшык чаптапсың, дубал түз эмес экен» деген шылтоо менен эмгек акысын оңдуу

бербей, сүйрөгөндү жактырышат. Эдил алардын жаратылышын түшүнө албай келет, мындай карап турсаң ушул чириген байлардын көбү эле байлыгын арам тер төгүп табышканын элес албай, ак эмгек менен жашаган курулушчуларды текебер карап тыңсынганы, алардын акысын жеп, байлыгын сарамжалдаганга аракет көрүшкөндөрү айран-таң калтырат.

Бул жолку кожоюну да ошолордун катарындагы неме окшойт, битиреп, ар бир чарчы метрден бир сомдон болсо да азайтуунун аракетин көрүп, жада калса түшкү тамак менен камсыздагандан качты. Жигит буга кейиген деле жок. Кудайга шүгүр, мекенинде жашап жатат, аракет кылып Ак-Бата жаңы конушуна там деле салып алган, апакеси, бир туугандары жанында, өз үйү, өлөң төшөгү дегендей. Кудай чет жерде мусапыр кылып, башка элге күн түшүргөндөн сактасын. Эдил ушундай күндөрүн эске түшүрүп ийди.

...Казакстандын Балхаш шаарына Эдил жолдоштору менен курулуш иштеринен бакыт издеп келген эле. Жумуш тез эле табылды, көп кабаттуу тамдын ичин толугу менен жасалгалап, заманбап кейипке келтирүүгө тапшырма алышты. Чет жерде иштеген кыргыз жигиттери өздөрүнүн тарамыштай чыдамкайлыгы, тырыша иштегендиги менен айырмаланышат. Бирок, эмнегедир башка урдастар менен бирдей, керек болсо ашык иштешсе да, эмгек акылары алардыкынан азыраак. Эдилдер буга деле кайыл болушту. Негизгиси, жумуш бар, буюрса үйүнө бир топ каражат таап барабыз деген үмүт жетеледи аларды.


Казак жергесинде негедир күн Кыргызстанга караганда эрте чыккандай сезилет, ал жакта биздегидей кай жакты караба, тоолор көрүнүп турбагандыктан ушундай таасир калтырса керек. Уясынан көтөрүлгөндө эле көмөчказандай кызып, балбылдап чыккан күн менен кошо иш башталып, кечке тыным алмай жок. Имараттын ичи үп болуп, курулуш материалдарынын уулуу жыты аптапка аралашып, адамдын мээсин эңги-деңги кылат, жарым чөлдүү аймактын ысык шамалы адамды салкындатмак турсун, ого бетер бышырат.

Суук түшкөн соң, ушул аптап да көздөн учуп, сөөктөн өтө сыздаткан муздак, нымдуу аба балдардын жарым ден соолугун билгизбей кайсады. Мына ушундай шартта иштеген кыргыз жигиттер имаратты жакшынакай кылып жасап беришкен соң, кожоюну алардын эмгек акысын бербей, ар кайсы «ремонт ойдогудай эмес, үч маал тамак ичтиңер» деген шылтоо менен арзыбаган акчаны алардын алаканына салды.


Эдилдер эмне кылсын, адамдын эмгегин жегенден коркпогон кожоюнго акыреттен көрүшөбүз дегенчелик кылып, супсуну сууй, элине кайтып келишти. Ушундан кийин ал «өз элимден айтсын» деп бөтөн жерден иштегенден көңүлү кайт болуп калган эле...

...Жигиттер түшкү тамак убагында кобурашып, жаңы кожоюнун кеп кылып жатышты.

- Ыя, Эдил кандай дейсиң, мунун жыргата турган түрү жок го, күйгөн теридей тырышып?



Эдил жакындары менен



- Мага деле ушундай туюлуп жатат, эмне кылмак элек, негизгиси жумуш табылды, аздыр-көптүр акча табарбыз.

- Качан бир туруктуу жумуш таап, көңүлүбүз ток жашаар экенбиз, - күрсүнүп алды жолдошу.

- Бийликтегилер качан ушуну ойлоп, бизге кам көрүп жумушчу орундарын түзсө ошол күнгө жетебиз. Бирок, анда төөнүн куйругу жерге тийип, күн таптакыр чыкпай калып куурап жүрбөйлү, - Эдил купшуңдай сүйлөдү.

- Ии, баса, сен жеткен оппозиция эмес белең, баягыда пикетке чыгып аткандай болдуң беле?

- Ооба, бала ыйлабаса, эмчек кайда. Аларды улам тынчын алып, эсине келтирип турбаса болбой калды. Эл эмне болот деп бир ойлоп коюшса эмне. Тигинтип

жыл акушер болуп иштеп, агынан уул, кызылынан кыз төрөп, акыл-эстүүлүгү, адамкерчилиги менен элге алымдуу таенеси Беккелдиева Сүйөркан алдына келип олтура калган жээнинин чачынан сылап, мээримин төгө эркелетип.

Атасы айыл чарба институтутун бүтүрүп келип, Жеңиш колхозунда агроном болуп иштеп жүргөнүндө Молдобасан атындагы орто мектептин 1-классынын босогосун аттады. Апасынын али эрте, жата тур дегенине көнбөй сабагымдан "беш аламын» деп эрте туруп алып окучу. Көп узабай атасы Тилектеш, андан соң Ак-Чий айылдарынын өкмөт башчысы болуп иштеп турганда ал айылдардагы мектептерде эң жакшы окуп, эл оозунда "Айыл өкмөтүнүн баласы оорбасырыктуу, адептүү экен - деген мактоолор айтылып жүрдү. Ак-Чийде турганында болгон бир окуяны апасы алигиче эстей берет. Сүйүндүк айылга бак-даректарды тиктирип ал парктын ачылышына айыл эли түп көтөрүлө келишкен. Аңгыча Жакшылык деген мугалим райондон чоңдор келгенче эрмектеп балардын күрөшүн көрүп олтуралы. Азыр Карасартов Адилет менен Алтынбек күрөшөт, - деп калды. Муну укканда элдин арасында олтурган Майрамкүл чочуп кетти. Уулунун балдар менен күрөшкөнүн дегеле көргөн эмес, каап чыкпай эле койбойбу. Денеси чымыр, толугунан келген "атаман" атка конгон Алтынбектен жыгылып калып, шагы сынбаса экен. Экөөнүн күрөшү көпкө созулган жок, ары-бери карагыча эле Адилет көтөрүп чаап, далысын жерге тийгизип башынан аттап кеткенде элдин баары: "азамат, атанын баласы деген ушул " деп кыйкырып калышты.

- Экөө жолдо келатканда: «Адилет, күрөшкөнгө чыкпай эле койбойсуңбу, жыгылып калсаң уят болмоксуң», - деген апасына күлүңдөй карады:

- Ики, мен деле билген эмесмин. Эркек бала деген намыскөй, кыйын болуш керек да, Жакшылык агай айтканда эле чыгып калдым.

Адилеттин эң мыкты окугандыгынан келечегинен көптү үмүттөнгөн ата-энеси Бишкекке жиберишти. 8-9-10-класстарды № 5 Улуттук компьютердик гимназиядан окуп, "аалам терезесинин" сырларын тез эле кылдат өздөштүрүп алган айылдык баланын бөтөнчө зээндүүлүгү мугалимдерди абдан таңгалдырды. Кайра айлына келип, 11-классты чоң атасы Карасартов Эсенгул атындагы орто мектепти бүтүрүп, тесттин жыйынтыгында жогорку балл алып, атасынын: «Чоң атаң экөөбүздүн жолубузду жолдоп, «сельхоздон» окугун. Өмүрдүн булагы болгон суу инженери болгун "деген өтүнүчүнөн улам К.И. Скрябин атындагы Кыргыз Агрардык университетинин гидроинженердик факультетине келип кирди. Өз балдарынан кем көрбөй көзүнүн агы менен тең айланып турган бир тууган таежеси Идирисова Анаркүл менен таажездеси Жусупов Эркинбектин үйүндө эч нерседен кем болбой эркелеп жашап, жалындаган жаштыктын романтикалуу мезгилин бактылуу өткөрдү. Университетти жакшы окуп, коомдук иштерди баш-оту менен аткарып, кадыр-барк күттү. 4-курстан окуп жүргөндө ата-энеси таажездесинин үйүнүн жанынан (Ак-Жар жаңы конушунан) сатып берген жерге достору менен фундаментин куюп, айланасын тосуп койду. Кудай буюрса эмдиги жылы жаз алды менен үйүн бүткөрүп, жаңы конушуна көчүп кирип, ата

энесин кубантат. Келеркиде 11-классты бүткөн өзүнөн кийинки иниси Актилек келип, жогорку окуу жайына кирет. Көп узабай Калысбек менен Чынболот да келишет. Уулдарынан санаасы тынбаган ата-энеси ат тезегин кургатпай шаарга бат-бат келип, сагынычтарын таратып турушат. Анан нике кайып буйруп, алгачкы тунук сүйүүсүн арнаган Асели менен баш кошсо экөө кандай бактылуу болушат эле.

Адилет оош-кыйыштуу делген турмуштун улуу жолуна кадам таштады. Дипломдук ишин Чуй облусунун Чүй районундагы "Маданият" дыйкан чарбасынын жерлерин сугаруу" деген темада 5 ке жактап, "Айыл чарбасын суу менен камсыздоо, суу жеткирүү жана суу чыгаруучу инженердик системалар" адистигин алып айлына кайтып келди. Эки бирдей атасы жашоонун, өмүрдүн байлыгы деп ыйык туткан суу инженери деген ардактуу кесиптин ээси болгону менен кызмат табылбады. Көкүрөк көөдөнүн жылдан-жылга жокчулуктун, жумушсуздун каарын тартып, аргасы түгөнүп алдастаган элдин айтып түгөткүс кайгы-касирети ээлеп алды. Кыргыз элинин, мамлекеттин эртеңки тагдыры үчүн башын канжыгага байлаган эр азаматтардын ак жеринен айыпталып, темир тордо олтурганына, ачуу чындыкты айтып чыккандардын буюртма өлүмдөн ажал таап, сөөгү өрттөлгөнүнө жүрөгү сыздап, кеги кайнады.

- Жок, жок, элдин жонунан кайыш тилген мындай кордукка, жан этти жедирген жакыр жашоого чыдоого болбойт. Кудай теңирин тааныбай, байлык, дөөлөткө эсиргендер өз энчисин алар, эл эңсеген жаркын жашоонун жарыгы жанар да кез келер, - деген үмүт жүрөгүнө жылуулук уялатып жүрдү эл уулунун.

2009-жылдын 3-ноябры Сүйүндүк менен Майрамкүлгө маңдай жарган, көптөн күткөн кайната, кайнене болуу бактысын ыроолоду. Адилетинин тунук махабатына арзыган Тилектеш айлынын ыманы ысык, татынакай кызы, БГУнун экономика факультетинин 2-курсунун студенткасы Такырбашова Асел "аккан арыктан суу агат" дегендей канат бутагы жайылган куттуу үйдүн босогосун аттады. Тун уулунун үйлөнүү үлпөтүнөн аянышкан жок, дасторконун дүйүм тамакка толтуруп, тойго келгендерди урматтап узатып жатышты. Аппак шайы жоолук татына жүзүнө куп жарашып, чырайына чыга түшкөн Аселдин ийиктей имерилип, үй ичин мизилдете тазалап, уй саап, айран уютуп, дасторконду жайнатып, дүйүм тамак жасап бергенине жетине алышпай, кызындай жакшы көрүп калышты. Кечке кызматында жүргөн атасынын ордуна сырттагы жумуштарды жасап, мал жайлашып, очойто жааган карды күрөп жаны тынбаган уулун: "Кагылып кетейиним, силерди кудай айдап келген тура. Экөөң болбосоң быйылкы кыштан кантип чыкмак элек, - деп эбедейи эзилген апасына жадырай карап: "Атам экөөңөр биздин аскар тообуз, медерибизсиңер. Асел экөөбүз силерди алаканыбызга салып, алпештеп багып алабыз" - деп кудум бала кезиндегидей эркелеп койду.

Жаш жубайлар жыл жаңыраар алдында Бишкекке барышып, Аселдин кышкы сессиясын тапшырып, 30-декабрдын кечинде үйлөрүнө келип калышты. Кыялкеч, тамашөкөй Адилет башына Санта Клаустукуна окшогон кызыл топу

Жаштарды тартипке чакырып, акыл айтып, кеңеш берген наабаттуу адам катары элдин эсинде.

Зарлыкбек менен Зуурабүбү экөө он төрт бала көрүштү. Бирок, анын кичине кезинде чарчап калгандары да болду, көзгө көрүнгөн, мөмөлүү даректай очор-бачарлары да эненин сай-сөөгүн сыздатып, бул дүйнөдөн эрте көчүштү.

Аларды эстегенде Зуурабүбү өзүн коёрго жер таппай кетет.

...Эгиз балдары бар эле, Акылбек, Акылай деген.

Көзгө көрүнүп басып жүргөн кезинде Акылбеги катуу састумоодон учуп кетти чымчык болуп. Эне кайгыдан эми баш көтөрүп, эси-учун жыйнап калганында Акылайы татынакай туруп эле, бир түндө этине бүдүр чыгып, ал да ажалга туруштук бере албай калды.

Тагдырдын ташбоорлугу ушунча экен, бул аз болгонсуп, беш балалуу Бүбүсайрасы авариядан кайтыш болуп, капкалуу шаар бузулду. Зуурабүбү анын кызын колуна алып, чоңойтуп, окутуп-чокутууда.

Эненин башынан оор күндөр көп өттү, азыр ал балдарынын амандыгын гана тилеп Алладан суранып отурган кези...

...Сыргак бүгүн демейдегиден кечирээк турду. Бүткөн бою талмоорсуй, оор тартып калыптыр. Жаздын муздак илебиненби же керээли-кечке түрткөн тачкенин кесепетиненби, айтор бели сыздап, бүткөн бою зыркырайт.

Кер мурут, сымбаттуу кебетесинен улам теңтуштарынын арасында «Максим Горький» лакап атын алып жүргөн анын колу ар ишке жөндөмдүү болуп, ушундан улам борбор калаада европалык типтеги ремонт иштери менен алектене турган. Жалданманын жумушу жалданма экен, бир күнү акча «балп» этип түшүп сүйүндүрсө, кээде буйрутма чыкпай жумалап жумушсуз отуруп калышат. Союз таркай электе алган машинист-тракторист экендигин күбөлөндүргөн кагазы эч нерсеге деле жараган жок. Кайдан жарасын, ал иштей турган колхоз-совхоздор дыйкан чарбага тарап, ал айдай турган айыл-чарба техникалары ар кайсы коросдо жетимсиреп, датка жем болуп жатса.

Биздин каармаңыбыз – кандай жумуш жок болгон күндө да, отуруп калбай, колуна тийген иште иштеп, кара жумуштан качпай, үй-бүлөсүнө желип-жортуп нан таап келгенди жогору койгон жигит. Сөзгө сараң, момун мүнөз ал балдарын өзгөчө жакшы көрөт. «Ушулар мен тарткан кыйынчылыкты тартпай, эч нерседен кем болбой өссө экен» деген ою ар дайым жадысында. Турмуш деген ар кандай экен, келинчеги Алмагүл экөө ортодо бир канча жыл турмуштун өйдө-төмөнүндө кыйналгандары Сыргактын бир кыйла көңүлүн ооруткан эле. Азыр алар жарашышкан, жан үрөгөн ата бала-чакасын колдон келишинче канаттууга кактырбай багуунун аракетинде, желип-жортуп каражат табуунун түйшүгүндө...

Курулуш иштери менен алектенгендер декабрдан баштап, майга чейинки убакытты жаман көрүшөт. Себеби, ушул маалда, «өлүү сезон» башталып, жумуштун жоктугунан айрымдар айылга барып убакыт өткөрсө, кээ бири убакытты бошко өткөрбөй, шаардан эле ар кайсы жерден иш тапканга аракет кылышат. Сыргак да Ош базарынан тачке түртө турган жумуш таап алып, «бекер отурганча бекер иште» деп буга шымалана киришти. Керээли-кечке иштеп, кечинде бут тарта албай, кирпигин ирмегенге алы жетпей, суй жыгыла чарчап кэлет. Эртең менен талыкшый, арка-бели ооруп калганы менен, жумушка бир аз иштегенден кийин бүткөн бою жибип, оорусун сезбей деле калат...



Сыргак апасы, бир туугандары менен



...Бүгүн биринчи эле кардары эң жагымсыз болуп чыкты. Курсагына туурасынан акча салган капчыгын тагып алган ал контейнерден дүңүнөн соода кылып, коробкаларды үстү-үстүнө жүктөтө баштады. Сыргак автоматтык түрдө аларды санап жатты: тигине таңгакталган минералдык сууларды, суу майларды, эң үстүнө жетпей жаткансып, Кытайдан чыккан тооктун сан эттерин коробкалап жүктөттү. Тачкени кудум эле адам эмес, төө сүйрөй тургандай түшүнүктө жүргөн китирейген боз чаңгыл көздөрү ирмебей тиктеген кардары «дагы эмне жүктөп ийсем» дегендей контейнердин ичин дагы бир сыйра тегерете карап алды да, күрсүнө башы менен жаңсай «кеттик, Чуйскийдин наркы өйүзү» деп буйруду.

Тачке түрткөндүн да өзүнүн ыгы болот, эгер бир түрткөндө эле шар айдасаң жеңилирээк, бирок башынан күүлөндүрүп албасаң анда күч-кубатыңды туура эмес пайдаланып, ашыкча жумшап, тез эле чарчап каласың. Катуу түртүп баратып, кишини жөөлөп кеткен учурлар да кездешет: андай убакта же балит сөздөрдү угасың, же кекээрлей жийиркене карашат, кудум эле элден жамандыгыңдан, төмөндүгүңдөн ууру кыла албай, же бирөөнү тоногон колуңдан келбей, тачке түртүп жүргөнсүп. Мындай адамдар кара жумушта иштеп, адал нан тапкан кишиден көрө, ууру кылып, же эл ырыскысын жеп-ичип байып, кабат-кабат там салган, кычыраган машине мингендерди көбүрөөк сыйлашат эмеспи.

Сыргак базардагы чөөттөрдөн, уңкул-чуңкулдардан «Формула-1дин» айдоочуларындай болуп буйтай, зыпылдата жүгүн тартып, тез эле көздөгөн жерине жетти: шыпылдап товарды машинеге жүктөп жиберген соң, бозомук көзү менен тикирейе тиктеген кардары ал күткөн элүү сомду эмес, бырышкан-тырышкан отуз сомду сунду.

- Элүү сом бересиз?.

- Болот ушул, май куюп аттың беле!? - тыржыя жактырбай сүйлөгөн ал машинесин от алдыра жөнөп кетти.

Токтоо мүнөз Сыргак анын артынан башын чайкай карап, ичинен аяп да койду: «ээ, бечарам, көрпенделикке жеңдирген экенсиң, ээ»…

…Биздин каармaныбыз өнөрлүү жигит эле. Токмоктогу ПОШто иштеп жүргөн кезинде ыр кеселерге катышып, сармерден айтып, комузга кол ойното күү чертип, чер жазып берчү замандаштарынын. Ким билет, тагдыр сызыгы башкача чийилсе, кыргыз журтчулугуна белгилүү өнөр ээси болуп чыкмактыр. Бирок, жашоо тамашасы ушундай экен, анын таланты күнүмдүк көр оокатка, замандын капшабына тебеленип, тумчугуп, өркүндөбөй кала берди…

Ар кандай кыялдагы дагы бир топ кардарларды тейлеген соң, билинбей түш да келип калыптыр, шам-шум этиш керек. Чогуу иштеген жоро-жолдоштору менен кобураша, түшкү тамагын ичип жатышты.

Алардын бүйрүн кызыткан шыбыш – Таластагы пикет болду. Чын-жалганын ким билсин, иши кылып Манастын жердештери өкмөттөн барган кишилердин алдап-соолаганын укпай, өздөрүнүн катуу талаптарын коюп, жарга такагандай кылып жатышыптыр. Буга чейин байма-бай Нарын жергесинде да митингдер болуп жатканы угула калып турган эле. Жетим-Тоого, көтөрүлгөн электр энергиясына катуу нааразы болгон теңир-тоолуктарды ошол кездеги премьер-министр Д.Үсөновдун калп сөзү менен алдап тынчытайын деген аракетинен майнап чыкпагандыгын да эшитишкен.

- Бизде да пикет болсо чыгат элем, энеңди урайын, тоюп кеттим жашоого. Же оңолушубуз, же жоголушубуз керек, бир ууч кан соргучтарга качанкыга чейин баш ийип жүрө бермек элек, - кызуулана сүйлөдү кайсы бир оппозициялык партиянын мүчөсүмүн деп жүрчү жигит.

Кобурашкан жигиттердин негизги темасы - тарифтердин кымбаттаганы, жепичкендер жеп ичип, бирок куспай, караламан калктын жонунан кайыш тилип

жаткандыгы болду. Бийликке чоң кусаматтыгы, эл бийлеген «эл атасы» имиштердин журту үчүн кам көрмөк түгүл, анын ырыскысын түпсүз ашказанына куюп жаткандыгына нааразылыгы алардын пикир алышуусун кермек даамдантып жатты...

...7-апрель күнү ал демейдегисиндей эле үрүл-бүрүлдө турду. Кичинекей батир, уйкусунун канбагандыгынан көңүл кирдеп, оор тарткандай. Бүгүн ал демейдегидей эмес, башкача эле. Желкеден баскан турмуштун оор жүгүнө кошула, апасынын кант диабети менен жабыркап жүргөнү эсине түшүп, бир оор улутунтуп алды. Апасы Сыргакты айылда жумуш жок болгонуна байланыштуу, балдарыңа тыйын-тыпырды шаардан таап бак деп шаарга эле жашаганын эп көрө турган. Сыргак адаттагысындай эле жумушуна келсе, базарда дуу-дуу кептер жүрүп жатыптыр: Ак үйдүн астында пикет болуп, бүгүн Бакиевди да Акаевчилетип аркасын каратпай кубалашат экен. Тачке түрткөн жолдоштору өздөрүнчө эле дүргүп алышкан. Бири «кеттик, атасынын көрү, мүмкүн кубаласак кубалап ийербиз» десе, бири «Бакиев мен Акаевдей болуп качпайм, атам» деген, байкасаңарчы» деп насаат айтат. Топтошкон балдардын арасында «канча сомдон берет экен, пикетке чыксак» деп кызыга сурамжылагандар да чыкпай койгон жок, же «пикетти эмне кылат экенбиз, эптеп оокатыбызды кылбайбызбы» деген дагы сөздөр айтылып жатты. Сыргак демейдегисиндей эле ойлуу тарта, ашыкча суроо да бербей, Ак үйгө бет алган жолдошторуна кошулуп жөнөп кетти.

Анын жанына элдин, анын ичинде өзүнүн кыйналыш жашоосу таштай батып, эл ырыскысын соргон бийлик кетмейин, эч ким жыргабасын түшүнүп, ичинен сызып жүргөн кези эле. Бүгүнкү күн болсо эл тагдыры үчүн чечүүчү күн экендигин жүрөгү туйганы менен, бир нече гана сааттык өмүрү калганын эрен сезген жок.

...Ар дайым Нооруз майрамы чоң шаң менен майрамдалып, кудайдын улуу айт намазы окулуп туруучу, махабат отуна кабылган жаштардын сейилдеп жүрүүчү сүйүктүү жайы - Ала-Тоо аянты бүгүн бир башкача коркунучтуу кейипте экен. Жигиттердин сүрдүү айкырыгы, снайперлердин огунун ачуу үнү, Ак үйдүн тосмосун сүзгүлөгөн оор машинелердин күркүрөп-шаркыраганы аралашып, тозоктун доошу сымалдана, борбордук аянттын аппак мармар имараттарын шашпай аралап, шаарга сиңип кетип жатты.

Өлөрмандана алга чуркаган көкжалдардын арасында Сыргак да жүрдү. Эл тагдырын чечкен бул кармашта анын жоош момун экендиги, коймаректиги да көрүнбөдү, ажо кире качкан коңулга тажаалдана умтулган жигиттердин бириндей эле, анын жүзүнө сүр кирип, эч нерседен тайманбаган бабаларынын руху дем берип турду.

Ал бул жан аябаган кармаш өзүнө болбосо да балдарына, алардын келечегинин жаркын болушуна жол ачар деген астейдил үмүттө эле…

...Кандуу кармашта ок анын жүрөгүн көзөп өттү. Аттиң, Сыргак өзү ойноп чоңойгон, туулуп өскөн айылы Кызартты да, аркасында ар дайым жөлөк-таяк

...Ушул жылы эмнегедир аябай каатчылык өкүм сүрдү, жаңы жылдан баштап. Электр энергиясынын эки эсе кымбаттаганы Эрнистердин үй-бүлөлүк бюджетине таасирин тийгизбей койгон жок. Үйдү да электр энергиясы менен жылытып, бүт тиричилиги электр энергиясына байланган алар, ай сайын светтин акчасын төлөгөндө кыйнала калып жатышты. Пирожкини да электр энергиясына бышырган Жийдегүл, контролёр келип кагаз берген сайын кабагы кирдей түшөт. Эрнис эркек эмеспи, ар бир киловатт-саатка бир жарым сомдон төлөгөнүнө кайыл болуп, «мейли эми урунуп жатпайбызбы, ушуну менен нан таап жеп отурабыз. Эгер мамлекетибиз үчүн пайдасы болсо эчтеке болбойт, өлбөйбүз» деп коёт кээде. Анткен менен жигит телефондук байланышка кошулган алтымыш тыйынга аябай кыжырланды. «Булар эмне өлгөнү калышканбы, эми эмне оозубуздан жел чыкканга да төлөйбүзбү? Жакында дем алган абаны да сатып алган абалга жетебиз го?» деп ачуулана айран калат.

Жазга маал пикет, митингдер көбөйгөн сайын, «Бул Бакиев элдин кыйналганын кантип сезбейт? Эмне эл жыргаганынан көчөгө чыгып жатыптырбы? Аа-ай, илгери бир хан элин кедейдин кийимин кийип алып аралачу экен, алардын жашоо-турмушун жакшылап билейин деп. Эми деле чоңдорубуз ушундай болсо гана? Ой, алар кантип түшүнбөйт, кандай кыйынчылык өкүм сүрүп жатканын» жобурана коюп жүргөн Эрнис, 6-апрелде орус телеканалдарынан Талас шаарынын мамлекеттик администрациясынын алдындагы кагылышты көрдү түн ортосунда.

- Ыя, Жийдеке, эртең республика боюнча пикет, митингдер болот деп жатышкан эле, мен да барсамбы? Бул кутурган бийликти кетирбесек болбой калды окшойт? - суроо салды күйөө.

- Койчу, эптеп балдарды араң багып жүрсө, кайдагыны чыгарбачы. Бийликти сенин катышууңсуз эле алмаштыра беришсин, балдарыңды ойло, - Жийдегүлгө анын айтканы жага берген жок анчейин.

Эртеси Эрнис болбой эле пикетке бармакчымын деп калыптыр. Даалдап, бир нерсеге баш оту менен кирип кетүүгө жөндөмдүү күйөөсүнүн сырын билген келин, «Барбай эле койсоңчу?» деп кабагы кирдей, жубайынын жеңине жабышты.

- Сен кызыксың го, эл чогулуп жатса, эмнеге барбайт экенмин? Ушундай күнү четтен карап тура бергенге кандай акым бар?Ансыз да жыргап жашаганыбыз жок. Шанс келип турганда кетиришибиз керек, эл үчүн күйбөгөндөрдү. Эрнис көнбөй колун сууруп алып, сыртка жөнөдү. Аялынын «Токто эле, токто» деп суранганын кулагынын сыртынан кетирди, аркасынан жүгүрүп алек кылбасын деп, эшиктин сыртынан кулпу салып кетти, Ала-Тоо аянтына.

...Эрнис аянтка келип уруштун дал кызып турган маалына туш болду. Баатырлардын канына сугарылган Ала-Тоо аянтын сургулт асман кабагын сала, жамгыры менен жуугандын аракетинде экен. Кайдан жууй алсын, хан төктүргөн канды.

Эрнис алдынан тоскон окко карабай өлөрмандана чуркаган балдарды ичинен аяй, «абайлагылачы балдар, окко жүгүрбөгүлө» деп акыл үйрөтүп жатты.

Бирок, өзү жанын калкалаган жок, четке чыга берүүнү ойлободу. Кан сарайын курчаган темир тосмо ачыла элек маал эле. Муздак жамгыр себелеп турду. Каары ашып-ташкан эл арасында балдар жыгылып жатышты. Күлгүндөй боз балдардын өмүрлөрүнүн соолуп жатканына табиятынан боорукер Эрнис жаны ачый, каңырыгы түтөдү. Анын так жанындагы өлөр-тирилерине карабаган калыбы студент болсо керек, сымбаттуу улан кимдир бирөө түртүп жибергендей аркага чабыла түшүп, сулады. Эрнис аны жөлөй калайын деди, жөлөгөнгө жетишпеди, дагы бир ок мурдагыга жарыша келип, ага тийди...

Жийдегүл Эрнис бекитип кеткен эшикти ача албай, терезени талкалап чыкты. Эрнисти издебеген жери калбай суй жыгылып, өлүү-тирүүсүн билбей эки күн өттү. Акыры бажасы өлүккананын биринен таанып алып чыкты.

Аялы ооруканаларды кыдырып санаасы санга бөлүнүп үйүнө келди. Эшиктин астына тизилген толтура машинелерди көрө сала жүрөгү болк этти, жаманчылык болбосо экен кудай ай деп тиленип жиберди кудайдан. Жаман кабардан шекшип, бирок уккусу келбей турган ары жок кулак, Элдияр менен Элнуранын атасыз калганынан кабардар болду...

Эрнис атасынын жанына коюлду.

«Келдиңби, балам, эмнеге шашылдың?», күңгүрөндү ата.

«Мен каалаган деле жок элем. Бирок, сен өзүң мага эркек деген эл үчүн дечү эмес белең, унутуп калдыңбы?»

Эрнис жооп кайтарды.

«Топурагым сууй электе, кыркылыгым бериле электе жөнөп калыпсың. Балдарыңды ойлогон жоксуңбу?»

«Ошол балдарымды ойлогон үчүн ушуга бардым. Алардын келечеги жакшы болсун, мендей кыйналбасын дедим».

...Эрнистин 80ге чыккан апасы Сайнап уулунун кичинекей кезинен берки кылык-жоруктарын эсине бир маал түшүрүп, үшкүрүгү таш жарчудай. Эгерде ал тирүү болгондо анда ал абышкасы каза тапкандан кийин кенжесинин колунда болмок эле. Тагдыр экен, улуу баласы Токтосундун колуна барган ал күнүгө эшикке чыгып, көз жашын төгүп-төгүп алганы менен, кайдан табылсын.

...Эки баланы кантип багам деген оор түйшүктү жонуна көтөргөн Жийдегүл азыр каржалып иштеп, нан тапкандын түйшүгүндө. Чарчоодон, күйүттөн шаймаңы кеткен эне уулу Элдиярдын жүрөгүнө кек түйүлгөнүнө сарысанаа. Атасын жоктоп, кусага баткан анын «Мен чоңойгондо, атамды өлтүргөн кишини таап өч алам» дегени анын жүрөгүн селт эттирди.

- Ой, бул эмне дегениң? - мындай так кесер жоопту күтпөгүн деректирдин көзү чакчая түштү.

- Кудай балаңдын маңдайына буйруп атат.Мыкты окугандардын баары эле "Артекке" бара бербейт. Жолуна тоскоол болбо, - дегенине ыйлап-сыктап, кашайып көнбөй койду.

Аттиң, ошол окуядан кийин жыл айланбай жаны бирге апасынан айрылып, томолой жетим калды Үсөнбек.

* * *

Бир тууганынан калган жалгыз туякты атасынын бир тууган эжеси Нарында жашаган Өмүрбекова Татый багып алып, кооперативдик техникумунан окутуп, Назарбаева Бурулга үйлөнтүп, тууруна кондуруп, бир туугандык милдетинен да, арбак алдындагы парзынан да кутулду.

Жетим жүрүп жетилген Үсөнбек Камаев Ата конушуна кайтып барып, көңүлү жактырган кесиптерде, райондук даярдоо конторасында даярдоочу болуп иштеп жүрдү.

- Ата-эне мээримин көрбөй калган Үсөнбек баласаак эле. Балдары кичине чактарында ойноп жүрүп чарчап тамак ичпей уктап калышса ойготуп келип кыйнап атып ичирчү. Уулу Сыймыкты: "менин ордум басарым, өйдөдө өбөгүм, ылдыйда жөлөгүм", - деп бир жакка бараарда баш кийимин өзү кийгизип, сыртка чейин узатып, чекесинен өөп коштошчу. Кыштын күнү Мухаммед менен Элнураны эртең мененкисин күн караңгы болгондуктан мектепке өзү жеткирип келчү.

Кызматтан келгенде балдарын жанына тегеректетип олтургузуп коюп, бир да китепте жазылбаган кызыктуу жомоктор менен санжыраны саймедиреп айтып берчү.

Жубайынын айтымына караганда Үсөнбек Камаев балдарын адептүү, ыймандуу мекенчил кылып тарбиялоого жан оту менен сүңгүп кирген.

Өз энесинен кем көрбөгөн 82 жаштагы кайненеси Кыбадайдын ден соолугуна карап үч жыл мурда Таш-Дөбө айылына көчүп келишип, курулушта иштеп жүргөн. Өз колу менен салып кирген үйү кыргыздардын тыңчыкма уулдарынын сөөгү жаткан айтылуу Ата Бейитке жакын болгондуктан ал жерди ыйык туткан. Жума күнү: Жүргүлө балдарым, мамлекетибиздин пайдубалын түптөп, ак жеринен күнөөлөнүп, атылып кеткен атаңардын, эки жыл мурда алардын катарына келип, түбөлүк уйкуда жаткан ташкындаган таланты менен алакандай кыргыз элин ааламга таанытткан Чынгыз жазуучунун арбагына тайынып, куран окуп келели", деп балдарын эзрчитип алып Ата-Бейитке келгенди адатка айландырып алган.

- Ата, бул жерге кимдер коюлган, эмнеге Ата-Бейит дешет? - деген кичүү уулу Мухамеддин суроосуна айланасына олуттуу көз жиберип, ойго бата мындай деген эле:

- Балдарым, бу жерде мамлекетибиздин өсүп-өнүгүшүнө өздөрүнүн жалындуу жаштыгын, опол тоодой эмгегин, чаалыкпаган билимин арнаган Абдыкерим Сыдыков, Жусуп Абдракманов, Төрөкул Айтматов, Баялы Исакеев, Касым Тыныстанов сыяктуу көптөгөн кыргыздын мыкты уулдарынын сөөгү жатат. Отузунчу жылдары ошондой каардуу күндөр өткөн. Алар Сталиндик репрессиянын курмандыгына кабылып, ак жеринен күнөөлөнүп, жазыксыз жерден атылып кетип дайын-дареги, кайда көмүлгөндүгү билинбей калган. Арадан жарым кылымдан ашык убакыт өтүп, эгемендүүлүктү алгандан кийин Бүбүсайра аттуу байбиче ал кандуу окуяны өз көзү менен көргөн атасынын өлөөр алдында айткан керээзин аткарып, алардын сөөгү көмүлгөн ушул жерди көрсөтүп берген. Атайын өкмөттүк комиссия түзүлүп, бул жерди казышканда шагыраган сөөктөр чыккан. Алардын басып өткөн жолуна таазим этилип, кайра кепинделип, ушул жерге коюлуп, атын "Ата-Бейит" деп аташкан. Ошондуктан биз бул жерди ыйык тутуп, алардын улуу ысымдарына урмат көрсөтүп, өлбөс элестерине тизе бүгүп, таазим этүүгө милдеттүүбүз.

Китепсиз өткөргөн өмүрүм кунарсыздай туюлат дечү. Айлык алган сайын көркөм адабияттарды сатып алып, түн бир оокумга дейре китептин кызыгына батып, окуп олтура берчү. - Балдарын маңдайына олтургузуп алып: "- Китеп-деген акыл байлыгы, аны менен достошсоңор жашооңорго жарыгын тийгизе турган пайдалуу көп жакшы нерселерди табасыңар. Телевизорду тиктегенден көрө китеп окугула, акылыңарды байыткыла", - деп айткандан түк тажачу эмес.

Ата-эненин баланын алдындагы милдети тууралуу сөз болуп калганда: Акылмандардын бири: «Ааламга кеткен жол үйдүн босогосунан башталат. Ал жолдун андан ары уланбай калганы жаман» деген экен. Анынсыңарындай ата-эненин өрнөктүү таалими болбосо балдарды жакшы адам кылып тарбиялоо кыйынга туруп калат. Айрымдары тарбия деген болбогон кеп, баланын жакшы-жаман болушу анын дээринен деп коюшат экен. Ой, дээринен деп жайына таштап койсоң даана дейди болуп калбайбы. Баланы кенедейинен тарбиялаш керек. Тарбиялаганда да атактуу педагог Макаренко айткандай эненин курсагында жатканда тарбиялаш керек", - дечү.

Тагдыр деген ушул экен, өз киндигин өзү кесип, жетим жүрүп жетилип, балдарынын жакшылыгын көрөөрдө канкорлордун колунан мерт болгонуна жүрөгүм сыздайт, - дейт жубайы Бурул көзүнүн жашын кылгыртып.

- Былтыр Ишенаалы Арабаев атындагы КМУнун "Экология жана туризм" факультетин кызыл диплом менен бүткөнүмдө атам барбалаңдап: «айланайын, дипломуң куттуу болсун, үзүрүн көргүн. Колуңдан келсе дагы окугун, билим алгандан эч тажаба» - деп аябай кубанганы күнү бүгүнкүдөй эсимде, - дейт тун кызы Айчүрөк сүрөттөрүн кармалап, - Атамдын айтканын аткарып, учурда Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин юридикалык факультетинде билим алып жатам.

Атам каза болоордон бир ай мурда турмушка чыккан элем. Кыргыздын салты боюнча кайын-журтум үйгө келип сөйкө салып алып кетишкенде да абдан сүйүнгөн. 2-апрель күнү жубайым Эрнистке окуу китептеримди алып келем

Ким билсин, ар кимибиз эле өлүмдүн качан келеринен кабарыбыз жок эмеспи, мүмкүн Мисирбек ажал деген анын жыйырмадагы он гүлүнүн бир гүлү ачыла электигин, ата-эненин өмүр бою зар какшап каларын да аябастыгын ошол мүнөттө ойлобогон чыгар. Ал жерде кандайдыр бир улуу күчү ойноду, кыргыз журтунун катардагы эле жөпжөнөкөй балдары эл деген каптаса сел болоорун, кандай заман болгон күндө да адилет башкарууну орнотуу үчүн эч нерседен кайра тартпастыгын далилдеди көрүнөт.

Алгалап чуркап бара жаткан жаштардын жаш экендигин, бирөөнүн баласы, дагы бирөөнүн өмүрлүк жары экенин капарына алгысы келбеген киши өлтүргүчтөрдүн биринин огу Жолдошбектин перзентинин чекесине тийип, сол кулагынан чыкты, кипкичинекей ок бир секундда ата-энесинин жыйырма жылдык эмгегин, жаркын үмүтүн, бактылуу күлкүсүн улан менен кошо соолутту. Башка тийген ок оңдурчубу, өкүттө калган жарыштагы күлүктөй чабыла түшкөн боз баланын бөйрөгүн да муздак болот жарып өттү. Чалгы чапкандай жыгылып түшкөн Мисирбекти өзүндөй жалтанбаган жаштар көтөрүп алып кетишти оолактатып. Алгачкы жардам берүүнүн да кереги жок эле, октун ичке жолу анын жашоого кайта турган жагын кесип кеткен экен…

Чын курандын жетисинин жетинчи курмандыгы Мисирбек ошентип, жашоонун кызыгын көрбөй, эч нерсеге жетишпей туруп, шейит кетти.

Мисирбектин тууганы аны эки күн издеди, ооруканалардын баарын карап чыкты. Дароо эле өлүкканага барууга жүрөгү титинбеди, өлүмгө аны кыйгысы келген жок эле. Акыры айласы түгөнгөн ал, өлүкканадан кароого аргасыз болду. Уландын колуна «7» сандуу белги тагылган экен…

Баланын каза болгонун уккандагы ата-энесинин кайгысын эми ашыкча сүрөттөп кереги жоктур, аны перзентин жоготкон гана адам түшүнөт менимче. Бечара энеси Турганбүбү ошол күндөн бери өңдөн азгандан азып эле бара жатат. Көкүрөк күчүгүнөн ажыраган ата Жолдошбек «жок дегенде аркасында бир перзент калсачы» деп үшкүрүгү таш жарган менен эмне чыксын…

…Токтогулдук кыз ата-энеси менен Мисирбек жашаган тууганынын үйүнө куран окутуп келди. Жактырганын билгизип, сезимин тартуулаган жигиттен айрылган селки, ошол жерден өзүн кармай албай ыйлап жиберди, куран окулганда. Ким билет, бул бийкеч згер Мисирбек аман болгондо анын балдарынын энеси болмок беле, Жолдошбек «артында туяк калган жок» деп өкүттө өмүр сүрбөйт беле? Жылдар жылып, көкүрөк күчүгү ата-энесин өзү ойлоп жүргөнүндөй, алпечтеп багып, анын балдарын жыттап, ата-эне бактылуу карылык доорун сүрүшмөктүр.

ТАҢ ЧОЛПОНУ ӨТӨТ ЖАРКЫРАП



КУДАЙБЕРГЕНОВ
Жолдошбек
Таалайбекович

(12.12.1974-07.04.2010)

Кудайбергенов Жолдошбек Таалайбекович 1974-жылы 12-декабрда Кочкор районунун Мантыш айылында интеллигенттердин үй-бүлөсүндө туулган.

Атасы Кудайбергенов Таалайбек Нарын облустук «Нарын правдасы» гезитинде, кийин КирТАГда кабарчы болуп иштеген.

Жолдошбек 1981-жылы Орток айылындагы орто мектепке кирген.

Мектепти аяктаган соң, Кыргыз Улуттук университетинин социалдык саясий илимдер факультетинин политология бөлүмүнө тапшырып, аны 1996-жылы аяктайт.

1997-2003-жылдары К.Карасаев атындагы БГУда жана Ж.Баласагын атындагы КУУда окутуучулукту аркалайт.

2003-жылы Америка Кошмо Штаттарында эмгектенсе, 2005-жылдан тарта улуттук университетте ага окутуучулук менен алектенет.

Жолдошбек өмүрүнүн акыркы жылдары «Замандаш» ассоциациясынын саясий кеңешинде иштеп, Европа, Азия, Америка континенттеринде иштеген мекендештерине колдоо көрсөтүү багытында тынбай эмгектенген. Ал жакын арада Кыргызстандын саясий коопсуздугу тууралуу кандидаттык диссертациясын жактоонун алдында турган эле.

Анын аркасында атын өчүрбөй турган кызы Шоола калды.

Жолдошбек кесиптештери менен бирге кафедрада бүгүн да өлкөнүн саясий абалын талкуулап отурушту.

Алар өздөрү саясат таануучулар болгондуктан, өлкөдөгү жүргүзүлүп жаткан ар бир реформаны профессионалдык деңгээлде кызуу талдаша турган. Акыркы күндөрү кафедрадагы Жолдош жана ага окшогон бир топ окутуучулар президенттин режимин, анын кландык башкаруусун кескин сынга алышчу болду. Алардын оюнча, өлкө ушул жол менен кете берсе, анда эч качан оңолушу мүмкүн эмес. Бирок, албетте окутуучунун эрежесине ылайык, өз оюн студенттерге ачык айтып, алардын аң-сезимин удургутканга болбой тургандыктан, алардын мамлекеттик саясатка «туура келбеген» көз караштары ошол сүйлөнгөн жерде эле кала турган.

ЖАЛГЫЗ ЭЛЕ,
ЖАЛГЫЗДЫ КОЙДУ САКТАБАЙ...



ӨМҮРАЛИЕВ
Эрланбек
Жаныгулович

(14.04.1983-07.04.2010)

Өмүралиев Эрланбек Жаныгулович 1983-жылы 14-апрелде Нарын шаарында туулган.

1989-жылы Нарын шаарындагы №7 орто мектептин босогосун аттаган.

1996-жылдан баштап бий ийримине катышып, облустук жана шаардык деңгээлдеги маданий-массалык иш-чараларга бий номерлери менен активдүү катышып жүрдү.

2000-жылы Хусейин Карасаев атындагы Бишкек Гуманитардык Университетинин «Мамлекеттик кызмат жана муниципалдык башкаруу» факультетинин күндүзгү бөлүмүнө өтүп, окуй баштайт.

2004-2005-жылдары Кытай Эл Республикасында жашаган.

2007-жылы окуусун аяктап, Нарын эркин экономикалык аймагында кыска убакыт кичи менеджер болуп иштейт.

Ушул эле жылдары Кызыл Жарым Ай коомунун Нарындагы филиалында волонтёр болуп кызмат кылат.

2007-жылы үй-бүлө күтүп, Калыйкан экөө Ислам аттуу уулдуу болушкан.

Эрланбекти карындашы Элиза экөөнү апасы Жаңыл жалгыз өзү багып чоңойткон.

Эрланбек жаратылышынан кайрымдуу жан. Анын карылар үйүндө иштегендиги да ушундан болсо керек.

Келинчеги Калыйкандын «акча албай эле иштей бересиңби. Биз өзүбүз жаш үй-бүлө болсок, бутубузга турушубуз керек да» дегенине «иштей турайынчы, жөн жүргөнчө бирөөлөргө жардам берейин» деп мойноп, карыган аталардын чачын, сакалын алып, алардын батасына татып жүрдү. Эрланбек балдары таштап кеткен же карыганда эч кимиси жок калган бул адамдарга ичи кайрылып, боору ооруп турчу. Алардын көңүлүн көтөрүүнүн аракетинде үйүнөн таттуу-паттууларды, кээде келинчегине күрүч бастырып алпарып берчү.

Жигит жумушсуздуктун азабын абдан эле тартты. Диплому боюнча мамлекеттик кызматтарда иштөөсү керек болсо, ар кайсы жумуштун башын кармалап,

эч жерден орун таппай кыйналып жүрдү. Ал иштей турган орундар кеминде он-он беш жылга «брондолуп» тургандыктан, муниципалдык же мамлекеттик кызматкер болоруна мүмкүнчүлүк жокко эсе эле.

Апасы Жаңылдын «тиги жумушка сүйлөшүп койдум, бияктан жумуш таап берем» дегенине «ай, апа, жөн эле кыялдана бересизби. Менин көзүм деле жетпей калды адистигим менен иш табарыма» деп маанайына көлөкө түшө кала турган.

...Жаңыл эки баласын канатын сууга салып, эч нерседен кем кылбай чоңойтту. Негизи кесиби мугалим болчу, бирок айлыгы менен жашоо оор болгондуктан, сөода жагына көчкөн.

Кытайга кирип, ишкердик менен алектенген ал башка бир адамга кыйбастыктан кытайлык уйгурга күбө өтүп койгон эле. Ошол кишинин карызы үчүн апасына жардам берип, коңшу өлкөгө кирген Эрланбекти тиги уйгур барымтага алып калды. Антип-минтип эки жыл өттү, акыры баласын бошотпосуна көзү жеткен Жаңыл коңшу өлкөгө өзү кирип, кытайдагы биздин элчиге чейин кайрылып, соттошуп отуруп, уулун бошотту.

Кытайда барымтага калган кыргыздардын ичип, туура эмес жолго түшүп алган учурлары көп эле кездешет. Эрланбек андай кылбады, ушул эки жыл аралыгында кытай тилин үйрөнүп, Үрүмчүгө чейин барып кытайга орус тилин үйрөтүп, өзүн таштабай жакшы алып жүрдү. Кытайдан кайтып келгенден кийин окуусун улантып, диплом алды илгери үмүт менен.

...Калыйканды ал сүйүп алган. Он биринчи класс экенинде эле сегизден окуган ак жуумал, ичке кызды жактырып, аркасынан чуркап жүрүп, жеткен болчу. Экөө эриш-аркак болуп, жумушсуздуктун азабын тартышса да, үй-бүлө түйшүгүн тең тартып жатышкан эле...

Кийинки күндөрү Эрланбек жаңылыктардан чыкпай эле калды.

Бир күнү Калыйканга айтты:

- Билесиңби, свет кымбаттады. Телефонго жөндөн жөн эле алтымыш тыйын кошту. Эми абаны сатып алат экенбиз. Кишилер паспортко жетпей жүрсө, кийго паспорт алмай болуп жатыптырбыз.

- Аларды эмне кыласың, бири өлүп бири калсын. Андан көрө сокатыбызды кылалы.

- Оокат... Кантип оокат кылабыз жаным, мына дипломумдун бети ачылбай турат. Окууну бүткөнүмө канча болду. Алган билимимдин убайын көрөрүмө деле көзүм жетпей калды? Минтип бийликтегилер мага окшогон жаштарга жумуш ордун түзүп бергендин ордуна, капкаяктагы түшкө кирбеген нерселер менен алек болуп жатса, кайдагы оокатты айтасың, оокат кылалбай калды, кыргыздар...

Эрланбектин бийликке болгон нааразычылыгы күндөн күнгө күчөй берди, турмуш кыйын болуп, жогорку билими менен жумуш таба албай, ар кайсы жумушта иштеп, кыйналган сайын. Караса, бир эле ал эмес, бүтүндөй кыргыз жаштары жумушсуздуктан «бири кетти Алтайга, бири кетти Каңгайга» деген-

кийип, ата-энесине, бир туугандарына “сюрприз” кылганына баары күлүштү. Белек-бечкекти арбын алышыптыр. Мүчөл жылыңыздар куттуу болсун, узак жашап, төрүбүздүн көркү болуп, биздин сыйыбызды көрүңүздөр, аз болсо көптөй көрүп алып коюңуздар“ - деп берген кооз шейшебин бергенде Майрамкүл: ”Айланайындарым экөөңөр эгиз козудай ээрчишип, бактылуу болсоңор экен”, - деп көзүнө жаш тегерене түштү.

Эртеси айлана, ажайып кооз аппак карга бөлөнгөн 2010-жылдын 1-январын Карасартовдордун үй-бүлөсү, көкүрөк күчүгү Чынболот: ”биз алтоо элек, Асел жеңем келип жетөө болдук”, - деп айткандай башына баш кошулуп маңдай жарган кубаныч менен тосуп алышкан эле. Ооба, ал күнү баары бактылуу эле, айрыкча жаш жубайлар…

Ата энеси менен үч ай чогуу жашап, Бишкекке келишип, Асель окуусун улантып, Адилет жаз алды менен үйдүн курулушун баштап, буюрса күзүндө киребиз, анан бир жерден иштеп, өз оокатыбызды өзүбүз кылабыз, - деп бейкапар жашап жатышканына туура бир ай гана болгон.

- Мен 5-апрелде Адикке телефон чалсам күлүп-жайнап, ал-жайыбызды сурап, ”мама, сизге бир нерсе айтайынбы, Асел экөөбүз дем алыш күнү короо-бузга он тал түп терек олтургузуп койдук. Жаан-чачын басылганда ”стройканы” баштайм, - деди. Көңүлү көтөрүңкү экен. Арман күн ай, жанбиргем Адигимдин үнүн акыркы жолу угуп, акыркы жолу сүйлөшкөнүмдү анда кайдан билдим, - деп күйүткө баткан Майрамкүлдүн көз жашы жамгырдай төгүлүп кетти.

Күлгүндөй жигиттердин өмүрүн кыйып, жүрөктөргө айыккыс так калтырган алааматтуу ал күнү Адилет Анаркүл таежесине пикетке бараарын айтпай, теңтушума жолугам деп, колуктусун университетке узатып коюп, мурда сүйлөшүлгөн боюнча бийликке нааразы болгон кырк кошунасы (жалаң жаш жигиттер) менен Ак үйдүн алдына келет. Акты кара, жаманды жакшы деп байлыкка эсирип, элди сүлүктөй соргон Бакиевдик үй-бүлөлүк башкарууга каршы чыккан жүз миңдеген жаштардын катарына кошулат. Нааразылыкка чыккандардын сезин алмакка атылган резина окторунан Адилеттин бутуна үч, колуна бир жолу тиет. Кылкылдаган элдин сүрүнөн алдастап, аргасы кеткен кара өзгөй ажону, өз элине өзү чыккынчылык кылып, кийик аттыргандай аттырат деген кимдин оюна келиптир. ”Илбирстин” имаратынын үстүнө жайгаштырылып, алдын ала даярдалган көзгө атар мергендердин эл алдында кызыл желекти желбиретип, алга жүткүнгөн жигиттерди бирден сулата атканы Адилеттин канын кызытып, заматта эр жүрөк, өлүмдүн коркпогон баатырга айлантып коёт. Саат он бир жарымда жердеши Мукеев Мирлан менен Акматалиев Эрниске жолугуп: ”Үйдөн азыр келдим”, - деп достору Чынгыз, Канат, Бакытка телефон чалып: ”Кайдасыңар, аянтта элди атып атышат, келбейсиңерби? - деп кыжына сүйлөп, өлүм менен өмүр айыгышкан Ак үйдү көздөй жүгүрүп кетет. Капкара көздөрү каарга толгон Адилет желекти желбирете бийик көтөрүп,:”Коркпогула, качпагыла, алар баарыбызды ата албайт, Алга, Кыргызстан! - деп чуркап бараткында ажал издеп, ышкырган ок көтөрүлүп турган колунун булчуң этин жи-

реп, колтуктан кирип, өпкөнү аралап кетип, көмкөрөсүнөн жыгылат. Эс-учунан танган жигитти ооруканага алып барышып, дарыгерлердин аман алып калсак деген аракети ордунан чыкпай нурлуу көзүн жумат кайран жигит.

Айтмакчы, бу жалган дүйнөдөн түбөлүктүү жайына кетээр адамдын кыялжоругу, кулк-мүнөзү өзгөрүлүп, жан дүйнөсү тазарып, жашарып калат дешкени чын белем. Негедир соңку күндөрү Адилет достору менен көп болгусу, сырдашкысы келип, кээде тамашалап, кээде терең ойго бата олтуруп калганын достору Алтынбек Абдрахманов, Канат Андашов, Талант Садыров муңкануу менен эскеришет.

- Адам өмүрү учкан куштай, аккан суудай” дешет. Мени бир нерсе ойлонтот, - дептир Адилет каза болоордон эки ай мурда достору менен конокто олтуруп. - Айталык, Чынгыз Айтматовдой атагы таш жарган таланттуу адамдардын көзү өтсө да аты өчпөй түбөлүк даңкталып калат. А биз раматылык болуп калсак ата-эне, бир тууган, досторубуздан башка эч ким эстебейт. Бирок колдон келсе эл эсинде калаарлык татыктуу жашап өтүш керек.

Эне жүрөгү… жакшылык, жамандыкты алдын ала сезип туйган эне жүрөгү… 7-апрель күнү кызматына да барбай тирмийип телевизорду тиктеп олтурган Майрамкүлдөн Адилеттин чөнтөк телефону албаганы санаасын санга, оюн онго бөлдү. Бакиев дегенде оозунан көк түтүн буркурап, Ак үйдөн айдап чыгыш керек деп кыжынып калчу эле. Оо, кудай өзүң колдой көр, кырсыктан сырткары болсо экен. Түштөн кийин Асел телефон чалып: ”Адилеттин дайнын билбей атабыз, телефону албайт”, - деп ыйламсыраган. Ана, бир маалда кыйкырып, желек көтөрүп жанаша чуркап бараткан эки жигиттин бири чалкасынан кетти. Оо, жараткан ушул Адигим эмеспи деген ойдон денеси титиреп кетти. Тфу, тфу! Кара баскырдыкы ай, шайтан азгырып, капкайдагы жаман ойлордун келе калганын кара. Кагылайыным ай, кудай өзүң сактай көр, - деп тиленип жатты ичинен.

Кара жанынан артык көргөн Адигинин өзү жек көргөн жексур бийлик жалдаган снайпердин огунан каза болгонун мектепте Актилектин жыйналышынан чыгып үйүнө келгенде угузушту: ”Майрам айланайын, кайрат кыл, Адигиңден айрылып калдык” - деп тегеректеп колун кармаган аялдардын колун силкип, дени өлө түштү. Эмне дейт? Айрылганы эмнеси? Жок, жок ишенбейм, ыйлабагыла, Адигим өлбөйт, ал аман, а балким көптүн арасынан жаңылыштык болуп жүрбөсүн. Көзүнөн местейип жаш чыкпады, ар кимди жалдырай карап эс-мас болуп акыл-эси тумандап, айласы куруп турду курган эне…

Эртеси сөөгүн алып келгенде гана ишенди Адигинин келгис жайга кеткенине. Ботосунан айрылган боз ингендей боздогон эненин чучуктай чыңырган ыйы тургандардын жүрөгүн тилип өткөндөй болду.

Күйүткө баткан эне жанынан артык күргөн уулу менен акыркы жолку кошкошмокко бетин жапкан ак болотнайды аяр ачып, жүзүнө үңүлдү. Өлүктүн сүрү жок, ак жуумал тартып, капкара чачтары уюлгуп, кудум тирүү кезиндегидей күлүмсүрөп, мурдагыдан да келишимдүү, келбеттүү боло түшүптүр. Ника кайып

...Эмнегедир шаардын ичи ызы-чуу, жолдун баары бууланган. Таксист улам бир көчөгө кирип атып аран чыкты, тыгындан. Таңыркаган жүргүнчүлөрүнө «пикет болуп, ошого жол жабык болуп жатат» деп койду жөн салды гана. Жүрөгү бир нерсени сезген Ишенүл дароо Зайырбекке телефон чалды «баратасыңбы, үйгө» деп.

«Ооба, апа, сарсанаа болбоңузчу».

Аңгыча, телефон да өчүп калды, эне бейкапар кете берди Кочкорго.

Зайырбектин келинчеги Ажар атына заты жарашкан, татынакай, өңдүү-түстүү келин. Ал экөө беш жыл сүйлөшүп жүрүп үйлөнүшкөн эле. Жигит жогорку окуу жайдагы окуусун бүтө электе алды, анткени сулуугa кызыккан көп эмеспи, «баланча ала качат имиш, түкүнчө жуучу болуп барат имиш» деген сөз шаарда, КГУСТАда окуп жүрген ага жетет.

Үгүп эле атасына «үйлөнөм» деди.

- Окуунду бүтүп алып үйлөнсөңчү, кыйналып калба, - деген атаны тууганы жаалап «кой, үйлөнөм деп атканда жолун тоспош керек» дешти да, Калкаларды жаалап «кой, үйлөнөм деп атканда жолун тоспош керек» дешти да, Калкамандыкына жуучу түшүп барышты. Ал киши деле эми билет да жигиттин түзүк экенин, жалгыз кызын ага ишенип колуна табериктей тапшырды. Аппак көйнөк кийген Ажардын той күнү ажары болуп көрбөгөндөй ачылды...

Бактылуу күйөө келинчегин эч нерседен кем кылбай студент болсо да кем-карч кылбай, курулушта, ширетүүчүлүк менен иштеп, бир жагынан күндүзгү бөлүмдө окуп жүрдү. Сырттан окуу бөлүмүнө которулайын десе мугалимдери көнбөдү, алардын мыкты студентти керек болсо кафедрага мугалим кылып алып калабыз деген ниеттери бар болчу. Негизи эле Зайырбек башынан окууга калганда зирек эле, мектепте окуп жүргөндө да аны билим министри кылып шайлап коюшкан. Эрегулдун кенжеси билим алуусун ушуну менен эле токтотуп койбостон юридикалык факультетке тапшырайын деген ниетте жүрчү. Билимдүү, зирек жигит Кыргызстандын адилет системасына ичи анча чыга берчү эмес эле, «мен айрым юристтердей болбой, адилет болом» деп күлүп калчу.

...Ушул жазда Зайырбек агасы Асылбек экөө таекесинин үйүн кармап жатышкан. Жетинчи апрелде агасына «элден калбай баралы, пикетке» деп, жумушка деле көңүлү чаппай алагды боло берди. Аны байкаган таекөси «пикетти эмне кылат экенсиңер, же иштегиле, же эс алгыла» деп жемелеп койду.


Зайырбектин эмне ойлогону бар экенин ошондо бир кудай эле түшүнгөн. Өзүнчө карбаластап, шаштырып апасын келинчеги менен кошо айылга жөнөтүп жиберди да, өзү таекесинин баласы менен аянтка жөнөдү.


Жигит митинг болорун мурда эле билген өңдүү. Өзүнүн санаалаштары менен эл толкуган күнү чогуу чыгалы деп сөз бекитишкен көрүнөт.

Аянтка барганда эле алдыны көздөй умтулду. Ошол жерде миң сандаган адамдардын арасында эч нерседен корккой илгери жулунгандар да, четтен карап, кайпактап октон жалтанып жүргөндөр болду, албетте. Башынан эле жүрөгүндө коркуу сезими жок Зайырбектин жанындагы жолдошу эл нары сүрүлүп, бери сүрүлүп жатканда аны сыйпалап эле таппай калды. Мойнун со-



Зайырбектин үй-бүлөсү





адамдарынын алдыңкы үлгүлөрү катары эмгектенип келишкен. Жыргалбек алардын тарбиясы менен бардык эле тоолуктар сыяктуу беттегенин бербеген көк жал, намыскөй, чынчыл болуп өстү. Аттын кулагы менен тең ойногон ал, жеткен улакчылыгы менен да атагы чыкты. Армиядан алып калалы деген да карабай, ата-энесине айтпай армияга кетип калды, качканды намыс көрүп. Кийин шоопурдун окуусун окуду, милициянын катарында кызмат өтөдү...

* * *

- Энеңди урайын, ушул Бакиевдики өттү, жада калса телефон менен да жөн сүйлөштүрбөй. Эртерээк жаз келсе кубалайт элек, - келинчеги Айгүлгө кобурады Жыргалбек.

Жыргалбек үй-бүлө күтүп, жанын жанга уруп тынымсыз эмгектенип, байгер, жакшы жашоодо эле. «Кудайберген» базары жаңы ачылганда келип иштеп, эки контейнер, СТО ачканга үлгүрдү, ушунун баарын ал карандай эмгеги менен жасады. Ал керели-кечке жанын сабап иштеп, кечинде балдары менен бапырап отурганды жакшы көрөт.

Эттен салып, казанда боркулдаган шорпонун жыты буркурап, үй-бүлөсү менен кобураша беш бармак жегенге эмне жетсин! Жыргалбектин беш баласы бар: залкардай болгон төрт уулу – Бексултан, Бекзат, Бекназар, Улукмырзанын ортосунда жалгыз мончогу – кызы Перизатты тим эле жанындай көрөт. Ал үй-бүлөсүн эле канаттууга кактырбай, тумшуктууга чокутпай бакпастан, ал түгүл ата-энесине, бир туугандарынын аскар тоодой жөлөгү болуп келет. Жыргал байкесинин ар бир сөзүн мыйзам туткан инилери ал Жумгалга келе жатканда коюн союп, тим эле президент тоскондой күтүнүп алыша турган...

- Кантип кубаламак элеңер, аны кетиришиңер эми кыйын болуп калды го? - шорпо сунган Айгүл суроолуу тиктеди.

- Пикет болсо чыгабыз. Электр энергиясы кымбаттады, тияк-биягыңдан кымбатчылык куушуруп эле келе жатат, буга эл чыдаарын кудай билет...

- Мындан эки-үч жыл мурда деле чыкпадыңар беле, кана алданып тим болдуңар го?

- Эми алданбайбыз, - деген Жыргалбек ойго чөгө түштү.

Айгүлдүн айтканынын жөнү бар. 2007-жылы Ак үйдүн астында үч күн пикет болгондо эл менен бирге Жыргалбек, аны менен классташтары Дуулат, Мурат да кошо жүрдү, «Бакиев кетсин!» деп. Нааразы болгон митингчилердин талабы – президеттин авторитардык башкаруусун басаңдатуу эле. Үч күн көк беттенген аларга акыры Өмүрбек Текебаев чыгып, «биздин талабыбыз орундалды» деп жакшы кабар айткан. Ошондо «баланча министрди түкүнчө шайлайт, бастанчаны шайлаганда дагы бирөөнүн макулдугу болсун» деген маанайдагы мыйзам чыккан болчу. Бирок көз боочунун алдооч баштыгындай болгон бул мыйзам бир айдан кийин эле өзгөрдү, кайра айныган ажо «мындай болбойт экен, бул президенттик башкарууга жатпайт тура» деген маанайда түшүндүрүп, эки тизгин, бир чылбырды колуна алды. Алсызданган парламент таптакыр унчук-



Жубайы жана балдары менен



зуп, эки жагына көз жүгүртүп жатып, дарбаза туштагы БТРдин жанына жээнинин жетип калганын көрүп, жүрөгү оозуна тыгыла түштү. Бирок, деңиздей элдин дагы бир толкуну кайра экөөнү бири-биринен адаштырып салышты…

…Ак үйдүн үстүндө жашырынып отурган көзгө атар ылдый жакта БТРдин жанындагы кызыл кийимчен жаш жигитти (ал колун сермегилеп, артындагыларды жүргүлө дегендей жаңсап жаткан эле) жакшылап мээлеп туруп басып алды. Каны дүргүп башына чыгып, жүрөгү өрөпкүгөн Зайырбектин ошондо көкүрөк түшу «тыз» эле дей дүштү. Катуу ооруп чыкты, жигит колу менен төшүн мыкчыды. Ок көкүрөгүн аралап барып, далыга жетти. Жарадардын көзү караңгылап, мууну калчылдады, жыгылып түштү. Бир гана сезгени - аны тааныбаган эле балдар көтөрүп «тез жардамгабы», таксигеби, салып жатканы болду.

Ооруканада ак халатчандардын бул кезде жандары төрт чарчы болуп жаткан эле. Соғуш маалындагыдай кансыраган, тез жардамга муктаж жарадарлар толуп кеткен. Зайырбек ушул убакта түштү. Абалы начарлап калган эле. Тилекке каршы, кычкылтек баштыгы калбай калып, көзүн жайнаткан 22 жаштагы жигит врачтын көз алдында каза тапты. Далай өлүмдү көргөн догдурга анын дүйнөдөн кайтканы аянычтуу болду, «татынакай бала экен» деди ичинен айгапта кала..

…Суук кабар айылга Ишегүлдөн мурда жетти. Алар отурган такси Кочкорго жол буулуп тургандыктан, айланып Чекилдектеги инисиникине түшүп, анан аяктан келгиче эшиктин алдына эбак боз үй тигилип, Эрегулдун дүйнөсү астын-үстүн болуп жаткан чак эле.

Күйүттөн ичи өрттөнүп, боздогон ата баласынын ажону жактырбай көп сүйлөп калганын эске түшүрдү.

…- Ий, койчу, ата ушул бизди жыргатпайт, - деди Зайырбек телевизордон бир күнү Бакиевдин сүйлөгөнүн тыңшап отуруп.

- Эмнеге балам?

- Бул Акаевден жаман болот көрөсүз го. Элди кыйнап ийди го аябай. Муну да кетиришет. Жөн кетпей, кан менен келген неме, кан менен кетпесе эле болгону. Ата уулунун сөзүн ал кезде таназар албаган эле, бүгүн кайра-кайра эсине түшүрүп кайгыга уугуп атты…

Сөөктү жуурда Эрегул «акыркы жолу көрүп алайын» деп Зайырбектин үстүнө кирди.

Мелтиреп уктап жатат.

«Сыздаттың көлөкөм, сыздаттың».

Кемшеңдеген ата баласынын бетинен сылады, эмнегедир жаагы толо түшкөндөй сезилди ага.

«Толуп калгансыңбы?»

Күбүрөнгөн азалуу киши ичине чейин ачайын деп, кайра дити барбай жаап койду. Үшкүрүнө эшикке чыкты.

Сөөктү жайына берип көксөө сууп калган учурда, түн ортосунда Эрегулдун эжеси телефон чалды «Зайырбектин сөөгү келе жатат, Бишкектен» деп.

«Бул эмине шумдугу!?»

Муундары калчылдады ата-эненин.

Көрсө Зайырбектин таекеси жетисинен бери жоголуп жаткан бөлөсүн издеп сарысанаа болуп, өлүкканадан да издеп, аяктан Эрегулдун уулун таап алган тура. Эки опокшош баланын биркалары алмашып тагылып калган экен. Таекеси тууганын колундагы тырыгынан тааныптыр.

Түнү менен Зайырбектин сөөгү келди.

Таластык Алтынбек аттуу жигиттин туугандары да келишти, өздөрүнө тиешелүү маркумду алганы. Алар Зайырбектин колундагы тырыгы болбогондо апарып, Таласка коюп коюшмак тура көрсө. «Кудайга тобо, ушунча да окшош болобу?» деп жакасын кармаган ата-энелерге ошондо уулдары эки өлгөндөй болду окшойт.

Ажар маркумду биринчи коёрдо күйөөсүн акыркы жолу көрөйүн деп үстүнө киргенде, анын мурду кичине башкачараак сезилген эле. «Өлүк өзүн таштайт, өзгөрүп калат» деп жооткотуп коюшкан жанындагылар…

…Жыл айланып калды. Ата-эне күйүттөн ооруга да чалдыгышты. Алардын жыттап, көзүн карап отурган небереси Аделя азыр бир жарым жашта. Баатырдын кызы тилекке каршы, атасынын кандай экенин билбей калды. Арман дүйнө, ал атасы тирүү болгондо кандай асыл максаттарды орундатмагынан кабары жок, тойпоңдоп ойноп жүрөт.

Өкүнүч, өкүнүч…

Эгерде шердин өмүрү убагынан эрте кыйылбаганда, Аделя дагы канча бир туугандуу болмок да, Зайырбек кызынын башынан сылай, «тун балам, туу балам» деп, кандай бактылуу өмүр сүрүшмөк, армандуу, бири кем дүйнө…

тууралуу кеп болгондо Канатбек эки колун шилтеп, кызуулана мындай дейт: "Мурункунун жазайын кийинки берсин сазайын" дегендей Акаевдин он беш жылдагы кур убада менен элди эзгендеги жосунсуз жоругун Бакиевдин беш жылда кылганы ашып түшпөдүбү. Эгерде анын бал сөзүнө ишенип, жайына койсок болгон байлыктын баарын сатып, итке минип калабыз. Эртерээк кетириш керек, - дегенде Айбек күлүп иет: "Канат жөнү жок кыйынсынбачы, Бакиевди сен кетирмек белең".

- Ооба, досум көрөсүң, мен кетирем. Эртең пикет болот. Бакиевди Ак үйдөн кантип айдап чыкканыбызды көрүп алгыла.

Курбуларын аялдамага чейин узатып келип, кучакташып коштошкон Канатбек кечке жуук атасы, апасы менен чечекейи чеч болуп, Айбектен сегиз миң сом берип ийгенин айтып, бирдиги түгөнүп калса кайра салдырып алып, аркы-беркиден кеп козгоп, жарым сааттан ашык сүйлөшөт. Ага-тууган, кошуна-колоңдордун ал-жайын сурайт. Калимандын: "Болду эми, көпкө сүйлөштүк, "единицаңды" коротпо дегенине: «Камсанабаңыз, бүгүн баймын, кечээ айлык алгамын», - деп күлөт. Сөз арасында Жыргалбектин: «Эртең Бишкекте пикет болот дейт «Бакиев» дегенде эле, ал бийликте турганда турмуш оңолбойт, Акаевдин артынан айдаш керек", - деп куйкаң куруша түшчү эле. "Бечелге жөтөлдүн кереги не" дегендей биздей карапайым адамга саясаттын кереги жок. Маңдайга буюрганды көрүп, тынч жашай берели. Кокус эртең эл пикетке чыгып калса барбагын, бир балакет болуп кетпесин", - дегенине ак да көк да дебей унчукпай, жылуу коштошот. Аттиң, курган ата-эне анда жаркылдаган мээнеткеч уулу менен акыркы жолу сүйлөшүп, акыркы жолу коштошконун кайдан билди.

Таңга жуук чочуп ойгонду Канатбек. Сыртта күн жаап жатыптыр. Кызык, бул не деген түш? - деп оң капталына оодарылып жатып, жүрөгү түпөйүл тартты.

- Толкун түндө жаман түш көрдүм, - деди чай ичип олтурганда. - Мен көп кишилер менен Ак үйдүн алдында жүрүптүрмүн. Эл аянтка батпай кылкылдайт. Аңгыча сен өзүң менен чогуу иштеген күйөөсү өлүп калган келин менен жетелешип алып качып баратыпсың. Толкун кайда барасың? - деп кыйкырып, артыңдан кууп жетпей калдым. Муну кандай жоруса болот? - деди тигиле карап.

- Түшкө ар нерсе кире берет. Бүгүн пикет болот деп атпайсыңбы, ошону ойлоп жатсаң керек, - деп койду колуктусу.

Толкунду тигүү цехине келгенде адатынча бетинен өөп коштошуп, кирип кеткенче артынан карап турду да Сабыркүл таежесиникине жөнөдү. Жолдо бараткында бирөөлөрдөн Талас көтөрүлүп, администрацияны өрттөп ийиптир дегенди угуп, сырттан шашыла кирип келди. Таякеси Замир ДВДи көрүп олтуруптур.

- Телевизорду коюңузчу, Таласта кыйын болуп атыптыр деп уктум, - деди анталаңдап,

- Канат, жөнү жок патриот болбочу, качан болсо да ушинтип күйүп-бышып жүрөсүң. Кечээ кечинде шефиң да звонить этип: "Эртең эл пикетке чыгат экен

деп уктум. Канат бийликти жаман көрчү эле барбасын, жибербеңиз", - деди. Бийлик талашкан чоңдор эмне болсо ошол болсун, - деп бурк эткен таежесине суроолуу тигилди.

- Таеже, кейибеңизчи, (негедир ушул сөздү көп айтар эле) кызык экенсиз, анан ушинтип эле кыйналып жүрө берелиби. Көрөсүз, бүгүн бул бийликтин түбүнө жетишет. Бир нерсеге кыжаалат болгондой алагды болуп, ордунда олтура албаган жээнин көрүп, энелик жүрөгү бир нерсени сезгендей тынчсызданды Сабыркүл.

- Канат, кагылайын, аянтка барбагын. Менин тилимди алып койчу. Үйдө телевизор көрүп тынч олтурчу.

- Ой, таеже болуптур, коркпоңузчу, жумуштарым бар эле, көчөгө чыгып келейин. Тамак жасап туруңуз, бат эле келем, - деп кетип баратып, таяжеси менен таякесинин, бөлөсү Перизаттын бетинен өөп шашыла чыгып кетти.

Дүйнөң түшкүрдүкү ай, кайрылып келбей калды Канатбек. Ала-Тоо аянтында адегенде резина октору, көздөн жаш агызуучу газдарды пайдаланып, элди таратуунун айла-амалын жасап, акырында снайперлерди жалдап, аттыра баштаганын көрүп, өлөр-тирилерин ойлобой алдыга жүткүнгөн жаштар менен жүгүрүп бараткан жеринен снайпердин чилдей терип аткан огу каржиликтен кирип, аш казан менен жүрөктү аралап, жамбашка келип тийип, №4 шаардык ооруканага жеткирилгенде жан таштаптыр.

«Өңгө жалган, өлүм чын» деген чын белем. Шордуу ата-эне, бир күн мурда эле жаркылдап жарым саттан ашык сүйлөшкөн уулунун кара жанын карч уруп, акча таап мончок терин төгүп, жалгыз өзү бүткөргөн жаңы конушунда ботосунан айрылган боз ингендей боздоп кала беришти. Жан күйөрү, бүгүнкүнү эртеңкиге калтырбаган, эмгектен түк чарчабаган, ак көңүл, мээрман мээнеткеч уулунун жаркын элеси эл жүрөгүндө сакталып калса деген ниетте аты өзү окуган "Ой-Терскен" орто мектебине ыйгарылса фонд ачып, үстүнөн жаандын суусу куюлган спорт залынын чердагын чыгарып, мектептин кем-карчына жардам берип турсак деген ойлору ордунан чыкпады. Далай жылдан бери аттуу-баштуу адамдардын, көзү өтүп кеткен аталарынын атын мектепке берсек деп ак эткенден так этип, талашка түшүп, бири-бирине ыраа көрбөй жүргөн айылдаштары бу саам да элим-жерим деп кырчынында кыйылган уулуна ыраа көрүшпөдү. Акыры жакын тууганы Нурмамбетов Кубандын эстелик коёлу деген сунушун туура көрүштү. Өкмөт тарабынан берилген 1 миллион сомдун 450 миңине таланттуу архитектор Жумабеков Толкунбектин кымбат баалуу ташка жан оту менен берилип, чыгармачылык менен эл уулунун желек көтөрүп, алдыга сүрдүү караган айкели жыл жаңыраар алдында мектептин бет маңдайына тургузулду. Жубайы менен төрт ай гана бирге жашап, күлгүндөй кезинде кара кийип, жесир калган келини Толкунга Ак-Босогодон үй сатып беришип, КАСИден окутуп коюшту.

Ооба, афган согушунда өлүм менен өмүрдүн ортосунда ажал менен арбашып, тагдырдын буйругу менен аман-эсен кайтып келип, Ата журттун кадырын

Тилекке каршы биздин өлкөбүздө саясий чечимдер академиялык университеттер менен байланышсыз кабыл алынып келгендиктен, Жолдошбек сыяктуу алдыңкы көз караштагы саясат таануучулардын пикири, үнү илимий чөйрөдө гана калып, университеттин дубалынан сыртка чыга албай келди. Элкөнүн академиялык саясат таануу чөйрөсү менен саясий чөйрөсү экөө эки жакты карап, натыйжада ар кимиси өзүнчө жашап, сабатсыз саясат жүргүзүлүп жатты...

Жолдошбек Кыргызстандагы саясий абалды ар дайым жүрөгүнө жакын кабыл алат. Ал саясий-экономикалык каатчылыкка, бай-кедей ажырымынын күндөн күнгө алжайып ачылып баратканына, калктын басымдуу көпчүлүгүнүн жашоо шарты начар экендигине чын жүрөгүнөн дүпөйүл боло турган. «Мамлекетибиздин өнүгүшүнө канткенде жардам бере алабыз» деген тынчсыздануусу ар бир кебинен кылт эте көрүнө калып турар эле.

Бирок, «Үшинтип эле тура бермек белек, акыры Кыргызстаныбыз да алдыга жылар» деп оптимисттик маанайда күлүң эте, кесиптештеринин маанайын көтөрүп коёт кайра. Ал өзү менен ар дайым көңүлдүү атмосфераны алып келчү, келген жерине. Адамдар ушул шат маанай жигиттин сөзүн угуп эмес, жарык жүзүн карап алып эле кандай жылмайганын байкабай калышчу...

...Биздин каарман - Таалайбектин тун баласы. Бирок, чоң ата, чоң энесинин колунда чоңойгондуктан, ата-энеси баласы катары эмес, бир тууган кеңешчиси катары анын пикирин жогору баалап угуша турган.

Жигиттин инсандык жогору сапаттарды боюна сиңиришине Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, коммунист, советтик эмгекчи чоң атасы Кудайбергендин таасири зор болду.

Ал эми мугалимдер династиясынын үчүнчү муундагы татыктуу улантуучусунун дүйнө таанымынын кеңейип, саясий жактан калыптанышына университеттеги устаттарынын жана таенеси Сеимкүлдүн да салымы чоң эле. Эски коммунист, партиялык кызматкер, республиканын эмгек сиңирген мугалими Сеимкүл Жолдошбектин идеал туткан адамдарынын бири болчу...

...Студенттер адатынча Жолдошбек Таалайбековичтин келип сабак өткөнүн чыдамсыздык менен күтүп отурушту. Алар ушул агайын абдан жакшы көрүшөт. Анткени, ал айрым мугалимдердей болуп «сен мени менен талашпа, меники гана туура» деген мүнөздөгү төрөпейил адам эмес эле. Студенттерди «өз пикириңерди ачык айткыла» деп үйрөткөн Жолдошбек Таалайбекович, алар бир нерсени туура эмес айтып жатса да, кескин оңдобой, жаш адамды сындырбай, акырын оң жолду көрсөтүп коё турган. Ал жаштардын өз кишиси катары эсептелинчү, өзүнүн жолдошчул жылуу мамилесин алардан да аянбай келди. Жаш муунду мекенчилдикке талыкпай чакырган агай, аларды ушул баштан баштап өздөрүн тарбиялап, көп окуп, көп нерсеге жетишүүсүн талап кыла турган...

...Биринчи курстун студенттери интернетке кирип керектүү рефератты чыгарып алып жатышты. Эртең сессия башталат, бул рефератсыз алар сынакка кирбей калышы мүмкүн. Студент биринчи курста экенинде ар бир зачёт, экзамен дегендерге абдан жооптуу мамиле кылып, көлөкөсүнөн да коркуп турат



Бир туугандары менен







бийик туткан, мекенине сүйүүсү арткан “афганчы” Чынгышов Жыргалбек менен оор-басырыктуу, акыл-эстүү жубайы Жусубалиева Калиман шейит кеткен уулунун, эл-журттун, кудайдын алдында ата-энелик ыйык парзынан кутулушту.

- Кыргыз тарыхында өчпөс тамгалар менен жазылып калган кандуу окуяда кылмыштуу бийликке каршы чыгып, баатырдык менен курман болгон Чынгышов Канатбектин армандуу өлүмү бизди терең кайгыртат, - деп кейиштүү сүйлөдү Ача-Кайыңды айылдык округунун башчысынын милдетин аткаруучу Жунусов Нурлан. Ал күнү кыргыздын намыскөй уулдары Бакиевдин үй-бүлөлүк аделетсиз башкаруусу аркасында куралдын күчү менен эч качан жүрөгүнүн үшүн алып чөгөлөтө албастыгын көрсөтүштү. Андай баатырлардын арасында атасы Афган апаатына катышкан Чынгышов Жыргалбектин эмгекти сүйгөн тун уулу Канатбектин бар экендигине сыймыктанабыз. Эр жүрөк уулубуздун эрдиги эч качан унутулбайт.

- Канатбек менин кичи пейил, жакшы окуган, элпек, ийкемдүү, намыскөй окуучум эле, - дейт “Ой-Терскен” орто мектебинин мугалими Жусупова Акылай үшкүрүнө үн катып. - Классындагылар бири-бири менен ынтымактуу, коомдук иштерге активдүү катышкан сабактарын жакшы окушкан балдар эле. 11-классты бүткөндө көбү окууга өтүп кетишти.

Канатбекке жайында Казакстандан келип тамын бузуп, кыш куюп аткан жеринен жолугуп калдым. Адатынча жаркылдап, ал-жайымды сурап, жан-алы калбай учурашты. Суук түшкөнчө бүтөр бекенсиң?, - десем: ”Ой эжеке, кудай буюрса түнү менен иштесем да бүтөм”, - деп күлүңдөп койду. Каза болгондон бери ушул жаркылдаган элесин унута албай жүрөм.

- Он бир жыл бирге окуган асыл курбум Канатбекти эскерүү мен үчүн оор. Кыял-жоругун эстегенде жүрөгүм сыздайт, - деди классташы, мектептин мугалими Ырысбек Жумалиев. - Кичипейил эле, мугалимдерибиз бир жакка жумшаганда же класстан бир нерсе жасаганда мен барам, мен жасайм деп ордунан учуп турчу. Физиканы жакшы көрчү. Шаарга барып иштеп, үй салып, карындашымды окутуп, анан өзүм окуйм деп калчу.

- Бишкекте турганда баарыбыз Канатбектикине барчубуз. Кубанып тосуп алчу, колу ачык берешен эле, дасторконун жайнатып, аябай сыйлачу. Саясат тууралуу сүйлөшүп калганыбызда: ”силер айылда жашап билбейсиңер. Жашоо кыйындап баратат. “Дордойдогу” килейген тачкаларды сүйрөп, жан баккан жапжаш балдарды көргөндө боорум ооруйт. Акаев качып кетип орду-на Бакиевди шайлаганда эми турмуш оңолот дедик эле. Андай болбой калды дечү. Классташтары баатыр курбубуздун кыял-жоругун түк унутпайбыз, элесин жүрөккө сактайбыз.

- Адилет бийлик үчүн шейит кеткен эр азаматтар мурда бир үй-бүлөнүн баласы болсо эми бүтүндөй жамы журтчулугубуздун эр жүрөк баатыр уулдары болуп калышты. Алардын арасында мындан тогуз жыл мурда ушул мектептен уядан учуп кеткен биздин окуучубуз Канатбектей баатыр жигитти тарбиялап өстүргөнүбүзгө сыймыктанабыз, - деди мугалими Сагынбек Нааматбеков:

«Улуу Манас бабабыз:” менин эрдик жолум элимде” деп айтканындай 7-апрелде курман болгон жалын жүрөк жигиттеримиздин көкүрөгүн Манастын тирүү аябагы, руху ээлеп алды. Ошондуктан алар бет алдында турган ажалдан айбыкпай акка моюн сунушту. Укканга караганда биздин Канатбегибиз да алардын катарында кызыл желекти желбиретип кыйкырып баратканда ок тийиптир.

Эр жүрөк уулубуздун жаркын элесин түбөлүккө калтыруу үчүн “Адеп” классын Канатбекке арнаганбыз, сүрөтү илинип турат. Жаштар уюмуна атын бергенбиз, ар бир линейкада, салтанаттарда анын аты эң биринчи чакырылып, анан рапорттор берилет. Ал эми ата-энеси тургузган айкели окуучуларды мекенчилдикке, атуулдук жоопкерчиликке тарбиялайт. Айтор Канатбегибиз кыргыз эли үчүн тоодой эмгек калтырып, артына өчпөгөн из калтырып кетти. Жаткан жери жайлуу, жаны жаннатта болсун дегенден башка не дейбиз.

...Ак сөз, Канатбек өлгөн жок. Колуктусу Толкундун боюнда калган атын чыгарар уулу калды. Баатырдын артында калган жалгыз туягы Мурасы (атын ушундай коюшкан) эс тартканда: ”менин атам ким?” деп сураар. Ошондо чоң ата, чоң энеси жетелеп келип, баатыр атасынын айкелин көрсөтүшөр. Желек кармап, бет маңдайын сүрдүү тиктеген Канатбектин эстелигиндеги: ”Биз тирүүлөр силердин каныңар менен келген эркиндикти ыйык сактоого милдеттүүбүз. 2010-жылдын 7-апрелинде желек кармап, Ак үйгө кирип баратып, биринчилерден болуп снайпердин огунан каза тапкан“ деген сүйлөмдү, жердеш агасы Кыргыз эл акыны Шайлообек Дүйшеевдин:

Капшабын карап түндү кездиң Канат,
Кагыны каптаганын сездиң Канат,
Калкыңды кайсап уччу октон тосуп,
Калкым деп кайран жандан кечтиң Канат.
Калтырып элесиңди эстеликке ,
Каркыра-турна болуп кеттиң Канат
Унутпайт эл баатырын улуу-кичүү,
Унутпайт эрдигиңди мезгил Канат.

деген ырды окуп , балалык жан дүйнөсүнө бүлүк түшүп, жүрөгү сыздаар.

- Менин атам баатыр болгон, менин атам элин коргогон деген аруу сезим Мурастын жүрөгүнө мекенчилдиктин, намыскөйлүктүн отун жагар. Баатырдын уулу-артында калган жалгыз туягы Мурасы аман-эсен бой жетип, атасындай эл уулу болсо экен...

светти кымбаттатып койду. Биз эле эмес, жердин баарында эл митингге чыгып атышыптыр. Жакында дагы болот пикет, барбайт белеңер? - суроо узатты Эдил.

Жигиттер күүлдөп, «барабыз атасынын көрү, курутуп жибермей болушту» деп күжүлдөй, түшкү тамагын ичип жатышты…

…Эдил акыркы күндөрү Кара-Жыгачтагы мектептин ремонтун жасоого заказ алды, бул жумуш анын оюнча бир топко созулуп жакшы киреше алып келүүгө тийиш. Заказчы да көпчүлүк кожоюндардай эмес, адамгерчиликтүүдөй туюлду бригададагы балдарга. Ушул күндөрү митинг-пикет тууралуу уу-дуу кептер күчөгөндөн күчөп, бүйүрдү кызытып жатты…

…7-апрелде Эдилдин эжеси Чынара «Дордой» базарындагы ишине жөнөдү. Контейнерлерин шарак-шурак эттире жапкан адамдар үйлөрүнө кеткенге шашылып, кымгуут түшүп жаткандын үстүнөн түштү. «Аянтта митинг болуп атыптыр, ок атылып жатат дейт», «Кокуй, кеттик, «Мадина» өрттөлүптүр, бизге да жетпесин, мародёрлор» деген эле каңшааарга бөлөнүп калды «Дордой» базары.

Эл менен кошо Чынара да үйүнө кайтты. Келсе, Эдил сыналгы көрүп отурган экен. Экран менен бир болгон премьер-министр Данияр Үсөнов чеке тамыры көбө, «республикада абал тынч, ар кайсы жерде жүзгө жетпеген адам митингге чыгып жатат» деп адатынча беш өрдөгүн учуруп жатыптыр. Чынара инисине «бүгүн пикетке чыкпай эле кой, катуу болуп жатат окшойт» деп эскертти. Башын ийкемиш эткен Эдил премьер-министрдин ар бир сөзүнө кыжырланып жатты. Эженин бир туугандык жүрөгү инисинин бир орунга тура албай тыбырчылаганынан, анын ичинде бир нерсе болуп жатканын, уйгу-туйгу тынчы жок сезимдерге бөлөнүп турганын сезип турду.

Бир убакта Эдил туруп кийине баштады.

- Каякка баратасың, балам? - деп тынчсыздана сурады энеси Калбүбү. Ал көкүрөк күчүгүнө ар дайым ичинен ыраазы эле. Эдил эстүү жигит болуп, апанын көңүлү ток жүрчү.

Миң-Кушта жашоо-шарт оор, жумуш жок болгондуктан, Калбүбү менен Акмат Бишкек шаарынын четинен Ак-Бата жаңы конушунан жер алышкан. Балдарыбызга шаарда жашаганга шарт түзсөк, жумуш табылып, келечегине жакшы болор деген үмүт менен. Бирок, Акмат ага үй салып үлгүргөн жок. Инсульттан каза болуп калды.

Калбүбүнүн көкүрөк күчүгү Эдил жерди жайдак калтырган жок, пайдубалынан баштап түптөп, энесине там салып берди. Тапкан тыйын-тыпырын да көтөрүп келип, чыпчыргасын коротпой апасынын алаканына сала турган. Эне жүрөгүнүн түпкүрүндө баласына дили агарып, нааразычылыгы жок болчу. Баласы энеге ушунчалык күйүмдүү эле, азыркы учурда кайсы бала эненин абалын эртең менен кечинде сурап турат? Көкүрөк күчүгү апасына «ии-ий, апаке, сизди жакшы келиндүү кылсам экен. Сизди жакшы түшүнгөн, сыйлап ала турган келин болсо экен» деп кала турган.

Айтмакчы, Эдилге «алып беребиз» деп агасы классташынын карындашын болжоп, ичинен ээлик кылып жүрчү. Ал кызга ал түгүл ала качабыз деп балдар келгенин угуп, келечекте кайнага боло турган Адил алар менен мушташып жатып алып калган эле. «Ушул күздө үйлөнүп, апамдын колун узартам» деген Эдил, быйыл жакшы иштеп, көбүрөөк каражат табайын деп турган кези.

Биздин каарманыбыз жеке эле апасына, бир туугандарына кайрымдуу эмес экендигин төмөндөгү бир окуя далилдеп тургансыйт.

Эдилдин жашаялмет кошунасы бар эле. Балдары майда, иши кылып кышында отун-суудан кыйналып туруптур, ал киши. Ошондо улан үйүндөгү көмүрдөн уурдап чыгып, кошунасына жеткирип берип атты. Бир күнү апасына кармалып калып, тил укту анан. Апасы аны жемелемиш эткени менен, ичинен баласына ыраазы болуп калды, «буюрса, уулум кишичиликтүү боло турган» деп.

Эдил үй-бүлөдө эле жайдаңдаган, ак пейил жигит эмес, курбуларынын арасында да кадыры-баркы бар эле. Классташтарынын арасында Эдилсиз бир да кече шаңдуу өтчү эмес. Ал куудулданып кимдир бирөөнү туурап жибергенде, күлбөгөн жан калбай, боорун тырмап калыша турган…

- Азыр келем, коркпогула, апа, пикетке барбайм, - Эдил эшикке чыгып кетти.

…Коюн-колтукка кирип чыйрыктырган жаздын муздак желаргысына бетин тосо, Эдил маршрутка тосуп турганда машинеден түшкөн бир таанышы сурап калды:

- Ой, сен каякка, центр ызы-чуу болуп жатат, атыш дейт…

- Пикет болуп жаткан турбайбы, ошол жакка.

- Кой, барбай эле кой, кишилер өлүп жатат дейт, мен араң келдим, маршруткалар да жүрбөй калыптыр, кызыксың го аяктан эл келе албай жатса…

- Кантип элден калмак элем, эмне мен башымды катып отургудай кыз белем, барам. Ушундай күндөрү мен барбасам, же сен барбасаң, жуткучтар отура берсинби элди соруп.

Тилазарланган Эдил жанына келип токтогон маршруткага түшүп кетти.

…Аянтта төбө чачты тик тургузган салгылаш жүрүп жаткан экен. Асмандагы сумсайган сургулт булуттар таш төшөлгөн муздак жерди боортоктой жыгылган көкжалдарды кайдыгер карап турду. Кубарыңкы тарткан хан ордосу таман астына төгүлгөн канды мүңкүрөй кабыл алып жатты.

Эдил эл топтошкон жерден өзүнүн убадалашкан жердештерин таап алып, сүйүнүп кетти. Жигиттер жөнөдү, адамдар боо-боо болуп жыгылып жаткан алдыңкы чекти көздөй жүткүнүшүп.

Эдил адатынча илгери умтулуп, жолборстой күркүрөгөн жигиттерди жирей, алдыга суурулуп чыкты. Кайдан-жайдан экени белгисиз, андан илгерирээк чуркап бара жаткан жаш жигит жыгылып кетти, көзгө атар мергендин тийген огуна удаалаш чекесинде көзөнөк пайда болгон анын колу кудум эле каракушунан жая берген кан түспөлдөшкөн желекти карыша кармаптыр. Эдилдин каны башына дүргүп чыкты, эне сүтү оозунан кете элек балапан уландын колундагы желекти ала коюп, Ак үйгө «алгалап» жүгүрдү, буга чейин анын көңүлүндө ан-

«Мындай күнү үйдө тынч отура бергенге кандай акым бар?»

Аянтка келген Алтынбектин көз алдына коркунучтуу көрүнүш тартылды. Айлана кыйкырык-чуу. Толгон-токой жаштар «качпагыла, коркпогула» деп бири-бирин сүрөй, алдын тоскон каска кийип, куралданган кара кийимчен спецназга моюн бербей, Ак үйгө чабуул жасап жатышыптыр. Капкара асфальттын үстүнө кан сиңбей көлкүлдөп, кыйылып жаткан күлгүн өмүрлөргө жер эне күрсүнө кайгырып турду.Тигинде жаш жигит ичегиси чубалып «апакелеп» жатса, ары жакта жүк ташуучу машине Ак үйдү курчаган жомоктогу дөө перилер жашаган токойду элестеткен кара тосмону качырата сүзүп жатат.

Көзү чанагынан чыгып, карегине коркунуч да, жаал да толгон олбурлуу жигит «Алга, жаштар, намысыңар болсо, артка кайтпагыла, Бакиевге кул болбойлу» деп ураан чакырып келе жатып, чыкыйына ок тийип Алтынбектин так астына жыгылды. Колунда кызыл туу.

Алтынбектин дене бою «дүр» эте эңкейип, кызыл тууну колуна алды. Эмнегедир анын жүрөгүнүн соккону катуулап, кулагы чуулдап чыкты, аянттагы төгүлгөн кан менен цементтин үстүндө жайнап жаткан мээ, кан, жин анын жаалын козгоду. Келберсий текебер тиктеген Ак үй, аны коргоп дүңүрөңдөгөн кара сөлөкөттөр, жашоо турмуштун оорчулугу бардыгы бир секундда аралашып, мээсин көзөп өткөнүнө кошул-ташыл боло, каны кайнаган ага «бас, брат, эркек болсоң, коркпо, Ак үйдү алабыз» деген өзү курдуу жаштардын чакырыгы аны өзүнө ээ кылбай баратты...

...Алтынбектин агасы Улан жумуштан келе жатып, борбордук аянттын чекесинен өттү. Ал бүгүн кечке кабатыр болуп, өзүнчө эле чийки май жегендей болуп жүргөн эле. Ак үйдүн айланасы канды-булоон болуп, айыгыш күчөп турган кези экен. Тиги жолдун чекесинде каршы-терши сулап, үч-төрт жигит жатат. Анын бирөөсүнүн күрмөсү менен бут кийими Алтынбектикине окшоп кетти, жүрөгү «болк» дей түштү. Жүгүрүп барса – иниси.

«Алтынбек!», анын ачуу кыйкырыгына удаа, «бул кимиңиз эле, брат?» деп суроо салган эки жигитке да снайпердин огу тийип, кыйылып түшүштү. Улан инисин өйдө кылам деп эңкее калганынан ажалы жок экен, ок андан кайып өттү...

...Жумагүл телевизордон Ак үй астындагы кагылышты көрүп анча деле элес алган жок, «балдарым жумушта» деп көңүлү ток эле. Бир караганда Ак үйдү көздөй жүгүрүп бараткан уландын баш кийими уулунукуна окшоп кетти да, «Алтынбек жүрөбү?» деди чочуй. Улукбек Алтынбекти тааныгандай болду, бирок апасын тынчтандырып, «жок ал эмес» деп койду. Аганын жүрөгү сайгылаша баштады.

Тынчтана түшкөн Жумагүл мындан беш жыл мурда дагы бир президенттин, Акаевдин куулганын бир сыйра эстеп алды.

Алтынбек телевизордон президенттин качып кеткенин угуп, «эмнеге качып кетет, өзү президент болсо, эмне ал такыр уялбайбы?» деп керээли-кечке апасына таңыркай суроо бере берген эле. «Аа, балам, бийлик деген жаман нерсе,

аны кыйыш өтө кыйын. Акаевдин дагы кан төкпөй качып кеткени жакшы болбодубу» чогуу чай ичип отурган коңшу кемпир кобураган болчу ошондо...

Кеч кирди. Эне бейкапар.

Эшик алдына болсо жылып келе жаткан бетпак күүгүмгө аралаша, дабыш чыгарбай коңшу-колоңдор, туугандар чогулуп жатты...

7-апрель Жумагүлдүн энесинин өлгөн күнү эле.

Улукбек кечке маал үйгө топтошо баштаган тууган-туушкандарга анча маани бербей, аларды «куран окутканы келишкендир» деп болжоду. Агасы Руслан-дын маанайы пас, инисинен көзүн ала качып ыйлагандай түрү бар.

Улукбек ичинен «Ии, маанайын бирөө түшүрүп койсо керек» деп ойлоп койду. Анан эле келген адамдар Алтынбектин бутуна ок тийиптир деп калышты, сурлары суук болуп. Жумагүлдүн жүрөгү ыргып кетти.

«Бутуна тийсе, айыгып кетет да» деп ичинен каниет кылган Улукбек эшикке чыкса дарбазага жөлөнүп агасы Улан нес болуп турган экен. Көзүнөн буурчактаган жаш тынбай жатты. Жүрөгү оозуна тыгыла түшкөн уланга алдынан чыккан кошуна кызы «иниңдин арты кайырлуу болсун» - деп кучактай калды.

- Инимдин буту эле сынган, эмне деп эле жатасың?

- Апей, сен укпай калдың беле, Алтынбектин каза болуп калганын, - кошуна кыз кетенчиктеди.

Улукбек үйгө учуп кирди, апасы эс-учун жоготуп койгон экен. Иниден айрылганын акыры түшүнгөн баланын заманасы куурулуп, жүрөгү өрттөнүп, көз алдына чагылган сымал иниси экөө чогуу өткөргөн көз ирмемдер келип жатты:.

...Улукбек анда үчүнчү класста. Иниси биринчи класска жаңы кирген. Бир маалда агасы артын карай сала чоочуп кетти, аркасында Алтынбек отурат.

- Байке, мен сени менен эле окуюнчу, - деди жалооруй.

- Эмнеге?

- Класстан эмне кылганды билбей жатам, - мурдун тартты, биринчи класстын окуучусу.

Улукбек күлүп жиберди:

- Ал жерде сага окшогон эле балдар отурат, коркпой эле окуй бербейсиңби, макоо...

Бул маалда окуучусун издей берип суй жыгылган эжей класска кирип келип, Алтынбектин кылыгына күлкүсү келе ээрчитип кетти...

Бул сыяктуу турмушта татаал көрүнгөн учурларда экөө элеңдей, бири-бирин издешип калышчу. Эгиз козудай болгон ага-ини эч качан ажырабачудай туюлчу, бир тууганга.

Туюлчу...

пай калган соң, ал да таркатылып, ордуна кол бала «Ак Жол» келди. Андан кийинкиси белгилүү...

...Жаз да келди...

...«Кудайберген» базарындагы машинанин тетигин саткан контейнерлерин бир сыйра карап көзөмөлдөп жүргөн Жыргалбек, базардагы орун талашып, кер-мур айтышып жаткан тааныштарына кез келише түшүштү. Алар «сен бул жакта эмне темтеңдеп жүрөсүң, кетпейсиңби нары өзүңдүн жериңе» деген маанайда кыжындашып жатышыптыр.

- Ээй, туугандар ай, ушунуңар деги качан калат? Макул сенин жериң Чүй экен, а сеники Ош, болгон айырмаңар ушул. Талаш-талашпа, акыры бардыгыбызга тиягы бир метр, биягы бир метр жердин топурагы эле буюрат. Жада калса салып алган тамыңдын дагы ордун ала кетпейсиң, тиги дүйнөгө. Үркөрдөй болгон кыргыз качан болсо ушинтип бөлүнүп басып жүрсөк, кайктан оңолмок элек, - нааразылана сүйлөнгөн ал басып кеткенде, тигилер уялып калыштыбы, унчукпай ар ким өз ордуна жөнөдү.

Бул күнү базарды «эртең пикет болот экен, барасыңарбы?», «пикети курусун, барбайм, Бакиев «мен качпайм, атам» дебеди беле», «Ой, кетирсе кетиреличи, кечээ электрик дагы светимди кыркып кетти, мурунку карызымды төлөп жетише албай жатсам, дагы эки миң сом чыгып келиптир, бул кебетебиз менен тишибиздин кирин соруп отура бере тургандайбыз» деген күдүңдөгөн сөздөр, каңшаарлар желдей тарап жатты...

Жыргалбек өзүнүн санаалаштары менен эртеңки күнү боло турган элдик курултайга барууга сөз бекитишип, «Медиа Форумдун» алдынан жолугушууга макулдашты.

...Түнү апасы Айсалкын түш көрдү. Тиши түшүп, орду оңурайып калыптыр. Чочуп ойгонгон ал таң атканча көз ирмеген жок. «Түү-түү, түшүм түлкүнүн богу» деп түкүрүнгөн ал жети токоч баабедин жасап, кудайдан жакшылык тиледи...

...7-апрель. Жыргалбек демейдегисинен эрте турду. Келинчеги эртең менен тамагын берип жатканда, алдыда боло турган пикет тууралуу сөз болуп кетти. «Бүгүн күрөш катуу болот окшойт. Максатыбыз орундалса экен. Эгер бул бийликти кетире албаса, анда элдин шору катат го?» деди ал чайын ууртай.

«Ата, сиз аякка барбай эле коюңузчу, түшүмдө короонун бардыгы кан болуп жатыптыр» деди уулу жалооруй.

Ата уулун бир башкача карады, бир нерсе айтайын деп оозун эптеп барып, кайра айныды, жөн гана «Барбайм, коркпой эле койгула, мен жумушка кеттим» деп балдарын бир сыйра өөп-жыттап алып үйдөн чыкты. Бирок, алдындагы темир күлүгү «Кудайберген» базарына эмес, шаардын борборуна тизгин бурду...

...Ак үйдүн өңү бүгүн башкача сурданып турду. Өз ичине кыргыз хандарынын сырларын каткан ал, ажолордун кара иштерин жаап-жашырып, аппак тулку-су менен жууп-тазалап кыйналып келе жатканын эч ким, жада калса өзүнүн жанындагы мармар курбулары – тарых музейи менен «Илбирс» имараты да сезбей жатышты...

Күрсүнүп жиберди Ак үй, тетигинде топтошуп өзүн көздөй келе жаткан калың элди көрүп...

...«Кан төгүлөт, ээ»...

...Кансарайдын онтогонун митингчилер сезишкен жок...

Жыргалбек төңкөрүштө Ак үйгө желкесин салбады. «Алгалап» жаштарды сүрөгөн ал, өзү да алдыңкы катарда жүрдү. «Качпагыла, бул бийлик элди коркута албайт. Коркпогула, бүгүнкү күн – чечүүчү күн» деген ал снайперлердин огунан сестенген жок. Кансарайдын тосмосун талкалап жаткан БТРдин үстүндө желек кармап турган жаш баланы көрүп жүрөгү болк эте, «жашын» дегенче болбой, жеткинчек кыйылган жаш чынардай сулап түштү, аттиң ай...

Каны кайнаган Жумгал кырааны БТРге кирип, «менин аркамаң, алга» деп, айдап жөнөдү. Карылуу колдору дароо эле армиядан үйрөнгөн сабагын эсине түшүрдү, күркүрөтүп оор машинени башкарды элпек.

«Ээй, Жыргалбек, койсоңчу, мага ок атпа, бир кезде өзүң мени кайтарчу элең го» үнсүз шыбырады Ак үй.

«Мен сени аткан жокмун, сен элимдин ыйык ордосусуң, бирок койнуңда эл соргон жексурлардын алдейленишин каалабайм». Жыргалбек да үнсүз жооп берди. Ал мурда Ак үйдүн күзөт бөлүмүндө иштеп, аны көзүнүн карегиндей кайтарып жүргөн кезде ушундай күн да келет деп эч ойлобосо керек...

...Жыргалбек тосмону талкалаганча болбой, Ак үйдүн үстүндөгү көзгө атар ажал бүрктү. Ок келип Жыргалдын санына тийип, денесин аралап өттү, кан диркиреди.

...Жыргалбек инисине төртүнчү ооруканадан телефон чалып, ок тийгенин, буюрса үч күндө чыгып каларын айткан эле. Ата-эне байкуш анын жараланганын угуп, түнү менен Бишкекке жөнөдү.

Айсалкын палатага кирип уулунун өңү-түсүн көрүп жүрөгү атып кетти, кер-сары тарткан ал, жууган чүпүрөктөн жаман кубарыптыр. «Каралдым ай» деп айланып кагылган аны уулу тамашалап жооткотумуш болгону менен, ичинде аны бир гана «Биздин жолду улап кетишсе эле болгону. Улап кете алышпаса, анда кул болот элим» деген ой кыйнап турду...

...Түнү менен иттер улуп чыкты, Айсалкын менен Советбектин жүрөгүн опколжутуп. 8-апрелде балбылдап баткан Чолпон жылдыз менен кошо шердин кансырап кыйналган жаны акыры туруштук бере албай үзүлдү. Анын «элиң үчүн курман болсоң тарыхта атың калат» деген сөзү эң акыркы деми менен кошо чыкты...

«Каралдым, кулунум, ала жат» асман-жер ата-эненин зарына кулагы туна, заарканып угуп жатты кулагын жапырып...

Жыргалбекти ээсине берип жатканда казганактаган калың элдин арасында бир туугандары эмес, классташтарынын көз жашы токтобой мөндүрдөй төгүлүп турду.

Шердин сөөгүн жууган кезде унчукпай аза күткөн адамдардын ар биринин көз алдына Жыргалбектин элеси тартыла, анын өткөргөн өмүрүнүн бир ирмемдери чагылгандай «зып» эте келе калып жатты...

ЭЛ ЭРКИНДИГИН ЖАСАЙМ ДЕП УЗАНГАНДА



ЭЛИКБАЕВ
Төлөбек
Үркүнбекович

(23.01.1967-07.04.2010)

Кочкор районунун Семиз-Бел айылынын кулуну Эликбаев Төлөбек Үркүнбекович 1967-жылы 23-январда жарык дүйнөгө келген. 1973-жылы Семиз-Белдеги айылдык орто мектепте окуп, 8-классты бүткөн соң Кочкордогу №15 СПТУга кирип, 1985-жылы аны аяктайт.

Мындан соң Советтик Армиянын катарына чакырылып, Украинанын Десна шаарында кызмат өтөйт. Аскердик кызматын ийгиликтүү өтөп, «Советтик Армиянын мыктысы», «КВС гвардия» төш белгилери менен сыйланат. 1987-жылы сержант наамында мекенине кайтып келет.

1987-1988-жылдары «Кочкор» совхозундагы кесиптик-техникалык окуу жайдын бир жылдык курсун окуп бүтүрөт.

1990-жылы Салтанатка үйлөнүп, ошондон тарта Семиз-Бел айылындагы айыл чарба жумуштарында эмгектене баштайт.

1996-жылдан тарта дыйкан чарбасынын мүчөсү.

Жети бир тууган.
Нооруз, Жеңиш, Азима аттуу эки уул, бир кыздын атасы.
Сөөгү Ата-Бейитке коюлган.

- Быйыл картошканы көбүрөөк айдайын деп жатам. Эптеп солярка алыш керек. Отуз сомго чыгыптыр аның дагы. Дагы кымбаттай электе акча таап алып коёлу. Түшүмдү быйыл көп алып, тамды бүтүрөйүн, - деди Төлөбек.

- Тамга кирбесек болбойт, чын эле. Быйыл кыш суук болгону аз келгенсип, свет кымбат. Айланайын, аны азыр төлөсөм азыр, эми төлөсөм эми миңдеп акча чыгып келет. Убагынан өтүп кетсе, бир жагынан пенясы курутат экен. Же ушуга жараша вагон дегениң жылыбайт, плитка күндөп-түндөп сайылып турса да. Таң калам, свет өзүбүздөн чыгып атса, эмнеге эле баасын көтөрүп жатышат. Бул бийлигиң элди ойлобой калды го, - деди Салтанат кайниси Бактыбекке чай сунуп.

- Нарында митинг чыгып атпайбы улам. Тарифтерди арзандаткыла деп. Жакында Данияр Үсөнов да келиптир эл менен жолугушканы. Чамасы алдап-соолаган көрүнөт.

- Ал алдаса эле алданып калмак беле? Элдин жанына батып кетти, электр энергиясын арзандатмайынча, нарындыктардын көтөрүлгөнү көтөрүлгөн.

- Нарындыктар көтөрүлдү, эми Бишкек да көтөрүлөт көрөсүң го. Мен барам эгер боло турган болсо. Эл көргөндү көрөбүз да, кыйналып кеттик. Сен барасыңбы, Кочкордо пикет болсо? - Төлөбек инисине суроолуу карады.

- Көрөбүз да. Эл чыкса кантип чыкпай калайын, - Бактыбек ийнин күйшөдү.

- Чыкпай калгандар да болот. Митингге чыккандар жеңишке жетишсе, чыкпай үйүндө отургандар да уялбай эле ошол жеңиштен пайдаланышат. А Бакиевди эл баары бир кубалайт. Ага элдин эле алы жетпесе, муну эч ким эчтеке кыла албай калды го. Бул кетсе кийин жакшыраак бийлик келер, - Төлөбек ойлуу отуруп калды...

Ага-ини экөө жанаша жашап, жери да бир болгондуктан, тиричиликте кеңешип-кептешип оокат кылыша турган. Булар негизи жети бир тууган эле. Ата-энесинен жаштайынан ажырап, алар эптеп там-туң баса буттарына турушкан, ынтымагынын аркасы менен. Төлөбек (аны үйдөгүлөр Төлөн деп чакырышчу) болсо он жылдан бери вагонеткада жашап, баштап алган үйүн көтөрө албай келди каражаттын тартыштыгынан. Тапкан акчасы күнүмдүк турмушунан, бала-бакырасынын кем карчынан ашпай келген. Эми быйыл көбүрөөк жер айдап, түшүмүн сатып үйүмдү бүтүрсөм деп ниеттенип турду ал.

Келинчеги Салтанат менен сүйлөшүп жүрүп үйлөнүшкөн эле.

Экөө негизи кошуна экен. Кийин Салтанат борбордогу камволдук фабрикада иштеп жүргөндө, эжесиникинде жашачу го. Эжеси болсо Төлөбек менен классташ. Төлөбек жалгандан эле классташына келген болуп, эки күндүн биринде таттуу-паттуусун көтөрүп келет. «Ии, классташым мени сыйлап жатат» деп түшүнгөн эжеси балакетти экөөнүн сезимин туябы?

Бири-бирине болгон жактыруусун, шынаарлашып калганын Салтанаттын энеси уккан соң, «Кыздын кичине алысыраак эле кеткени жакшы. Төркүнү жакындын төшөгү жыйылбайт деген. Койсоңчу, балам» деген жактырбай.

Арзууга алдырган немелер болбой баш кошуп алышып, жыйырма жылдай бактылуу өмүр сүрүштү. Албетте жокчулук болду, жетишпес жашоо кыйнады, бирок үй-бүлөдө өкүм сүргөн сүйүүгө бул нерсе тоскоол боло алган жок.

Салтанат күйөөсү күмүштөн колго жасап берген күмүш сөйкө, шакегин көргөн сайын жылмайып жиберет.

Төлөбек колунан көөрү төгүлгөн уста эле. Үйүмдү салсам, жанына устакана ачам деген кыялы бар ал, ат такалап, камчы жасай ала турган, ал түгүл бут кийим ултарып жиберчү.

Салтанат бир күнү «мага сөйкө, шакек алперсең боло» - деп калды.

- Ээй, мен сага сатып берип убара болуп жүрмөк белем, колго эле жасап коём, - деген ал күмүш издеп камынып калды, чындап эле жасап бергени жүрөт.

- Эмне колго жасаган болмок беле?

- Болмок түгүл болот. Мен өлүп калсам деле сага эстелик калат да.

Бир-эки күн убараланып жатып, Төлөбек зер буюмдарды жасап бүттү:

боло турган бир туугандарын, бой тиреп чоңоюп келе жаткан кыздары Элзат, Насыйкат, уулу Мурадилди да ойлоп үлгүрө алган жок. Ал түйшүк менен чарчоонун туманы каптап, келечектен жакшылыкты күтүп, аз жыргалчылыкта сүрген өмүрүн аяганга да жетишпеди. Акыркы мүнөттөрдө «энем кантер экен» деген гана ой келди, кыраанга. Каалгый жыгылган Сыргак асманды акыркы жолу тиктеди, көкүрөгүнөн оргуштап каны куюлуп, көзү жумулуп баратты. Боз чаңгыл тарткан асман болсо кабагын сала, жөнөкөй, ошол жөнөкөйлүгүнөн улуулугу сезилген кыргыздын бир уулу менен коштошту...

Сыргактын жездеси аны шаардагы өлүкканадан таанып, алып чыгарды. Өлүккананын тышында өзүнчө идиште жарадар болгон жигиттердин жаратын таңган кызыл-ала кан чүпүрөктөр додолонуп, жүрөктү бир «дирт» эткизе үшүн алып турду. Не деген гана жигиттердин каны төгүлүп, канча деген жан күнөөсүз кыйылды деген ой чагылган сымал, жездесинин башына тепчилип өттү.

...Суук кабарды угузганда энеси Зуурабүбүнүн ичинен кан өтө теңселип кетти.

- Сыргагым, бул эмне кылганың? Энеңди тирүүлөй өлтүрүп кеттиң го?!

Жүрөк эзген чыңырыкты асман-жер, тоо-таш силкинип, ичиркенип угуп турду.

- Сыргагым, эми сен боздотуп кеттиңби?.. Кайсы бириңди айтайын... Бүбүсайрам, Акылай, Акылбегим...Балдарым...

Зуурабүбүнүн эси оол бара жатты, эми ботодой боздогон эне кайгысын баяндаганга кандай калем түт келет?

Ушул эле күнү Сыргактын иниси Алмаз уулдуу болуп, эненин ачуусу менен таттуусу аралашып кетти. Дүйнөгө жаңы жаралган наристенин аты Эрназар деп коюлганынан «агасындай эл үчүн жан үрөгөн эрен болсун» деген үмүттүн шооласы бүлбүлдөгөнү менен, эне бечараны баланын күйүтү карытып бара жатканы жанды кейитет.

БААТЫРДЫ БИР КҮН ЖАРАТАТ

Миңбаев Эрнист Түнкатарович 1974-жылы 24-апрелде Жумгал районунун борбору Чаек айылында туулган.

1982-жылы Чаек айылындагы О.Ногойбаев атындагы орто мектептин босогосун аттап, 1992-жылы аяктаган.

1994-1996-жылдары кыргыз куралдуу күчтөрүнүн катарында кызмат өтөгөн.

1997-2001-жылы МПМКда айдоочу болуп иштеген.

Атасы Миңбаев Түнкатар 2010-жылы 23-февралда кайтыш болгон, апасы Миңбаева Сайнап 80 жашта.

Эрнист беш бир туугандын бири эле.

Үй-бүлөлүү, жубайы – Жийдегүл тул болуп, эки баласы – 12 жаштагы уулу Элдияр, 8 жаштагы кызы Элнура атасыз калды.



МИҢБАЕВ
Эрнист
Түнкатарович

(24.01.1974-07.04.2010)

Эрнис кафелерди кыдырып, күндөгүдөй эле шишелерди кабыл алып жүрдү. Анан калса, шишелердин оордугу зылдын кара ташындай го, чиркин.

Эрнис узун бойлуу боло турган, ушундан улам теңтуштарынын арасында «дөө Эрнис» деп чакырышчу. Өзү көлөмдүү, чымыр болгондуктан, жыйналган он чакты мүшөк бөтөлкөлөрдү бир эле жеткирет кожоюнуна.

Биздин каармaныбыздын жанына жумушсуздук таштай баткан эле. Туулуп өскөн айылы Чаекте албетте, жумуш жок. Иштетейин десе, жер жок. Аргасыз уулуна атасы Түнкатар ак батасын берип, «эми шаарга барып эптеп иштей гой, айылда иш жок, башка кандай айла кылалы» деген. Ошондон кийин ал, келинчеги менен бакыт издеп шаарга кетти. Ар кыл иште иштеп, жумушка зарыгып, эки көзү төрт болгон жигиттин кор болуп, унутта калып, колдонулбаган бир өнөрү бар эле...

Ал машинени жанындай сүйүп, ар бир тетигин түнүчүндө ойготуп сураса да, жаңылбай айтып бергидей мыкты адис. Убагында айылында трактор айдап жүргөн болучу. Бирок, союз тараган соң, бардыгы чачырады. Чачыраган өлкө менен кошо анын курагындагы эчен жигиттердин максатынын бырын-чырыны

Энелердин каргышы
Боорум Кыргыз!

Окту беттеп батындың,
Манас атаң руху менен ачылдың.
Жоогазындай көктөп турар кезиңде
Канкорлордон жайрап минтип атылдың.

Көрсө элибиз канкор ажо шайлаптыр,
Түпкү атасы кыргыздарга айгактыр.
Каны бөлөк деген сөздөр чын окшойт,
Кыргызымдын кыраандарын жайлаптыр.

Аткыла! - деп буйрук берсе ким эгер,
Аны орундап аткан болсо ким эгер.
Эр азамат уулдарын жайраткан,
Эл душманы, көркоолор деп биле бер!

Элге батпайт андай шумшук көркоолор,
Көргө батпайт андай шумшук көркоолор!
Өз баштарын атып өлсүн өздөрү,
Кабыл албай түртүп турсун жер-тоолор!

Каргыш айтам энелердин атынан,
Канды сүйгөн көркоолорго сасыган.
Андайларды кусуру урсун кыргыздын,
Азап, арман кетпей өтсүн башынан!

Тойбой улам элден жеген жемине,
Бийлик үчүн ок жаадырган элине.
Жаны сыздап сөөгүнө өтсүн каргыштар,
Бакиевдер, урпактары, тегине!

Бакиевди жактагандар кор болсун,
Жаткан жери жалаң темир тор болсун.
Элден безип, өлгөндөрдүн каны кууп,
Өмүр бою тартканы азап, шор болсун!

Кара кийип сыздап калсын жарлары,
Өксүп өтсүн өмүр бою балдары.
Аткандар да эч жакшылык көрбөсүн,
Каракчынын кейпин кийип жандары!


Кайгыргандан кетип улам дарманы,
Бүт энелер дал ушинтип каргады!

Гүлжамила ШАКИРОВА,
акын.



Карындашы, келинчеги жана уулу Ислам менен







дей эле болуп жатышыптыр. Ал өзүнүн адистигине байланыштуу, өлкөдөгү социалдык-экономикалык каатчылыкка бийликтин туура эмес саясаты күнөөлүү экенин жакшы түшүнчү.

«Ай, булар кетпесе жыргабайт го кыргыздар. Акыры эмненин ичинен чыгышаар экен» деп коё турган, сөз келгенде.

Белгилүү деңгээлде саясий көз карашы калыптанып калган жигит, ушул себептүү 7-апрелде митингге барды.

Апасы Нарындан «митингге барба» деген. Өмүрү эне сөзүн эки кылбаган бала ал күнү кулак салбаптыр. Кайынатасы, кудасы да анын пикетке барам дегенин угуп, «кой балам, эмне кыласың. Аякта кишилер өлүп жатыптыр. Балаң жаш. Энеңдин багар-көрөрү сенсиң» дегени жигитке таасир этпеди.

…Айтмакчы Эрлан уулу Исламды бөтөнчө жакшы көрчү. Ал жаңы төрөлгөндө да жалаяктарын өзү үтүктөп, узакка-узакка уулун тиктеп тургандан түк жадачу эмес. Өзүнүн туулган күнү 14-апрель, уулунуку 26-апрель болсо да, «экөөбүздүн туулган күнүбүздү бирге өткөрөбүз» деп күдүңдөп, уулуна чоң машине оюнчук алып бергенге камынып жүргөн. Бирок, уулуна болгон сүйүүсүнөн элине болгон сүйүүсү салмактуураак экен, Калыйкандын жибербей отурганына да көнбөй бир маалда кетип калды, октор учуп турган жакка.

«Кантип элден калайын? Ушул күнү эл тагдыры чечилип атса, үйдө жылуу жата бермек белем?».

Намыстанды.

…Жаңылга кабар түнкү он экиде келди.

«Уулуңа таш тийиптир, пикеттен».

Таш тийиптир деп жумшак айтышса да, эне жүрөгү тынчыбай, түндөп Бишкекке жөнөдү. Келсе Эрланбек Сокулуктун ооруканасынын реанимациясында комада экен. Эсине келбей, керээз-мурасын айта албай онунчу апрелге караган түнү бул дүйнөдөн көчтү.

Ааламы аңтарылган энеге чагылган сымал көз алдына уулунун улам бир кылык жоругу келип жатты…

…Уулу төрөлгөндө эле чоң салмакта эле. Даярдоо классына барганда мугалимдер «ботом, үчүнчү класста окуй турган баланы эмне бул жакка апкелдиң» деп таңкалышкан…

…Бир күнү кечинде кийинип алып, балдары менен бир жакка жөнөгөнү жатыптыр. Апасы «каякка барасың, караңгыда» деди жактырбай. Эне сөзүн эки кылбаган бала кайра чечинип, тултуңдап-бултуңдабай отуруп калды, телевизордун маңдайына. Жаңылдын ичи бир жылыган ошондо…

…Үйдөгү жалгыз эркек Эрланбек болгондуктан, ал карындашы Элизаны карап туу коручу. Бир күнү Элиза кечинде конокко бармак болду. Аны Эрлан жеткириш керек болчу, кече өтүп жаткан үйгө.

Агасы карындашы кийинип, жасанып даярданып болгон соң, бир узак кинону баштап көрүп отуруп алды. Чыдамсызданган Элизага «мына азыр, мобу бүтө калсын» дейт, камырабайт. Саат ошентип, тогуз жарым болду. Тултуңдаган

ча-мынча күмөн болсо, кырчынында жайраган жаш жигиттин акыркы көз карашы анын жаалын чакырып, ийинине жашырынган залимдерге болгон жек көрүүсү алоолонду…

…Ак үйдүн төбөсүнүн сол тарабында эртеден бери ылдый жакта эрбеленděп чуркаган караандарды эрмектей, бирден өлтүрүп отурган көзгө атардын винтовкасы алдыда желек кармап, жүгүрүп келе жаткан далылуу жигитти ээрчий шыкаалап турду. Эдил кансарайга жуп жакындаганда винтовка өйдө серпиле түштү, буга удаалаш анын оозунан чыккан болот жигиттин көкүрөгүн аралап барып, жүлүнүн үзүп кетти. Кыраан сүйлөөгө дарманы келбей жыгылды, жыгылганда да Ак үйдү тиктей жыгылды. Айлана тегереги кыпкызыл болуп барып, капкара боло түшкөндей сезилди «Төгүлгөн каныбыз акталаар бекен?» Акыркы ою ушул болду анын.

…Эдилдин үй-бүлөсү саат кечки тогузда араң аянтка киришип, он экилерде сөөгүн алышты. Документи бар, таанылган жигиттерди өлүкканага алып барбай, Ак үйдүн маңдайындагы бир офиске убактылуу жайгаштырышыптыр.

Агасы Адил имаратка кирип, жүрөгү шуулдай тизилип жаткан жигиттерге көз жүгүрттү. «Кудай ай, калп болсо экен, иним мүмкүн тирүү эледир?» күлүк ойсанаага чулганган ал аңгыча Эдилге окшош жигитти көрө жүрөгү ыргып кетти. Бетин курткасы менен жаап коюшуптур. Колдору калтырай ачса - Эдил. Жаткан жери аябай кан. Ак үйдөн офиске чейин чууруп агып келиптир. Буту ачылып калган экен. Кулагы чуулдап, эмне кылып жатканын да түшүнбөй бара жаткан бир тууган, үстүндөгү жемпирин чечип бутун жапты:

«Үшүп калгансың го?»

Көйнөгүн да чечейин дегенде жанындагы бала «Койчу байке, эмне кылып жатасың?» дегенде эсине келе түштү…

…Калбүбү өң-алеттен кете, уулунун Ата-Бейитке коюлушун эп көрдү. «Бул жерде кыргыз үчүн күйгөн адамдар жатат. Менин уулум да эл жыргалчылыгы үчүн курман болду, ал ошол жерге жатканга татыктуу» деди бир күндө карый түшкөн эне эриндери кубара.

ЖӨНӨКӨЙЛҮГҮНӨН УЛУУЛУГУ ТУЮЛЧУ ЭЛЕ...

Мамбеталиев Сыргак Зарлыкбекович 1963-жылы 3-апрелде Жумгал районуна караштуу Жаңы-Арык айылында туулган.

1970-жылы Жаңы-Арык орто мектебинин босогосун аттап, аны аяктаган соң 1981-жылы Советтик армиянын катарында Волгоград шаарында кызмат өтөп келген соң, 1983-жылдан баштап өзүнүн туулган айылында дыйкан чарба жумуштарында иштеп жүргөн.

1989-93-жылдары Токмок шаарындагы ПОШ фабрикасында иштеген.

1993-1997-жылдары Сокулуктагы фарфор заводунда эмгектенет.

1997-жылдан баштап дыйкан чарбанын мүчөсү болуп келген, жашоо шартына байланыштуу үй-бүлөсү менен борбор калаага көчүп кеткен. Батирде жашап, ар кандай жумуштарда иштейт.

Үй-бүлөлүү, апасынын аты - Зуурабүбү, келинчеги болсо - Алмагүл. Элзат, Насыйкат, Мурадил аттуу эки кыз, бир уулдун атасы. Сегиз бир тууганы бар.

«Мүнөзү токтоо, момун жигит болгон» деп эскерет жездеси Сыргак жөнүндө.



МАМБЕТАЛИЕВ
Сыргак
Зарлыкбекович

(03.04.1963-07.04.2010)

Зуурабүбү уулу Сыргакты эстеген сайын жүрөгү ордунда болбой келет. Кичине кезинен жоош өскөн уулу эненин жүрөгүнүн түпкүрүндө эң аялуу жеринде орун алган эле. Эне баласынын турмушта кыйналып жүргөнүнө ичи ар дайым кайрылып кетчү, уулу тырмактай кезинен эле «болбурап, өтө эле жоош, кийин кантер экен мынча момун» деп кабатырланып кала турган. Анан калса уулу өтө жапакеч, адамдан башкача ак көңүл, бала кыял жан. Анын бала менен бала болуп кеткендиги ушунчалык, эки жаштагы балабы, же он эки жаштагыбы бардыгы менен тең сүйлөшүп, алар аны өз киши катары дароо эле ишеним артып калышчу.

Сыргактын атасы Зарлыкбек узак жылдар бою жооптуу кызматтарда иштегендигинен, көп жер которуп жашады. Жер көрүп, эл көрүп көзү каныккан адам турмушту жакшы түшүнө турган. Анын калыс адам экендигинин бир далили - өмүрүнүн акыркы жылдарында айылдын аксакалдар Сотунда иштегендиги.

Кайран кыргыз!

«Күлкүмүш акем тушунда,
Күлүк үй миндик кышында.
Жылчымыш акем тушунда,
Жырык үй миндик кышында.
(Элден)

Кайран кыргыз, элден качкан кайран бак,
Төрөң баштап төңкөрүштү майрамдап.
Төө матегин улам терең батырып,
Төбөбүздө бийлеп жүрөт сайрандап.
Кыянаттык кылып кыргыз элине,
Кылыч шилтеп баш көтөргөн Эриңе.
Төрдү бербей чөөлөр жүрөт көк үйдө,
Төөнү жеген карышкырдай семире.
Баарын жалап-жуктап ичип тайгандай,
Дардаңбайлар башкарууда дардаңдай.
Жалпы кыргыз жашап калды базарда,
Жарды кыргыз деген сөзгө арданбай.
Касиет,кут качса шорлуу өлкөңдөн,
Кандуу тырмак басып турат желкеңден.
Баш көтөрсөң Бакиевдер башка чаап...
Бул бийликтен үмүтү элдин эрте өлгөн.
КТР мактап кыйырыбызды кыйраган,
Заман болду калп казаны кайнаган.
Бачагарлар баарыбызды башкарып,
Баатыр качты – башын окко байлаган.
Акын билип Ажо жакта сый барын,
Арзыматча миң карартты ыйманын.
Аларга да керек экен садага,
Аңдашпады күлкүдөн соң ый барын.
Кадырлашчу калк калбады канатташ,
Казак баурың табылгаңа табакташ.
Каркыраны сатты касам ургурлар,
Каракчылар ханың менен табакташ.
Алдамчылар куусаң кетпей төрүңөн,
Арбакты да сатышат го гөрүнөн.
Азаматтын колу-буту байлануу,
Аруу кызың «сый» көрүүдө бөрүдөн.
Абийир эмес, акча болуп калканы,

«Ак жолчулар» жер тагдырын калчады.
Быш этпестер – бычакка сап бирөө жок,
Быйыл сатат Ак-Сай менен Арпаны.
«Ак жол» байбы, Бакиевчил манапбы?
Катыгездер кайырды го канатты.
Шермендебиз чыгат го деп бир күнү,
Шектүү карайт «Ата Мекен» тарапты.
Турган кезде бул Көк бука хан болуп,
Жараткан да жамандыкка жар болуп.
Жылан чагып, жылкы теппей кайран эл,
Жашап калды жылуу сууга зар болуп.
Дөөгүрсүгөн «акылынан» бир мунун,
Дөөлөт, нарктан артка кеттик бир кылым.
Суу куярын билбей ...өткө шайлапбыз,
Сузактын бир барк-баасы жок кургурун.
Өзүн кара өгүз сымал көлтөйгөн,
Өкмөтү бүт мөртөй менен шөртөйдөн.
Сөзүн кара кадимки эле калпычы,
Кантип өрнөк алат эл бул түркөйдөн.
Жаша кыргыз! Көздөрүңө жаш толуп,
Көнүп калдың көк букага жат болуп.
- Энеңди, - деп сөккүң келет жашооңду,
Эштекбайлар жатса Ак үйдө мас болуп.
Түрү жаман корком, бука түрүнөн,
Бука коркпой турат элдин сүрүнөн.
Адилеттик айылы кайда замандаш,
Айткылачы кай кудайга жүгүнөм.
Көрүп туруп Ак үй, Көк үй кутумун,
Сөөгүң тургай зыркыроодо чучугуң.
- Сүйгүн, - дешсе Мекенди эмес, бийликти,
Сүйлөөгө да калбай барат укугуң.
Каадалуу той берип кара тумоодо,
Карышкырлар кан-жаныңды суроодо.
Капкан бутта, душман тушта турганда,
Калайык калк!
Болбойт эми чыдоого.

Молдакмат БАПАКОВ,
Кыргызстан жазуучулар союзунун мүчөсү.
Нарын шаары.
24-март, 2010-жыл.

Айрылып сенден калышты,
Айылың бүтүн сени издеп,
Канатсыз учтуң асманга,
Кайыр кош ага Теңизбек!
Акыйкат болсун дүйнөмдө,
Адамбыз Мекен сүйгөндө.
Ажалсыз өлгөн баатырлар,
Арбагы тирүү билгенге.
Өзүңдү жоктойт Ала-Тоо,
Өчпөстүн оту силерге!
Өткүрлүү огу тирелди,
Өкүткө салды бир элди.
Өчүрбөй эрдик үмүтүн,
Өлкөңөр жоктойт силерди!

Чолпон АКМАТОВА,
КМУнун студенти.

Кыргызмын дегендердин жүрөгүндө

Эркиндикти эңсеген шар элеңер,
Толкуп-толкуп тосмону жарып чыккан.
Тайманбай талап коюп бара жаткан,
Бийликке элдин эркин майыштырган.
Ар бир үйдө чырактай жан элеңер,
Караңгыны качырып жанып чыгып.
Өрткө айланып кеттиңер өчүрө алгыс,
Өлкөнүн келечегин жарык кылып.

Эркиндик деп шаңшыган бүркүтсүңөр,
Эркиндик калды ыйык түнөгүндө.
Ар бириңдин элесиң жашап калды,
Кыргызмын дегендердин жүрөгүндө.

Калбүбү САРИЕВА,
акын.

КАЛКЫМ ДЕП КАЙРАН ЖАНДАН КЕЧТИҢ КАНАТ!



ЧЫНГЫШОВ
Канатбек
Жыргалбекович

(12.06.1984-07.04.2010)

Чынгышов Канатбек Жыргалбекович - 1984-жылдын 12-июнунда Ат-Башы районундагы Ача-Кайыңды айлында төрөлгөн. 1991- жылы Ой-Терскен орто мектебине кирип, 2002-жылы аяктагандан кийин Бишкек шаарына барып Маевкадагы теплицада жумушчу андан соң курулуштарда иштеген. Үч жыл Казакстанга барып эмгектенип келген.

Атасы Чынгышов Жыргалбек Афган апаатынын катышуучусу. Кыргыз элинин биримдиги жана келечеги үчүн өмүрү кыйылган эл улуунун айкели мектепке тургузулган. Каза болгондо колуктусунун беш айлык боюнда калган Мурас аттуу уулу бар. Сөөгү айылына коюлган.

Жандырмагын Теңирден бөлөк эч ким таба алгыс, жан адам буйтап өтө алгыс, кысталыш кыйын кезде да мизинен тайып койбогон, тамырыңдын акыркы кагышына, соңку демдин чыгышына чейин өмүрүңдү жандап өткөн бу тагдыр дегениңден ким качып кутулган. Ооба, ошол тагдыр Ат-Башы районундагы Ача-Кайыңды айылынын кулуну, жыйырма алты жаштагы Чынгышов Канатбекти бу тирүүлүктүн жыргалын таттырбай жаңыдан үйлөнгөн колуктусу Толкундун боюнда калган жалгыз туягы Мурастын жүзүнөн сүйдүрбөй өмүрүн тоздурду.

Артына Ат-Башынын баатыр уулу деген асмандан жанган чолпон жылдыздай жаркыраган из калтырып, өткөн жылы уядан канат күүлөп учуп кеткен мектебине коюлган алыстан айбаттуу, сүрдүү көрүнгөн эстелигине жердеши, белгилүү акын агасы Шайлообек Дүйшеев жазганындай: "Калкым деп кара жандан кечип, каркырадай учуп кеткен" Канатбектин жаркын элеси эли-журтунун жүрөгүндө жашай бермекчи.

"Атка жеңил, тайга чак" эле Канатбек, учуп-күйүп турчу. Элпектиги, шайдоттугу, күйүмдүүлүгү баарына жакчу. Калпыстыкты, кара өзгөйлүктү көргөндө кара жаны кашайып кетчү. Намыскөйлүгү бир башкача эле. Айтканын аткарбаганды, убададан тайгандарды жигит дебеш керек дечү күйүп-бышып.

Мектепте «ударниктердин» катарында жүрдү. Классташтарынын арасындагы бирин-экин жалкоо, бейбаштарды: "- Ата-энеңердин баркын билбейсиңер, эмгегин актабайсыңар", - дечү жактырбай. Бир атадан жалгыз, Афган апаатына катышып, турмуштун оорчулугун көп тарткан атасы Чынгышов Жыргалбекти аяп турчу. Чоңойгондо колуна кол, бутуна бут болом, заңгыраган үй салып, короосу толгон мал, жаркыраган машина сатып берем, - дечү ичинен аяй.

2002-жылы Ой-Терскен орто мектебин жакшы бүтүрдү. Апасы Жусубалиева Калимандын: "Канат, аттестатың жалаң "4", "5" экен, эмгегиңди талаага кетирбей тестке катыш, эгер баллың жетпей калса контракт болсо да окуп ал, ырмая-чырмая төлөп туралы", - дегенине: "- Кыйналып каласыңар, кийин деле "заочно" окуп алам. Андан көрө Бишкекке барып иштеп, акча чогултуп, эмдиги жылы Гүлзатты окутуп алалы, - деп болбой койду. Өзү өңдөнүп, шаарга барып иштеп, көп акча таап бутубуздан туруп кетсек деп кыялданган миңдеген жаштарды батырган Бишкектин Маевка айылындагы теплицага жумушчу болуп кирди. Ачык-айрымдыгы, баш көтөрбөй иштеген мээнеткечтиги, бирөөнүн кыналып турганын көргөндө чыйпыйы чыгып, акыркы тыйыны калганча бергенге шашкан боорукерлиги менен чогуу иштешкендерине жаккан Канатбек айлыгын алары менен ата-энесине жибергенге ашыкчу.

Жалгыз карындашы Гүлзатка үйрүлүп түшүп: "сабагыңды жакшы оку, курсагыңды ачырбай ден соолугуңду кара", - деп колунан акча үзчү эмес.

Кечинде жумуштан чарчап-чаалыгып келатып "Царское селодогу" кезегинде депутат, министр болгон атактуу байлардын биринен бири өткөн көз жоосун алган кабат үйлөрүн көргөндө көңүлү удургуй түшөт. Мынчалык байлыкты кайдан табышат? Жалаң айлыкка мындай үйлөрдү сала алышмак эмес.

- Азыркы бийлик элди ойлобой калды. Президент баш болуп, жан-жөкөрлөрү төш болуп, элдин жон терисин сыйрып алып байып, "күндүк өмүрдүн түштүгүнө жорго минип" жүрүшөт, - деп күйүп-бышкан оппозициячылардын айтканда-ры чынбы? Эл ишенип такка олтургузган экинчи Президент болсо: "Кеткен бийликтин убагында аябай кыйналдыңар. Биз эми элге кулдай кызмат кылабыз, баардыгы жаңыланат, өлкө өсүп-өнөт. Башкаруунун жаңы реформасын жүргүзүп атабыз. Бакубат турмушта жашайсыңар", - дешет. Бирок укканда жүрөк сүйүнткөн мындай жакшылыктын карааны көрүнбөйт. Жылдан жылга турмуш оордоп, кымбатчылык элди жабыркатып баратат, - деген ойлорго жетеленет маршруткада келатып.

Айылдагы үйдү бузуп, ордуна заңгыраган жаңы там салсам деген ой көңүлүн туткундап алды. Эсептеп көрсө көп акча кетет экен. Теплицадан тапкан айлыгы менен дегеле үй салалчудай эмес. Россияга барсам дегенде эки көзү төрт, бирок көздөй жакын адамың болбосо бөтөн эл, бөлөк жерде көргөн күнү не болот?

2005-жылы тааныштарына кошулуп, Казакстанга курулушка иштеп кетти. Атасынын: "Канат, тил алсаң барбай эле койчу. Көп акча төлөйбүз деп алдап алып барып кулдай кылып иштетип, паспортун бербей кетээринде арзыбаган

чыгып, жумушсуз калып, иштей турган маалында эрксиз бекерпоз болушту. Эрнис эмне деген гана жумуштун башын кармаган жок, эмгек биржасында да турду. Балдарын багам менен башы ооруган ал тачке түрткөндөн да качпады. Турмуш оорчулугун тарткан «дөө Эрнистин» арманы ичинде болуп, жаркыраган оор машинелерди көргөндө оор улутунуп ала турган. Шап машинелин рулуна отуруп, шамал менен кошула зуулдата айдап, совет маалындагыдай түйшүгү түмөн болсо да, эмгеги бааланып, ардакка бөлөнгөн жөнөкөй адамдын турмушун эңсеп жиберчү...

Ар кыл тумандуу ойдон башы ооруган ал, бөтөлкөлөрүн кожоюнуна тапшырып, үйүнө келди. Үй эмей эмне, кабат үйдүн маңдайындагы жапыс имаратта ал үй-бүлөсү менен жашайт. Албетте, кышкысын суук. Келсе келинчеги Жийдегүл түтөтүп, пирожки бышырып жаткан экен. Ал пирожки жасап, күнүгө базарга сатып, 100-200 сомдон табат. «Мен кеттим, сатып келе калайын. Силер отура тургула, ээ», Жийдегүл пирожкисин жылуулап ороп алып, эшикке чыгып кетти.

Эрнис бүгүн эртерээк келгендиктен, эмне кылсам деп бир аз ойлонуп турду да, тиги бурчта мурдун «шыр» тарткан кызы Элнура менен уулу Элдиярга жылмая карап, «кеттик балдарым, компьютерный клубга» деди. «Ур-ра», балдарынын көктөн издегени жерден табылгандай эле болду окшойт.

Компьютсрдик клубга апкелерин апкелип алып, «контр страйктын» кызыгына батып, чыккысы келбей калган уул-кызын ата «жүргүлө, шишкебек алып берем» деп атып, араң алдап, оюндан алаксытты көрүнөт.

Балага эмне керек, ага кымбат баалуу кийим да, даамдуу тамак да биринчи мааниге ээ эмес. Ал үчүн ата-эненин жылуулугу эң зарыл нерсе го. Эрнисттин балдары ак көңүл атасынын жанынан чыкпай, кужу-кужу этишип, анын түмөн түйшүгүн, чарчоосун бир пас да болсо унуткарышчу. Бактылуу ата кыялында көп балалуу болууну эңсеп, «жубайына дагы төрөсөң» деп суранып кала турган...

Жийдегүл экөө сүйлөшүп жүрүп үйлөнүшкөн эле. Бири-бирин бала кезден эле билишкен алар, Эрнис армиядан келгенден кийин түбөлүккө кол кармашышкан. Уулунун көңүлүндөгүсүн түшүнгөн Сайнап «эмне балам, аябай жакшы көрөсүңбү Жийдени. Алып берейинби?» деди, жымыя карап. Эрнис кызарып чыга качты эшикке. Эртеси күнү Жийдегүлдүкүнө жуучу келди.

Жубайлар декабрдын жыйырма биринде баш кошушту. «Жаңы жылда үйлөнтпөйлү, кокус ажырашып кетпесин» дешкен эле ата-эне ырымдашып...

2010-жылдын февралынын жыйырма үчүндө аларга суук кабар келди, атасы Түнкатар кайтыш болуптур. Эрнис, аялы экөө жөнөп калышты Жумгалга.


Өпкөсү ксөп, турмуштагы насаатчысын жоктой, атасынын бейитине топурак салып жатып, анын көп кайталачу сөзүн эске түшүрдү Эрнис.

Түнкатар балдарын ар дайым катуу кармачу. Уулдарын тарбиялаганда, «эркек деген эл үчүн, аял болсо үй-бүлө үчүн» деген сөздөрүн көп кайталачу. Ушундан улам болсо керек, Эрнистин уулуна Элдияр деген ат ыйгарганы бар чоң атанын. «Элдик уул болсун» дегени го...





Келинчеги Жийдегүл менен



«Коркпогула, кыргыздар, коркпогула!»

(Кесиптешим, Улуттук Университеттин окутуучусу Кудайбергенов Жолдоштун жаркын элесине арнайм)

(үзүндү)

...Ата-Бейит!
Буркуттөрүн жерге берип,
Турду кейип...
Уч күнкү ызама чыдай албай,
Ыйлап алдым,
Көздөрүмдөн жашым төгүп...

Жолдош!
Ошол жигит,
Салам берип калчу эле,
...башын ийип...
Универде иштечү...
Анча деле өткүр көрүнчү эмес.
Сылык-сыпаа, ийменчээк...
Жылуу-жумшак мамилеге,
Кетчү эле ичим жылып...
Болду...
Мындан бөлөк ашык сөзү жок,
Жылт-жылт этип көздөрүндө
жанчу от.
Түшүнө албай сырын буркүттүн,
Аң-таң болуп басып кетчүмүн.

Ушунчалык кылдат эр эле,
Кирпигинен сезчү адамды.
Башкалардай мылжыңдап ашык
суроо берчү эмес...
Улуугабы, кичүүгөбү,
Асылчу эмес жөнү жок.
Анык билбейм,
Кайсыл жердин кулуну.

Менде деле,
Анда деле,
Жок эле андай кызыгуу.

Жаш муундарды окутуп,
Билим жолу,
Илим жолу,
Тартип жолу,
Жарык максат көздөгөн,
Келечектүү алыс эле жолубуз.

Башкалардай пиво деле ичпедик,
Мас болгонун, таз болгонун
билбедим.
Сөгүнгөнүн, дөөрүгөнүн көрбөдүм.
Учурашып калчу эле күлмүңдөтүп
көздөрүн...
Ата-Бейит!
Жабалактап Эл турат.
Улуу тоолор!...
Комуз муңдуу күү курап.
Апапакай гүлүн ачкан өрүктөр...
Кызыл тууну жамынып,
Үнсүз-тилсиз,
Мелтиреп жатат кыраан
жигиттер!...

А.ТҮМӨНБАЕВ

Элиза чечинип «эми барбайм, кеч болуп кетти» деп, бөлмөсүнө кирип бекинип алды.

Апасы Эрланга ашканада чай берип отуруп, «ай, ал эмнең, жеткирип эле койбойт белең? Киноңду кийин деле көрбөйт белең» деди жемелей.

- Апа, кече деген кафеде, ресторанда болушу керек. Квартирада өткөн кече кантип жакшы болсун? Андайга Элиза барбай эле койсун да.

Уулунун жарындашын кагып-силкпей туруп, амал менен кечеге жибербей койгонуна эне ошондо бир тең калган…

…8-март, туулган күн дегенде балдары жарышып, мен биринчи куттуктайын деп атаандашчу. Элиза кандай аракет кылып, эрте турган күндө да Эрланбек биринчи куттуктап салчу апасын. Акыркы жолу апасын куттуктаганда да «апа, ким биринчи куттуктады» деп сурап, Элизадан биринчи экенин угуп мулчүдөп калган эле…

…Жаңыл бир жолу телгөчүгө барды. Ал «уулуң бар экен. Аябай ырыскешиктүү, табышкер боло турган, сени өмүр бою бага турган ошол» деди.

Жаңыл үйгө келип «Мени сен багат экенсиң, балам, телгөчү айтты» деди сүйүнө.

- Ой, апаке-ой, сени мен бакпаганда анан ким багат эле, жалгыз эркек балаң болсом, - Эрландын боору катып күлгөн эле…

…Данияр деген классташы бар болчу. Катуу талма оорулуу. Бир күнү Бишкекке келиптир Данияр. Анын жанында Эрлан үч-төрт күн жашады, досунан сачавасы тынчыбай. Кайсы бир себептер менен Эрлан жанында болбой калып, классташынын талмасы кармап, башы темирге тийип, каза болуп калды. Ошондо Эрланбек катуу кайгырып жүрдү, «жанында болсом мындай болбойт болчу» деп…

…Бир классташы милиция менен мушташып, сотто жүрдү сүйрөлүп. Ошондо мушташка Эрлан анын жанында болбосо да сотко аягына чейин катышып жүрдү. Соттун сүрү жаман да, ошондо калган класташтары соттон качып, процесске катышпай коюшту. Жаңыл аларды айтып, «сен деле катышпай койбойт белең, эмне жанына күч келди» десе, «апа, коюңузчу, жакшы күндөрү дос болуп, ушундай убакта карабай кетмек белем» деген каршы боло.

Класташ демекчи, ал теңтуштарына катуу күйүмдүү эле. Кыздары кечинде да, түн ортосунда да чалып, «Эрлан мен бияктамын, машинең менен жеткирип койчу» десе, бир да жолу аный деген эмес. Жаңыл «класташтарың кичине кезиңден эле мойнуна минип алып түшпей калышты го» деп наалыса унчукпай, күлүп кутула турган…

…Эрландын кыркылыгы боло электе, уулунун туулган күнү болду. Ага атасы оюнчук машине сатып бермек болчу. Ал күнү Эрланбек досунун түшүнө кирди. «балама машине алып берип койчу, мен жетишпей калдым» деди арбак күңүрөнө.

…Ислам туулган күнүндө атасы убада бергендей, машинелүү болду.

КЫЙЫЛЫП КЫРЧЫН ЖАШТЫК...



САПИТОВ
Зайырбек
Эрегулович

(26.05.1988-07.04.2010)

Сапитов Зайырбек Эрегулович 1988-жылы 26-мэйда Кочкор районунун Ак-Жар айылында жарык дүйнөгө келген.

1995-жылы мектеп босогосун аттайт.

9-класста окуп жүргөндө мектепте билим министри болуп шайланып, 11-классты бүтүргөнчө мектептин билим тармагына өз салымын кошкон.

2006-жылы мектепти ийгиликтүү аяктайт.

Ушул эле жылы Кыргыз Мамлекеттик курулуш жана архитектура университетине өткөн.

2009-жылы Осмонкулова Ажарга үйлөнөт.

Атасы Сапитов Эрегул – суу чарбасында иштейт. Апасы Ишегүл. Бир туугандары - Нурбек, Доктурбек, Асылбек, Венера.

Зайырбектин аркасында кызы Аделя калды.

Сөөгү туулуп-өскөн айылына коюлган.

Ишегүл келини Ажарды, кичинекей небереси Аделя менен айылга алып кетип баратты такси менен. Анын шаарга уулу Зайырбектикине келгенине бир айча болуп калган эле. Капыл-тапылдан эле бүгүн уулу шаштырып, келинчеги экөөнү айылга салып жиберди. «Баланы жакшы баккыла ээ, мен аркаңардан барып калам» деди ал тишин жаркырата, колун булгалап. Бактылуу эне жөжөдөй болгон Аделяны өзүнө көндүрүп, «алып калайын, уул-келиниме кылган жардамым ушул болсун» деген ниетте болчу…

…Балпайган апа балдарына жакшы тарбия берип чоңойтту, жолдошу экөө тең момун адамдар. Чүрпөлөрү да өздөрүндөй кишиге алымдуу, адамгерчиликтүү чыкты. Эрегул экөө аларга жөнөкөйлүк деген улуу касиетти сиңирип, тууган-дарды, элин-жерин сыйлап турууга үйрөтүшкөн. Турмушта бири-бирин сыйлап жашап келе жаткан экөө Нурбек, Асылбек, Доктурбек, Зайырбек аттуу уулдарды, алардын арасындагы жалгыз берметтей Венераны өстүрүштү, жанын жанга уруп. Зайырбек алардын кенже уулу болгондуктан, акыры абышка-кемпирди бага турган перзенти ушул эле. Бактыга жараша, келини да ырас чыкты. Мунун баарын ойлоп эне-ата топук кылып жашап жүрүшчү…

ТАЗА ЖҮРӨК КИР ДҮЙНӨДӨ ЖАШАЙ АЛБАЙТ



ШАБДАНБЕК
уулу
Алтынбек

(21.06.1992-07.04.2010)

Шабданбек уулу Алтынбек 1992-жылы 21-июнда Жумгал районуна караштуу Чаек айылында жарык дүйнөгө келген.

2000-жылы Чаек айылындагы Т.Турсунбаева атындагы орто мектепке кирет.

Мектеп жылдарында Алтынбек спорт сектору болуп жүрдү.

2008-жылы Бишкек шаарындагы №100 кесиптик-техникалык лицейге кирип, евроремонт, ширетүүчү кесибине ээ болуп чыккан.

Атасы Шейшеналиев Шабданбек 2006-жылы жүрөк оорусунан каза тапкан. Апасы Садыбакасова Жумагүл жесир калып, уулдарын жалгыз өзү өстүрүп, тарбиялап жаткан эле.

Агалары Уланбек, Рустам, Улукбек.

2010-жылдын 7-апрелинде 18 жашка толо элек курагында ал Ак үй астында эл бактысы үчүн курман болду. Снайпердин огу анын чекесине тийген.

Алтынбек азыр Жумгал районунун Түгөл-Сай айылына коюлган атасы Шабданбектин жанында түбөлүк уйкуда.

Жумгалдын борбору – Чаекте эки-үч күндөн бери окуучулар арасында спорттун түрлөрү боюнча спартакиада өтүп жаткан.

Райондогу жаш балбандардын көбүн көтөрүп чаап, эркин күрөш боюнча үчүнчү орунду алган кара каштуу, келбеттүү өспүрүм Алтынбек дипломду алып жатып да, энесин эстей жүрөгү тыз эте түштү. Баладан башкача күйүмдүү ал, жесир калган апасына өзгөчө аяр, жумшак мамиле жасай турган. Алтынбек спортко өтө кызыгып, тынбай машыгуу менен бирге эле, өзүнүн жүрөгүнүн түпкүрүндө ардактуу орунду ээлеген жактырган кызына окуу жагынан жете албаса да, спорттук ийгиликтери менен көңүлүн бурсам деген астейдил үмүт анын жүрөгүнүн түпкүрүндө уюп жатат. Анын бул каалоосу «Алтынбегим, Акумдан келечекте чемпион чыгат» деп көксөгөн атасынын илгери үмүтүн актоону эңсеген аруу сезимине кошул-ташыл болду...

Алтынбек мектептин спорт тармагын бир топ жыл жетектеп келди. Ошону менен бирге эле ал классында ар кыл концерттик программаларда, кечелерде активдүү катыша турган. Аны мугалимдери ак көңүл, шайыр, куудул окуучу катары билишчү...

Атасын эстегенде Алтынбек оор улутунмайынча тура албайт. Жүрөгү оорулуу Шабданбектин кара жердин кучагында калганына аз эле болду. Өмүрлүк жолдошунун азасын тарткан каралуу апасы – Жумагүлдү көргөн сайын уулунун жүрөгү «зырп» этет. Анын кайгысын кантип жеңилдетип, ийинден баскан муңдан кантип арылтыштын амалын таппай турган кези. Мына бүгүн да жеңишке жетип, көңүл төрүн ээлеген кызынын жактырган көз карашына татыктуу болуп, таалайына чалкып, өрөпкүп турса да, апасын эстей көкүрөгү бир сайгылашып алды...

...Мелдеш аяктаган соң, жабалактай куттуктаган классташтарынын «кал, белгилейбиз» дегенине да көнбөй үйүнө жөнөдү. Келсе, апасы башына жоолук оронуп, дубалды карап жаткан экен.

- Апаке, эмне болду, башың кайра ооруп жатабы? Үйрүлүп түшкөн өспүрүм энесине баш оорунун дарысын берип, үстүн жылуулап жаап, чай кайнатып чебелектеди. Дары таасир этип, апасы бир аз нымшып өзүнө келген соң, кобурашып отурушту. Алтынбек:

- Апа, тогузду бүткөн соң шаарга барып байкелерим менен иштейин, ээ? - деди кеңеше.

- Окууңду таштайын деп турасыңбы? А спортчу, чемпион болом деген тилегиң каякта калат? - кабагын түйдү апасы.

- Спорт менден качпайт апаке, кийин деле машыгып кууп жетип алам. Мен эми он биринчи классты бияктан бүтүргөндө эмне чыгат, көчө таптап. Андан көрө пайдалуураак кесиптик лицейде окуюн да, эртерээк байкелерим менен үйдү салып бүтүрөлү. Там турса анан Руслан байкем, Улан байкем, Улукбек болуп сизди алаканыбызга салып багып алабыз. Мал курайбыз, машине алабыз. Андан кийин чемпиондукту ойлонуштурам, жаш эмесминби, жетишем, - деп эркелей жооткотуп, башын энесинин көкүрөгүнө жөлөгөн анын да, апасынын да азыр дүнүйөсү түгөл боло, бакыт кесеси мелт-калт болуп турду.

«Түү-түү, көз тийбесин, каралдым, күйүмдүүлүгүңдөн сенин. Өмүрүң узун болуп тилегиңе жетсең экен, көлөкөм»...

Ал күйөөсүнөн эрте калганына ичи өрттөнүп, бир топко кайгыдан арыла албай жүрдү. Бирок, балдарды ойлош да керек эмеспи. Кара жоолукту салынып, кейип отура берсең, анда аларга ким тирек болот? Түйшүк тарткан жесир жашоодогу кыйынчылыктардан жадап бүткөнү менен, уулдарынын эстүү, жакшы тарбиялуу чоңоюп келе жатканына кудайга миң мертебе ыраазы эле.

Жолдошу Шабданбек каза болгондон кийин, аскар тоосу кулагандай ичи эңшерилип, көңүлсүздүктүн туманы каптаган тамда азаптуу, муңдуу жаштар төгүлгөнү аз келгенсип, тыйын-тыпырдан да кыйнала калып жатышты. Эки уулу шаарга иштеп кетишкен. Көкүрөк күчүгү Алтынбек апасына жеңилдик болсун



Үй-бүлөсү менен





- Эми бетине сенин сүрөтүңдү түшүрүп коёюнбу? - деди бир жолу зергерликтин кызыгына кирип алган ал.

Салтанат «жөн эле айдын сүрөтүн түшүрүп кой» деген күлкүсү келе…

…Төлөбек мурда болжолдогондой, Кант шаарына кайниси Эмилбек экөө иштегени кетишти. Максаты – жер айдоо башталганча анча-мынча тыйынтыпыр таап, солярка алыш. Салтанат күйөөсүн «митинг болсо барба» деп эскертип жөнөттү.

…7-апрель…Бишкекте жашаган Төлөбектин эжеси Гүлкайыр митинг болуп жатканын угуп, балдарын эшикке чыгарбай отурган эле. Ал иниси Кантта экенин билгени менен, анын митингге барам деген ниетинен кабарсыз отурган. Телевизордон болсо Ак үйдүн алдындагы кармаш көрсөтүлүп жаткан. Көрүп отурган Бактыбек бир маалда кулап калган кишини «Ой, мобу Төлөн эмеспи?» деди чочуй. Дүрбөлөң кирди бир туугандардын сезимине. Бир аздан кийин Төлөбектин кайниси Эмилбек телефон чалып, «жездеме ок тийип, көтөрүп кетишти, мен аркасынан таппай калдым» деди. Ызы-чуу эле түшүп калышты. Жамандыкка кантип кыйышсын, адегенде ооруканаларды таманы тешилгенче түрө кыдырышты.

Акыры болгон эркин жыйнап туруп, өлүкканага барышты. Төлөбек жыйырма жетинчи болуп кириптир сүрдүү, муздак жайга. Ок бетине тийген экен.

…Ал күнү Төлөбек телевизордон митингди көрүп алып жөнөгөн эле кайниси менен. Негизи мурунтадан эле эл көтөрүлсө катышпай койбойм деген оюна бекем турган ал, ок атылып жатканын билип турса да аң-сезими менен барды ошол жерге. Атайын Кант шаарынан маршруткага отурган жигит Бишкекке жеткенче чыдамы түгөндү.

Түшүп алып дароо эле окуянын кайнап турган жерине аралашып кетти. Эмилбек эки жагын карап эле таппай калды жездесин.


Төлөбек ок жаңылып кулап жаткан замандаштарын көрүп жаны кейий, адилетсиз бийликке нааразылыгы отко май куйгандай күчөдү. Жаштайынан калыс өскөн неме бул жерде да андан тайган жок, жети баштуу желмогуздан кутула турган ушундай күн дагы бир жолу келбестигин түйду көрүнөт. Түйду да, «качпагыла, коркпогула» деп айланасындагыларды сүрөй, өзү да алдыда жүрдү.

Ок деген сенин калыс экениңди да, бир үй-бүлөнүн ээси экенин, бирөөнүн бир тууганы, же жары экенин кайдан көңүлүнө алсын? Кайсы бир бетпактын буйругу, дагы бир шумурайдын сөөмөйүнүн кыймылы менен, ташбоор ок жолу бир секундда бир канча тагдыр сызыгын кескин өзгөрттү. Ак үйдөн атылган жексур Төлөбектин элдин бетин тике караган, чынчыл жүзүнө тийди…

…Кийинки жаз да келди. Төлөбектин кайтыш болгонуна жыл айланып калды. Эч нерсе өзгөрбөгөндөй, кар жатпас кара Кочкору жатат мелтиреп. Кылымдар бою бул касиеттүү жер Төлөбектей баатырлардын далайын алдейлеп, койнунан өстүрүп чыгарган эле. Ал андай эрендерин кыргызга төрөп берип жатып, алардын тагдырын туя, эл кызыкчылыгын коргогон кармашта жан таслим болорун да алдын ала көргөндүр, ким билет…



Канатбектин ата-энеси





акча берип коркутуп, кетирип ийгендер бар дешет. Буюрганын көрөрбүз, Бишкекте эле иштеп тур", - дегенине көнбөдү. Ондой берди болуп жумушчулардын акысын жебеген ыймандуу адам жетектеген курулуш фирмасына туш болуптур. Эмгегине жараша айлык акыларын арбын алып, Канатбектин жиберген акчаларына Жыргалбек курулуш материалдарын сатып алып, санаасы тынып калды.

Күндөрдөн биринде Калимандын буту ооруп кыймылдабай калды. Күнүгө телефондон ал-жайларын сурап турган Канатбектин чый-пыйы чыга түштү:

- Апа, эртеңден калбай такси менен Бишкекке келиңиз. Мен Алма-Атадан тез эле барып калам, - деди. Апасынын: "убара болуп келбе, таэжең эле көрсөтөт", - дегенине көнбөдү. Эртеси жетип келип, апасын доктурга көрсөтүп, дары-дармегин алып берип, кетээринде: "апа, менден кам санабаңыз, фирманын деректири абдан жакшы адам, кем-карчыбыз жок, айлыгыбызды жакшы төлөп берип атат. Ден соолугуңузду караңыз. Буюрса үй бүткүдөй акча чогултуп алып барам, - деп, апасынын бетинен өөп коштошуп, кайра жөнөп кетти.

Алма-Атада үч жыл иштеп, өзү ойлогондогудан да кыйла акча таап, жайдын капортосунда айылына келген Канатбек үйүн бузуп, суук түшкөнчө бүтөйүн деп жанын таштап салып иштеди.

Уулунун таң аткандан каш карайганга чейин тыным албай иштеп, арыктап кеткенине зээни кейиген Калимандын: "Айланайын, өңүңдөн азып кеттиң, жаныңды кыйнабай айылдагы уста балдардан бирөөнү кошуп ал", - дегенине: "өзүм эле бүткөрөм. Атам жардам берип атпайбы. Казакстандын бакыйган байларынын заңкайган кабат үйлөрүн бүткөрүп келген мага төрт бөлмөлүү үйдү салыш кеп бекен", - деп тамалашай каткырып койду. Айтканындай эле туура үч айда үйүн бүтүп, көчүп киргенде гана денесин ныгырган оор жүктөн кутулгандай жеңилдене түшкөн Канатбек жаңы конушунун түлөөсүн өткөрүп коюп чарчадың, кыштай эс ал дегенге болбой Бишкекке кетип, кыштай теплицада иштеди. Жазында кайра курулушка кирип, тапкан акчасына окуусун бүтүп, турмушка чыккан карындашы Гүлзатка кымбат баалуу алтын цепочка салып, кудасын тосушту. Ата-энесинин, жакын ага-туугандарынын: "тойдун артынан той болсун, колукту алып келгин", дегенине мындай деди күлүмсүрөп:

- Эмдиги жылы үйлөнөйүн, дагы бир жыл иштеп, тойго акча топтоюн, дегенине көнбөй коюшканда көңүлүндө жактырып жүргөн таэжесинин кайынсиңдиси, Жумгал районунун Кызарт айылындагы Аскарбек кызы Толкунга баш кошту. Ооба бул күнү Жыргалбектин жаркыраган жаңы конушу базарга айланып, баарынын көңүлдөрү көлдөй толкуп турду. Жаш жубайлар шаардагы кичинекей батир үйүндө бактылуу жашап жатышканына төрт гана ай болгон эле.

Канатбек адам каны төгүлгөн апаат болоордон мурунку күнү (6-апрелде) негедир көңүлдүү жүрдү. Айылдан жумуштап келген классташы Айбек менен Урматты үйүнө ээрчитип келип, дасторконун жайнатып коноктоп, мектепте окуп жүргөндөгү кыял-жоруктарын эстеп, көздөрүнөн жаш чыкканча күлүшөт. Өткөн- кеткенден, көргөн билгендеринен кеп козгоп олтурушуп, бийлик, саясат

Шейит кеткен маркумдардын жана айылдашым Алтынбеков Теңизбектин жаркын элесине арналат

Атылып октор бийиктен,
Айрылдык канча жигиттен.
Ачылбай асман бүркөлүп,
Арманы толгон күйүттөн.
Ажалдын күнүн көрүштү
Акылсыз акмак бир иттен.
Алладан өмүр сунулган
Армандын үнү угулган.
Акыйкат издеп Ак үйдөн,
Атылып бутка жыгылган.
Аларды эми көрбөйсүң,
Аңтарып издеп кылымдан.
Атагын алып баатырдын,
Армандуу күндү чакырдың.
Күйүткө салып элиңди,
Күлдөрүн көккө сапырдың.
Кыямат күнгө туш кылып,
Кыргыздын шорун катырдың.
Асманга сызып бирге учкан,
Айрылып чындык турмуштан.
Аманат кылып эрдикти,
Актыктын туусун тургузган.
Атагы чыккан дүйнөгө,
Айланса болот кыргыздан.
Оңунан чыкпай тилектер,
Окко учту кайран жүрөктөр.
Оробой шаңга дүйнөнү,
Ордунда калды сүрөттөр.
Оролуп аппак кепинге,
Оюкту көмөт күрөктөр.
Өмүрдү бизге ченеген,
Өлдү го кыргыз не деген?
Өкүнүч эзип жүрөктү,
Өрт чыгат тирүү денеден.
Өз элин ажо аттырса,
Өзгө элге кантип теңелем?

Кырылып элдин кырааны,
Кыргыз деп жалпы урааны.
Көкүрөк тосуп тайманбай,
Кырчындай өмүр кулады.
Кайталап октоп куралын,
Кастарын аткан сыягы.
Жүрөктү октор көзөгөн,
Жайылып каны көчөдөн.
Жаштары өлдү кыргыздын.
Жалпы элге кызмат өтөгөн.
Башчыбыз элди аттырса,
Башымды кантип көтөрөм?
Адамдын зээнин кейиткен,
Ажалы беле шейиттен.
Ак үйүн жерге алмашып.
Алды го орун бейиттен.
Капарсыз жүргөн өлкөнүн,
Катарын элдин кемиткен.
Аталап уулу ыйлаган,
Ажобуз элди кыйнаган.
Акмактын ишин жасады,
Акылга такыр сыйбаган.
Асылы өлдү элимдин,
Ашпаган жашы жыйырмадан.
Акталбай эне тилеги,
Арманга толду жүрөгү.
Аялы сыздап ыйлаган,
Атылып кетип түгөйү,
Анығын кимге коёбуз?
Айыптуу ушул күнөөнү.
Кыямат болуп өткөндөй,
Күнүңдүн шамы өчкөндөй.
Күл болуп кетти заматта
Күлгүн жаш жазгы көктөмдөй.
Гүл сымал соолуп кетишти,
Гүл курак кезин өткөрбөй.
Бөлүнсө кыргыз оңобу?
Бөксөргөн нерсе толобу.
Беш миллион кыргыз элинен,
Бийликти койду жогору.



Алтынбектин ата-энеси жана Улукбек





деп анда-санда балчелекчилерге, фермерлерге жардам берип, апасына акча апкелип бере коёт. Энеси өзү да Бишкек шаарына барып соода менен алектене калып, үй-бүлө арабасын тең тартып жатышты. Баягы атасы бардагыдай көңүлү ток болуп жүрө албаган уулунун сүйүктүү спортунан алыстай баштаганына, жаштайынан түйшүк тартканына апасынын сай сөөгү сыздаса да, айла жок эмне кылсын, турмушуң эшек араба өзүнүн билгенин жасатат экен.

Жумагүл шаарда базардан туруктуу иштей баштаганда, көкүрөк күчүгүн Чаекке жалгыз таштай албай, өзү менен ала кетти. 9-класстын күбөлүгүнө ээ болгон Алтынбек Бишкектеги №100 лицейге тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган соң, евроремонт, ширетүүчүлүк кесибин алып чыгып, агалары менен курулуш иштеринде иштеп жүрдү.

Там чекесинен туруп, Жумагүлдүн уулдары бири-бирине жөлөк-таяк боло тиричилик арабасын кылдыратып, эл катары күн кечирип жатышты.

Алтынбектин шаарга келгенине бир топ болсо да, жан дүйнөсүн ээлеген жаркын элести эсинен чыгарып коё алган жок, күнүгө он чакты жолу көңүлүнө жат болуп бүткөн телефон номурун тере, трубканы кулагына тосот. Чаларын чалганы менен, кыздын «ал-ло» деген жумшак үнү жоп берсе, кудум эле бетмебет чыга калгандай болуп, дене бою дүр эте, ичи уйгу-туйгу болуп телефонду коюп салат. «Сени жакшы көрөм» деп миң кайталап даярданган сөзү кайдан айтылсын мындайда. Ал күндөрү уюлдук байланыш түйүндөрү ар бир туташтырганы үчүн эле алтымыш тыйындан алып баштаган убак эле. Жоро-жолдошторду, тандап жактырып, сүйлөшкөн теңи менен телефон аркылуу сүйлөшүп чер жазуу бардык эле жаштардын сүймөнчүктүү нерсеси го. Кошулган алтымыш тыйын чөнтөгү жука алардын чекесине чыккан чыйкандай эле туюлуп, жада калса «маяк» бергенден да зааркантып, «муну ким чыгарган» деп кыжырлантып турган кез. Алтымыш тыйын быякта калсын, жыл жаңыргандан тарта өкмөттүн жаңы саясаты менен электр энергиясына, коммуналдык кызматтарга болгон акыны көбөйтүп салгандыгы асман чапчыган акчаларды төлөгөнгө мажбурлады караламан калкты…

...7-апрелге караган түнү Улукбек жаман түш көрдү. Түшүндө толгон-токой узун жылаандар аны туш тараптан кубалап жаткан экен. Ойгонуп, жүрөгү опколжуй, керээли-кечке өзүнө келе албай жүрдү. Кандайдыр коркунуч уялады сезимин. Сезген экен, чиркин бир туугандын жүрөгү...

Ал күнү Алтынбек демейдегидей эле агасы Улан менен жумушка жөнөгөн. Улан «бригадир келбей калыптыр, эми сен үйгө бара бер, аз эле жумуш экен, өзүм бүтүрүп коём» деп инисин үйгө жөнөтөт.

Алтынбек керээли-кечке аялдамада күтүп туруп, «маршрутка» келбей, жөө кетти Ак-Босогону көздөй. Көңүлү куунак. Жакында өскөн жери Чаекке барарын эстеп, маанайы көтөрүңкү. Шаардын борборуна жакындаган сайын кыйкырыкчуу, тарсылдак үндөр катуу угула баштады. Бала неме буга чейин айтылган сөздөрдү эсине түшүрүп, «Ии, башталган көрүнөт, митинг» деп, эл катарынан калгысы келбей, аянтка жөнөдү.

Жаңы эле тун сүйүүгө жеттиң эле,
Асыл жар Ажарыңды таштап кеттиң эмне.
Үнчукпай күлмүңдөгөн элесиң узай берди,
Баардык ой-максатыңа жеттиң беле?


Бирге окуп, бир туугандай болушкан,
Классташтар сени менен коштошту.
Ордуңду толуктабай турган чагым,
Мүнкүрөтүп мүнгө салдың дос-жолдошту.

Канкорлордун кайып өткүс огунан,
Канча адамдын өмүр гүлү кетти сулап.
Ошолордун ичинде сен да барсың,
Зайырбек деп кыргыз эли эстеп турат.

Классташтарынан.

Ыраазычылык

ЖАРКЫН ЭЛЕСТЕРИНЕ ТААЗИМ ЭТИШИП...



Сүйүндүк КАРАСАРТОВ
«Мекен шейиттери»
коомдук бирикмесинин
Нарын облусу боюнча координатору.

Элибиз эгемендүүлүктү алган жыйырма жылдын ичинде динди жамынган радикализмдин, ашынган криминалдык кара күчтөрдүн, коррупциянын сазына баткан, мамлекеттин казынасына суук колун салган, түндүк-түштүккө, уруучулукка бөлүнгөн өлкөдө жашап келди. Демократиянын жолунда адилет башкарат деп чоң ишеним, зор үмүт менен өзү тандап шайлап алышкан эки президенттин үй-бүлөлүк кландык адилетсиз башкарууларын баштан кечиришти. Акыры мындай зордук-зомбулукка, жакыр жашоого чыдабаган жаштар Ала Тоо аянтына пикетке чыгышты. Ата журтунда адилет бийликтин орноп, нарк-дөөлөттүү турмушта жашоону эңсеген эр жигиттик ар-намысы бийик күлгүндөй жигиттерибиз акчага сатылган жасоолдордун курмандыгы болушту. Алардын арасында К. И. Скрябин атындагы Кыргыз агрардык университетинин гидроинженердик факультетин бүтүрүп, үйлөнгөнүнө төрт ай жети гана күн болгон тун уулум Адилет Карасартов да бар эле. Өмүр бою жүрөгүбүздү эзген өксүк уулубуздан артында туяк калбады. Өмүрлүк жарым Майрам экөөбүз Адилет төрөлгөндө чексиз бактыга батып, өмүрдө теңдешсиз кубанычка бөлөнсөк окко учканда теңдешсиз кайгыга баттык. Кан-жаныңдан жаралган баланын күйүтүн тарттырган мындай азаптуу кайгы-касиретти мындан ары бир да ата-эне тартпасын дээр элем. Биз «Эл үмүтүн эр актайт, эр атагын эл сактайт» деген таамай айтылган накыл кепти эстегенде акылга бай, пейил-ниети таза, жүрөгү элимжерим деп соккон элдик уулду тарбиялаганыбызга сыймыктанабыз.

Кыргыз тарыхында кара тамгалар менен жазылып калган каргашалуу апаатка бир жыл толду. Шейит кеткен шерлерибиздин ата-энелеринин, үй-бүлөлөрүнүн бир туугандарынын көкүрөк дарты, көз жаштары кургай элек.

«Өлгөндөр баркталмайын тирүүлөр даңкталбайт «деген накыл кеп бар. Турмушунда тутунган өмүр жолу ар бөлөк болгон менен жашоодогу адилетсиздикке, кара өзгөйлүккө кайдыгер карай албаган жашоосунда акыйкаттыкты, чынчылдыкты туу туткан чыныгы мекенчил жаштарыбыздын жаркын элесин

Бирок, Төлөбектин үйүндө өзгөрүү бар.

Анын канча жылдан бери кыялданып келген ою ишке ашып, үй-бүлөсү ваго-неткадан жаңы бүткөн үйгө көчүп киришкен. Бирок, анын жанына салына тур-ган устакана жок, болбойт дагы. Кызы Азима атасын сагына кусаланып, аны түшүндө көп көрүп келгени менен, ойгонгондо таппай калат томсоруп.

Бактыбек жылдагыдай кужурашып жер айдаганда, агасы менен чогуу кеңешип иш кыла албайт. Мындан ары өзү жалгыз, талаанын ар бир ташын көргөн сайын агасын эстеп жүрөгү өрттөнгөнү өрттөнгөн.

Жубайы Салтанат болсо күйөөсү өз колу менен мүйүздөн жасаган кош чым-чыкты, анын жанындагы балапандарын карап ичи тызылдайт. Алар да ушул эки чымчыктай, балдары менен бардыгы бир жерде чогуу эле.

Азыр болсо мүйүз чымчыктар гана жубу менен чогуу, демек бактылуу.

Кайберен кыргыз

Үмүт кылып, мыйзамдын кепили деп,
Үгүт кылып, хандын бир чечими деп.
Ханга келген журтун хан өзү кырып,
Калкка айландык жетим-жесири көп.
Карангуң ай, оо шордуум, кайран кыргыз,
Хан жасады кылмышты бир жан кылгыс.
Кайберендей Кожожаш бирден аткан,
Элин аткан хан болду кайра тургус.

Шайланбаган элине кас болсун деп,
Шайлаганбыз биз аны баш болсун деп.
Эл кыйналбай, токчулук, тынчтык болуп,
Дасторкондор толтура аш болсун деп.

Өнүп-өспөй өлкөсү сазга баткан,
Эл үмүтүн, өз антын актабаган.
Калкын эзип, жонунан кайыш тилип,
Ажо болду абийирин сактабаган.

Кайберендей аскага камалган эл,
Касына эмес, ханына таланган эл.
Калыстыкты суранып ханга келсе,
Хан сарайда кырылып, сабалган эл.

«Тойдум байдын кызына...» деген кыргыз,
Ар бериң эл коргойм деген кыргыз.
Манасы бар, Манастын арбагы бар,
Ала-Тоодой алпейим, кенен кыргыз.

Ханды дагы оңдурбас, кусуруң бар,
Калк ичинде кантейин «бузугуң» бар.
Кантсе дагы теңирим өзүң колдоп,
Келечегиң куруучу кыз-уулуң бар.

Жедигер САЛАЕВ,
акын.

Бейкүнөө кеткен жигиттер,
Бейиштин болсун коногу.
Азаптуу күндү сунган деп,
Айтары элдин турган кеп.
Ажалсыз турган өлкөдө,
Армандуу ажал курган деп.
Кылымдар бою эстешет,
Кымбаттуу элин кырган деп.
Арманы эле атанын,
Айлантып жерге жатагын
Акылга сыйбас жоругу,
Акмактар кылган катанын.
Аттырып баарын ок менен,
Азайтып элдин катарын.
Ыр жаздым арнап агалап,
Ырыскың, бизге аманат.
Ыйыгы болгон жигиттер,
Ыйманың болсун саламат.
Бейкүнөө өлдү мекен деп,
Бейпайда кеткен жаманат.
Бактысыз күндү тургузбай,
Бакыттан балын бир сызбай.
Балдары шейит кетишти,
Балп этип өчкөн жылдыздай.
Эркиндик үчүн жан кыйган,
Элдери барбы кыргыздай?
Тарыхтын тоосун көчүрдү,
Тайманбай тосуп төшүңдү.
Талкалап элин аттырса,
Туягың алар өчүңдү.
Элесин эстеп унутпай,
Эл-жериң эстейт өзүңдү.
Билиги күйбөс чырактын,
Бир үйдүн тоосун кулаттың.
Аталап турса баласы,
Арманын анын туят ким?
Арбагың дайым колдосун,
Артыңда калган туяктын.
Арада змес жердесиң,
Арманы толгон пендесиң.

Ар күнү ыйлайт жүрөгүм,
Айтайын анан эмнесин.
Ачышат жүрөк билсе да,
Алардын эми келбесин.
Жатагың сенин жер беле?
Жашооңор элден кем беле?
Жаралсак гана түбөлүк,
Жашообуз кыска эмнеге?
Сыноосу беле кудайдын,
Сыздаган жалпы пендеге.
Ары жок беле бактыңдын,
Асылын элдин аттырдың.
Ата журт деген жигитти,
Атайлап сызга жаткырдың.
Алмашып мукам обону,
Арманы чыкты жакшы ырдын.
Кылымды кудай кураган,
Кыргыз деп тоолор ураган.
Кыйратпай элин түбөлүк,
Кылымга чейин улаган.
Кырылып турса мекеним,
Кыйналбай кантип туралам.
Куралың октоп кырбачы?
Кыргызды кыргыз суранам.
Бактысыз өлкө экен деп,
Башка өлкө айтса уялам.
Өксүгү чыгып эненин,
Өзүңдү неге теңейин.
Өлдү го кыргыз тукуму,
Өрттөнүп турам не дейин?
Өз элиң үчүн өл десе,
Өмүрүм деле берейин!
Жаштардын каны жайылган,
Жаа сымал огу сайылган.
Жарыгы болчу бир үйдүн,
Жаш адам өлдү айылдан.
Жашообуз отун сыяктуу
Жаралган беле кайыңдан?
Акыйкат алып беришмек,
Ажалды беле жегизмек.

түбөлүккө калтыруу максатында эл-жерибиздин эртеңки келечек тагдырын колго алган жооптуу кызматына жаңыдан киришип жаткан Нарын облустук мамлекеттик администрациясынын башчысы-губернатордун милдетин аткаруучу Канатбек Муратбековдун, облустук «Теңир Тоо» гезитинин чыгармачыл жамаатынын баатыр уулдарыбызга арнап китеп чыгаруу жөнүндөгү демилгесин колдоого алганы бизди абдан кубандырды. Ооба, китептен өткөн байлык жок, алардын жаркын элестери эми түбөлүк аппак кагаз бетинде калат.

Шейит кеткен шерлердин арбактары ыраазы болсун. «Мекен шейиттери» коомдук бирикмесинин мүчөлөрүнүн, маркумдардын ата-энелеринин жана өзүмдүн атымдан терең ыраазычылыгымды билдиремин.

Мазмуну

Баш сөз: Алдыда жолдор калды басылбаган..... 3
Түбөлүккө таазим..... 5
АБДРАЗАКОВ Алмазбек Асанбекович..... 8
АБДЫЛДАЕВ Кудаш Турдукулович..... 14
АЖЫМАНБЕТОВ Акылбек Жаныбекович..... 19
АКТАНОВ Чынгыз Шаршеналиевич..... 26
АЛТЫНБЕКОВ Теңизбек Таабалдиевич..... 33
БЕЙШЕЕВ Нурлан Жумашович..... 40
БЕКМАМБЕТОВ Рашид Сайдинович..... 46
ДӨӨТАЛИЕВ Баястанбек Арыпбекович..... 51
ЖАМАНСАРИЕВ Мирлан Султанбекович..... 57
ЖЭЭНАЛИЕВ Максат Таалайбекович..... 62
ИСАЕВ Эсенбек Бейшебаевич..... 67
КАЗИЕВ Марат Замирович..... 73
КАМАЕВ Үсөнбек Өмүрбекович..... 81
КАРАСАРТОВ Адилет Сүйүндүкович..... 87
КУБАТБЕКОВ Мисирбек Жолдошбекович..... 95
КУДАЙБЕРГЕНОВ Жолдошбек Таалайбекович..... 99
КУЛУБАЕВ Жыргалбек Советбекович..... 105
МАКСҮТОВ Эдил Акматович..... 111
МАМБЕТАЛИЕВ Сыргак Зарлыкбекович..... 117
МИҢБАЕВ Эрнист Түнкатарович..... 123
ӨМҮРАЛИЕВ Эрланбек Жаныгулович..... 128
САПИТОВ Заирбек Эрегулович..... 133
ЧЫНГЫШОВ Канатбек Жыргалбекович..... 138
ШАБДАНБЕК уулу Алтынбек..... 146
ЭЛИКБАЕВ Төлөбек Үркүнбекович..... 152
Ыраазычылык: Жаркын элестерине таазим этишип..... 173